Мубара АБДИЛАТИПОВА

# СЕУЛДА ТАМГАН КӨЗ ЖАШ

**Мубара Абдилатипова**

# СЕУЛДА ТАМГАН КӨЗ ЖАШ

*( Көркөм чыгарма)*

Бишкек-2017
«Улуу Тоолор»

УДК
ББК
К

**Мубара Абдилатипова**
**Сеулда тамган көз жаш.** — Б.Бийиктик, 2017- бет.

Китептин биринчи бөлүмүндө жетимдиктин кыйынчылыгын тартышканы аз келгенсип, турмуштук жетишпестиктин айынан аргасыздан чет жерге жумуш издеп кетип, ал жакта да өз баштарынан тоскоолдуктарды өткөрүп, жакшы адамдардын жардамы менен өз жолун табышкан жаштардын жашоого болгон умтулуусу, ички тунук сезимдери, өз Мекенине болгон сагыныч, кусалыгы баяндалат. Анын ортосунда кыргыз жигити менен корей кызынын ортосундагы назик сезимдер да айтылат. Эки кыздын ортосунда махабат отуна жанган жигит кыргыз кызын тандап, акырында кыйынчылыктар жакшылыктар жана, эки жаштын өз Мекенине кайтуусу менен аякталат. Ал эми экинчи бөлүмүндө биринчи Жаныш менен Кымбаттын Сеулдагы алгачкы кыйынчылыктары, анын ортосунда корейлерге күйөөгө турмушка чыгам деп барып ар кандай кырдаалдарга туш келген кыздардын тагдыры, башкы каармандардын өз жерине келиши чагылдырылган.

Абдилатипова М. 2013.

*Мен бул чыгармамды жашоонун агымы менен жарышып, деңиздин толкунундай чайпалып, бирде жээке карай чабак уруп чыкса, бирде ошол толкунга аралашып, ошого карабастан турмуштук кыйынчылыктардан чыгуу үчүн өз жеринде жумуштун жоктугунан чет өлкөлөрдө аргасыздан кара жумуш жасаганына кайыл болуп, Ата Журтуна болгон сагыныч менен кусалыкка карабай, далай азаптарды баштан кечирип, жер кезип жүрүшкөн мекендештерибизге арнаймын.*

*Автор.*

# СЕУЛДА ТАМГАН КӨЗ ЖАШ

## Биринчи бөлүм

Азиз жумушка таң эртең менен жөнөгөндүктөн жеңи кыска көйнөгүнүн сыртынан жеңил курткасын кийди да сыртка чыкты. Колунда ишке кийүүчү жумушчу кийими салынган баштыгы бар. Сырт бир аз суугураак экен. Кореянын жер шарты Кыргызстанга караганда нымдуу келет. Анын Сеул шаарына келгенине он жылдан ашты. Кесиптик лицейди бүтүп, жигиттик куракка келгенде өзүнөн беш-алты жаш улуу жердеши менен келген. Жердеши машина менен бизнес жасачу. Жанына алып жүрүп, аны да үйрөттү. Кореялыктар бизге караганда унааны жакшы карайт. Эски машиналары да бир караганда кадимки заводдон чыккандагыдай таза көрүнөт. Аны менен эки-үч курдай чогуу жүрдү. Жанында ашыкча акчасы жок болгондуктан, машина базарынан бир кыргызды таап алып, ага кошулуп кетти. Анткени, ал курулушта иштейт экен. Бул жерге келгенине бир топ жыл болуптур. Ал келинчеги менен жаш үйлөнүп, «Кореяга барып иштесе да болот» дешкенинен, Россияда иштеп жаткан жеринен кудай колдоп жолу болуп, бул тарапка келип, баш паанек алып калышкан. Бара-бара тил үйрөнүшүп, бул жердин шартына көнүп, жашап кетишти. Атайын Кыргызстандан жумуш издеп келген жигиттин азырынча башпаанек кыла турган жайы болбогондуктан, боорукер Жаныш үйүнө чакырып, аныкында убактылуу жашап,керектүү документтерин жасап берди да, экөө чогуу иштеп калышты. Жаныштын курулуш фирмасы бар. Бир курулушту баалашат да пайдубалынан тартып,чатырына чейин толук бүткөрүп, ачкычын ээсине тапшырышат. Бул кардарга да, буюртмачыга да ыңгайлуу. Анда он бештей бала иштешет.

Аларды жөндөмүнө жараша тандап алыптыр. Бири кышты тептегиз кынап коет, экинчиси шыбакты укмуштуудай тездик менен анан сапаттуу жасайт. Үйдүн пайдубалын дагы башкалар куюшат, алар булчуңдуу, шамдагай жигиттер. Жумушка келгенде баары бирдей, бир өңдөгү жумушчу кийимдери менен иштешет. Иштен чыкканда, эч кимисин таанибай каласың. Жылуу сууга жуунуп, кийимдерин алмаштырып, чыга келишсе, кадимки кызматта иштеген кореялык жигиттерге окшоп калышат. Дегиси кээ бир кыргыздар менен кореялыктарды катар турушса тилинен гана өзгөчөлөнсө айырмалай албай да каласың. Азизди Жаныш эртеси белгилешкен жерден алып кетти. Азизге анын кызыкканы бул болду. Кесиптиктик лицейде окуп, ширетүүчүлүктү үйрөнгөндүгүн айткан. Анда иштеген жигит Кыргызстандагы карыган ата-энесин бакканы кеткен. Ордуна ылайыктуу киши таппай жүргөндө Азизге жолукту.

- Келген экенсиң,-деди Жаныш Азизди жолуктурганда.

- Сөз бергенден соң келбей койсом жигиттик эмес го, анын үстүнө жумуш болсо өз адистигим боюнча иштейин дегенмин. Качанга чейин унаа менен иш кылган агамды ээрчиймин, аны менен келип-кетип аз болсо да бул жердин шартын көрдүм, чала-була тил үйрөндүм,-деди Азиз чын сырын айтып.

- Көрсө бири-бирибизге керектүү кишилер экенбиз. Жүр кеттик анда.- Жаш жигиттин баео тарткан жүзүнө мээримин төгө тигилип алган Жаныш чынында кубанды. Болжошкон жерден анын караанын көргөндө сүйүнүп кеткен. Кыргызстандан алыстап кеткен бейтааныш адамды бир көрүп алып эле келе бербейт го деп турган. Бир чети ушул жигитке жолукканда ымаласы ысык, токтоо мүнөз, аз сүйлөгөнүн байкап жактырып калган. Анын үстүнө кыргыздар кайсыл жерде жүрбөсүн ичимдикти көп ичишет эмеспи. Ошондой балдарга жолугуп, нечен курдай оозу күйгөн. Себеби, курулушка буюртма алып, ичимдик ичип, жумушка келбей койгондордун

айынан иши аксап, кардар менен кер-мур айтышкан күндөр да болгон. Акыркы мезгилде дайыма жумушка келген жаңы адамдын ал ишенимге киргенче артынан башкасын даярдап жүрчү.Бирок, жакшы ширетүүчү таппай, издеп жүрүп, машина базарына барганынын себеби да ушундан эле. Анткени, унаа менен иш кылган жердештерин да билчү. Ошолорду жолугуп калабы, эгер жолукса алардын жардамы менен тааныш-билиштер болсо Кореяга иштөөгө чакыртайын деген болчу.

- Мына мен силерге жаңы жердеш таап келдим,-деди пайдубалы эми башталган курулуштун жанына жете келгенде Жаныш ар кайсыл курактагы курулушчуларга кайрылып. Баары иштерин токтото бурула беришти.

- Жаке сиз айткан жигит ушулбу, кел жигит Кыргызстан кандай? – Кең далылуу, орто жаштагы эркек биринчи келип учурашты.

- Кандай болмок, жакшы. Бирок, иш издеп мен сыяктуу сыртка кетип жаткан жаштар да көп,-деди Азиз ага жооп берип.

-Менин атым Байсал, а сенчи?

-Азиз.

-Болот.

-Азиз

-Керим. – Курулушчулар биринин артынан экинчиси келип, жаңы тааныш менен учурашып жатышты.

- Сен да биз сыяктуу кореялык болот турбайсыңбы. – Байсал ага тийише кетти. Эмнегедир бул сөз ага жаккан жок.

- Сенин жериң,элиң, тилиң жана диниң бар экенин кайсыл жерде болсо дагы унутпагын, деген сөз бар Байсал ага. Мен эч убакта кореялык боло албайм. Менин Кыргызстан деген өлкөм, кыргыз деген улуу элим бар.

-Огоо, азаматсың, сендей патриот жигиттерибиз көп болсо, биз сыяктуулар өз эл-жеринен алыста минтип, башка бирөөнүн жумушун жасап жүрмөк эмес эле.- Жигиттин өткүр

тиктеген көзүнө телмире карап Жанышка анын сөзү жага түштү.

- Ээ Жаныш ага мен сыяктуулар да, сиз өңдүү аз болсо да кыргыз жигиттеринин башын бириктирип, жумуш таап берип, ынтымагын бузбай жүргөн агаларыбыз көп. Буюрса Кыргызстан да өнүгөт, биз өз жерибизде мындан да чоң курулуштарды салабыз. Көрөсүз го. Бул утурумдук гана.

-Ооба, Азизим, бул утурумдук гана. –Жаныш жигиттин пейилине ыраазы болуп, далысын кага, кубаттай сүйлөдү.

-Тамакка келиңиздер, ары жактан аял кишинин добушу угулду. Азиз карай берип, жыйырма-жыйырма бештердеги келинди көрдү. Узатасынан кеткен тактайдан кол менен жасалган столдун үстүнө салынган кленка дастарконго түшкү тамакты камдап жатыптыр. Азиз ага баш ийкей саламдашты.

-Жүр Азиз тамак учуруна туш келиптирбиз,-деди Жаныш колун жууганга суу түтүгүнө карай басып. Ача берди эле суу шаркырап акты, кайрадан бурап, азыраак чыгарып, колун жууду да, жигитке кайрылды. –Сен да колуңду жууп ал. –Азиз колун жууп бүткөндөн кийин Жаныш кайра сууну токтотуп койду. Кийинкилери да улам биринен артынан экинчиси келип, ар бири колун жуугандан кийин сууну бекититип коюп жатышты. Ушул көрүнүштү көрүп туруп, Азиздин эсине Кыргызстанда түтүктөрдөн суу шаркырап, жолдорду жайпап агып, ысырап болуп жатканы түштү. «Көрсө биз сууну да өтө кор тутат экенбиз да», деп ойлоду ичинен. «Булар иштөөнү гана эмес, үнөмдөөнү да үйрөнүшүптүр».

-Азиз кел жаныма, сен коноксуң, төргө өт. – Жаныш жигитти жанына чакырды.- Сенин келериңди билип, Айымжан атайын палоо демдептир. Өзгөн күрүчүнөн эмес, корейлердин күрүчүнөн. –Бирок, бул күрүч кол менен жесең, улам түшө берип кыйнайт. Кашык менен жейбиз. Ошентсе да жээштүү. Канткенде да өзүбүздүн күрүчтү сагындык. Бирок, арга жок да. Барына каниет кылып жашай берели. Кана, тамакка ка-

рагыла.

Азиз көпкө сөзгө кошулган жок. Алардын сүйлөгөнүнө карап, унчукпай олтуруп тамактанды. Кыргызстанды сагынган жердештеринин суроосуна кыска гана жооп берип жатты. Баарынын жүзүнө сыдырата карап, өз ичинен көз кырын таштады. Жаныштын жашы элүүлөрдү чамалап калыптыр. Жыйырма жашында келген экен. Өңү буудай ыраң. Кыска кырктырылган ак-көгүш чачы жылдыздуу өңүнө жарашып турат. Аз сүйлөсө да саз сүйлөгөн киши экен. Балдары ушул жерде төрөлгөн. Эки чоң кыздары институтта жана алардан кийинки эки уулу азыр мектепте окуп жатышыптыр. ага да ага жашташ ак саргыл киши, ал тетирисинче көп сүйлөйт экен. Тамашага жакын, өз сөзүнө өзү каткырып коюп олтурду. Болот менен Керим отуз жаштан бир аз ашкан жигиттер. Сөзгө бир аз гана кошулушканы болбосо, унчукпай тамактанышты да, болушту окшойт, колдорун сүлгүгө аарчый, артка жылып олтурушту. Айымжан Байсал аганын келинчеги экен. Кореяга келип табышыптыр. Аялы каза болгондон кийин,айылдагы үйүнө туугандарын олтургузуп, ата-энесине уул-кызын табыштап, келе бериптир. Аларга акча жөнөтүп турат экен. Балдары азыр мектепти бүтүп, Бишкекте окуп жатышыптыр. Аларга эки бөлмө үй сатып бериптир. Ар жылы бир ирет барып кабар алып келип турат. Жердештеринин бул жердеги турмушун өз ооздорунан уккандан кийин Азиз өзүнүн мындан аркы жашоосун ушулар менен байланыштырып олтурду.

Дастарконго батаа кылышып, Айымжан идиш-аяктарын жыйнаштырып, жууп-иреттөө менен алек болду. Курулушчулар ордуларынан турушту.

- Темир иштери эми сенин мойнуңда,-деди Жаныш.- Пайдубалын бүтүп калдык. Анан дубалын көтөрөбүз. Бир айда ээсине тапшырышыбыз керек. Андан кийин дагы жаңы үй баштайбыз. Анын ээси менен убадалашып алганбыз. Ушул күндөн сага эмгек акы жазыла баштайт. Ишиңе ийгилик каалайм.А

документтериңден камтама болбо, баарын мыйзамдуу кылып бүткөрүп берем.

Азыр Азиз мына ушуларды ойлоду. Ошондогу жыйырмадагы жигит отуздан ашып баратыптыр. Сеул шаарын толук билип бүткөн. Өзүнчө кабаттуу үйдө ижарада жашайт. Ээси кореялык кары кемпир, өзү шаардын четинде уул-кызы менен заңгыраган үйдө турат. Дем алыш күндөрү алардыкына барат. Бир курдай конокко чакырып,ошондон тарта бош учурларында келип туруусун айткан. Барбай калса, телефон чалып, «биздикине кел»,-дей берет. Энесиндей болуп калган мүнөзү жумшак кемпирди капа кылгысы келбейт. Эртең дем алыш, бул ирет жумушу бар экендигин айткан. Анткени, ал Ширин менен жолугушууга барат. Ширинди ал Сеулдан жолуктурган. Ошол күндү эстегенде азыр деле бул кыз ага аянычтуу көрүнө берет.

Азиз алгачкы келген мезгилин жадынан чыгара албады. Жаныш Азизди биринчи күндөн жактырган. Кийин анын өтө эмгекчил, калп айтпаган, чынчыл жигит экендигин байкады. Арасында дайыма Кыргызстанды оозунан түшүрбөгөн бул жигиттин көзүнөн өз жерине болгон сагынычты, кусалыкты көрөөр эле. Ата-энесинен жаш калган, бир туугандарынын баары өзү менен өзү алек болуп, эптеп турмуштарын өткөрүп жатышканын уккан. Мектепте жакшы окугандыгына карабастан, кесип алууну көздөп, кесиптик лицейде окуп, адистик алганын кубаттаган. Биринчи күндөн тарта, ыманы ысык көрүнгөн жаш жигитти үйүнө алып барганы да аны жактырганынан эле. Бешенесинен сылап, уул-кыздарынын катарында ата болбосо да, улуулук акыл-насаатын айтып берип жүрдү. Билгенинин баарын үйрөтүүгө тырышты. Зирек жигит ширетүүчүлүктөн тышкары курулуштун көп сырларын үйрөнүп алды. Бирок, биринчи келген күнүндөгүдөй жакшы сапаттарын таштаган жок. Сүйлөсө сөзгө байлыгы, көз карашынын тереңдиги, алысты көрө билген акылдуулугу баарын таң кал-

тырчу. «Эгерде окуса кыргыз элине керектүү болгон азамат болуп чыгаар беле»,- деп ичинен ойлонгон Жаныш мына ушул сыяктуу балдарыбыздын өз жеринен алыста жүргөнүнө кейип да жүрдү. Айлыгын ашыкча сарптабай орду менен жумшап, үйгө тамак-аш да көтөрө келип калганда аяп кетчү да, экинчи ирет алып келбегин деп айтчу. Негедир ушул балага жардам бергиси келчү. Эки-үч жылдан кийин Азиз ага ыраазычылыгын айтты. Тамактанып, жатаарга келгенде экөө, балконго чыгышкан. Жаныш чылымын түтөтүп, түтүнүн көккө карай үйлөдү. Азиз чекпей турган. Кооз Сеулдун көчөлөрүндө түнкү жарык жаркырап күйүп, шаар даана көрүнүп турган. Ушул жарыкта Жаныш агасынын чачтары бирин-серин ак аралай баштаганын көрүп, бир заматта бир башкача кубулуп кеткенсиди. Бир тууганы болбосо да бир тууганындай мээримин чачкан бул адамдан бөлүнүп, ага оорчулугун тийгизбей бөлүнүп жашоону көздөдү.

-Жаныш ага сизге аябай ыраазымын, ырахмат өз бир тууганымдан артык жардамыңызды бердиңиз. Сизге сүйөнүп, өз тиричилигимди кылайын, башка жашайын, ар кимдин өз тиричилиги бар,үч жылдан бери тамагыңызды ичип, үйүңүздө жашап келем, сизге оорчулугумду тийгизбегендей эле жетилип калдым.

-Азиз сени кимдир бирөө капа кылдыбы? –Жаныш ыңгайсыздана түштү.

-Мени ким капа кылмак. Жеңем өз апамдай, балдарыңыз мага бир тууган болуп калбадыбы. Качанга чейин сиз менен чогуу жүрө берем. Өзүмчө жашоону да үйрөнөйүн, карасам силерге көнүп кетиптирмин, кайсыл бир учурда баары бир кетем да. Сиз ата ордуна ата, жеңем апа ордуна апа болуп калдыңыздар. Анан…

Азиз дагы сөз айтайын деген, бир саамга токтоп калды.

-Азиз, Азизим.- Жаныш аны эркелете сүйлөдү. Жигит башын ылдый салып турган. Ээгинен көтөрө жүзүнө карады.

Анын көздөрү жашылданып туруптур. Тамчы жаш, бетинен ылдый агып кетти. Жаныштын ичи ачышып, негедир Азиздин турпаты аянычтуу көрүндү.Андан бөлүнсө Азиз жалгыз калчуудай сезилип, боору ооруй түштү. –Эмне болду сага, чыныңды айт, сен эмнегедир капалуусуң.

-Жаныш ага, силерге эмнеге капа болоюн, биринчи күндөн үйүңүзгө алып келип, тамагыңызды берип, ак шейшепке жаткырдыңыз. Сиздин үйдөн бир да ирет бирөөңүздүн да катуу добушуңузду укпадым. Жеңем экөөңүздөрдүн балдарыңарга, алардын сизге болгон мамилесин көрүп, мен ата-эне мээримин сездим, мага да өз балдарыңыздай мээрим бердиңиз. Мен ушуга ыраазымын. Эгерде ата-энем тирүү болгондо балким, мен бул жерге келип, сизге жолукпас белем. Мен алардын мээримине тойбодум, алар менин. Бирок, мен сизден мага болгон жылуу мамилени, жакындыкты сездим. А балким, бул биздин бир жерлик, бир журтук экендигибиздин белгиси чыгар, а балким ата-энесиз өскөн мен сыяктуу бир жетим балага кудайымдын мээри түшүп, сиз өндүү жакшы адамды туш кылдыбы дейм. Сизден башка эч кимди тааныбаган бөтөн жерде, тили башка бөтөн элде сизге кездештирген кудайга ыраазымын. Эгерде сизге жолукпасам, ошол кезде машина алып-сатып, бизнес кылган жердешимдин артынан жүрөр белем, же жадаганда ал таштап койсо, жетимдиктин азабын тартып жүрмөктүрмүн. Тилекке каршы, менин бешенеме сиз сыяктуу жакшы адамды туш кылды. Бул үчүн кудайга, сизге аябай ыраазымын, ырахмат ага, биз буюрган күнгө чейин чогуу иштейбиз. Сизден курулуштун не деген керемет сырларын үйрөндүм. Кайсыл бир күнү Кыргызстанга, өз Мекенибизге кетербиз. Өз жериме барып алып, эч кимдикине окшобогон жомоктогудай кооз үй салам деп ниеттендим. Башка башпаанек таап, сизден башка жашайын деп сизден уруксат алганы турам.

-Мейли Азизим, балким үйлөнөйүн деп турарсың,-деди

Азиз чын сырын айтса да, жигиттин ичинде айтылбаган сыры бар сыяктуу, аны тартынып айтпай жаткандай.- Мейли, балким сенин айтканың да туурадыр, анда мен сага ылайыктуу үй караштырайын. Кызың болсо мага көрсөт, бул жердеги кыргыздар чогулуп той жасайбыз. Өзүм өкүл ата, жеңең өкүл эне болот. Мейлиби?

«Макул» дегендей үнсүз башын ийкегилей Жаныш агасын батыраак көндүргөнүнө кубанды. Экөө тең эс алууга өз бөлмөлөрүнө кетти. Эртеси Жаныш ага үй таап келгенин сүйүнчүлөдү.

Ошентип Кореянын шартына көнгөндөн кийин азыркы үйүнө көчүп келди. Жүгү көп деле эмес. Өзүнө жетиштүү кийимдери бар. Керектүү эмеректер, төшөк-орунчу, идиш аяктарынан бери ижарага алган үйүндө бардыгын Жаныш агасы айтты. Жашы алтымыштан ашкан, бирик жеңил кыймылдаган кореялык сүйкүмдүү кемпир, коңгуроону басканда эшикти ачып, ичкери киргизди. Кореялыктардын турмуш тиричиликке керектүү болгон тилин үйрөнүп алган Азиз кемпирдин бардык сөзүн түшүндү. Жаныш кадимкидей сүйлөйт.

Кемпир үйдүн ашканасынан тартып, жатаканасына, эс алуучу бөлмөсүнө чейин тааныштырып бүткөндөн соң, бир стакандан кофе ичүүгө чакырды. Үчөө кофе ичип олтуруп, кемпир жигитти тамашалады.

-Жанышты жакшы билем. Ал биздин жер үйүбүздү салып берген. Сен анын жакын тууганы экенсиң. Биздикилер кыргыздарга жакын экендигибизди айтышат. Балким бул ырастыр, чынында биз окшош келебиз. Жаныш аркылуу кыргыз эли жакшы эл экенин билип калдым. Сенин да чачың капкара, көздөрүң да кара, сулуу бала экенсиң. Менин татынакай небере кыздарым бар. Жаныш экөөңөр бир күн конокто болосуңар, тааныштырам, жактырып калсаңар, чоң неберемди сага берем.

Жаныш каткырып күлүп, Азиз жылмайып гана койду.

Кофесине ыраазычылык билдиришип, Жаныш кемпир экөө чыгып кетип, үйдө Азиз жалгыз калды. Көп өтпөй жалгыздыкты сезди. Балконго чыгып, шаарды карады. Жетинчи кабатта тургандыктан, шаар ага даана көрүнүп турду. Кооз экен. Кемпирдин сөзү тамаша болсо да, эч убакта тили башка элдин кызына үйлөнбөй туругандыгына өзүнө убада берди. «Кыргыздын бактылуу бир кызы күтүп турган чыгар. Канча жашка чыксам да, кыргыздын кызын жолуктурмайынча, Кыргызстанга барып, аны өз тuурума кондурмайынча үйлөнбөймүн»,-деди ичинен өөзүнө өзү убада берип, кайра ичкери кирип, жатуучу бөлмөгө карай басты. Күн күүгүм тартып калган. Бул мезгилде уктоого болбойт. Жаш туруп, кыргыздын үрп-адатын жакшы билген жигит, телевизорду кое, креслого олтура кетти. Жергиликтүү тилдеги көрсөтүү экен. Кореяда мамлекеттик тил корейс жана ангилис тили. Корейстердин улуттук кийимин кийген кыз өз тилинде ырдап жатыптыр. Көздөрү тегерек, ыманы ысык, сүйкүмдүү кыз экен. Көздөрүн карап туруп, кыргыздын кызынын көзүнө окшотуп кетип, кемпирдин сөзү эсине түштү. «Кайдан ушундай болсун»,- деп алды ичинен. « Сөз арасында кемпирдин айткан сөзү болду да». Бул сөз бат эле эсинен чыгып кетти. Бир кезде уйкусу келгенин сезди. Ордунан туруп барып, сырткы кийимдерин чечине, жуунуп келип, бою сергий түшүп, жумшак жууркан төшөлгөн керебетке боюн таштап, жастыкка башын койду.

Жумуштан чыгып, ашканадан тамактанып үйгө бараткан-да, күү менен келип токтогон машинанын добушунан чочуп кетти. Ошол кезде чымын-куюн болуп, жолдон жүгүрүп өткөн кыз, анын көкүрөгүнө боюн таштады. Эмне болуп кеткенин түшүнө албаган жигит, ачууланган айдоочунун үнүн укту, анын сөзүн түшүнө албай жатты. Эч кандай жооп укпаган айдоочу машинасына олтурду да жүрүп кетти. Кучагында турган кызды эми көргөндөй эки колу менен эки ийинен ала ар-

тына түртө салды. Көздөрү тептегерек, апапак жүздүү кыздын жүзүнөн ылдый агып жаткан жашты көрүп, не кылаарын билбей калды.

- Жолдун аркы өйүзүндө баратып, сизди көрүп калдым, анан машинага уруна кала жаздадым. Сизди көрбөй өлүп кеттимби, деп корктум эле, өлбөй калдым. Мен сизди издеп жүргөм.

Ал кыздын сөзүнө түшүнбөдү.

-Сиз кимсиз?

- Менби, мен сизге колукту болчу кызмын.

-Кайдагы колукту? –Азиз кызды өзүнүн боюнан алыстатууга аракет кылды. Ага болбой көкүрөгүнө боюн таштаган кыз бошотчуудай эмес. Бир кезде андан жагымдуу, назик жытты сезди. Кайрадан өзүнөн алыстата, жүзүнө тигилди. Ушунчалык сулуу, назик, татына кыз экен. Кудум эле периштенин өзү. Көздөрү карагат сымал төгүлүп, мөлтүрөп турат. Колу менен жүзүнө аста колун тийгизди, пахтадай үлбүрөп жумшак экен.Чачтары капкара. Желкесине түшүп, далысын жаап, төгүлөт. Саамай чачтары желге сеңселип, өйдө-ылдый болуп, бирде көтөрүлүп, бирде ылдый түшүп турду. Күндүн нуруна чагылышып, чачтары күмүштөнүп, кубулуп жатты. Жанында бир башкача асылзат тургандай, ошол асылзаттан бир керемет, жагымдуу жыт келип, жигиттин башын эңги-деңги кылып жиберди. Капыстан артынан чырылдаган үн угулду.

Жигит ойгонуп кетти. Кол телефонун звонокко койгон экен, ошол чырылдап жатыптыр. Уктап жатып түш көрүптүр. Көкүрөгүндө турган кыз, кучактап жаткан жастыгы экен. Түшүн эстеп, жумшак төшөктө бир топко чейин, магдырап жата берди. Жакшы уктаганга эс алып калыптыр. Жуунуп, ваннадагы аппак сүлгүгө аарчынып жатып, анын да таза, жумшактыгын сезди. Кайрадан түшүн эстеди. Балким, бул ага бир белги чыгар. Же кечээги кемпирдин сөзүнөн улам

ушундай түш көргөндүр. Же Кыргызстанда аны кимдир бирөө күтүп жаткан чыгар. Неси болсо да бул жакшы жөрөлгө го деп эсептеп, түшүн жакшылыкка жооруду. Ашканага кирип, суу кайнатып, стаканга куйду да, эмнегедир муздаткычты ачты. Ичинде жашылча-жемиш, конфет-печеньелер туруптур. Үйдүн ээси унутуп таштаган го деген ойдо ага тийбеди. Аны үйдүн ээси атайын Азиз үчүн үйүнөн ала келип салып коюп, айтып коеюн деп унутуп калыптыр. Эртеси Жаныш айтып, ал Азизге кемпирдин бул адамгерчилигин жеткирди. Азыр ал жатуучу бөлмөгө кирип, өзүнүн сумкасын ачып карады. Жаныш агасынын аялы кечээ «коюңуз» дегенине карабай бир канча тамак –аштарды салып бергенин эстеди. Сумкасын ачып, кийимдерин кийим шкафына ирети менен илип, жей тургандарын ашканага алып кирди. Тооктун бышырылган эти, жумшак нан, таттуулар бар экен. Таттуусу менен суу кайнатып ичип, калганын муздаткычка салып койду.

Бул ирет өзү жалгыз жумушуна барды. Буга дейре күн сайын эртең менен Жаныш агасы менен жумушка жөнөчү эмес беле. Ошондо да эртең менен эрте чыгышат да, ден соолукка пайда деп атайын жөө басышып, ишке чейин келишет. Жумуштан кийин машыгууга барышат. Окуп жүргөндө кышында мектептин спорт залында, жайында аянтчасында машыгаар эле. Балалыгынан күрөшкө кызыкчу. Бул жерге келгенде Кун-фуга катыша баштады. Бул көпчүлүк жаштар баалаган спорттун бир түрү. Ага Жаныш агасын да кошуп алган. Алгач ал көнбөй жүрдү. Жашы өткөн киши спорт менен машыгып жүрсө ден соолукка пайда болорун айта берип, акыры айтканына көнүп, бара баштады. Андан бери бир топ убакыт өттү. Канчалык иштешсе да чарчаганын билишпейт. Машыгуудан кийин сөзсүз душка түшүп, кийимдерин алмаштырып,үйлөрүнө кетишет. Мурда бир жашаганда үйлөрүнө барып тамактанышчу. Азиз өзүнчө жашап калгандан бери, аны ач калбасын деп, атайылап, ашканага кирип, экөө

тамактанып, анан  эки тарапка кетишет. Үйүнө чакырганы менен дайыма эле бара бербейт. Ушу жигитке көнүп калган экен. Үйдө балдары олтурса деле анын орду жоктолуп,  бир топко дейре кеткенине ичи ачышып жүрдү. Бир чети анын ушинткенин да туура көрдү. Кетирбей коюуга анын акысы деле жок. Же баласы, же жакын бир тууганы болбосо, болгону экөө бир жердик. Ага чейин канчасын үйүнө алып барып, бирге жашатып жүрдү, бири да Азиздей болгон жок.

Азиздин жалгыздык жашоосу улана берди. Буга көнүп да калды. Эртең менен жумушуна барат, кайтканда машыгууга, анан үйгө. Көчөдө аркы-терки басып жүргөндү жакшы деле көрбөйт. Майрам күндөрү бирге иштегендери менен чогуу олтурушпаса, башка учурда эч кайда барбайт.

Эртең менен эшиктин коңгуроосу кагылды. Эчак эле ойгонгону менен төшөктө турбай жаткан. Жаңы үйгө келгенден бери дем алышта эч кайда чыкпайт.  «Ким болду экен?». Жаныш агасыбы? Ал эмнеге келсин. Башка ким? Эшиктин жанына барганча  кыялына түрдүү ойлор келди. Эшиктин тегерек көзөнөгүн ача берип, үйдүн ээси- Мила энени көрдү. Ачкычты бурап, эшикти ачты.

-Келиңиз,- кореялыктардын тилинде сүйлөгөн жигит артына кетенчиктей берип, ичкери карай жол бошотту.

-Кандайсың балам? – Эшиктин оозуна бутун чечип,  жумшак тапочканы бутуна иле салып, ашканага карай басты.– Көнүп калдыңбы?

-Ии. –Жигит кыска жооп берди. – Сиз олтуруңуз, мен азыр…  Мила энеге орундукту жылдырып, өзү жуунганга ваннага кирип кетти. Ал жуунуп чыкканча   өзүнүн үйү эмеспи, эмнеси кайда экенин жакшы билгендиктен, кемпир чай коюп, кофе жасап, даяр кылып олтурган экен. Азиз муздаткычты ачып, ичинен таттууларды алып койду.

- Бүгүн дем алыш экенин билип келдим.  Неберем   Мэ Ри базарга кетти. Келатышында бизди ала кетет. Ал телефон ча-

лары менен үйдөн чыгып турабыз. Сен бүгүн биздикине баргын.

-Мила эне…

-Жок, сен макул эмесмин дебе. Менин айтканымды ук. Менин үй-бүлөм менен таанышасың. Биздин үйдүн алдында чоң суу агат, сууга киринесиң, биз менен эс аласың, сыйлуу коногубуз болосуң..

- Убара болуп, бекер кылыпсыз.

-Үй-бүлөңдөн алыссың, ата-энең бул жерде эмес, ошого үйгө чакыргым келди,-деди кемпир. Анын « ата-энең бул жерде эмес», -деген сөзүн угуп дагы ичи ачышты. Бул сөз ага Кыргызстанга болгон сагынычын, кусалыгын күчөтүп жибергендей болду көрүнөт, сөз таппай, мукактанып калды.

- Сагыныч деген жаман балам. Менин тун балам, үй-бүлөсү менен Америкада жашайт. Көп келе беришпейт, иши көп. Телефон менен сүйлөшүп турабыз. Баламды, неберелеримди сагынам. Кызым Сеулда, университетте иштейт, ал да турмушка чыккан. Мен кенже уулум менен турам. Аялы, эки кызы бар. Ал фермер, кесиби агроном, чоң багын карап, анан мал өстүрөт. Ал чарба кылганды жакшы көрөт. Атасынын көзү өткөндөн кийин, анын ишин ушул балам улантып кетти. Бүгүн барганда көрөсүң, баламдын гилас багы бар, көп, бирок, бизде жер нымдуу келгендиктен, гиластар өтө эле даамдуу боло бербейт. Бир жолу Кыргызстанга барып келип, «абасы таза, жери ысык экен, гиластары да даамдуу болот экен», -деп айтты. Агроном тайекеси менен барган. Ал жакта менин эжемдин кызы жашайт, ошол жерде төрөлүп-өскөн, силердин мектепте окуган, кыргыз тилин жакшы билет экен, корей тилин унута кала жаздаптыр,- деди балам. Агроном иним дебедимби, баламдын тайэкеси, Кыргызстандагы тааныштары чакырышкан экен, «биз менен чогуу иштеңиз, гилас бак тигели»,-дешип, бирок, силердин чоңдор жер бербей коюшуптур. Беришсе болмок, иштетилбеген жерлери көп экен, чөп басып жаткан кенен

жерлерди көп көрдүк дейт. Баламдын айтканына караганда Кыргызстан бейиштин төрү турбайбы, өкүнүчтүүсү жаштардын көбү Россия жана башка мамлекеттерге иштегени кетип жатышыптыр.

Азиз корей тилин өтө жакшы билбесе да тиричиликке керектүүсүн үйрөнүп калгандыктан, билишинче кемпирдин сөзүнө кошулуп олтурду. Мила эне божурап сүйлөп олтуруп, кол телефонуна бирөө чалып жатканын да байкабай калды.

-Эне телефонуңуз.

-Ии, неберем келиптир. Жүр дароо даярдана кал, мен күтө турайын,-деди Мила эне. Азиз жатчу бөлмөсүнө кирип, артымдан кемпир кирип келбесин дегендей шашыла жаткан орунун жыйнаштыра, иретке келтире салды да, спорт кийимдерин кийип, колуна жеңил курткасын ала, чыга бергенде Мила эненин кофе ичишкен стакандарды жууп, таттууларды муздаткычка салып, столдун үстүн иреттеп бүткөндүгүн көрүп, уялып калды.

- Өзүм жыйнаштырып коет элем.

-Эмне болуптур, сен көңүлгө алба, мен иштегенди жакшы көрөм, үйдө деле ушундаймын, балдарым тим олтур дешет, кыймылдап турбасаң, денең оор тартып, карылыкты бат сезип калат экенсиң, ошон үчүн жумуш жасайм,-деди кемпир. Азиз эшикти бекем кулпулап, өзүн көздөй катуурак тартып, текшерип көрдү да, Мила эненин артынан басып, лифке кирişти. Бат эле биринчи кабатка түшүп, сыртка чыгышканда машинанын жанында турган жаш кызды көргөн Азиз анын татыналыгын байкады.

- Күтүп калдыңбы кызым,-деди Мила эне. – Мен конокко чакырган жигит ушул, атаң барып келген өлкөдөн келген,-деди небересине Азизди көрсөтүп. Анан кызды жигитке тааныштырды. – Балам, сага айткан неберем. Аты Мэ Ри. Институтту жаңы бүттү. Телевидениеде иштейт, журналист. Ар кайсыл жерде эмне жаңылык, же окуя болсо чуркап бары-

шат. Аста чурка, этият бол дей берем. Бир окуя болсо, тартып берген репортажын көрөм. Мурда мугалим болуп иштегенмин, баарын түшүнөм да. Өрт болсо да, чуркап бараткапын карап туруп, айтканымды аткарбаганына капамын. Кээде эч кимиси жок карыларды тартат, бизде начар турмуштагы адамдарга, балдарга кайрымдуулук акциялары өткөрүлүп турат. Бир жолу карап турсам,  кары кемпирдин жашоосу тууралуу сүйлөп жатып, буулугуп, көзүнөн жашын агызып, ыйлап жибербеспи, көрсө менин неберем боорукер экен.

Небереси уялып кетти окшойт, кемпирдин сөзүн токтотууга аракет кылды.

- Чоң эне, болуңуз эми унаага  олтурбайсызбы, жанатан бери сиздин сөзүңүздү угуп, жөн эле турабыз.

-Мейлим кызым олтурдук, сен астына олтуруп ал, мен артына олтурам, астына олтургандан корком, же карыганда жан ширин көрүнүп калабы.- Кемпирдин сөзүнө күлө, Азиз арткы орундуктун эшигин ачып, кемпирге жардам берейин деди эле ага күтпөй шамдагай кемпир өзү бат эле жайгашып алды. «Бизде мындай кемпирлерди эки колунан араң жетелеп келип олтургузасың, булар кары-жашына карабай  чыйрак келип, ары жеңил кыймылдашат экен»,-деп ичинен ойлоно кеткен Азиз ал айткандай алдына олтуруп, небереси машинасын от алдырып жүрүп кетти. Анын бат ылдамдыкта жүргөнү Мила энеге жаккан жок.

-Мен сени шашпагын деп канча  ирет айтам. Токтотуп алып, штраф салышат. Жолдон  бир нерсеге урунуп алуудан сактан.

-Чоң эне, чоң эне мен жол эрежесин бузган жокмун, белгиленген көрсөткүчтөн аша элекмин. Жөн эле корко бересизби.

-А сен катуу баратпайсыңбы, жолдо жүргөндө этият болуу керек кызым.

-Макул чоң эне. –Тилалчаак небереси, Мила эненин сөзүн эки кылбай,  машинасынын ылдамдыгын бир аз басаңдатып, Азизди карап күлө жолун улады. Шаардын  зымыраган түп-

түз асфальт жолу менен жүрүп олтурушуп, бир саат ашык убакыттан кийин эки тарабы бак дарактуу жол менен жүрүштү. Чакан, бирок, жумурткадай болгон кооз жер үйлөр бирбирине жакын салыныптыр. Бир топ жүргөндөн кийин эки тарабы жапжашыл чөпкө оронгон бир машина жүрчү жол менен келип, заңгыраган үч кабаттуу чоң үйдүн алдына жетип токтошту. Айласын жашыл бак курчаган кооз, көркөмдүү жер экен. Үйдүн артында кең суу агып жатыптыр. Анын тунуктугунан астындагы кум-таштар,балырлар дапдаана көрүнүп турат. Түшө калып, бир саамга тиктеп турду да өзүнүн Кыргызстаны, кыргыз айылы эсине түштү. Ичтеги өксүк, жандүйнөсүндөгү кусалык заматта бутунан башына чейин будуңчаң кылып жибергендей, чоң бир нерсе жетишпегендей өзүн бир башкача сезип,кимдир бирөө калың токойго алып келип таштагандай бул ааламда жалгыз калгандай туйду. Негедир туңгуюкка кептеле түшкөндөй бир паста маанайы чөктү.

- Балам, кирели үйгө. Ойлонуп калдың? – Мила эненин сөзүнөн оюнан алаксый, анын артынан басты. Кенен коридордон өтүп, үйдүн биринчи кабатындагы чоң залга кире беришкенде стол бетинде жайнаган түрдүү даамдарды көрдү. – Олтуралы эми.- Кенен дивандын ортосуна олтура берип, ал Азизди жанына чакырды.- Мага жакын олтур. Алар келгенде небереси үчөөнөн башка эч ким жок эле. Бир кезде жашы отуз беш менен кырктын ортосундагы киши кирип, башындагы чоң шляпасын алып, кире бериштеги столдун үстүнө койду да, жыла басып келип, кол берип учурашты. – Бул менин фермер уулум, аты Юн Со,- деди. Анан артынан кирген сулууча келин менен жаш кызды колу менен жаңсай уулумдун аялы жана кенже кызы. Мила эне өз балдарын тааныштырып бүткөндөн кийин Азиз туурасында аларга айтты. Тамак үстүндө уулу Кыргызстан тууралуу сөз кылды. Азиз билгенинче өз эли, жери туурасында түшүндүрүүгө аракеттенди. Мила эненин уулу ага кызыгып калды. Тамактан кийин аны өзүнүн

кокон гилас багы менен тааныштыруу үчүн ээрчитип жөнөдү. Үйдүн бир тарабынан тартып, чоң аянттагы бакты аралай басышты. Гиластар кызарып быша баштаптыр.

-Бышканы да бар,-деди Юн Со. – Кара-кочкул мончоктой болуп, бышкан гиластын көчөтүнө жетишкенде, бир шакты жанына тарта жакындатып, сабагы менен үзүп алды да, жигитке узатты. – Жеп көрчү. Азиз ала берип, оозуна сала өтө таттуу эместигин байкады. - Бизде жерибиз нымдуу келет, ошого кокон гиластар бышканы менен силердикиндей өтө канттуу болбойт. Мен силердин өлкөдө өткөн жылы тайекем менен бардым. Гилас бышкан аянтта болдук. Кыргыздар өтө жалкоо болушат го деп ойлоп барган элек. Көп аянтка кокон гилас эккен бир жигитти көрдүк. Гиластар тегиз бышкан кези экен. Жеп көрүп, шириндигинен таңдайыбыз катты. Канты көп экен. Адырга суу чыгарып, бак кылыптыр. Ошол адамды көрүп, силерде да иштерман кишилер бар экенин билдик. Бизде убакытты бошко кетирбей иштейбиз.

Юн Сонун кыймыл-аракетинен, сүйлөгөн сөзүнөн анын мээнеткечиги байкалып турду. Азиз гилас бакты аралап баратып, аягына жете албай койду. Күндүн нурунан тээ асман көрүнүп турду. Гиластар да, күндүн нуру, ачык асман да ага Кыргызстанды элестетти. Юн Со бирдемелерди сүйлөп баратты, анын сөзүнүн бирин да уккан жок, анын оюнда бир гана өз жери, өз эли турду. Дароо ушул жерден кеткиси келди.

Мила эненин турмушун, анын баласы менен келининин эмгекчилдигин көрүп таң калды. Багынан башка аны кызыктырганы териси жылтыраган семиз аттары болду. « Кел атка минбейсиңби?», -деди Юн Со бир жерде тура албай жер тепкилеп турган атка ээрчитип келип. Кыргыздын уулу болуп туруп, атка олтурбаганым уят эмеспи, деген ойго келген Азиз, Юн Сонун колундагы чылбырды кармады да, ыргып минип, чаап жөнөдү. Бейтааныш адам үстүнө олтурганына жаткыркадыбы, бир топ жерге ыргыштап барып, жигиттин

аста сылаган колу мойнуна тийгенине жоошуй түштүбү, бир кезде арышын басаңдатып, желе басып жөнөдү. Аттын башын кайрып келип, түштү да,чылбырын ээсинин колуна карматты.

- Сен атка жакшы олтурат экенсиң, менин аттарым көп адамдардан чочулап, мингизбей коет, а сен бат эле аны көндүрүп алдың, эми келгенде ушул атты минип турсаң болот,- деди Юн Со.

Булардын саан уйлары да асылдуулугу жогору болот экен. Бизде ашып барса жети-сегиз литирден сүт берсе, буларда кеминде он беш литрден жогору сүт саап алышат. Күндө эртең менен катар-катар фильягалардагы сүттү Мила эненин баласы өткөрүп келет. Тооктору да өтө көп. Аны темир сеткаларга камап багышат. Болбосо короодо өстүрүлгөн жашылча-жемиштер менен кооз гүлдөрдү тытып-майкандап салышат. Андан башка да Азиз билбеген тоок багуунун сыры болсо керек. Гүл демекчи, атайын гүлбакчалары бар, ал жерде Азиз өмүрүндө көрбөгөн гүлдөр жайнап турат. Кооздугу ушунчалык, көрүп көзүң тойбойт. Күндө эртең менен арыктагы сууга бетин жуугандан кийин Мила эне гүл аралап басаарын жана убактысынын көбү мына ушул жерде өтө тургандыгын айтты. Телмире тиктеп, ар бир гүлдү көз алдынан өткөрүп жатканын көргөн Азиз аны ойлонуп турган го деп божомолдоду.

- Күн сайын суунун шылдыр добушун тыңшап олтуруп, ачылып турган гүлдөрдү тиктесе, саламатчылыкка пайда экендигин дарыгерлер да айтышат. Чынында карасаң, тим эле укмуш, тиктеп туруп, көңүлүң көтөрүлүп, чарчооң жазылат,- деди жанына келе калган Азизге. Ал бул жердеги сулуулукту көрүп, Кыргызстанга окшоштуруп бир чети ичи ачышканы менен бир чети жакшы, көңүлдүү эс алды.

Аны таңында чымчыктардын чырылдап сайраган үнү, суунун мукамдуу шылдыр добушу ойготту. Ордунан ыргып турду. Терезеге барып, дагы арыктагы туптунук сууну көрдү. Анын жээгиндеги сансыз гүлдөр, терезени ача бергенде мурун

өрдөп, жагымдуу жыт ичкери кирди. Кийинип, сыртка чыгып, арыктагы сууга жүзүн жууду. Муздак экен, сырткы мээлүүн аба, муздак суу аны ичиркентип, денеси силкинип алды. Артынан жумшак баскан кадамдын добушу угулду. Карай берип, аппак сүлгүнү колуна алып келаткан Мэ Рини көрдү. Кыз үнсүз гана келип, жигитке сүлгүнү узатты. Ыраазычылыгын билдирип, колу, бетиндеги сууну аарчына, кайра кызга суна берип, анын жарашыктуу күлкүсүн көрдү. Тептегерек сулуу көздөрү бир башкача жадырап, кыз өтө сүйкүмдүү эле. Анын бет алдында кадимки кыргыз кызы тургандай бир заматта жагымдуу таасирлерге ороно түшүп, кайра эле ал кыргыздын кызы эмес экендигин, өзү Кыргызстанда эмес, Кореяда жүргөнүн эстегенде дагы жүзү өзгөрүп, мостое түштү.

-Жакшы уктаган жоксузбу?

-Жоок, эң сонун уктадым,-деди жигит кыздын суроосуна эмелеки капалуу турган жүзүн өзгөртө, күлө карап. – Суу жакшы экен, биздин сууларга окшош, баары биздикиндей.

-Асманыбыз бир да ,-деди кыз. -Ошого окшош. Бардык жерде бирдей суу агат, түсү бирдей болот, гүлдөр да окшош, дарактарыбыз да. Өз жериңизди эстеп жаткан окшойсуз, өңүңүз өзгөрүп кетти. –Жигит кыздын сезимталдыгына таң калды.

-Ошондой окшойт.

-Дал ошондой,-деди кыз жигиттин сөзүнө.- Атам силер жакка барганда сүрөткө түшүп келген. Тоолоруңар бийик экен, кыпкызыл алчалар өсөт турбайбы, сууларыңар да тунук экен. Келгенден кийин бизге көп жолу айтып берип жүрдү. Азыр унутуп калды окшойт, айтпай калды.

-Чын эле окшош, сага окшогон сулуу кыздарыбыз бар, сеникиндей көздөрү тептегерек, күлгөндө капкара гиластай жайнап кетет.

Жигиттин бул сөзүнө кыз кыткылыктап күлдү.

-Биздин да сизге окшогон жигиттерибиз бар. Сиздин да чачыңыз капкара, көзүңүз да ошондой, мен сизди биринчи

көргөндө биздин актерлорго окшоттурдум. Бир күнү мен сизди өзүм иштеген телевидениеге алып барам, менин кантип репортаж даярдан келгенимди көрөсүз.

- Мен жумушта болом, эс алганымда силер иштебейсиңер, мына, мен бара албайт экенмин.

-Майрамдарда, биз дем алыш күнү да иштейбиз. Ошондо машинам менен сизди ала кетем. Макулсузбу?

Кыз жигиттин макул деген сөзүн күткөнсүдү. Азиз аста башын ийкеди. Үй тараптан апасынын үнү угулду.

-Жүрүңүз, апамдын чайы даяр болду окшойт. Каймак менен нан, анан сүт ичебиз. Эртең менен менин жакшы көргөн тамагым.

Ээрчише басып ичкери киришкенде дагы кечээгидей болуп, столдун бети тамак-аштарга жайнап турганын көрдү.

Кыргызстанда болуп, кыргыз элинин каада-салтын көрүп келген Юн Сонун айтканы го. Үй канаттуулардын эттери бүтүн бышырылган. Кечээ күнү кетем дегенинен Мила эне уулуна айткан сыягы. Өлкө башчысы болбосо, же дүйнөсү ашкан бизнесмен болбосо, бар болгону жашоонун айынан жер кезип, Кореяга тентип келген айылдык жөнөкөй бир кыргыздын карапайым баласына көрсөтүп жаткан бул үй-бүлөнүн сыйы аны дабдыратып салды. Юн Сонун көрсөтмөсү боюнча даярдаган дастаркон четине олтура берип, не дешин билбей турду. Сыдырата карап, Кореянын жер бетинде эмне өсүп, эмнени багышса жей тургандын баары бар. Кичипейил Мила эне жигитке сылык гана үн катты.

-Бул дастаркон уулум Юн-Сонун сага атаган сыйы. Аны сенин туугандарың Кыргызстанга барганда өтө сый менен тосуп алышып, элиңердин каада-салтын, үрп-адатын бүт көрсөткөн тура. Өзү аялына дайындап коюп, сенден кечирим сурап коюуну бизден өтүнүп, таң саарынан жер сатып алуу үчүн аукционго катышканы кетти. Күндө анын иши ушу, тыныптынчыбайт. Кенен-кесири олтур балам. Үчөөбүздөн башка эч

ким жок. Келиним, саалган сүттү жеткиргени, кичине неберем мектебине кеткен.

Юн-Сонун сыйы, Мила эненин айтканы анда ан сайын ыңгайсыздыкты жаратты.

-Мен эртең менен каймак менен нан, чай менен сүт ичкенди жакшы көрөм, сиз да каалайсызбы? - Эмнеден баштаарын билбей турган Азиз Мэ Ринин бул сунушун кабыл алды.

- Мен бала кезде апам эртең менен сүт бышырып, ысык токоч менен берчү. Бул мага жагаар эле. –Азим эмнегедир азыр бала учурундагы апасынын колу менен бышырылган ысык нан менен сүттү эсине салды. Ээ ошондогу апасынын колунан алып жеген ысык токоч, азыр да таңдайынан кетпей, мына бул маңдайында олтурган Мила эненин турпаты көзүнө бирде апасы болуп көрүнүп, кудум эле азыр алдында мээримин чачып олтургандай сезилип да кетти. Мэ Ринин ысык сүт менен каймагы болбогондо балким, ошол кезди эстебес беле. Кыз стаканга сүт куюп, кыпкызыл болуп бышырылган булочканы узатты. Жигит ийиле ала берип, кыздын бакыракай көзүн бир тиктеп алганда негедир жүрөгү болк дей түштү. Бөтөн элде, бөтөн жерде, бөтөн тилдүү кыздын мамилеси анын ичин жылытып жиберди. Жактырбады дебесин деп, ар кайсыл тамактан кичинеден тарелкасына салып, жеп олтуруп, карды жарылгандай болду көрүнөт. Сыйдын да чеги болот деген ойго келип, кетүүгө шашылды.

-Мила эне, мен сиздерге ыраазымын, уулуңузга айткан рахматымды жеткизип коюңуз.

-Мейли балам,- деди Мила эне. -Барсаң бар. –Анан небересине кайрылды: Юн Со сен бул жигитке тамак-аштан салып бер, анан жумушуңа барганча жеткирип койгун, уктуңбу?

-Макул чоң эне, сиз айткандай кылайын.

Азим мээримдүү Мила эне менен коштошуп, Мэ Ринин машинасына олтурду. Кыз машинасынын рулуна олтурары менен зуулдатып айдап жөнөдү. Кечээги чоң энесинин айтка-

нын унуткан го.

- Мэ Ри астараак, Мила эненин сөзү эсиңден чыгып кеттиби? – Жигит кызды тамашалады.

- Кары адамдар коркок болушат, сиз али жашсыз го. –Кыз күлө унчукту. Колу рулда болгону менен көздөрүн жалжылдатып, жигитти карай, улам сүйлөп баратты. Азиз кыздын жанында азыр өзүн эркин сезди. Кечээгиге караганда бүгүн көнө түшүптүр. Ушул кыздын турпаты ага кыргыз кызын элестетти. Жакасы тикесинен тигилген, этеги тизесинен ылдыйыраак келген жеңи узун көйнөгү кыналган орто боюна жарашып турду. Келгенине бир топ жыл болуп калса да кореялык кыздардын шым кийгенин көргөнү болбосо, айтор биринин да көкүрөгүн көрсөтүп, киндигин ачкан, тизесинен өйдө көйнөк кийгенин көрбөптүр. Ар кайсыл бурчта, экиден болуп, кыналышкан жаштарды да кезиктирбеди. Өзүнөн улууну көргөндө башын ийкей саламдашкан ызат-урматын билип калды. Бул элден тарбия ала турган жакшы нерсеси көп экен. Эмгекчилдиги, убакытты куру бекер өткөрбөгөндүгүнөн үлгү алса болот. Ушуларды эстеп баратып, Мэ Ринин сөзүн укпаган го, түрткүлөгөнүнөн чочуп кетти. – Сизди кайда таштайын,-деди кыз. Жигиттин мүнөзү ага жакты көрүнөт, ыраазы болгондой күлүп койду.

- Үйдө калам,-деди жигит.

Кыз машинасынын ылдамдыгын басаңдатып келип, үйдүн жанына алып келип токтотту. Жигит көкүрөгүн колуна ала ыраазычылыгын билдирди.

-Сизге келем, менин жумушума барабыз, иш жайым менен тааныштырам ээ,-деди да Мэ Ри башын ийкей коштошуп, адатынча машинасын зуулдаткан бойдон жүрүп кетти.

Жигит анын артынан бир саамга чейин ойлуу карап тургандан соң, биринчи кабаттан лифт менен көтөрүлүп, бөлмөсүнө кирди да, дароо кийимдерин алмаштыра, жатчу бөлмөсүнө келип, ордуна жата кетти. Жароокер Мэ Ринин мамилеси, улам

анын күлмүңдөгөн көз карашы, келишимдүү турпаты карегине кадала берди. Ошондон кийин да капкара болгон тегерек сулуу көз караш оо көпкө чейин эсинен кетпей койду.

Жигиттин мүнөзүндө өзгөрүүлөр болгонун Жаныш агасы байкай салды. Өзү аз сүйлөгөн жигит мурдагысынан да сөзү азайып, ойчул болуп кетти.

-Дем алышта кайда болдуң, биздикине келсең болмок. –Жигитти кепке тартмакка жанына келе калган Жаныш агасы суроо бере кетти.

- Капысынан Мила эне келип, үйүнө алып кетти. Барбасам капа болчуудай. Уулу Кыргызстанда болгон экен, биздин элден көрүп келген кыргыздын сыйын Кореяда эптеп тиричилик өткөрүп жүргөн баласына көрсөтүү менен кайтарайын деген го. Бир чети ыраазы болуп калдым. Мен аларга ким элем, туурабы Жаныш ага? –Азим агасына кайра суроо узатты.

-Ар элде сыйды билген жакшы адамдар бар. «Бирөөгө жакшылык кыл, андан кайтпаса кудайдан кайтат» деген кеп бар го. Ушундай конок болуп келдим де. Жеңең, балдар сени келет го деп күтүшкөн. Бизди унутуптур деп ойлошту көрүнөт. Мен аларга жумушу чыгып калыптыр, башка күнү келет деп койдум.

- Сиз туура айтыпсыз, анан барам, ага. Кыргызстандан келип, тапканым сиз болсоңуз, сиздин жакшылыгыңызды көп көрсөм кантип сиздерди унутайын, анда адам болбой калам го.

-Билип калбадымбы, сен андай адам эмессиң. Бирок, башкалар деле алыста жүрсө мен сыяктуу мамиле кылмак.

-Андай эмес экен Жаныш ага, жаш башым нелерди көрбөдү.

-Чоң ата болуп кетиптирсин да. Кийин дагы сүйлөшөбүз, жумушуңду уланта бер, бул үйдү бүтөйүн деп калдык. Бая күнү бир кардар келип, дарегин таштап кеткен, барып келейин,-деди Жаныш бир чети жигитти мурдагысын эске са-

лып, дагы капа кылгысы келбеди, экинчиден өзү да шашып турган.

Кеткен бойдон Жаныш агасы келген жок. Ишин кеч бүтүп, андан ары үйүнө кеткен го. Күндөгүсүндөй жумуш убактысы бүтүп, курулушчулар жай-жайына тарашып, Азим да коштошуп, үйүнө карай кетти. Жалгыз болгондуктан, негедир машыгууга да баргысы келбей жөө да баспай, автобус менен кетти. Жетери менен эс алгысы келди. Кечээ күнү Мэ Ри баштык толтура салып берген, тамак-аштын баары муздаткычка батпай турат. Жуунуп алып, бир аз жеген болду да, караңгы киргенче телевизор менен алаксый олтурду. Иштеп, жашап жүрүп, тилин түшүнүп калгандыктан, берүүлөрүн көрчү болгон. Берүү бүтүп, жаңылыктар башталды. Биринчи болуп, Мэ Ри көрүнө калды. Колуна микрофонун алып, боз аттын жанында сүйлөп жатыптыр. Ат баккан фермер туурасындагы көрсөтүү даярдаган го деп калды. Сүйлөп бүттү да, тездик менен атка мине сала чаап жөнөдү. Кыздын коркпостугуна таңдана калган жигит кызыга түштү. Көрсө ал жаңылышыптыр. Күлүк жарыштыруу туурасындагы көрсөтүүсү экен. Аңгыча аттын тизгинин тартып, басаңдата барып, токтото калды да, жер чапчыган топ күлүктөрдү бир-бирден кармап турушкан кишилерге микрофон узатты. Бир кишинин жообунан кийин, ат жарыштыруу башталды. Көк майсан чөптө кыр катар турган күлүктөр маарага карай атырылып жөнөштү. Туяктарынын дүбүртү улам алыстап, аларды узата тегерек көздөрү жайнаган Мэ Риннин спорт кийимчен турпаты көрүндү.

Ушул көз караш Азиздин карегинде туруп алды. Жаткандан кийин оо көпкө чейин уктай албады. Эс тарткандан кийин катары менен ата-энесинен ажыраганда бар болгону беш-алты жашаар ойноок бала эле. Ага-эжелеринин улуусу мектепти бүтүп, андан мурункусу, тогузда окуп, үйдө өздөрү калышты. Ишке жараганы курулушта иштеп, эжелери болсо коңшуларынын талаасын чаап, эптеп күндөлүк оокаттарын өткөрүштү.

Ата-эне барындагы күлкү кайда, дастаркон четинде үн катпай олтурушуп, тамак ичкенден кийин окуганы китеп карап, иштеп келгени чарчап, чечинбестен төшөккө кулайт. Баарынан кичинекей Азизге кыйын болду. Көпкө чейин ата-энесин унутпай, алардын мээримин сагынып, ыйлап жатып уктайт. Агалары менен эжелери көздөрү уйкуга кетип, уйку аралаш, сооротком болушат. Эжелери Айым менен Канымдын ортосунда жатат. Экөө алмак-салмак бооруна кысып, ар кайсыл сөздү айтып алаксыткан болушат.

Кыйынчылык менен эс тартышкан агасы үйлөнүп, эки эжеси турмушка чыгып, үйдө жүрүп, Азиз мектепти бүттү. Балалыгынан тилалчаак бала, зирек болуп, жакшы окуп, тогузунчу классты жакшы бүттү. Агасы жумушта, үйдө агасынын кичинекей баласын карап, үй тиричилигинен бошобой, түн бир оокумда сабагын окуур эле. Бир тобун мектепте эле сабактарга тыныгуу болгондо окуп алчу. Бир күнү телевизордон Россияга барып иштеш үчүн жогорку билим эмес, атайын орто билимге ээ болуп, адистик алыш керек экенин угуп калып, айылдагы кесиптик лицейге окууну көздөп, бул оюн агасына билдирди. Жашоонун айынан агасы да окубай калып, эптеп курулушта иштеп жаткан. Инисинин пикирин туура көрүп, тогузунчу классты бүткөндүгү тууралуу күбөлүгүн алып, өзү лицейге алып барып киргизип келди. Инисин окууга жайгаштырып койгонуна көңүлү да тынып калды. Бирок, келинчеги кулагынын кужурун алды. «Иниңди неге лицейге тапшыртасың, мектепти бүтсө болбойт беле, жалгыз инисин батырбады деп эл айтпайбы»,-деди булкуна. Ал элден уялган жок. Дайыма үй тиричилигине жумшап жүргөн кайнисин окууга жөнөтүп коюп, эми үй ишинин баары мойнуна жүктөлгөнүнө ичи ачышты. Үйдө жеңесинин айткан жумуштарынан колу бошобой жүргөн Азизге эми китеп окушуна кенен убактысы бар. Бул жерде эркин жүрөт. Жумушту бүткөрбөдүң деп, башына нукулап урган, бирөө жок. Сабагында тынч олтуруп,

мугалимдин түшүндүргөн темасын кулагына түйүп, жатаканага келгенден кийин да тапшырмасын толук аткарып, бошогондо спортко катышып жүрдү. Спорттук оюндардын ичинен күрөшөтү тандап алды. Тырышып окуп жүрүп, окуу жайын да кызыл менен бүтүп, ширетүүчү адистигин алды. Эми оюнда ал да Россияга барып иштеп, агасына оорчулугун тийгизбей, өз тиричилигин өзү кылуу болчу. Окуусун бүтүп келгенде жеңеси жаңжал салды.

-Иниң окуп чилистен болуп келди дейсинби, солоктоп үйдө бекер окат ичип олтурбай, иштесин,-деди чыныга тамак куюп, дастарконго док эттире коюп жатып, чыныдагы тамак чайпала түштү.

-Эми эле келди го. Окуп, өңүнөн азып, арыктап да кетиптир. Эс алсын, иш качпайт, көп болсо жаныма алып алам,-деди агасы инисине болуша кетип. –Азыр тынч олтуруп тамактанып алалы. Таң атсын, ишти эртең деле сүйлөшө беребиз.

Иниси ортодо агасынын үй-бүлөсүн бузгусу келбейт. Агасына бир карап алды да, эми эле куюлган тамагын да ичпестен аста басып сыртка чыгып кетти. Артынан агасы чыгып, эшиктин жанындагы дөңгөчтө олтурган инисинин жанына келип, тизе бүгө аста үн катты.

-Азизим, сен капа болбо, бу жеңеңдин пейили ушундай го. Билесиң да. Жетишпестиктин айынан урушчаак да болуп кетти. Ажырашып кетейин десем, ортодо эки бала бар. Эң башкысы сенин окуп, кесип алып келгениңе кубанып турам. Жумуш табылат,-деди агасы инисин соорото. Үйдөн кеткенине эки жылдай болуп, эми эле келген инисинин жанында катуу сүйлөгөнүнө келинчегине ачуусу келсе да, ага теңелгиси келбей, бирок Азизге ичи ачышып турду. Колунан келсе, ата-энесинен жаш калган бир тууганына жаман сөз айттырбай, колуна көтөрүп багаар эле. Табиятынан мүнөзү жумшак жигит ичинен эзилгени менен сыртынан анысын билгизбей олтурду бошошсо эле, ыйлагысы келип араң турган инисинин ыйлап

жибериши мүмкүн эле.

-Ага,-деди бир оокумдан кийин унчукпай олтурган иниси агасына бурула карап.- Мен да Россияга барып иштесем болот эле.

-Азизим садагасы, ал жакта сени карап жүрө турган бир жакыныбыз, же таанышыбыз болбосо. Бирөө жарым чыгып калар караштырайын, сени ишенимдүү колго тапшырбасам, кантип бул жерде мен күн кечирем, сени кантти экен, курсагы ачкандыр, бирөө жарымдан көңүлү оорубадыбы деп, сарсанаа болом го. Азыр жатып эс алалы, таң атсын, кийинки күн бар. Жеңеңе капа болбо, эртең эле жазылып калат. Агасына боору ачыган иниси унчукпай, ынангандай артынан кошо үйгө кирди. Төркү үйгө кирип, астына бир төшөк салып, башына жастык коюп, үстүнө жууркан жамынып, жатып алды. Не кыларын билбей, ойго батып, түн бир оокумда гана көзү уйкуга илинди.

Таңкы саардан жеңесинин үнү шаңк этти. Бул заардуу үндөн ойгоно калып, дагы эмне болуп кетти деген ойдо көзүн ачып, шаша башын көтөрдү. Дал маңдайында эки колу менен белин таянып, жүзүнөн заарын чачыратып жеңеси туруптур.

-Сизге эмне болду жеңе? –деди таң кала.

Бала кезинде эмне десе, балалыгы менен капа болуп, кийин жазылып калчу, эми чоң жигит болсо деле баштагы адатын карматып, заңкылдай береби, башка бирөөгө ачуусу келип жатса керек деген кыялда, башын кайра жастыкка коюп, жата берди. Туруп кийинейин десе жеңеси чыгып кетер эмес.

- Турбайсыңбы, күн оо шашке болуп, дале уктап жатасың?

-Чыгып турбайсызбы, кийинип алайын,- деди ыңгайсыздана.

-Бу чоңоюп калган турбайбы көрсө, эмне эле тоготмоксон болуп, сүйлөбөйт десе, бу сен чооң окууну бүтүп келчү болсоң, укмуш болмок экенсиң ээ. Окуганы бир спту... Бол бачым, тигил торпокторду энеси менен бирге айдап барып,

кезүүгө кошуп кел. Сен турганча кезүү баккандар кетип калышпасын, эгерде кетчү болсо, өзүң жеткиресиң уктуңбу! – Бир топ сөздөрдү быдылдап айтып салып, жеңеси терс бурула бөлмөдөн чыгып кетти. «Жеңем баягы адатын дагы эле калтырбаптыр да. Бул жерде жүрө берсем, жемеден башым бошобойт, анын үстүнө тезирээк иштегени кетпесем болбойт окшойт, бир чети агама жардам да болот, бечера агам жетишпестик аз келгенсип, жеңемдин мүнөзүнөн да чачтары агара баштаптыр».

Азиздин жеңесине ичи иренжий кыжалаттуу ойлорго аралашып, кийимдерин кийе сала, сыртка чыкты. Күн шашке болмок турсун, эми гана таң атыптыр. Агасы көрүнбөйт, жумушуна кеткен сыягы. Бетин арыктагы сууга жууп, чөнтөгүндөгү бет аарчысы менен сүрттү да, жеңесинин тапшырмасын аткармакка малкана тарапка басты. Жиптерин чечип, малдардын мүйүзүнө байлап, торпоктору менен эки уйду жолго карай айдап жөнөдү. Ар үйдөн кошуналардын « өш,өш», деген үндөрү чыгып, уйлар мөөрөп, койлор маарап, эми гана кезүүгө айдап жатышкан экен. Ал короодон малды айдап чыга бергенде кошунасы Сеит да кезүүгө малын айдап баратыптыр.

- Саламатсыңбы досум, качан келдиң? Бүттүңбү?

- Ооба, кечинде эле келгенмин.

-Эми эмне кыласың, үйдө жүрө бересиңби, дагы... -Азиз Сеиттин эмне айтайын дегенин билди.

- Бала кезде жүрө берет экенсиң, кайда барарыңды билбей, эми болбойт го. Россияга кетсемби деп турам,-деди досуна ичтеги сырын айтып. Ал Азиздин абалын жакшы билет. Ата-энесиз өскөн баланы жеңеси буга чейин каалагандай кордоду го. Экөө биринчи класстан бирге окушуп, моюндашып чоңоюшуп, чогуу өсүшкөн. Сеит мектепти бүтүп, институтка тапшырган, биринчи курста сырттан окуйт. Аны карап туруп, жогорку окуу жайына окуй албаганына кейип кетти. Ошентсе да бир тууганы бар экен. Анын жардамы менен кичине болсо

да адистик алып алды.

-И баса Азиз менин агам менен сүйлөшөйүнбү?

-Эмнени?–Азиз ага суроо узатты.

-Бир топ жылдан бери Кореяга каттайт, машина алып келип сатат. Иши жүрүшүп кетти. Бизди ушул жумушу менен багып атпайбы..

-Мен эмне кылам? – Азиз таңданды.

-Агам боорукер эмеспи. Сага үйрөтөт, үйрөнгөнчө жанында жүрөсүң. Жалгыз кыйын экен, спортсмен балдардан алып алсамбы деп жаткан. А сен мектептен тартып, спорт менен машыгасың, балким көнөр. Бара-бара акчалуу да болосуң, анан сен да машина менен бизнес кыласың.

Сеиттин сөзүнө ойлонуп калды. Экөө малдарын кезүүгө кошуп, кайра кайтышты. «Жанымда чака тыйыным болбосо, мунун агасына эмне деп кошулам». Өзүнүн суроосуна өзү жооп таба албады. Сеит агасы менен сүйлөшүүгө үйүнө кирип кетти. Азиз да ичкериге карай басты. Жеңесинин сүйлөнгөн үнүн угуп, көңүлү дагы иренжий түштү. Агасы кечинде жумуштан келгенче, бала күнүндөй жеңесинин айтканын аткарып, күн кечкиртти. Ушул күндүн өтүшү ал үчүн кылымга созулгандай болду.

Агасы иштен келгенде Сеиттин сунушун айтты эле, ал унчукпай ойлонуп калды. Аңгыча досу агасы чакырып жатканын билдирди. «Мен азыр келем»,-деди да Сеит менен кошо алардыкына басты. Агасы машинасынын жанында туруптур.

- Кел Азиз, окууңду бүтүп келген турбайсыңбы. Оо азамат жигит болуптурсуң, боюң да өсүп кетиптир. Иштей турган кезге келипсин да. Мага Сеит айтты. Мен макул көрдүм. Сеит менен кошо чоңоюп, инимдей эле болуп калгансың, жолуң, ичкен-жегениң менден болсун. Бирок, жигиттин капчыгында дайыма акча жүргөнү жакшы. Агаңа айт, бир аз каражат таап берсин, бир айдан ашыгыраак убакыттан кийин Кореяга учабыз, документтериңди даярдайлы.

Сеит аны көндүрүп койгон окшойт. Азиздин ппкирин укпай туруп эле, дароо макул боло койгонуна бир чети сүйүндү. Агасы тобокел кылып Азизди кошунасына кошуп берүүнү чечти. Аялынын кыжылдаганына көнбөй малын сатып, инисинин колуна карматты. «Этият бол, колумдан келгени ушул болду садагасы, Улан менин досум, жаман бала эмес, кичинебизден бирге өстүк билесиң, бирөөлөргө көп ирет жардамы тийген, мен ага ишенем»,-деп сүйлөп жатып бошошуп кеткен агасы, инисин бооруна кыса көпкө чейин кучагынан бошотпой турду.

Азиз Улан менен эки үч ирет Кореяга келип кетти. Өзү айткандай каражатты толугу менен өзү көтөрүп жүрдү. Пайдасынан азыраактан болсо да колуна карматчу. Үчүнчү ирет барганында Азиз Уланга ыраазычылыгын билдирип, Сеулда калып, иштөөнү туура көрдү. Бул жерде бешенесине жазганын көрмөк болду. Балким, иши жүрүшүп кетеер. Бул өлкөдө да чек арадан киргендин баарын эле тайраңдатып жүргүзө койбойт, өлкөнүн өзүнө таандык мыйзамы бар. Ошондуктан, Жаныштын жардамы менен керектүү документтерин жасатып, ишке орноштү. Бешенесине жараша бөтөн адамдардын жакшылыгы менен чет жерде иштеп, өзүнүн керектөөсүнөн ашырып, бир топ каражат чогултуп койду. Барган күнүнөн бир туугандары эсинен кетпегендиктен, акыры беш жылдан кийин агасына барып келди. Баягы турмушу, жеңеси өзгөрбөптүр. Бирок, Азизди көрүп, мурдагыдай мамиле кылган жок. «Бизди унутту дедим эле»,-деп койду тек гана. Агасынын кубанычын айтпа. Бир коюн союп, коңшу-колоңду чакырып, Азиздин келгенин сүйүнчүлөдү. Эки апта туруп, агасын базарга ээрчитип барып, жети орундуу жеңил унаа сатып берди.

- Ага жашыңыз элүүгө жакындап калды. Ушул машина менин сизге белегим болсун. Муну менен үй-бүлөңүздү багып аласыз.

- Азизим сен мени ойлобой өзүңдү ойлосоң болмок. Чоңой-

дуң, үйлөнүшүң, үй-жай кылышың зарыл. −Жоош-момун агасы эчкирип, ыйлап жиберчүүдөй араң сүйлөдү. Анын бошошуп турганын байкаган иниси сыртынан күлүмсүрөп, көңүлүн көтөрүүгө аракеттенди.

- Ага сиздин үй-бүлөңүз бар, жеңемдин мүнөзү да жетишпестиктин айынан, мен түшүнөм, алыста жүрүп, ар кандай адамдарды көрүп, турмушка дагы көзүм жетти. Буюрса менин да өз үйүм, келинчегим болот. Бир күнү келем, дагы иштеп турайын, чоoң там салам, анан кыргыздын кызынан колукту алам.

-Айтканыңдай болсун, бөтөн элде кантип жүрөт, деги аман бекен, эч жери оорубадыбы деп, кабатыр болуп жүргөм, турпатыңа карап көңүлүм ток болуп калды. Акыры бир күнү келесиң да, ийгиликтин эрте кечи жок, аман болсоң болгону.

Эртеси Азиз эжелери Айым менен Канымга да барып, белек-бечегин берип, учурашып, анан кийинки күнү Сеулга жөнөп кетти.

... Азиздин уйкусу качты. Көөдөнүндө кусалык орноп алды. Инисин кыя албай бошошуп турган агасы, учурашып алып, кучагынан чыгаргысы келбей сагынычтан буркурап ыйлаган эжелери Айым менен Каным, бир тууганларынын балдары көз алдына келип туруп алды. Кетип калгысы келди. Топтогон каражаты бар, ал үйгө, үйлөнүшүнө, дагы башкасына жетет. Бирок, ал жакка барып эмне кылат, бир жумуш жасаш керек эмеспи. Ал үчүн дагы каражат жетишсиз. Бир аз иштей турайын деген максаты бар. Жашы да өтүп баратат. Агасы айткандай үй-бүлө күтүү керек. Ошентип, мурда көрбөгөн Кореяда иштеп калды.

...Саатты карады түнкү үч экен. Эми эптеп уктап алайын деди. Болбосо эртеси жумушта кантип иштейт. Бир аздан кийин көзү илинип кетти. Таңкы саат жетиде туруп, күндөгүдөй жумушуна кетти.

Азиздер кезектеги үйдүн акыркы шыбагын жасап бүтүп,

жуунуп-таранып, кийимдерин алмаштырып кетүүгө камданып жатышкан. Эртеси кожоюну келип, кычыгынан бери текшерип, жактырса кабыл алып, келишимдеги калган сумманы кемитпей, курулуштун башчысы болгон Жанышка тапшырат, жактырбаса, кем-өксүгүн кайра жасатышы мүмкүн. Жаныш агасы менен иштеп жаткандан тартып, бирөө да кардарга жакпай калган эмес болчу. Кийинки күнү алар башка имараттын курулушун башташат. Азиз бут кийимин кие берерде сырттан жаш балдардын ызы-чуусу угулуп калды. Жаныш өз буюмдары салынган баштыгын колуна алып шаша көчөгө чыкты. Анын артынан удаа баскан Азиз жол четиндеги дарактын түбүндө кийимдери айрылып, чачтары жайылган жаш кыздын эки тизесин кучактап, коруна олтурганын көрдү. Жаныш балдарды кубалап жүрүптүр, алар качып баратышып, тилдерин чыгарып, каткырып-күлүп, узап кетишти. Ачууланган Жаныш артына кайрылып келип, кыздын колунан тарта ордунан тургузду. Бетин жарым-жартылай чачтары жаап тургандыктан, кыздын жүзү толук көрүнбөдү. Эки ийини титирегенине караганда аябай коркуп калган. Бир кезде эки колу менен чачтарын жыйнап, төбөсүнө чогултуп, чач кыпчуугучтары менен түрмөктөй салып, башын көтөрө бергенде чекесинен ылдый сызылган канды көрө Азиз чочуп кетти да, чөнтөгүндөгү жүз аарчысын алып сүртүүгө камына бергенде кыз, « кереги жок» дегендей башын артты көздөй туруп, өзү тисериле берди. Жаныш жигиттин колундагы бет аарчыны алып, кыздын бешенесине басып, канды этияттык менен аарчыды.

- Шок балдарга кантип туш келип калдың, күн кечтеп калганда бул жерде эмнеге жүрөсүң?-деди Жаныш кызга кайрылып. Кыз унчукпады. Эки көзү жайнаган таптатынакай кыз экен. Бир учурда көздөрүнөн бурчак-бурчак жаш тамды. Көптөн бери өз эне тилин укпаган кыз өз агасы жанында тургандай буркурап ыйлап жиберди. Ыйлай берди. Экөө тең не кылаарын, кантип сооротушун билбей бейтааныш кыздын жа-

нында бир азга үнсүз турушту. – Жүрчү мындайраак.-Жаныш кыздын колунан тартты. Ал коркуп калгангабы, артына карай кетенчиктеп, барып туруп калды.

-Мен эч кайда барбайм,-деди ыйын араң басып буларга да ишенбегендей.

-Анан ушул жерде тура бересиңби, бул жерди шаар деп коет, ары-бери баскан, терсаяктарга жолугуп калып, шоруң кайнабасын кызым. Сен коркпой эле кой. Кыргыздын кызысың го. Бул тарапка эмнеге келип калдың, жүр биз иштеген жайга кирип, олтуруп, жакшылап сүйлөшөлү. Биз да Кыргызстандык болобуз. Мобул жигит экөөбүз бир жерликпиз. Сен да биз тараптансың го. Чочуба, сага жамандык кылбайбыз, мына менин да сендей кыздарым бар.-Жаныш анын жерде жаткан сумкасын алып, алдыга басты.

Азиздин бае көз карашын, Жаныштын жумшак сөзүн угуп, анан калса алардын кыргыз экенин билип, өзүнө келе калдыбы, кыз экөөнүн артынан ээрчий басты. Анын башка аргасы да жок болчу. Бир чети жердештерин көргөнгө эмелеки коркуу сезими артка калгандай болду.

Экөө кыз менен маңдайлаш короонун жанындагы столдун четиндеги орундуктарга олтурушту. Кыз башын ийген калыбында, көзүндөгү жашын аарчууга буямасы келбегендей таризде турду. Жана эле шок балдардын шакабасына учураганда бу тирүүлүк туурасында унуткан болчу, менин өлүгүм Сеулдун көчөлөрүндө калып кетип, ит-кушка жем болом го деген ой, дароо мээсин көзөп өткөндөй болгон. Капысынан чыккан каттуу добуш балдарды сестентип жиберип, бирөөсү кызды түртө салганда дарактын сынык бутагына маңдайы тийип, дароо кан сызылып кетти. Жанынын ачышканына карабастан, алардын качып жөнөгөнүнөн жаны аман калганына сүйүнө кетип, мууну бошоп, ыйлап жиберди. Бөтөн эл, бөтөн жердеги кордугу жанын кашайтып, арманын айтууга киши таппай, аргасыз турганда бул балдарга туш болушу кошумча эле.

- Кана кызым сүйлө, чындыгын айтсаң өзүңө жакшы болот, балким биздин сага жардамыбыз тийип калар,- деди Жаныш аста сүйлөп. Азиз шордуу кыз бул жерге кайдан, кантип келип калганын биле албай, «кыргыздын жүрбөгөн жери, тентибеген мамлекети калбаган го»,-деген ойго келип, ичи ачышканынан санаасы санга бөлүндү. Ордунан туруп барып, чайнекке чай койду, ары жактан идишке суу алып келип, кызга сунду.

-Эң оболу, бети-башын жуунуп, чай ичип алсын Жаныш ага бул кыздын курсагы да ачкан го.- Жигиттин сөзүнөн улам, эң оболу мына ушуну эске албаганын ойлоп, шашкалактай жооп берди Жаныш.

-Ооба, Азиз айткандай бир нерсе жеп ал, анан болгонун болгондой айтып бергин,-деди. Азиз баштыгын ачып, ичинен тооктун этин, нан жана помидор менен бадыраң алып чыгып, столдун үстүнө койду. Ичкериге кирип, бир тарелка алып чыгып, этти кесип, помидор менен бадыраңды четине туурап, кыздын астына жылдырды. Бети-колун жууп келгенден кийин, эң оболу нандын четинен ооз тийип, Азиз куюп берген пияладагы чайдан бир ууртады.

- Уялба кызым, эттен ал, курсагыңды тойгуз, убакыт бар,-деди Жаныш күн кечтеп кеткенине карабастан кыздын көңүлүн жубата. Жана эле ачкалыктан ичи ачышып жатканына карабастан, кыз бир аз жеген болду да, экинчи ирет чай куйууга камынып жаткан Азизге карап, пиялынан бетин колу менен жаап, ичпей турганын билдирди.

-Айт,- дедиңиз айтайын. Сөзүм башынан болсун,- деди кыз. Бул учурда ал сооронуп, өзүн бир калыпта кармап калган болчу.

Х Х Х

Ширин апасы экөө Бишкектин четиндеги жер тамдардын биринде тураар эле. Мектепте жакшы окуган кыз, аттестат алары менен билимин улантып, бир кызматта иштеп, апасын колуна көтөрүп, карыганда бөпөлөп бага турганын айтчу.

Апасы Ош базардын сыртында көчөдө кичине столдун бетине жашылча-жемиш коюп алып сатчу. Анын ашыкча каражаты деле болбогон. Ошентсе да, таң эртең менен эрте барып, товарын өткөргөнү келгендерден алып сатармандардын ызы-чуу менен талашып-тартышып алып жаткандардын арасына кыпчылып, эптеп капчыгындагы акчасына жараша сатып алчу да, жайына келип, жарымын столдун бетине коюп, калганын өзү олтурган табуретканын жанына коюп алаар эле. Кээде бир кап бадыраңын сатып түгөтө албай калчу. Эртеңки күнгө калып кетсе, соолуп, жараксыз болуп калганын эстеп, аларман келсе, сатып алган наркынан да арзаныраак болсо, өтүп кеткени дурус деп, бере салчу. Помидорду азыраак алчу. Эрте жазда анын наркы да кымбат болгондуктан, жанындагы акчасы көбүнчө кап-каптап алганга жетпечү. Кечке дейре өзү да жарытылуу тамактанчу эмес, көчө кыдырып, тамак-аш саткан аялдардын колунан бир стакан кофе менен бир пирожки, же самса алып жечү да, керээлиден кечке үйүнө барганча ушунусу менен калчу. Кечинде пайдасын да үнөмдөп, бир азыраак картошка, пияз, 200, ашып барса 300 грам эт сатып алып, анан сатканынан ашкан эки-үч даана помидор, ошончо бадыраңды баштыгына салып алып үйүнө карай шашчу. Ал келгенде Ширин пияз менен картошканы аралаштырып кыпкызыл кылып турап, дастаркону жайып, чайын демдеп апасын күтүп алар эле. Келери менен базарда иштеп суй жыгылып келген апасынын колундагы жүгүн алып, ичиндегилерди жай-жайына жайгаштыра салат да, кийимдерин алмаштырып чыккан апасынын бети-колуна суу куюп берет. Апасы өтө таза аял болгондукан, күн сайын самын менен жуунуп, анан таптаза халатын кийип, кызы даярдап койгон дастаркондун четине олтураар замат, кызынын мектепте кандай окуп, тапшырмасынан канча баа алганын, келип сабагынан даярданганын, курсагынын ачканын, ачпаганын, баарын толук сурап, ойдогудай жооп уккандан соң, Ширинди майдайынан бир жыттап, боо-

руна бекем кыса, сагынычын таркатып алат да, сүйкүм менен чачынан сылагылай бир саамга олтургандан соң, экөө тамактанууга киришет. Бул учур эне менен кыз үчүн эң керемет, эң бир сонун бактылуу мүнөттөр болот. Кечинде жатканга бир жай салышып, бири-биринин жытын искеп уйкуга киришет. А эртең менен апасы ал куш уйкуда жатканда, туруп баратып, төшөнчүсүн эки капталынан кымтылап жаап коюп, оозуна наар албай, таң саарлап базарына кетет. Кызы да эртелеп туруп, бирок, түштөн кийин окугандыктан, үй ичтерин жыйыштырып, идиш-аягын жууп, китептерин барактап, тапшырмаларын бир сыйра көздөн кечирип алат да, мектебине жөнөйт.

Ширин мектебин жакшы бүтүп, университеттин эл аралык мамилелер факультетине өттү. Тил үйрөнүп, чет өлкөдө окуумду улантсам, анан иштеп, апамды өзүм окуган мамлекеттердин шаарларын кыдыртсам, жакшы жигитке жар болуп, апамды жаныбызга алып, бактылуу жашасак деп тилек кылчу. Ошол себептен мектептен эле англис тилин жакшы окуп, эркин сүйлөбөсө да, сүйлөгөндү билчү. Институтта корей, япон, кытай тилин үйрөнүүгө умтулду. Кошумча курстарга барып жүрдү. Апасынын базаардагы иши жүрүшүп, каникулда апасы менен жашаган үйүн, актап-сырдап, ремонттоп, бирин-экин жаңы мебелдерди сатып алышты. Ал үчүнчү курска келгенде апасы ооруп, оруусунан айыга албады. Жалгыз жашап, байлардын балдарына тил үйрөтө баштады. Бирин жакшы төлөсө, экинчиси акысын дурустап бербей, анын үстүнө тил үйрөтүүчү курстар көбөйүп кеткендиктен, жумуш табылбай, өз кардын өзү бага албай, окуусун уланта албай калды. Аны менен акчалуулардын балдар-кыздары окугандыктан, аларга теңелип кийим сатып кийе албай, андан да корунду. Жумуш издеп, шаардын жарыя-реклама илинген жайларын кыдырып жүрүп, «Кореяга жумушка чакырабыз»,-деген жарыяга көзү түштү. Жазылган дарек боюнча издеп

барды. Кудум эле корейлерге окшогон жигит-кыздар ал эшик чертип киргенде эле жылуу ырай менен кабыл алышып, жарыя боюнча келдиңизби? −деп сураштьы. Анан Кореяга барса жакшы жумуш болоорун, жакшы төлөшөөрүн, буга чейин ал өлкөгө барышкан кыздар жумуштары жакшы, жакшы жашап жатышканын, алардын агенттикке ыраазычылык айтышканын жобурап салышты. Кыз биротоло ынанып калды. Анын тил билгени ан сайын жакшы болоорун айтышты. Колуна анкеталык суроолор жазылган ак баракты беришип, толтуртуп алышкандан кийин кол телефонунун номерин жазып алышып, кыздар чогулганда өздөрү кабар беришээрин кайсыл учур болбосун даяр туруусу зарылдыгын билдирип, жылуу-жумшак узатып коюшту. Арадан он, он беш күн өткөндөн кийин агенттиктен чалып жатышкандыгын, кыздар чогулуп бүткөндүгүн билдиришти. Алардан эртеси Сеулга самолет менен учушаарын укту. Ширин күткөн күн да келди. Эми анын бөтөн жерге иштегени кетери күмөн болбой калды.

Жолго чыгарда апасы жактан жайга барды. Кечээги боз топурак дөмпөйүп, аны суз кабыл алгандай. Үстүнө бирин-серин чөп чыга баштаптыр. Аларды жулуп, алып келген бир тутам гүлүн, дөбөнүн үстүнө койду да, алыстан эле ыйлап алган кыз, ан сайын буркурап, үнүн чыгара боздоду.:

-Алда апакем ай, биз бактылуу эмес белек. Мен мектептен келип, сен базардан келгенче чыдамсыздык менен күткөн күндөрүм, дастаркон четинде олтуруп, келечектеги бактылуу турмушту эңсеген таалайлуу учурум кайда. Кыйналып жашасак да, сен өлбөй жүрсөң болмок эле. Эми кара жер жамынып, а мен сыртта томсоруп жапжалгыз калдым. Кимге таянам, ким менен сырдашам да, ким менен кубанычымды бөлүшөм. Окуумду уланта албадым апаке, жалгыз башымды багууга кудуретим жетпеди. Мен акча табышым керек, ошон үчүн Кореяга иштегени баратам. Мага ал жакта жакшы жумуш болоорун, иштеп кетээримди айтып ишендирип салышты.

Башка аргам жок, андан башка не кылам, акыры кетүүнү туура таптым. Бул жерде мен ыйласам соорото турган сен жоксуң апа. Сөзсүз келем апа, ал жактан акча алып келип, сага кооз күмбөз салдырам, мен келгенче кайгырба апа. Ак батааңды бер, аргасыз чет жерге бараткан кызыңа капа болбо, мен сени уят кылбаймын, кыргыздын намысын сактайм, аны менен өз намысымды сактайм апа, убада берем, сен буга ишен. Апа жаткан жериң, жайлуу, топурагың торко болсун. -Кыздын көз жашы суу болуп агып, боз топурак ылайланып, оо ылдыйдан апасынын үнү угулгандай сезилип кетти.

«Ширин, Шириним, башыңды көтөр. Мектепте кыздардын алдыңкысы, окуу жайда окуунун мыктысы эмес белең, башыңды ийип, өксүй турган, шапайып көңүлүңдү чөктүрө турган кыз эмессиң, мен дайыма сенин жаныңда, сага таяныч болом. Кызым барбасаң болот эле, барам деп калыпсын, этият бол, өзүңдү, намысыңды, кыргыздын намысын сакта. Акылдуу элең акылыңдан адашпа. Тур өйдө, артыңды карабай түз бас. Жолуң шыдыр, жолдошуң кызыр болсун». −Бул үн ага кайрат бергендей болду. Жашын сүртүп, куран окуп, бата кылды да, «Апаке жаткан жериң жайлуу, топурагың торко болсун»,-деп улуулардан үйрөнгөн сөзүн ичинен кайталап, бетин эки колу менен сүртө, уюп калган тизесин таяна ордунан туруп, түз басып, артына карабай бейиттин темир сеткасын ачып, кайра жаап койду да, жолдун чети менен илкий басып жөнөдү. Үйүнө келери менен сыртынан бекитип, дайыма бир-бириникине кирип чыгышып, апасы менен кубаныч, кайгысын тең бөлүшүп келген кошунасы, бир чети аяш апасы Айшаныкына кирип, үйүн табыштап, ачкычын берди да, кийимдери салынган жолдо көтөрчү сумкасын алып, аны менен коштошту.

-Ширин кызым, акылың бар кызсың, туура кылып жатасыңбы, же туура эмеспи, балким сеники да туурадыр. Кетип баратасың. Этият болуп, жакшы жүр, бөтөн жер, бөтөн эл,

мурда барып көрбөгөнсүң, кинодон гана көргөнүбүз болбосо, Кореянын кандай жер, эли кандай экенин билбейбиз. Багың ачылсын, кудай жолун берсе, бир күнү келерсиң. Үйүңдөн, апаңдын буюмдарынан камтама болбо,-деди Айша аяш апасы, бешенесинен өөп жатып. – Эки көзүң жайнап, апаңдын гана өзүсүң. Жаш кезде кудум эле сендей болчу. Өмүрү окшобосун. Кудайым сени сактап, апаңдын арбагы жөлөп-таяп жүрсүн. Бир күнү кайтып келгениңде ошондо сенин бактылуу турпатыңды көрөйүн.

Кудум эле өз апасы менен коштошуп жаткандай Ширин анын кучагынан бошой албай бир саамга чейин турду да, анан өйдө боло көзүндөгү жашын сүртө, ичинен буркурап ыйлап, сыртынан күлүмсүрөп, аяш апасынын жумшак колун бириктире кармап, анын алаканын жаагына тийгизип туруп, жылуулугуна магдырай түшүп, аста кое берип, жердеги сумкасын дароо алды да, жай басып сыртка чыкты. Көөдөнү кысылып, деми буулуп, эки ийине титиреп, жол четинде турган таксиге ошол буулуккан калыбында барып олтурду.

Он беш кыздын бири болуп, бөтөн шаардын кооздугун, андагы жыргалдуу турмушту элестетип, жүрөгү элеп-желеп болуп бөтөн мамлекетке учту. Кыргыздын асман тиреген Ала-Тоосунун үстүнөн жүрүп олтуруп, Сеул шаарына келип конушту. Тосуп алышкандар аларды тобу менен бийик бир имаратка алып келишти да, аларды күтүп турган адамдарга алардын тандоосу боюнча ар кимисин ар кайсыл жакка таратып жиберишти. Ал адамдар өңчөй орто жаштагы жана улгайган эркектер болчу. Ал элестеткен кооз имаратка, же завод-фабрикага иштегенге эмес, кийин укканына караганда бул кыздарды күйөөгө тийгени жөнөтүшкөн экен. Кореяда күйөөсү менен аялы ажырашса же бирөөсү кайтыш болсо, жаңы үй-бүлө куруу абдан кыйын. Кореянын эркектери экинчи жолу үйлөнө албай калышат. Себеби, жаш кыздар алардын финансылык абалына карашат. Кореяда үйлөнүү

оор. Бүлө куруруга бул жакта өтө олуттуу мамиле кылышат. Ошондуктан, ал эркектер башка элден өздөрүнө аял издешет. Көбүнчө, Кыргызстандан алышат. Ал жактан агенттик аркылуу таанышып, анан бул жакка алып келишет. Бирок кыргыз кыздарга бул жактан бүлө түзүү абдан кыйын болот. Себеби, алар жаш, күйөөлөрү болсо жашы өтүп калган болот. Алардын турмушка болгон көз караштары айырмаланат. Мындан тышкары, тилдери, маданияты, чөйрөсү башка болот, бирин-бири түшүнүшпөй калса, үй бүлө бузулат. Бул учурда кыздар моралдык да, психологиялык да зыянга учурайт. Ал эми Шириндин бешенесине сырттан киришкен эки жаш дароо аны тандап алышты. Ошентсе да, жаңы үйлөнгөн бир жаш үй-бүлөгө үй кызматкерликке туш болгон кыз, келишин келип алып, кайрылып кантип кетээрин биле албай дабдырап калды. Ал агенттиктин кызматкерлеринин айтымы боюнча бир заводдо, же фабрикада иштемек. Колундагы жеңил жүгү салынган сумкасын көтөрүп, тигилер менен сыртка чыкты. Талашып-тартышып олтурууга бул жер Кыргызстан эмес, ошондуктан, эрксизден аларды ээрчиди. Эшиктин жанындагы жылтыраган кара машинанын эшиги ачылып, алдына күйөөсү, артына суйкайган сулуу келинчектин жанына Ширин олтураары менен айдоочу зуулдатып айдап жөнөдү. Сеулдун кенен асфальт жолу менен жүрүп олтурушуп, бир кезде кооз жана көркөмдүү салынган кабаттуу тамдардын биринин тушуна келишкенде чоң кенен дарбаза ачылып, алар олтурган машина кенен короого кирди. Астында көк майсан чөп, кооз гүлдөр, түшүндө көргөндөгүдөй не бир ажайып жерге келип түштү кыз. Ал окуган институт заңгыраган жай болгону менен анын айланасы ушунчалык кооздукка оронгон эмес болчу. Кенен эшик ачылып, ичкериден эки колун бооруна алып, үй кызматкери тосуп алды. Күйөө менен келин төрдөгү диванга жанаша олтурушуп, сумкасын эки колу менен бириктире тизесинин тушуна көтөрүп тик турган кызга олтур дегендей ишарат кыл-

ды. Алар корей тилинде сүйлөштү. Бул тилде жакшы сүйлөй албаганы менен бир аз болсо да билгендиктен, кыз алардын эмне деп айтканын түшүнүп турду. Алар көрсөткөн креслонун бир четине аярлай олтурду да, күйөөнүн сөзүнө кулак төшөдү.

Бүгүнтөн тартып, келинчеги эмне тапшырса, баарын жасоо анын милдетине кирээрин, дегиси анын жеке кызматкери боло турганын айтты. Анан алар киргенде эшиктин оозунан тосуп алган аялга бурулуп, бул кыздын бөлмөсүн көрсөтүп, мончого киргизип, андан кийин, атайын үй кызматында кийчү, кийим-кече беришин дайындады.

Үй башчысы Ширинди биринчи кабатта жайгашкан чакан бөлмөгө баштап кирди. Анда бир керебет, бир шифонер, анан бурчта чакан стол, бир орундугу менен турган. Ага жуунуучу жайды көрсөтүп, жуунуп чыкканда үй кызматкери кожоюну айткан кийимдерди керебеттин үстүнө таштады. Ширин кийимдерин чечинип, ал кийимдерди кийди да, күзгүнүн жанына келип өзүн тааныбай калды. Асман түстүү бели кымча көйнөк, белиндеги ак фартук, башындагы чакан ак жоолук ага жаккан жок. Мындай кийимди корея фильмдеринен көргөнү болбосо мурда кийип көрө элек болчу. Көптөн көксөп келгени тилеги ушул беле. Бир үйдөн чыкпай, байдын үй кызматкери болом деп ойлогон эмес. Эми бул жерден кете албоочудай сезди өзүн. Өзү келгенде көргөндөй чоң темир дарбаса, бийик тургузулган коргон ичинен оңой менен кете алмак эмес. Чыкканда дагы бул жерди билбейт, кимге кайрыларынан да башы маң, түрмөдөй болгон жайга өз эрки, өз буту менен туш келди го. Атаганат ошончо алыс жерден өз өлкөсүн, өзү туулган жерин таштап келип албадыбы. Иштеер иши болгондо арзып кирген окуусун бүткөрүп, колуна диплом алса, Кыргызстан үчүн, анын келечеги деп эсептеген жаштар үчүн алган билиминин уюткусун үйрөтүп, өз Мекенинде эркин куш болуп учуп жүрмөк эле. Ошол эркин куштун бутуна тузак илинип, мына эми башы айланып, не кыларын билбей алдастап гана

турат. Неси болсо да жакшылыгы болсун. Бир, же эки жыл иштээрмин, анан түсү жылуу бул адамдар өз Мекениме кеткенге жардам беришээр. Аялы деле мен курактуу экен, балким, бири-бирибиздин сырыбызды түшүнүп, ички туйгуубузду билешээрбиз,-деп ойлонуп турганда кызматкер аял аны үй кожойкеси чакырып жатканын айтты. Анын артынан басып, кожойкесинин уктоочу бөлмөсүнө кирди. Ал эки кишилик керебетте узатасынан жатыптыр. Башын көтөрө кызды жанына чакырды да өз тилинде денесин укалап берүүсүн айтты. Ал жаткан керебеттин четине кыңкая олтуруп, эки колу менен далысына колун тийгизди. Ак шайы көйнөгү шуудурап, анын ичиндеги аялдын денеси пахтадай жумшак экендигин байкатып турду. Колу кудум эле кебезге туш болуп, ошол кебезди абайлап сылап жаткандай сезилди. Анын апасынын денеси да ушунчалык жумшак эле. Жумуштан келгенде керебетине узатасынан жата калып, кызына күлүмсүрөй карачу. Бул анын денемди ушалап бер дегени эле. Күн сайын жатаар алдында апасынын денесин ушалап бүткөндөн соң, экөө катарынан жатып алып, узак баарлашып, анан уйкуга кетишчү. Апасы колун кызынын моюнунан өткөрүп, кызы апасынын жагымдуу жытын жыттап, уйкуга көшүлөөр эле. Ушул жаш аялдын денеси апасын эске салып жатты. Бирок, анын жаштыгынан денесинин чымырлыгы сезилди. Ушунчалык назиктик менен аялдын денесин ушалап жатты. Кыздын көзгө илешпеген назик колдорун анын денеси жактырып, магдыратты. Биринчи туш келгенге болдубу деп айта албай, бир сааттан ашык ушалап олтуруп, эки колу уюшуп, кыймылдоого жарабай калды. Оо бир кезде уйкулуу көздөрүн ачып-жума башын көтөрүп, кызга карады.

- Уктап кетиптирмин, мага кофе жасап берчи,-деди. Кыйгачынан олтурганга бели да ооруп калыптыр. Ордунан аста туруп, ооруган белин айлана, денесин күйшөй, колунун манжаларын бири бирине кайчылаштырып, ушалай, ага кофе жа-

сап келүүгө бөлмөдөн чыкты. Эшиктин оозунан туш келген үй башчысы кожоейкеси ага эмне дайындаганын сезип, ашкана тарапка баштап кирди. Ашканасы өтө кенен экен. Үй башчысы эмнеси кайда жайгашканын айтып, ашкана менен кенен кесири тааныштырды да, чыгып баратып, азыр үй кожойкесинин жууна турган убагы болуп калганын эскерте кетти. Ширин кофесин кайнатып, тарелканын үстүнө коюп, жылтырап сырдалган полдон жыгылып кетпөөгө аракеттенип басып, кожоейке аял жаткан бөлмөгө кирди. Ал креслодо китеп окуп олтуруптур. Китебин жанына коюп, кыздын колунан тарелкасы менен кофесин алды да, бир ууртап, тамшанып койду.

-Кофе кайнатуу колуңдан келет тура,-деди мурда жапайы кыз эч нерсе билбейт дедиби, ыраазы боло машырлана уурталы. Колуна китебин алып кайрадан окуусун баштады да, улам кофеден ууртап коюп олтурду. Бир стакан кофени жарым сааттай ичти сыягы. Кызга башка тапшырма берген жок. «Эми бул качан жуунат», деп турганда башын өйдө көтөрүп, кызга карады. – Эми жуунуп алайын, сен мага жардам бересиң, айтышкан чыгар. -Кыз аста гана башын ийкеди. Ал ордунан өтө ыкчамдык менен турду да, сыртка карай басты, кыз артынан ээрчий жүрдү. Анын жуунуучу бөлмөсү башка экен. Бөлмөнүн эшигин ачып киргенде эле мурунга жагымдуу буруксуган жыт урунду. Кыз магдырай түшүп, эсине келди. Кожейке аял үстүндөгү шуудур халатын чечип, кызга узатты, ал илгички иле салды. Ич кийимдерин чечинип, ичкерки бөлмөгө кирди, Ширин да сырткы кийимдерин чечип, ич кийимчен анын артынан басты. Кожойке аял ак гүлдүү шейшеп менен көкүрөгүнөн ылдый оронуп, бууга көкүрөгүн тосо, төрдөгү жайга барып олтурду. Ширин идишке мээлүүн суу куюп келди да, пахтадан жасалган жуунгуч жумшак кездемени самындап, кожейкесинин ысыктан бууланган денесине ары бери сүрткүлөй баштады.

- Колуң менен иштечи, сенин колуң кебезден жумшак экен,

жагымдуу,-деди кожейке. Кыз үн катпай, анын айтканын аткарды. Атын сурады, атады.

-Ши-рин. –Ал кыздын сөзүн туура кайталоого аракеттенип, бөлүп-бөлүп айтты да, маанисин сурады.

- Ширин, бул таттуу,-деди кыз. Озуна ушул сөз кирди.

- Ии,-деп койду аял, магдырай олтуруп, анын денесиндеги самындын көбүктөрү да бир башкача жагымдуу жыттанып турду. Шириндин денеси да жибип бешенесинен тер тамчылады.- Сен корей тилин жакшы билет экенсиң, кайдан үйрөнгөнсүң?

-Институттан.- Кыз кыска жооп берди.

-Жакшы экен,-деди аял. –Экөөнүн сөзү жуурулушкандай болду. –Англис тилинчи? – Кыз дагы башын ийкеди. -Болдук окшойт.

Ширин анын денесине жылуу суудан куйду. Назик дене жылтырап, анын сулуу мүчөсү татыналыгын билгизип турду. «Сулуу аял экен»,-деп койду ичинен. «Назиктигин кара».

- Сен да кайрадан жуунуп ал,-деди аял ордунан туруп, кийинүүчү бөлмөгө карай басып.- Кыз кала берди. Жаңы келгенде жуунганы менен ысык жерге киргенден кийин денесинен тер агып, чынында эле кайрадан сууга түшүүгө туура келди. Жытуу атыр самынды көбүктөнтүп, бир башкача сезим менен кыз ырахаттанып жуунду. Денесин кургатып, кийимдерин кийинип чыкканда, аял өз бөлмөсүндө жасанып жаткан. Боенгондон кийин ан сайын чырайына чыгып, мурдагыдан да башкача болуп, кубулуп кеткендей сезилди кызга.

- Менин кийимдеримди алып берчи,-деди. Кыз шифонерди ачып, ал айткан көйнөктөрдү биринен экинчисин алып берип жатты. Беш-алты көйнөктү улам алмаштырып жатып, ичинен асман түспөлүн жактырып кийди да, кичине сумкасын колтугуна кыса баратып, кызга кайрылды: -Мен кетип баратам, а сен бөлмөмдү жакшылап иреттеп койгун. Кожейкенин айтканындай анын бөлмөсүн иреттеп бүткөндө үй башчысы

Ширинди чайга чакырды.

-Кел биз тамактанып алалы, үй ээлери конокко кетишти. Азыр жолдошунун жумушуна барат да, экөө кетишет, кайсыл убакта келишээри күмөн. Бирок, келишкенде үйдөн сөзсүз кофе ичишип, анан жатышат. Кечки тамакты жасабай эле койгула деп айтты. – Орто жашап калган корейс аял бул үйдө кожоюну бала кезде келгенин, анын өз апасындай болуп калганын, жаш кожоюндун өзүнүн жеке компаниясы бар экенин, аны өзү жетектээрин, уулу үйлөнгөндө уул-келинин ушул үйгө таштап, анын үстүнө жолдошу каза болгондон кийин апасы кыштакка көчүп кеткенин айтты. Ал жерде чоң чарбасы бар экен. Бир уулу ошол чарбасын иштетет. Аны менен тамактанып олтуруп, бул үйдүн бардык жумуштарына ушул аял көзөмөл жасай турганын байкады. Ашкана кызматкери болгон эки жаш аял, анын көзү менен тең айланып, айтканын аткарып, заматта столдун бетин жайнатып салышты. Анан аларга эртең мененки тамак үчүн тапшырма берди. – Жаш кожейкенин таң саарында эмне жээрин жакшы билесиңер, баарын даярдап, муздаткычка салып койгула да, эртең менен бышырып, убагында столго койгондой болуп үлгүргүлө. Жаш кожоюндун тамагын бышырып жатканда күрүчтү эзилтип жиберчү болсоңор менден тил угасыңар. Эртең менен уктап калчу болбогула. –Жүр,-деди Ширинге, мен сага кожейкенин кийимдерин көрсөтөйүн, кир салгычтагы кийимдерди алып чыкты да, кызга бурулду: Кир жуугучту иштетишти билесиңби? –Кыз «Билем» дегенин билгизип башын ийкеди. –Баарын этияттап жууп, кургагандан кийин кийим салгычка ирети менен илип кой.

Кожейкенин кийимдери ого эле көп болчу. Түрдүү жакка кийүүчү түрдүү кийимдери экен. Өзү көргөндөй кийим салгычында дагы бир топ. Ушунчалык көп кийимдин баарын качан кийип түгөтөт, -деп ичинен ойлоду. Кийимдерди жууп бүткөнчө түн бири оокум болду. Эшиктин коңгуроосу кагы-

лып, үй ээлери келишкендей болду. Кудай жалгап, аны эч кимиси чакырган жок. Кызматкер аял айткандай баарын аткарып бүтүп, жастыкка башын койгондо түнкү саат бир болуп калган эле. Керээлиден кечке тынбаган кыз, башын жастыкка коеру менен уктап кетти. Түшүндө апасын көрдү. Эртең менен эрте ойгондо жүрөгү жабыгып, көңүлсүз турду. Күндө анын жумушу кайталана берди, кошулса кошулат, бирок азайган жок. Үй кожейкеси ырчы экен. Болгондо да Кореядагы белгилүү ырчы. Ал концерттерде болгон түнү өтө кеч келип, эртеси түшкө чейин уктайт. Ал уктаганда ага байланышкан башка иштерди жасайт. Тургандан кийин баягыдай анын жуунушуна жардам бермей, денесин укаламай, дагы башка бир топ иштерди аткарып жатып, күндүн кеч киргенин да билбей калат. Кечинде ал кайрадан жумушуна кетет. Ал эми жолдошу болсо таң эртең менен кетип, кечинде келет. Кыз аны кээде көрсө, кээде көрбөйт. Бирок, бир күнү анын аялынын бөлмөсүн иреттеп жатканда эшикти ачып кире берди. Ширин полун эми гана жууп бүткөн. Эркектин эмнеге киргенин биле алган жок. Өзүнүн аялында бир жумушу болсо керек деп ойлоду. Бөлмөдөн чыга берерде ал кыздын колун кармай калып, өзүнө каратты да, анын татына, сулуу кыз экендигин, биринчи жолукканда ага кызыгып калганын айтты. Кыз андан өзүн ала качып, чыгып кетүүгө аракеттенип, башын ылдый салган калыбында андан жол бошотуусун өтүндү. Аңгыча сырттан үй кызматкеринин анын атап чакырган добушу угулду. Ошондо эркек ага жол бошотуп, бир күнү аны чайга чакырарын айтты. Кыз кутулуганына сүйүнүп, сыртка чыкканда анын элеңдеген турпатын карап, үй башчысы эмне болду деп сураганда «эч нерсе болгон жок», деп койду. Ал базарга бара турганын билдирип, бак караган киши сыркоолоп калгандыктан, короодогу гүлдөргө суу сээп коюшун айтты. Кыз түтүккө туташтырылып коюлган шланганы кайсыл жерде турганын тапты да, шланганы чачыратып, гүлдөргө суу себе баштады. Суунун

тамчылары тийген сайын гүлдөрдүн жагымдуу жыты бурук-суп жатты. Бир кезде үйдөн чыгып анын жанына келаткан үй ээсин көрдү. Келишимдүү турпаты менен салмактуу басып келип, кызга күлүмсүрөй үн катты.

-Менин сага мамилемди аялыма айтпагын, бул жер Корея,-деп эскертти. Кыздын ээгинен жогору көтөрүп, көзүнө тел-мире тиктеп алды да, « сулуу кыз экенсиң,»,-деп койду да, бурула бергенде машинасын айдап, короо ичине кирип ке-латкан аялынын астына торой басты. Ал машинасын токтотор замат түшө калып, күйөөсүнө кынала кетип, гүлдөргө суу сээп жаткан Ширинди көрүп, үн салды.

- Сен бул жерде эмне кылып жүрөсүң?- Кыз анын суроосу-на үй башчысы табыштаганын билдирди.

-Багбан ооруп калыптыр эркем,-деп койду күйөөсү, анын белинен жеңил кучактай, ичкери кирип баратып, анан артына бурула берип, кызды карап күлүмсүрөп койду. Ширинге үй-дүн жаш кожоюунун мамилеси жакпай калды. Кайра корко баштады. Анын Ширинге жакындаганын аялы билчү болсо, кызды бул жерден кубалап чыгаары күмөн эмес болчу.

Күндөр өтүп жатты.Кыз канчалык жумушунун көптүгүнө карабастан, бул үйгө көнүп калды. Ал үй кожейкесии айткан жумушту так аткарып, негизинен анын кызматында болуп жүрдү. Кечкисин жумушуна кеткенде үй башчысы менен анча-мынча божурашканы болбосо, дайыма жалгыз. Анын үстүнө ишинен бошоп, тыным алып олтурганга убактысы аз. Иштин көптүгүнөн суй жыгылып, буттары басууга жарабай калганда кечинде жатканасына араң кирип, дароо керебе-тине кулайт. Түшүндө дайыма аны аяп, муңайып сүйлөгөн апасын көрөт. Баягыдай эле жанында боло калат да, кыздан алыстап, бир жакка кетип бараткан болот. Ойгонгондо бөтөн жерде жүргөнүн сезери менен жүрөгү сыздап, дароо капа боло түшөт. Өз жерин сагынып, кусалана баштады.

Дем алышта аял спорт сарайында чоң концерт коерун

үй башчысынан укту. Эртең менен кетип, кечинде келет экен. Келгенине жыл айланса да, көчөгө ошол үй башчысы менен базарга барганда чыкканы болбосо, кийин бир да ирет сыртка чыккан жок. Бирок, чыкканда кайда барат. Жумушун бүтүп, бир аз эс алуу үчүн бөлмөсүндө олтурганда аны сырттан бир жердеши чакырып жатканын айтышты. Кимиси болду экен деген таризде, анын бул жерде таанышы жоктугун билип турса да, эмнеси болсо да кийимин алмаштырып алууну көздөп, баягы күнү базарда барганда кызмат акысына сатып алган жаңы көйнөгүн кийип, башындагы жоолугун чечип, күзгүгө каранды. Кундуздай капкара чачын, жасап, башын бир силкинте бергенде далысын жаап, төгүлө түшүп, кыздын сулуу жүзүнө жарашып турганын өзү сезип, студент кездеги керемет учурлары эсине түштү. Дайыма эртең менен чачын тарап, артына карай жазып койгондо табиятында тармал чачы сеңселип, өзүнөн өзү кулпуруп чыга келчү. Апасы мына ушул кундуздай чачынап сылап, анын бактылуу болушун тилээр эле. Азыр маңдайында апасы мээримин чачып тургандай бир кубанып алды да, ал жер жазданып, оо Кыргызстанда жатканы кайрадан эсине түшкөндө сулуу жүзү муңайып кетти. Аны сырттан чакырып жатканын дагы эскертишти.

Короодон сыртка чыга берип, эки тарабын элеңдей карады. Сыртта кожоюндун машинасынан башка эч ким, эч нерсе көрүнгөн жок. Айдоочу жигит кыздын жанына басып келди да, машинага чыгышын өтүндү. Эмне үчүн экенин сурайын дегенде, машинасынан түшө калган үй ээсин көрүп, чочуп кетти.

- Мен сени чакырттым. Айтпадым беле, жүр мен сени тамакка чакыргым келди, сүйлөшөбүз, сен Кыргызстаның тууралуу айтып бересиң, а мен... Ал кызга эшикти ачып, олтурууну сунуш кылды. Кыз макул эместигин билдирип, артына кетенчиктей түштү.- Сен чочуба, кайра ушул үйгө келебиз да, мен жаман адам эмесмин, сага жакшылык гана каалаймын,

келгенден бери эч кайда чыккан жок окшойсун, жүр эми. Сени Сеул менен тааныштырайын. - Ал кыздын колунан жетелеп келип, машинанын артына чыгарып, жанына өзү келип олтурду. Алар олтурган унаа бир топ жол жүргөндөн чакан, бирок, көрктүү кафенин жанына келип токтоду. Кожоюн аны фонтанга жакыныраак столго карай алып барып, эң оболу кызга орундук жылдырып, анын отурушун өтүнүп, анын дал маңдайына келип, кичине тегерек көздөрүн күлүңдөтө олтуруп, сүйкүмдүү тиктеди. Ал келишимдүү, бир караганда ар бир аялзатын өзүнө багындырып алчу касиети бар, жылдызы жанган жигит болчу.

- Кайсыл тамагың бар,-деди шыпылдап келе калган официант жигитке. Кыз эч нерсе жебей турганын айтты.- Анда бирден кофе алып кел,-деди кожоюн. Кайра кызга кайрылды: -Сен мага капа болбо, сени ушинтип чакыртуудан башка жол жок болчу. Сен Кыргызстандан Кореяга жумуш иштеп, акча тапканы келгенсиң, мен сенин акча табууңа жардам берем, сага мен башка жумуш сунуш кылам. Бул жерде деле жүргөнүң жакшы, бирок, сен үйдөн чыкпайсын да. Ал жакта кенен, ээн эркин жүрөсүң. Ал жерде менин апам турат, баласы менен. Ал жакшы аял. Мен аларга сага жакшы төлөп берүүлөрүн айтам. Ал жерге Кыргызстандан туристтер да келишет, аларды көрөсүң, сөздөрүн которуп бересиң. – «Кыргызстандан туристтер келишет», деген кожоюндун сөзү ага жагып калып, бул жерде түрмө сыяктуу эч кайда чыкпай жүргөндөн көрө анын сунушун кабыл алуусун макул көрдү. Бирок, анын аялы бул жерден кетүүгө уруксат береби, кеп ошондо болчу.

-Бул жерден кантип кетем?-деди ал. Анын жолун табабыз,-деди кожоюн. Дал ушул мезгилде анын аялы машина менен аянтта концерт койгону баратып, күйөөсү менен өз кызматкерин көрүп койду. Машинасын токтотуп түштү да, фотоаппаратын алып, экөөнүн олтурганын тартып алды. Ошол учурда жигит «сүйлөштүкпү?»,-деди да кыздын столдун үстүндө

турган колунун үстүнө колун коюп, күлүмсүрөп, кызды бир тиктеп алды. Ачууланган аял фотоаппаратын дароо өчүрүп, бул жерде чыр чыгарып, концертинин алдында маанайын чөктүрүүнү каалабагандыктан, кайра машинасына олтурду да, жөнөй берди. Аны экөө тең көрүшкөн жок.

Түн бир оокумдан аял эшиктин коңгуроосун ушунчалык катуу басып, эшик ачылгандан кийин атырылып кирди. Эшик ачкан аял эмне болгонун түшүнө албады. Ошол кезде Ширин анын бөлмөсүн иреттеп жаткан. Сырттагы албууттанган добушту укту. Ага удаа кирип келген аялдын түсүнөн үрөйү учту. Анын сулуу көздөрү өзгөрүп, кудум жалангычай көрүнүп, жеп жиберчүүдөй атырылды. Узун ийнедей болгон тырмактары менен кыздын бетин апчып алды. Кыздын беттери тыз дей түшүп, колу менен сыйпап алып, канап кеткенин көргөн кыз, менин ажалым ушул аялдын колунда экен деп ойлоду. Дароо үй кызматкерлеринин ичинен кимдир бирөөсү, анын кожоюну менен кеткенин айтышкан го деп болжоду. Өзү бөтөн өлкөдө бейтааныш адамдардын арасында жүрүп, ким чакырса да чыкпай койбогонуна өкүнүп кетти. Аял сумкасын ачып, бир нече сүрөттөрдү полго ыргытты. Чачылып кетти, карай берип, кожоюн менен анын түшкөн сүрөттөрүн көрдү. Анын колун бек кысып турган жери да бар экен. «Менин артыман бирөөнү аңдытып койгон экен, чындап эми өлдүм»,- деп ойлоду. Мындан кийинки тагдыры белгилүү болуп калгандай туюлуп, бутунан тартып, чачынын учуна чейин дирилдеди. Аял желкесинен мыкчый кармап, бөлмөдөн чыгарып салды да, кызматкер жигиттерге кыйкырды.

- Сыртка чыгарып жибергиле! –Кызматкер жигит кожоейкенин айтканын дароо аткарууга киришип, дегдеңдетип, ээрчитип жөнөдү. Сырт капкараңгы болчу. Дароо мусапырлык башына келе калган кыздын денеси калчылдап, эмне кылаарын билбеди. Колунан эч нерсе келмек да эмес. Ошентсе да, кайрадан кирип, жанын жеп жиберсе да, андан сабырдуулук-

ту суранып, аялга өзүнүн күнөөсү жок экенин түшүндүрмөккө аракеттенди.Бир кезде дарбаза ачылып, анын жолдо көтөрчү сумкасы сыртты карай ыргытылды. Бирок, ал кайра-кайра ургулаганы менен эшик сыртка кайра ачылган жок. Шаарды билбейт, билсе да кимдин эшигин түн бир оокумда каккылайт. Жалбырактары коюу дарактын арасына далдаланып, эки колун тизесине коюп, бүтүрүшүп олтурду. Бир кезде уйкусу келди, анан курсагы аябай ача баштады. Үстүндөгү көйнөгүнөн башка эч нерсеси жок, кечки суук желге денеси үшүп, калчылдай түштү.Унутуп калганын кара, бир кезде эсине түшүп, ыргылган сумкасынын ичинен жеңил жемпирин алып кийди. Денеси бир аз жылыганы болбосо ачкалыктан, эмелеки келген уйку да качты. Эми эртеңки тагдырын ойлой баштады. Уктай албай олтуруп, таң атырды. Эртең менен кожоюндун машинасы үйдөн чыкты. Бирок, ага жолугуудан да жүрөгү үрктү. Анын үстүнө анын кабагы да салыңкы эле. Аялы түнү менен ага да жаңжал салган го деп болжомолдоп, ан сайын чочуду. Көпкө не кыларын биле албай, башы маң болуп олтурду. Кетүүдөн башка арга жок эле. Кайда баратканы белгисиз, илкий басып жөнөдү. Кийимдерин кагып, чачтарын колу менен тараган болуп, чогултуп, төбөсүнө түйүп алды. Көрбөсө да бетин колу менен сыйпалап, иреттеген болумуш болду. Жарыялар илинген жерлерди издеп, бир жерден тапты. Үй кызматкери керек деген жерлерди да окуду, бирок жүрөгү үшүп калгандыктан, андай жерлерге баргысы келбеди. «Ашканага жумушчу керек»,- дегенди окуду. Дарегин алып, тил билгенинин пайдасы ушул болду, сурамжылап жүрүп, ал ашкананы да тапты. Корей тилинде сүйлөгөндүктөн, анын кыргыз экенин байкашпайт чыгар. Эшикти кагып, кирип барганда, тамактанып олтурган адамдардын жоктугун көрүп, сүйүнө түштү. Ашкана ээсин сурап, жарыя боюнча келгенин айтты. Жумуш бар экенин укканда сүйүнүп кетти. Пол жууйт экен. Ушуга да шүгүр. Кызмат акысы күндөлүк оокатына жетерин

билди. Кайда жашаарын сураган жок ашкананын ээси. Түш ооп калгандыктан, кирип-чыккандар аз болду. Иштен кийин полдорду жууп, терезелер менен кошо сүртүп чыкканда, күн кечтеп кетти. Ишчилер жумушунан кетип, ашкана ээси, орто бойлуу келген, толук аял калды. Кетүүгө камынып баратып, ишин бүтүп, четтеги орундукта бүжүрөп олтурган кызды көрүп таң калды.

-Сен неге кеткен жоксуң?

-Барар жерим жок,-деди кыз үлдүрөй эмнеси болсо да ошол болсун дегендей ачык айтып..

-Тууганың, таанышың жокпу?

-Жок,-деди кыз.-Кыргызстандыкмын деп айтуудан чочуду. Кудай жалгап, аны кайдан келдиң,-деп сурабады?

-Бүгүнчө меникине жүр, а эртең башка үй таап ал,-деди аял. Азырынча бүгүн таң атырууну ойлоду, а эртең дагы бир кеп болоор. – Мобуну көтөрүп ал,-деди ашкананын ээси тамак куюлган чоң термозду анын колуна кармата салып. Оор экен. Экинчи колунда өзүнүн кийимдери салыган сумкасы. Назик кыз, анын үстүнө тое тамак жебеген, иштеп да чарчады, жүктөрүн араң көтөрүп, кыбырап ээрчип алды. Толпоч аял артын карабай, томпоңдоп басып баратты. Көп жүрүшкөн жок.Көп кабаттуу үйдүн экинчи кабатына чыгышып, эшиктин кнопкасын басаары менен ичкериден балдардын чырылдаган үнү угулду. Эшикти ачып киргенде бири беш, экинчиси эки жашардай келген жаш балдар бет келишти. Чырылдашкан ушулар экен. Үн салганда ары жактан тестиээр кыз көрүндү. - Термосто ысык тамак бар, баарыбызга куюп кел,дээри менен ал кыз Шириндин колундагы термозду көтөрүп, ары жакка кирип кетти. Аял башы менен жаңсай, кызды артынан ээрчитти. Коридордун оң тарабындагы бөлмөгө жерге олтура кетти. Анын жанына кыз да олтурду. Кызы ортого чакан столду көтөрүп келип коюп, идиштерге куюлган күрүчтүү тамакты бирден кое баштады. Ага кошо идишке салынган ачуу

салат койду. Өңүнөн карап туруп, кызарган калемпирин көрүп ачуу экенин байкады. Себеби, мурда иштеген үйдө жалаң ачуу салаттарды жешчү, корейлердин ачууну жакшы көрөрүн мурдатан билчү. Алдылдарына келери менен жаш балдар эки кашыкты алып, күрүчтү жей башташты. Шириндин астына да бир тарелкага жайма салынган күрүчтү койду. Аял ага карай башын жаңсап, тарелкадагы нандан бир кесим алып, бир тиштеди. Кыз да алгач нандан алып, анан күрүчтөн оозуна салды. Ал суугa бышырылганы менен ушунчалык даамдуу сезилип, бирин да калтырбай жеп алды. Көрсө курсагы аябай ачкан экен. Тамактанып бүткөндө аябай уйкусу келди. Улам эстеп коюп олтурганын көргөн аял кызына буйрук берип, бөлмөңө алып барып, бирге жаткыла,-деди. Кыз аны ээрчитип кирип, бир төшөктү жерге салды да, бир жамынчыны жанына таштады. Ширин эч нерсеге карабай жастыгы жок, төшөккө жатып, жамынчыны жамынып, дароо уйкуга кетти. Бул күнү түш көрбөй уктаптыр. Эртең менен эрте турган аял, аны да ойготуп, экөө баары уктап жатканда эшикти сыртынан жаап, үйдөн чыгып кетишти. Алар келгенде ашкананын ишчилери келишип, тамакка керектүү жашылчаларды аарчышып жатышкан экен. Аны да жардамга чакырды аял. Полдорду кечинде жууп кеткендиктен таптаза болчу. Саат ондон өткөндө кишилер биринин артынан бири кирип, тамактана башташты. Келген-кеткендерге аралаш эле Ширин да полду жууп жатты. Адамдар көбөйгөндө эми эле жуулган полго из түшүп, кайрадан эле жууга туура келет. Эртең менен келатканда ашкананын башчысы-аял, таза жайга эл көп кире турганын айтып, ошондуктан, зерикпей полду улам жууп туруу керектигин эскерткен. Түш оогондо кыз бүгүн кайда жатаарын ойлогондо кыжалат боло баштады. Ал келген күндөн ага түз көз караш менен караган официант кызга кардарлар азайып калганда өзүнүн абалын түшүндүрдү. Ал агасы менен ижара үйдө тураарын айтып, бүгүн ал досунукуна кетип, келбестигин бил-

дирип, «биздикине жүр»деп, айтты. Бүгүн да баш калкалай турган жай табылганына сүйүнүп кетти. Азырынча эртеңкисин ойлобой турууну эп көрдү. Кечээгидей өз милдетин аткарып бүткөндөн соң, кетүүгө камынып жаткан официант кызга карады. Ал «жүр кеттик»,-деди. Кыз да колуна чакан термос көтөрүп алыптыр. Ал тамак го. Көрсө ашкан тамакты ашкананын ээси үйлөрүнө алып кетүүгө уруксат бериптир. Бүгүн жасалган тамакты эртеси элге бергизбейт экен. Башка бир ашканадан түнөгөн тамакты ичип, адамдар зыян тартышкандан кийин, ал ишчилерине дайыма ошол күнү жаңы жасалган тамакты сатууну буюруптур. Кала берсе, тамакка керектүү болгон азыктарды да ошол күнү таң эртең менен келгенден кийин жасап, баарын жаңы бышыртат экен.

Официант кыздын аты Хана экен. Агасы Чжон Ин менен бирге эки бөлмөлүү чакан болгону менен сыртынан тыпыйып, көрктүү көрүнгөн жер тамда жашашат, ата-энеси айылда турушаарын жолдо келатып айтып берди. Агасы өзүнүн сүрөтканасында иштээрин билдирди. Кечээ күнкүдөй ала келген тамакты ичишти да, экөө бир бөлмөдө жерге салынган төшөктө, ар бири өзүнчө жуурkан жамынып жатып калышты. Анткени, эртең менен эрте турушуп, жумушка жетишип баруу керек. Эртең менен баратып Ханадан ага ижарага үй табууга жардам берүүнү суранды. Ал макулдугун берип, бирок, дем алышка чейин аны менен туруусун агасынан суранарын, дем алышта ага үй издөөгө жардам берерин билдирди. Дем алышка чейин дагы эки күн бар. Кыздын агасы ага убактылуу жашоого уруксат берди. Бирок, алардын үйүнө анын достору көп келгендиктен, бул жерде жашоо болбой турганын билген Ширин ижарага үй табылса, тезинен чыгып кетүү керектигин түшүндү. Ширин ашканада пол жууп иштеп жүрдү. Тапкан акчасы көп деле эмес болчу, ошентсе да үнөмдөп чогултууга аракеттенип жатты. Ага оңой менен ижарага үй табылбады. Курбу кызынын агасы кыздын башка жайга чыгып кетишин

карындашына эскертти.

Жумуштан кийин Ширин өзү баш калкалай турган жай издеп жөнөдү. Рекламаларды кыдырып, ылайыктуу үй таба албады. Эми көчөлөрдү кыдырып издөөгө туура келди. Өз жашоосу үчүн баарына тобокел кылып, кудайдан тиленип, колуна кийимдери салынган сумкасын көтөрүп алып, үймө үй жүрдү.Анын ушул турпатын көргөндор алыска баратабы, же башка жактан келгенби деп ойлошоор эле. Байлар жашаган үйлөрдүн эшигин каккылоого жүрөгү даабады. Жумуштан суранып бир аз эртерээк чыкканы менен убакыт созулуп, күндүн кечтешине саналуу гана убакыт бар. Чарчаганынан басууга да дарамети жетпей калды. Олтуруп эс алууга убактысы жоктугунан баса берди. Бул үйлөрдө кимдер жашаарын билбегендиктен, аларга кайрылып, суроодон айбыкты. Күн кечтеп кетти, курулушу бүтпөй турган үйдүн жанына келип токтоду. Бир саамга карап туруп, ичинен чыккан бирөөнү да көргөн жок. Эки тарабын чочуркай карап, аста басып ичине кирди. Ар кайсыл жерде чачылып жактан жыгачтарды, каптагы цементтерди көрдү. Бир бөлмөгө кирип, столдун үстүндө турган бир нан менен чакмак кантка көзү түштү. Эч ким жок эле, кулагы менен сыртты тыңшады, эч ким көрүнбөйт. Нандан бир сындырып алды да, канттан бирди алып, бир тиштеди, жумшактыгынан оозуна салганда эле ээрип кетти. Нан менен кантты кургак жеп, караңгы бурчка тыгылып олтурду. Караңгылыктан корко баштады. Бираздан кийин көзү караңгылыкка көнүп да калды. Ошентип олтуруп уктап кетти. Түшүндө апасынын бейитине келип, аябай кыйналганын айтып, ыйлап жатыптыр. Бир кезде желкесине бирөөнүн жумшак колу келип тийди, караса артында аяш энеси Айша апа турат. Кызды колунан жетелеп, ээрчитип жөнөдү. «Бул жерге дайыма эле келе бербегин, ыйлай берсең апаң кыйналат»,-деп эскертти. Ага курсагы аябай ачканын айтып ыйлады. Экөө аяш энесиникине келишсе, казанда булоосу чыгып, тамак бы-

шып жатыптыр. Чыныга куюп, кыздын жанына койду. Столдун үстүндөгү аппак нандан сындырып, кашык менен шорподон ууртоого камынып жатканда ойгонуп кетти.Курулай дегенде түшүндө да шорпо иче албаганына өкүнүп, азырынча Кыргызстанга баруу насип этпеди көрүнөт деп түшүн жооруган болду. Өпкөсү көөп, энтигип жатыптыр. Бүрүшүп олтуруп, колу бутары тырышып калыптыр. Жер таяна туруп, эки колу менен бутун эки жакка керип, боюн жазган болду да, сыртка чыкты. Эч ким жок экен. Эшиктин жанындагы түтүктүн бурагычын бурап көрдү эле суу атырылып чыкты, жайлата салып, бети колун жууп, эшиктин алдындагы столго олтуруп, сумкасынан күзгү менен тарагын алып, чачын тарап, мурдагысындай жыйнап алды да, эки бетин алмак-салмак колу менен сыйпалай ойлоно калып, ушундай күндөрдү канча күн өз башынан өткөрөөрүн билбей, анан бул жерден тезирээк кетүүнү ойлоп ордунан атып турду. Кимдир бирөө келсе, ууру деп полицияга кармап бериши күмөн эмес болчу. Ушуну эстегенде этияттап көчөгө чыкты, киши көрүнбөгөндүктөн, өтө эрте экендигине карабастан мурда жолду билип алгандыктан, иштеген ашканага карай шашып жөнөдү. Ал келгенде ишчилер эми гана келишип, ишин башташкан экен. Бир топтон кийин Хана келди, ал келери менен кызды көрө сала, кубанып кетти.

-Үй таптыңыбы? Сени эстеп сарсанаа болдум.

-Тапкан жокмун,-деди кыз.

-Анан кайда түнөдүң?

-Бир жерде деп койду, кайда түнөгөнүн айткысы келбей.

- Бүгүн да издейсинби?

-Тапмайынча издей берем да.

-Бүгүн мен да издешем. Кабатыр болбо табабыз. – Хана кыздын колунан бекем кысып, тилектештигин билгизди. Бирок, жумуш бүтпөй туруп, анны агасы жумуштар менен чакыртып кетип, бүгүн да Ширин жалгыз түнөк таба турган үй

издеп жөнөдү. Тар көчө менен баратып, жүгүн араң көтөрүп, чаалыгып келаткан кемпирди көрүп, өзүнүн ижарага үй издеп жатканын эсинен чыгарып жиберип, эмнегедир жардам бергиси келди.

-Көтөрүшүп алайын,-деди анын эки колундагы баштыгын кармай.

-Рахмат кызым,-деген кемпир кыздын көздөрүнө тигиле: -иштен келаткансың го,-деп койду.Анын колундагы сумкасына бир карап алып, же алыстанбы?.. Ширин билинер-билинбес жылмая башын аста ийкей, анан чарчаса да бүгүн да үйсүз калаарын ойлоп, кемпирдин үйүнө бат жетпешин, жолдорунун узара жүрүп олтурушун тиледи. Жетерин жетип алып, үйүнө кирип кетпесе экен деп тиледи. Чынында көпкө жүрүшкөндөн кийин ортороок үйдүн темир эшигин түртө ичкери бут койду. Артынан келаткан кызды унутуп жибергендей алдыга басып, үйдүн ичине кирди. Кыз да анын артынан бөлмөгө кирип, токтой калып, кемпирге суроо берди.

- Эне мобул сеткаларды кайда коеюн. –Ошондо ал артына бурулуп, кошуна бөлмөнү жаңсады. Анын көрсөткөн бөлмөсү ашканасы экен. Анда бир жаш кыз картошка аарчып олтуруптур. Бейтааныш кызды көрө сала, оордунан козголо калып, бирок колундагы баштыктарды ыкчамдык менен ала койду. Сырттан кемпирдин үнү угулду.

- Тхе Хи… Кызым суу берчи.

- Азыр баратам,-деди кыз столдун үстүндөгү идишти алып, өчүп турган мештеги чайнектеги суудан куйду да, экөө каптала бир эшиктен чыгып, кемпирдин жанына барды.

- Рахмат кызым,-деди ал жанында турган Ширинге кайрылып. – Кыз ага бир күнчө сиздикинде жатып турайын деп айтууга тили барбай турганда короонун эшиги тарсылдап, көп өтпөй чачтары тармал, теңселип баскан жигит ичкери кирди. –Ай кудая ай, дагы массың го. Элдин сендей балдары зыңкыйып эле жүрүшөт. Дагы таң атканча тынчтык жок сыягы. –

Кемпирдин сөзүнөн бул үйдө ага орун жок экенин байкаган кыз аста жылып жөнөрдө, жанына келе калган мас жигит колунан кармай калып, өзүнө карай тарткылады. Коркуп кетип, не кыларын билбей кемпир тарапка ыктай түштү. − Су Ин, бөтөн кызда сенин эмне ишиң бар, колун кое бер,-деди.

- Бөтөн кыз биздикинде эмне кылып жүрөт.- Ал теңселип баратып, кайра түзөлө, эки көзүн алаңдатып, кызды тикирейе карады. Колун бошоткон жок.

- Бар үйгө кирип, эс ал. Бул кыз менин курбумдун кызы, сенин жоругуңду энеси укса уят болот. −Кемпир уулун тыюу үчүн оюна келген калпты айта салды.

- Ошондойбу. −Кыздын колун бошото, түртө салды. −Сенин кайсыл курбуңдун кызы, мага колукту болор бекен, сулуу тура, курбуңа айт апа, кызын мага берсин, уктуңбу.

-Уктум, уктум, деги адам болбойсун го. −Кемпир наалый кетти.

-Мен барайын.- Эптеп чыгып кетүүгө шашылган кыз тездик менен сүйлөдү.

-Барсаң бар,- кемпир ырахматын айтып, кызды узатып, эшикти ичинен илип кайра кетти. Кыз жолун улап, көчө менен жүрүп олтуруп, бир топтон кийин кечээги өзү түнөгөн курулушту издеп жөнөдү. Бир күн жатып, көзү байыр алып калган болчу. Баса берип чарчаганынан, кечээги үйдүн жанына келгенде аргасы кеткен кыз, ишчилердин иштеп жатканын көрүп, алардын кетишин күтүп, сумкасын жанына коюп, дарактын түбүнө жерге олтура калды. Чарчаганынан көзү илине кеткенин сезбей калыптыр. Бир учурда жанында турган кызуу балдарды көрүп, чочуп кетип, ордунан тура калып, качканга умтулганда арасынан бири кармай калды. Арактын жагымсыз жыты бур дей түштү. Көчөдө уйкусурап олтурган кыздын жайын сурашпастан эле, тескери ойлор келе калдыбы, айтор ичимдикке алагүү болгон балдар тийише кетишти да, бирөөсү капыстан кызды түртүп жиберди. Ал артына теңселе

калып, дарактын сынык бутагы чекесине бир тийип, көзүнөн от чагылыша түштү. Жанынын амандагынан түңүлгөн кыз, кыйкырып жиберди. Мас балдар анын үнүн коштоп, ызы-чуу түшүштү. Кыз ан сайын коркуп, башын колу менен жаба, бетин калкалоого аракеттенди. Анын бактысына Жаныш менен Азиз курулуш жүрүп жаткан үйдөн чыга калбаспы. Жаныш колундагы жыгачтын кесиндиси менен балдардын бирин артына урду. Ал артына карай берип, кең булчуңдуу балбан мүнөз кишини көрүп, мастыгы тарай түштү окшойт, шериктерине бурулуп, « качтык», деп качып жөнөдү. Анын артынан башкалары жүгүрүштү. Жаныш аларды бир топ жерге чейин кубалап, кайра кайтып келди.

XX XX XX

Кыздын аянычтуу тагдыры Жаныш менен Азизди кейитип жиберди. Кыргыз кызынын аргасыздан иш издеп, алдамчылардын айынан атасы көрбөгөн Кореяга келип, көргөн кыйынчылыктары боорукер жигиттердин жанын кашайтты. « Бул кыргыздын атка минер, журт башчыларынын жакшылыгы. Ушул кыз сыяктуу кыргыздын чычкандай кыздары жумуш издеп, түшүндө көрбөгөн жерлерде тентип жүрүшү эл бийлегендердин намысынын жоктугу го. Качанга чейин кыргыз жаштары башка өлкөлөрдө тентишет. Неге өз Мекенинде аларга жумуш табылбайт, мына ушунун айынан мындан жыйырма жыл мурда мен да ушул өлкөгө келип баш калкаладым. Бүгүн кетейин дейм, ал жерге барып эмне жумуш жасайм. Мен го мен, балдарым ата-бабасынын киндик кан тамган жерин билишпейт, ушул жерде төрөлүп-өсүштү. Бул жерде эптеп тирилик кылып жүргөндөрдүн, Азиз, мына ушул кыз сыяктуу жаштардын келечек тагдыры эмне болот? Бул эле эмес Кыргыз өлкөсүнүн тагадыры кандай күндөргө туш келет?». Жаныш башын мыкчып, үнсүз олтуруп, мына ушуларды ойлоду. Азиз анын жүзүнөн капалыктын белгисин сезип турду. Неге ал ачууланып жатканын биле албады.

Кыздын абалына, анын боору ачыды. Мекендешин ушундай аянычтуу абалда көрүп олтуруп, анын бешенесине экөөнүн учурап калышына бир чети сүйүндү. Ага башпаанек таап, колдоо көрсөтүүсү парз экендигин туйду. Ушул ой Жанышта да бар болчу. Экөө биригип, бир акылга келишип, ага баш калкалай турган жай таап берүүлөрү тийиш. Азиз бойдок, жашаган үйүнө алып барууга болбойт. Болсо да ээнбаштык кылдың деп, Мила эненин капа болушу мүмкүн. Жаныштын үйдө аялы, балдары бар. Ошентсе да кызды көчөдө калтырып коюу туура эмес, бул мусулман баласына жарашпайт да.

-Биздикине баралы,-деди Жаныш ордунан тура. –Азиз сен да жүр, үчөөбүз барып, жеңеңе түшүндүрөбүз. Балким анын да жардамы тийип калаар.

Азиз муну жөндүү көрдү. Жаныш агасынын табиятында болгон боорукердигине жүрөгү жибиген Азиз, кыз үчөө анын унасына олтурушту. Айлананы караңгылык каптап, бирок Сеулдун көчөлөрүндө жарык күйүп турган. Жакшы адамдарга туш болгонуна Ширин ичинен сүйүнүп баратты. Анын мындан кийинки тагдыры ушул кишилердин колунда болчу.

Сырттан кирген жолдошу менен Азизге, анын жанындагы кызга Кымбат таңдана түшкөнү менен кичи пейилдигинен жазбай, жылуу кабыл алды. Чоң бөлмөгө жерге төшөк салып, дастаркон жайды. Эки кызы да ага жардамдашып жүрүштү. Унчукпай олтуруп тамактанышты. Алар унчугушпаган сайын Шириндин чыдамы кетип, аялы эмне дээр экен? деген суроо жүрөгүн өйүтүп жатты. Жүзү муңайып, көздөрүнөн да ошол муңайымдыктын белгиси сезилип турган кыз Кымбатты кайдыгер калтырбады, улам анын жүзүнө астыртан карап коюп, мекенинен алыс жүргөн бул кыз жаш болсо да башынан көп кыйынчылыктарды өткөргөнүн сезди. Анын жүрөгүндө бир жарасы болсо козгоп албайын, жолдошум айтаар деп, сабыр күттү. Анткени, бир иш болгондо ал өзү айтмайынча батынып суроочу да эмес. Кантсе да, баш кошкондон бери билет Жаныш

чеки иш кылбайт. Сөз арасында Азиздин ишин, жашоосун сурап, «бизди унутуп, келбей койдуң»,-деп жемелегенсиди. Тамак ичилип, дасторкон жыйылып бүткөндө, кыздары менен эки уулу өз бөлмөлөрүнө кетип, анан Жаныш келинчегин жанына олтургузуп Ширин туурасында учкай айтып берди.

- Сен өзү акылдуу жансың Кымбат, бул кыз да сендей бир эненин ай чырактай кызы экен, биз менен мекендеш, өз кызыбызды көрүп туруп, сыртка калтырганыбыз болбос, биздикинде эле жүрсүн, көңүл кенен болсо, баары батат, а сен жумушка орношууга жардам кыл.

-Кызым эмне иш жасайсың?-деди Кымбат Ширинге жумшак кайрылып. Ал Кыргызстанда студент болуп англис, корей тилдерин үйрөнгөнүн, бул жерге келгенде буга чейин үй кызматкери болгонун, ашканада иштегенин өзү учкай айтып берди. Анын эң башкысы анын тил билиши жакты. –Кызым баарынан сенин тил билгениң жакшы. Бүтпөсөң да, билимиң бар экен. Менин кафьем бар, сен ошондо иште, болобу?

Мындайды күтпөгөн кыз кубанганынан көзү жашылданып кетти.

-Эже, ага, сиз… Азимге да кайрылды, баарыңарга ырахмат, чет жерде менин боордошторум бар экенин, аларга кайсыл бир күнү жолугаарымды билбептирмин. Менин жашоом түгөнгөн экен, ушуну менен баары бүтөт турбайбы деп кечээ күнү зээним кейиген эле.

Ширин башка сөз таба албай, мукактанып калды. Кымбат анын чачынан сылагылай, кыздын сар-санаа болуп турганын байкап, соорото үн катты:

-Бул жерге келгенде сен сыяктуу кыйналгандар көп болот. Иштери болсо үй таппай, баш паанек тапса, иш жок болуп, келерин келип алып, же кете албай, жүргөндөрдү көп көрдүк. Баарынан кудайдын көзү түз болсун.

- Ырахмат байбиче. –Жаныш аялына ыраазы болду. Анан кызга кайрылып: -мына кызым, эми баары жакшы бо-

лот. Кыргызстанга кеткенче биздикинде жүрө бер. Балким, кийинчерээк чогуу кетербиз. Кыйынчылыктын арты жакшылык менен кайтат буюрса.

Аялы менен күйөөсүнө Азиз да ыраазы болуп, жетине албай турду. Ушул үйдө төрт кыргыз Кыргызстан туурасында ойлонуп, кайсыл бир күнү өз жерине кетээрин божомолдоп, тууган жерге болгон кусалык, сагыныч алардын ар биринен көзүнөн сезилип жатты.

Бүгүн Ширин өз үйүндөгүдөй жакшы уктады. Түшүндө апасын көрдү. Тээ бийикте ак жоолугун башына салынып, эки колу менен ак батаасын берди. «Кызым жолуң ачылсын, бактылуу бол». Ойгонуп кетти. Кулагына ушул сөз эми эле угулгандай, ордунан ыргып турду. Терезе ачык экен. Мээлүүн жел кирип, парданы желпинтип жатыптыр. Таңдын атышына дагы убакыт бар. Кайра жастыкка башын койгону менен түйшөлүп уктай албады. Көңүлү агарып, жайына келе калгандай болду. «Апамдын да көңүлү жайланып калган окшойт»,-деди кыз ичинен. Ошондон кийин да уктай албады. Ылайыктуу жай табылганына көзү жеткен кыздын кыялы алда кайда учуп, андан кийин да уктаган жок. Турайын дейт, бирок үй ичиндегилердин тынчын албоо үчүн ордунан козголбоду. Сеулдун түнкү чырактары үй ичине шооласын чачып турду. Ордунан туруп барып, терезеден сыртты карады. Шаар көзүнө бир башкача таасир калтырды. Мурда башына түшкөн мүшкүлдөн арыла албай жүрүп, мынчалык сулуулукту байкабаган экен. Ошол сулуулукту эми гана көргөндөй таңданып да, тамшанып да турду. Бир кезде аркы бөлмөлөрдөн кобур-собур үндөр чыгып, биринин артынан бири баскандары билинип, суунун шарылдаганы угулуп турду. «Турушуп, жуунуп жатышкан окшойт, алар менен жарышпай тура турайын»,-деген ойго келгени менен кийинип, кайсыл бөлмөгө алып чыгышын билбей тура турсун деп, жаткан төшөгүн иреттеп, дивандын четине жыйып койду.

Таңкы чайдан кийин баары өз жумуштары менен кетишти. Жаныш менен Азиз курулушуна, кыздары, балдары окуусуна жөнөп, Кымбат Ширинди алып, унаасын өзү айдап, зымыраган бойдон ишканасына карай жол алышты. Шаардан четтебирээк жайгашкан анын эки кабаттуу кафесинин биринчиси ашкана, экинчи кабаты мейманкана экен. Алар келгенде ак халатчан ашпозчулар өз иштери менен алек болуп жатышыптыр. Казандарда булоосу чыгып, тамактар кайнап жатат. Кымбат ишчилери менен жылуу учурашып, Ширинди аларга тааныштырды. Ак жумалынан келген ымандуу кызга жылуу ырай менен карашкан ишчилердин баары бир бирден баштарын ийкей, ошол замат жасап жаткан жумуштарына киришти. Ар бир бөлмөсүндө кардарлар үчүн жакшы шарты бар мейманкананын айрым бир бөлмөлөрү менен тааныштыргандан соң, өзүнүн иш бөлмөсүнө алып кирди да, столдун тармасынан бир нече ачкычтарды алып чыгып, кошуна бөлмөнүн эшигин ачты. Анда катарынан эки компьютер туруптур. Дароо жандырды да, ачылгандан кийин андан Ширин жасай турган иш кагаздарын, маалыматтарды көрсөтүп, бир сыйра карап чыгып, түшүнбөгөн суроолор болсо суроосун айтып, кызды калтырды да өз бөлмөсүнө кирип кетти. Мектепте окугандан тартып, компьютерди жакшы үйрөнүп, интернетте иштөөнү да толук өздөштүргөн Ширин үчүн компьютерде иштөө кыйын эмес болчу. Ишкана тууралуу англис тилинде жазылган бир топ маалыматтар менен таанышып бүтөөр кезде тепилдеген сары кыз кирип, аны кожоюн чакырып жатканын айтты. «Кожоюн» дегени ким экенин аңдай албай баратып, баягы өзү кирген эшикти ачып, кыз ага жол көрсөткөндө «кожоюн» дегени Кымбат экенин баамдады.

- Биз тууралуу маалыматтарды алып жатасыңбы,-деди кирери менен Кымбат биринчи көргөндөгүдөй жылуу жүзүнөн жазбай. – Алгач жакшы түшүнбөй кыйналасың, анын үстүнө тилиң башка, аста-секин үйрөнүп кетесиң. Курсагың ачкан-

дыр, таӊ эртеӊ менен да жакшы тамактанбадыӊ эле, жүр биринчи кабатта түшүп, даам сызып алалы. Кымбат баягы бир топ ачкычтарын алды да, эшигин бекитип, биринчи кабатка карай басты. Тепкич менен анын артынан баратып, келишимдүү турпатына жарашкан костюм-юбкасы куп гана келишип, өрүп туруп, желкесине түйүп алган капкара чачтары ан сайын көрк кошуп турганын көрүп, бул аялдын бактысына сыймыктанды. Зыӊкыйган турпаты менен ашканага аралай өтүп, чакан стол коюлган бөлмөгө киришип, төрт орундуктун экөөсүнө экөө жайгашты. Алар олтурушаары менен жыты мурун өрдөгөн тамак куюлган эки чыны, бир нан менен жашылчалар салынган эки тарелканы патноско көтөрө келген кыз, катары менен столдун үстүнө, тамактарды коюп жатып, «тамагыӊар таттуу болсун»,-деди да, чыга берди. Кафенин ашканасында иштегендер өӊчөй кореялыктар экен. Кымбат алар менен корей тилинде сүйлөшөт. Кызга башын ийкей анан алдына бурула Ширинди сүйкүмдүү карап, «кел эми тамактаналы», деп колуна кашыкты ала берип, кызга мээрими менен жаадырай тигилип бир саамга туруп, тамактан ууртады. Кымбат бет маӊдайындагы жылдыздуу аял менен олтурганына бирде ишенсе, бирде ишенбей Жараткандын жакшылышгына кубана, ууртунан жарашыктуу жылмайып алып, кесилген нандан оозуна ала бергенде күрүчтөй тептегиз аппак тиштери кашкая көрүнүнө түштү. Оймоктой оозу, кырдач мурyну, капкара жайнаган көзү, апапак назик жүзү албырып олтурган кыздын ушул турушуна суктана Кымбат өзүнүн жаштыгын эстеди. Ал да мына ушундай жапжаш кезде корей жергесине жумуштап келген болчу, ушул кыздын тагдырын өзүнүн ошондогу тагдырына окшоштурду. Жаӊыдан таанышкан эжесинин кафесинде Ширин Сеулга келгенден бери биринчи жолу эркин олтуруп оокаттанды.

Тамактанышкандан соӊ,Ширин иш бөлмөсүнө кирип, жумушчу орундугуна олтуруп жатып, жатууга үй, иштөөгө

жумуш табылганына ишене албай турду. Дале болсо мунун баары түш сыяктуу сезилип жатты. « Чын эле кечээги эле тарткан азабым, көчө кыдырып, тентиреп иш издеген азаптуу күндөрүм кайда. Али да кубанууга эртерээк болуп жүрбөсүн. Иштейин, жан отум менен үйрөнүүгө умтулайын. Мага жардам берип, сүйөп-таяр жакыным болбогондон соң, керт башымдын кызыкчылыгы үчүн өзүм кам көрүшүм керек го. Кеч болсо да жакшы адамдарга туш болдум. Иштеп, мээнеттенгенден башка жумушум болбогон соң, үйгө барганда карай турган балдарым жок болсо, ишимден башка кандай зарылчылык бар. Тезирээк каражат таап, Кыргызстанга кетүүнүн аракетин көрүшүм керек. Ал жакка барганда баары бир окуумду улантышым зарыл. Болбосо өмүрүмдүн акырына чейин чет жерде, ашканада иштеп өтөмбү?!»

Бара-бара азаптуу күндөр унутулуп, кубанычтуу ирмемдер менен алмаша баштады. Канчалык баш катырып иштесе да, кечинде эч кандай чарчоо сезбегендей жүзү жайдарыланып, иш бөлмөсүнүн эшигин бекитет да, аны күтүп турган Кымбат эжесинин артынан анын унаасына олтуруп, үйгө чогуу кайтышат. Бирок, жашаган жеринде ага бирөөсү да катуу айтпаганы менен өзүн ашыкча сезип, көпкө чейин ыңгайсыздыктан кутула албай жатты. Ошогобу, айтор бош олтурбайт. Кыздарга жардамдашып, эпилдеп дасторкон даярдашып, башка жумуштарга да кол кабыш кылыша кеткен Ширинdин жүрүш-турушу бул үй-бүлөгө жакты. Кыймыл-аракети жеңил, баскан турганы жөндүү, сүйлөгөн сөзү орундуу кыздын жүрүш-турушун көз сынынан өткөргөн Жаныш аны Азизге ылайык тапты.

Түшкү тамактан кийин, ишчилер эс алганы кетип, ага- иниdей болуп калган Жаныш менен Азиз экөө калды.

-Азиз Шириндин көп жакшы жактарын байкадым. Кымбат да анын ак көңүл, мээнеткеч кыз экендигин айтып калат. Эгерде туз-насип буюрса ушул кыз сага жакшы жар болчуудай,-

деди Жаныш ыгы келгенде. Жигит жооп берүүнүн ордуна күлүп гана койду. − Сен күлбө жигит, жашың отуздан ашып баратат. Бу дүйнөдөн кыздын жытын искебей башың бош бойдон өтөсүңбү?

Ушул тапта көз алдына Мэ Ринин жароокерленген жалжылдаган көз карашы тартылды. Бир гана өкүнгөнү анын улуту башка экендиги. Ушунча жүрүп, кыргызда кыз куруп кеткенсип, башка улуттагы кызга үйлөнүүнү туура көрбөсө да, эмнегедир бул кыз ойлосо оюнан кетпей турган.

-Неге ойлонуп калдың, сөзүмдү макул көрдүң сыягы.

- Сиз айткандай эмес, Жаныш ага. Күнөөсүз жабыр тарткан кызга боорум ооруп жатат. Эгерде биз болбосок ошондо бул байкуш кыздын тагдыры не болмок. Анын бешенесине биз жолугуп...−Азиз Жаныштын суроосуна жооп берүүнүн ордуна өзүнүн оюндагысын айтты..

-Бирок, Ширин туурасында сен ойлогондой кыз эмес, аны өзү да биринчи жолуккан кезде учкай айткан го,-деди Жаныш жигитке туурасын билдирип,. -Анын тагдыры аянычтуу экен, аны мен Кымбаттан укпадымбы. Анын ыйлап жатып айткан сөздөрүнөн кийин Кымбат бул кызды аяп калды. «Айчырактай кыздын тагдырын угуп, боорум ооруду, ага кошулуп ыйладым да, бирөөгө кор болчу кыз эмес экен. Кыргыз эли мына ушундай кыздарын коргоп, колдоп алчу болсо, өлкөгө керегитиер кыздын азаматы болмок. Жашоонун айынан менин колумда идиш жууп, пол тазалап иштөөгө да кайыл. Мен ага ушул ишти ыраа көрбөдүм. Анын назик колдору эртең эле кагырап, назиктиги жоголбойбу. Сууга колун сала берсе, ден соолугунан ажырап, оорукчан болуп калбайбы. Ал эртең эне болот, оорукчан энеден оорукчан бала төрөлбөйбү, кандай эркекке туш келет, жакшы болсо бактысы, жаман болсо «сен оорукчансын» деп дагы кордобойбу, туура көрсөң ушул кызга биз ата-эне бололу, асырап алалы, өз кыздарыбыздын катарында маңдайынан сылайлы.Кудай бизге дагы жакшылыгын

берээр, сообуна калаарбыз»,-деди жеңең мага көзүнөн жашын тыя албай. Келинчегимден мына ушундай сөздү угуп эркек башым менен мен да буулуктум. Сөзүн ырас көрдүм. Бул сунушубузду Ширинге айтканыбызда буркурап ыйлап жиберсе болобу, соорото албай шайыбыз кетти, апасынан ажырагандан кийин бирөөдөн жакшы сөз укпаган кыз байкуш кубанычтан ыйлаптыр. Кымбаттын мойнунан кучактап, көкүрөгүнө башын коюп, аябай шолоктоп, жашын төктү. « Мейли сиздер мага ата-эне болуңуздар, мен кыз болоюн, мен ыраазы, жүзүңөрдү жер каратпай, сыймыктуу кызыңар болоюн»,-деди. Бизден муну күтпөгөнгөбү, аябай кубанып алды байкуш кыз. Мына Азиз биз эки уул, эки кызыбызга кошуп, дагы кыздуу болдук.

Жаныш аялы жаңы төрөгөндөй бапырандап кубанып алганын көрүп, Азиз айран таң. Чынында мындай экенин, ушундай болоорун оюна да албаган. Неси болсо да бул үй-бүлөнүн жакшылыгын туура көрүп, кубаттады.

-Ырас кылыпсыздар Жаныш ага, бечераны колдосоңуздар, сиздерди кудай колдойт, ырасын айтканда сооп иш болуптур. Айтам да, кандай ата-эне ушундай ай чырайлуу кызын дити барып, алыска иштегени жөнөтөт деп, аргасыздан келген тура, болгондо да алданыптыр да. – Балалыгында жүрөгү кыргыз деп согуп, алыста да кыргыздын ар-намысын бийик тутуп жүргөн Азиз буга аябай кубанды.

- Ушул жекшембиде Ширинге арнап атайын дастаркон жайып, бул кубанычты белгилеп коелу дедик. Азиз сен да баргын.

-Жаныш ага бармакмын, кантип сиздердин кубанычты тең бөлүшпөйүн, мага да бир тууган болуп калдыңыз го. Бирок, Мила энеге жекшембиде барам деп убада берип койгон элем. Негедир ушул кемпир мага мээримин чачып турат. Ага барбасам болбойт го, туурабы Жаныш ага.

-Аның да туура,-деп койду тек гана Жаныш жигиттин сөзүн колдогонун, же таарынганын билгизбей.- Кел туралы,

жумуш көп. −Экөө тең өз ичтеринен өзүнчө ойго чөмүлүшүп, ишчилер иштеп жаткан үйдүн үчүнчү кабатына тепкич менен чыгып жөнөштү.

Жекшемби күнү таң эртең менен өзүнүн унаасына олтуруп алып, Азиз Мила эненикине жөнөдү. Сырттагы столдун четинде олтурган мүнөзү жумшак кемпир адатынча жылуу ырай менен тосуп алып, кебездей жумшак колу менен маңдайынан сылап, анан ошол колун өз ээринине тийгизип койду. Уулу Юн Со менен келини саалган сүттү фильягага куюп жатышыптыр. Мүнөзү оор фермер учурашканын билгизип башын ийкей күлүмсүрөдү. Мила энеден кийин алардын жанына барып, кол берип саламдашып, кайра кемпирдин жанына келди. Аңгыча ичкериден уйкулуу көзүн колу менен ушалап, керилип-чоюлуп Мэ Ри чыга келди. Жигиттин жүрөгү «дирт » этип алды.

- Келдиңизби, көптөн бери келе элек элеңиз,-деди кыз күлүмсүрөп, күлкүсү да татына. Аппак сүлгүсүн желкесине арта салып, үйдүн артындагы арыктагы сууга жуунганы кетти окшойт, өзүнчө кыңылдап, үн чыгара ырдаганы угулуп турду. Бир аздан кийин бетиндеги суунун тамчыларын эки алаканы менен ургулай келатканын көргөн чоң энеси : -сүлгү көтөргөнүң эмнең, аарчынбайсыңбы?-деди. Аны күлө карап небереси: -энекебай, бетти аарчыбаш керек, сүлгү менен жышый берсең, бетке бырыш түшөт, а мен картайгым келбейт энекебай.

Азиз кыздын сөзүнө күлө, бир чети жактыра карап, чоң энеси менен небересинин сөзүнө кошулбай сүт кошулган чайдан ууртап коюп олтурду. Небересинин сөзүнө Мила эне күлкү аралаш сүйлөп таң калганын билгизди:

-Ой боой азыркы жаштардын билбегени жок, ошол чын болсо мейли. Кел олтур чайыңды ич да, жумушуңа жөнө. А биз Азиз экөөбүз бир аз эрмектешип олтурабыз.

-Жоок чоң эне, бүгүн бул жигитке менин ага берген убадам боюнча жумушумду көрсөтсөмбү деп турам,-деди Мэ

Ри орундукка келип олтураары менен жигитке сүйкүмдүү карап. Бул сунуш Азизге жага түштү. Бул жерде Мила эне менен калганга караганда Мэ Ри менен барганы оң, бир чети көңүлдүү да болот. Ошондон ары үйүндө кала берет. − Сиз кандай дейсиз? −Кыз ага суроолуу карады.

-Эң сонун болмок, силердин тележурналисттердин иши менен таанышуу мага абдан кызыктуу.

-Анда сүйлөштүк. −Кыз кубана алаканын шак эттире коюп, Мила эне куюп берген стакандагы сүттөн тамшана ууртады да, апасы бышырган ысык булочкадан аста тиштеди. Анын ушул турушу да жигитке жагымдуу таасир калтырды. Ичинен анын улуту башка болсо да көнө баштап, жактырып калганына таң калды. Буга бул жерден бир да кыргыздын бой жетип, сүйкайган кызын жолуктурбаганы да себеп болгон чыгар. Болбос мынчалык ага берилип калмак эместир эле. Кантсе да, бүгүн Мэ Ринин ишине бармак болду.

Мила эне менен жылуу коштошуп, кыз-жигит шаарга карай жөнөштү. Бул ирет Мэ Ри өзүнүн унаасын калтырып, Азиздикине олтурду. Кенен жашыл жайыктын ортосунан салынган зымыраган асфальт жолдо куш сыяктуу кайкып учуп бараткандай сезди жигит өзүн. Терезеден кирген сыдырым жел кыздын кыска чачтарын сеңселтип, улам ал тарапка эңкейе калып сүйлөгөн сайын жигиттин бетине тийип, бир башкача сезимдерге туш болгон жигит көңүлдүү эле. Бирок, кыз менен өз тагдырын байланыштыра элек. А балким, бул жылуу мамиле жигиттин кызга болгон достук сүйүүсү чыгар.

Телевидениенин имараты өтө бийик салынган, көркөмдүү жай экен. Кире бериштеги тосмодо олтурган күзөт кызматына «бул жигит мага баратат»,-дегендей таризде башын жаңсап, Азиздин желкесине колун коюп, аны алдына өткөрө артынан өзү кирип, экинчи кабатка көтөрүлүштү. Мэ Ри кыр катар коюлган компьютерлерде иштеп, дагы башкалары ары-бери чапкылап жүргөн кенен бөлмөлөрдү аралай өтүп, туштагы

өзүнчө бөлмөгө кирип, сумкасын орундукка арта салып, кресслого чалкалай олтурду да, анан кайра столду өбөктөй жаагын таяна маңдайында туруп турган жигитке күлмүң эте, колу менен «олтуруңуз»,-дегендей белги берди. Жигит бөлмөнүн бир тарабындагы жанына чакан столчо коюлган диванга олтура, кызга үнсүз тигилди. Көп өтпөй, тыкылдаган жаш кыз, патпоско эки стаканга кофе көтөрүп, сылыктык менен конок дедиби эң оболу Азизге, анан Мэ Риге узатып, сыпайыгерчилик менен күлүмсүрөп, бир аз ийиле калып, чыгып кетти.

- А сенин бул жерде кызматың жогору го.

-Анчейин деле эмес. Болгону маалыматтар бөлүмүнүн башкы редакторумун,-деди кыз. Кофеден бир ууртап коюп, дароо жандырган компьютеринин мышкасын ары-бери жылдырып, андагы жазууларга көз жүгүртүп жатып.

-Журналисттердин ишин билбеймин го, бирок, жумушуңар жеңил эместигин билем. Кайсыл кандай окуя болсо, анын опурталдуу экендигине карабай жөнөйт экенсиңер.- Азиздин сөзүн туура дегендей башын ийкегиледи да Мэ Ри ишин токтотуп, ордунан туруп баратып, жигитке кайрылды.

-Жүр мен телевиденинен ички турмушу менен тааныштырайын.- Жигит ага катарлаш басты. Ар бир бөлмөгө баш багышып, ичкери киришип, Мэ Ри кызматкерлерге күлө баш ийкей Азизди өздөрүнүн кызматы, шарты менен тааныштырып чыкты. Кыргызстандын телевидениесинин ичине кирип көрбөгөнү менен ал жердеги шартты билбейт болчу, бирок, бул жердеги алардын иштөөсүнө эң мыкты шарттар бар экенин сезди. Акыркы үлгүдөгү видеожабдыктар, эмеректер, видеокамералар, дегиси укмуш?- экен деп койду ичинен. Мэ Ри кызматтык унаалардан тышкары ар бир кызматкердин өзүнүн автоунаасы бар экендигин, журналисттер менен операторлор жөө-жалаң, көчөдөгү унаага түшүп, тасма тартууга барбай турганын айтты. Бир кезде жанына келген жаш кыз аста сүйлөп, аны шефи чакырып жатканын билдирди.

-Сен жумушуңду жасай бер,  мага алаксыба,мен кетейин,- деди жигит кызга колун узата.

-Мен узатып коем.- Кыз биринчи кабатка чейин кошо келип, кайра артына кетти. Жигит таттуу сезимдердин кучагынан чыга албай, тамак-аш алганы базарга баруу туура келсе да, өзүнчө баш тартып, үйүнө келип, телевизор көргөнчө эс алууну  каалады. Мэ Ринин жароокер көз карашы элесинен кетпей, ой тизгини аны айланчыктап туруп алды. Буга өзү да айран таң.

Эртеси жумушка келгенде  Ширинге арнап сый тамак уюштурууну кийинки дем алыш күнкүгө калтырганын айткан Жаныш муну Азиз үчүн жасаганын билгизди. -Кымбат жеңеңдин айтымында сенин болушуң дурус экен. Анын үстүнө алардын кафесине чет элдик коноктор келишип, даярданганы өздөрүнүн да убактысы болбоду окшойт,-деди.

Ошондо өкүнүчтүү кокустук болбогондо Азиз алардыкына бармак. Анткени, имараттын төртүнчү кабатында иштеп жатышкан. Бири-бирине  кыналыштырып,  эки темирди бириктирип ширетип жаткан кезде буту тайып кетип, колунан аспабы түшүп, өзү жерди көздөй кулап баратты. « Эми өлдүм», деди. Кудай колдоп, үйдүн шыбагы үчүн  жаңыдан  алып келинген кумдун үстүнө түшүптүр. Анын «апаа»,-деген үнүн угуп, дароо карай салган Жаныш жанында турган Азиздин караанын таппай калды. Эңкейе калып, жерде оодарылып жаткан жигитти көрүп, коркуп кетип, тездик менен  тепкич менен жүгүрүп түштү.  Заматта болгон кокустукка үрөйү учуп, өң-алакеттен кеткен Жаныш жанына келгенде ишчилер жигитти  көтөрүп, сырттагы керебетке жаткырып жатышыптыр. Жаны ооруганынан бешенесин тырыштырып алган жигит жардана карап турушкандарды карап, башын өйдө көтөрө бергенде Жаныш  көкүрөгүнөн кармап кайра жаткырып койду. Анан  ооруканага жеткирүү керектигин эстеп,  ишчилерге карап, жигитти унаага салууга буюрду. Бутун жерге кое алба-

гандыктан, төртөө төрт тарабынан көтөрө жайгаштырышып, унаанын рулуна Жаныш олтуруп, өзү ооруканага жеткирди. Кулаганда кайрыла түшүп, оң бутун чыгарып алыптыр. Бул жерде дарыгерлер өз иштерине жоопкерчилик менен мамиле кылганын көрдү Азиз. Өтө тездик менен көңүл бурушуп, дароо рентгенге түшүрүп, толук тактап алгандан кийин чыккан бутун ордуна келтиришип, гипске салып, бутун асып, жаткырып коюшту. Ушул мүнөттөрдө кол тийсе, тийбесе да бутунун ооруганын айтпаңыз, жаны көзүнө көрүнүп бараткандай болду, жигит үчүн уялганынан чыдоого туура келди.

-Азизизим сенин бешенеңе төгүлгөн кум болду да, болбосо ажырап гана калмакпыз. Этият болсоң болмок. Жараткандын көзү түз экен. Кудай сактады. Жерде жатканыңды көргөндө оюма жамандык келе калбаспы,-деди Жаныш башын ары-бери чайкай.

-Эч нерсе эмес, сиз айткандай кудай сактады. Эми кабатыр болуштун кереги жок,-деди жигит кабагын чытый туруп, анан жүзүн билинер-билинбес күлкү чайдырып.

-Сени үйлөндүрүп, Кыргызстанга жөнөтөйүн, өз жериңде жүргөнүң оң болуп турат. Каражатың бар, там салып, келинчегиң менен тиричилигииңди улап кетесиң.

-Кимге үйлөндүргөнү жатасыз, Кореяда мага ылайык кыргыз кызы бар бекен. Жашым отуздан ашып калды, эми кайдагы кыз.

-Жакшы жигитке, жакшы кыз табылат. Аны мен сага айтпадымбы, же унутуп калдыңбы? Мен сага бир тууган болуп калганмын, эч убакта агасы инисине жамандык каалабайт.

- А балким сиздин айтканыңыз туурадыр. – Чалкасынан жаткан калыбында сүйлөгөн жигит көзү менен бутун көрсөтө күлүп жиберди.- Бутумдун кебетеси бул болсо, сиз үйлөнүүнү айтасыз да, чолокко кайсыл кыз тийгени турат дейсиз.

-Бул бут эч нерсе эмес, ал айыгат. Анан сени үйлөндүрөм.– Жаныш ичтеги оюн айтып, жигиттин жанында бир аз турган-

дан кийин, тамак-аш алып келип берип, анысын ак халатчан кызга дайындап, жумушуна кетти.

Ооруканадагы күндөрдүн өтүшү кыйын болду. Шыпты тиктеп жаткандан башка жумушу жок. Күндө көргөнү аны караган дарыгерлер, тиктегени аппак шып, анан бет маңдайындагы терезенин ары жагындагы көкмөк асман. Бала кезде уй бакканы чыкканда көк чөпкө жатып алып, көк асманды тиктеп жатаар эле. Уйу жоош болгондуктан, чөптүү жерге келсе, ордунан көпкө жылбай оттой берчү. Азиз болсо, чөптүн сабагын тиши менен тиштеп, көздөрүн жүлжүйтө асманды тиктеп коюп, китеп окуп жатчу. Күн кечтегенде уюу чөпкө тоюп, өзү курсагы аябай ачканда үйүнө кайтаар эле. Жегени бир сындырым нан, муздак чай. Агасы жумуштан келгенде кечинде ысык тамак ичпесе, ага чейин жеңеси ага тамак бербейт. Бир жумушка жөнөтөрдө «курсагың ачса муздак чай менен нан жеп ал» деп коет. Анын балалыгы мектептен кийин мал карап, отун жарып, суу ташуу менен өттү. Бешенесине агасы бар болчу, андан башка эч ким бешенесинен сылап, жакшы сөз айтпаган. «Азизим, менин келечегим, ата-энемден калган белегим»,-деп эркелетээр эле агасы кечинде жумуштан чарчап-чаалыгып келгенде. Өз балдарынан мурда ага жасаган жылуу мамилесине жеңеси ичи тарый түшчү. «Эң оболу кичине балдарыңды карасаң боло»,-дечү булкуна дастаркон салып жатып. Тамакты да жөн бербей дастарконго ургулап коер эле. Табиятында жоош агасы тек гана « берчү болсоң жөн берчи»,-деп койчу. Ооруканада жатып, ошол кездерди эстеп, агасын ойлоду. « Сени аябай сагындым ага, баары бир күнү сага барам, ал жерден башкача келиштире заңгыраган үй куруп, жаныңда жүрүп, жашоо кечирем, аз калды чыдап тур ага, сен да мени сагынсаң керек»,-деди ичинен. Агасы аркылуу тууган жерин, топурак минип ойногон балалыгы өткөн айылын, курбалдаштарын сагынды. Досу Сеитти көргүсү келди.

Аста баскан буттун добушунан ойгонуп кеткен Азиз көзүн ачып, бет алдында турган айжамалдуу кызды көрдү. Түшүмбү дегендей көзүн жумуп, кайра ачты. Кыз моймолжуп карап туруптур. Гүлсүз кездемеден тигилген сирень түс көйнөк кийип алыптыр. Бир өрүм кылып өрүп, алдына таштап алган чачы тизесине жетейин деп турат. Көтөргөн баштыгындагы идишке салынган тамакты жигиттин баш жагында турган кичине столдун үстүнө бирден кое баштады. Ого эле көп жашылча-жемиштерди да ала келиптир.

-Айыгайын дедиңизби?-деди өтө назик добуш менен. Үнү кубулжуп жагымдуу коңгуроодой угулду. Сеулга келип, ага көңүл бурган кыргыз кызынын добушун уга элек болчу.-Тамакты коюп бүткөндөн кийин жигитке астырттан карап:-атайын сизге өзүм жасап келдим,-деди дагы жумшак сүйлөп.

-Ширинсиң го.

-Ооба,-деди кыз.- Эмнеге дароо эле таанныбай калдыңызбы, Жаныш ага экөөңүздөр мени кокустуктан сактап калдыңыздар, ошондон бери сизге ыраазычылыгымды айта албай жүргөм.

-Ал ар бир жигиттин милдети. Чын эле сени таанныбай... -Жигит уялып кетти. –Кыз боюн түзөй кирпиктери төгүлгөн көздөрүн ирмеп алды. Алгач көргөндө ага анчейин көңүл бурбаган экен. Кыздын турпатынан, өңүнөн көктө жанган жылдызды көргөндөй болду. Сулуу кыздын жанында керилип жатканына ыңгайсыздана башын өйдө көтөрө калып, асылып турган бутун көрүп, кайра жата кетти. Алгач келгенде уктап жатып көргөн түшү эсине келди капысынан, ошол кыздын айжамалы да Ширинге окшош болчу. Башын көтөрө берди.

-Козголбоңуз, бутуңузга зыян болуп жүрбөсүн. Сиздин төртүнчү кабаттан кулап түштү деген сөздү укканда чочуп кеттим. «Соо болсо экен»,-деп кудайга жалындым. Анан кийин аман экениңизди укканда сүйүндүм. –Кыз көздөрүн жалжылдата тартынбай ачык сүйлөдү. Анын бае жүзүнөн ичтеги

чын сырын айтып жатканын билди жигит. − Келиңиз сизди тамактандырып коеюн. −Ширин столдун үстүндө аппак сүлгү менен жабылган чынины алып, тамактан куйду да, колуна кашыкты алып, жигитти карады. Кыздын шагын сындыргысы келбеген жигит эки колу менен керебеттин четин таяна, башы көтөрдү. Ошол кезде кыз чынины ордуна кое сала, тездик менен артындагы жастыкты бийиктетип көтөрүп койду да, колуна кайра чынины алып, кашык менен жигиттин оозуна жакындата берди. Буга уялып кеткен жигит « өзүмө бериңиз»,-деди чыныга колун узата берип.

- Мен тамак ичкенче, сиз жашылчалардан алып жеп туруңуз,-деди жигит тамактан кашык менен ууртап.- Аябай даамдуу даярдапсыз го.

-Сизге жакса болгону,- деди кыз кыпкызыл алманын жарымын бычак менен кесип четинен тиштеди. «Алма жеши да бир башкача ». Кыздын күлгөндө эки уурту чуңкурая түшүп, жарашып турду. Уурдана тиктеп алып, ичинен ага кызыга түштү. Ошентсе да тиктей берүүдөн ыңгайсызданды. Анткени, өз элинен алыста жүрүп, көп кыйынчылыкты башынан өткөрүп, кечээ эле ал мүшкүлдөн кутулган тагдыры аянычтуу кыздын көңүлүн оорутуп алуудан сактанды. Тамакка көп табити тартпады. Кыздын көңүлү үчүн жарымын араң ичип, чынины кызга узатты.

-Эмнеге баарын ичкен жоксуз, сиз калп эле менин көңүлүмдү оорубасын деп айткан турбайсызбы, даамдуу эмес бекен. Кымбат эже «жеңилирээк шорпо жасап ал», дегенинен ичине болгон жашылчалардын баарын салып, аябай кайнатып бышырдым эле. Анда эртең эмне жасап келейин, айтыңыз, өз карындашыңыздай эле тартынбай айта бериңиз. Ооруканага жаткан адам жакшы тамак ичпесе, дарынын пайдасы болбой калбайбы.

Ичинде кири жок боорукер кыздын мамилеси жигиттин ичин жылытты. Ал сүйлөгөн сайын эмнегедир ушул кызды

аяй берди. Аяй берген сайын анын көздөрүнүн эң тереңинен кусалыктын издерин көрдү. Ошол кусалык өзүнүн жан-дүйнөсүн да кээ-кээде эзгилеп жиберчү.

-Карындашым мен сага ыраазымын. Сен убара болбо, бул жерде деле тамак беришет. – Анын пейилине ичи элжиреп, бир тууганындай сезип, кыздын колунан алып, эки колунун ортосуна коюп, ыраазычылык айткан жигит анын алаканынан жылуулукту сезди. Уялып кеткен Ширин колун аста тартып алды.

- Жаныш ага менен Кымбат эже жумуштарынан бошобой, анан мени атайын ишимден калтырып, сиз ооруканадан чыкканча тамак жеткирүүмдү айтышкан. Бул мага деле жакшы. Сиз кыжалат болбоң, мен эртең дагы келем. –Ширин ашыкча идиштерди сумкасына салып, калган тамактын бетин кайрадан сүлгү менен жаап, артына кетенчиктей, моймолжуган көздөрүн бир ирмеп алды да жөнөй берди. Ал чыгары менен сырттан шаша Мэ Ри кирди.

- Бул кыз ким?-деди ал кирери менен жигиттин ден соолугун сурооонун алдында оозунан бирөө сөзүн жула кача тургансып кызгана түшкөнүн сездирип койду. Анысын билмексен болгон жигит суроосуна жооп берди.

-Жаныш аганын кызы, мага тамак жеткирип келиптир.

-Анда дурус. Ооруканада жатып, кайсыл сулуу кызды таап алган дебедимби. Төртүнчү кабаттан кулаганыңды укканда кейип кеттим. Бирок, соо экениңди укканда сүйүндүм, жумушумдан бошой албай, убакыт таап араң келдим. Ошончо бийиктен кулаган жигиттин жаны бек экен. Көп жашайт экенсиң.

- Убара болбосоң деле болмок. Эшик кечке ачылып-жабылып тынчыбайт, бирге иштегендерим да келип жатышат, Мекенимден алыс жүрсөм да ачка калган жокмун, досторум көп экен.

- Бул жакшы, бирок, мендей достор келип турса да абдан

жакшы болот. Мен сьемкага баратып кире калдым, анан келем.- Мэ Ри колундагы баштыкты столдун четине койду да тегерек көздөрү менен жигитти бир саамга сүйкүмдүү тиктеп туруп, назик колу менен бешенесине колун кое, дароо тартып алып, жакшы, ысытмаң жок, айыгып кетишиңе тилектешмин,- деди да, жароокерлене күлмүң этип, сумкасын желкесине илип, колун бир аз жогору көтөрө булгалай коюп, чыгып кетти.

Мэ Ри кеткенден кийин Азиз эки кызды бири-бирине салыштырып, экөөндө тең кызга таандык назиктикти, сулуулукту сезди. Ошентсе да, ата-энеси маңдайында, өзү сүйгөн кесиби бар, өз жеринде жашап жаткан Мэ Риде бактылуулук болсо, ата-энесиз калганы аз келгенсип, өз жеринен алыс, өз өмүрүнө кооптонуу менен жашоо кечирген Шириндин көздөрүнөн муңайымды, добушунан өксүк менен кусалыкты байкады. Анын жан-дүйнөсүндө ушул кызга болгон аео, урматтоо сезилип, тили, дили, тагдыры окшоштугунан Мэ Риге караганда жигитке жакын туюлду. Ушул кыз аркылуу андагы кыргыз жигитине таандык намыс дагы ойгонуп, бөтөн жерде жүргөн ушул асылзатты коргоп да, колдоп да алгысы келди сезиминде. Ушул кыял жадына келе калганда ал эмне дейт, тагдырлаш бололу десем, сунушума макул болор бекен деген кыжалаттуу ойлор да сезиминде бийлеп жиберди.

Ооруканада он күн жаткандан кийин Жаныш жигитти эркине койбой өз үйүнө алып кетти. Бутундагы гипсти алууга али убакыт бар болчу.

Жекшемби күнү баары үйдө болушту. Жаныш анын келинчеги, Ширин да жумушка барышкан жок. Балдары да үйдө. Эртең менен эрте базарга барып келген Кымбат Ширин экөө салат жасап, ширидиктерди бышырып, эки-үч түрдөп тамак даярдап, түшкө дастаркон бетин жайнатып салышты. Ага чейин Жаныш менен Азиз шахмат ойноп, эрмектешти. Гипстин оордугунан бутун бирде керебетке койсо, бирде түшүрүп

коюп олтурган Азиз батыраак албаса, жүрөгү кысылып, убакыт өтпөөчүдөй болду.

-Эми тамактаналы,-деди Кымбат жолдошу менен жигитке кайрылып. Жаныш жигитти этияттык менен керебеттен түшүрүп, стол четиндеги орундукка олтурууга жардамдашты.

- Бул дастаркон биздин кызыбыз Ширин менен бизге бир тууган болуп калган Азизге арналып жасалып олтурат. Ар кандай себептер болуп ушул күн буюрган экен, мына минтип, бир үй-бүлөдөй насибибиз бир болуп, биздин кубаныч ушул күнгө туш келди. Кымбат жана биздин балдарыбыз бир бирибизге боордош болгон Азизди бир тууган, Ширинди өз кызыбыз катарында кабыл алууну чечтик. –Жаныш толкунданганынан ушул сөздү араң айтты.

- Ооба, агаңар туура айтат. Биз Жаныш экөөбүз силерден мурдараак келиптирбиз. Баары бешенеден экен, ишибиз жүрүшүп, үйлүү-жайлуу болдук. Уул-кыздарыбыздын киндик каны Сеулда тамды. Бирок, алардын канында кыргыздын каны бар. Ушул күнгө чейин Жанышта да, менде да өз жерибизге болгон сагыныч турат. Тарбиябызданбы, бул жерден жакшы досторду табышса да, биздин балдарыбызда да Кыргызстанга болгон эңсөө бар. Буюрса баары бир күнү өз Мекенибизге кетебиз. Бул утурумдук жашоодо бирге бололу. Силер кийин эле келдиңер, менин бактыма Жаныш агаңар туш болду. Ал аркылуу мен силердей кызды жана тууганды таптым. Бул тагдыр. Мен буга кубанычтамын. –Жолдошунан кийин өз оюн айтууга аракет жасаган Кымбат көөдөндөгүсүн түшүндүрүүгө аракеттенди.

Бул үй-бүлөнүн мамилесине жетине албай Азиз жакшы бир сөз айтайын деп барып, ошол айтайын деген жакшы сөзүн таба албагандай туталана түшкөнүн байкаган Ширин сөзүн баштады. Ушул тапта анын да жүзүндө толкундануу бар болчу. Анын эки жагында олтурушкан Жаныштын эки кызы бир деме дейин деп турганын сезишкендей, чыканактары ме-

нен эки тараптан нукулашты. Ширин күлүп жиберди да кебин баштады.

- Азыр менин бактым тоодой. Апамдын көзү өткөндөн кийин өзүмдү бактысызмын деп ойлодум. Анын бейитине барып алып аябай ыйладым. Ээн талаада, эч кимиси жок калган улактай сездим өзүмдү. Ошол кезде мага аяш энем Айша апа таяныч болду. Сооротту, бешенемден сылап, көңүлүмдү көтөрдү. Бул жакка келатканда кудайдан жалынып, бешенемден сылап, батаасын берип, мага ак жол каалап узатты. Кудай мага сыноо үчүн кыйынчылыктарды бериптир. Азыр баары артта калды. Менин бешенеме  сиздердей жакшы адамдарды туш кылды. Мага бейтааныш өлкөнүн көчөлөрүндө башпаанек издеп, көз жашымды көлдөтүп жүргөн кезде мага туш болдуңуздар. Мени  тентек балдардын шылдыңынан сактап, өз бооруңуздардан орун бердиңиздер. Эми мага экинчи ата, апа болуп жатасыздар. Менин тагдырым сиздердин колуңуздарда. Өз жериме болгон сагынычымды сиздердин ак пейилиңиздер, мээримиңиздер менен жеңилдеткендей болдум. Кудай мага сиздер сыяктуу жакшы адамдарга туш кылганы үчүн бактылуумун. Рахмат сиздерге, бул жерден мобул эки жагымда  олтурган татынакай сиңдилүү, эки инилүү болдум. –Ширин көөдөндөгүсүнүн баарын төгүп салгандай сыяктанды. Ушул сөздөрдү айтып жатканда бошошуп кетти. Эки кыз эки тараптан ага ыктай көздөрүн жалжылдатып коюп олтурушту.  Үй-бүлө ээлери да курсант, жүздөрүн күлкү чайып, мусапыр жаштарга таяныч болгондорун эп көрүшүп, туура иш жасагандарын туюшту. Азиз болсо бир колу менен жаагын таянып ойлуу, экинчи колу менен салмактанып турган бутун улам кармап коет. Ушул буту да аны оюнан алаксытып жатты.    Баарынан Шириндин сөзмөрлүгүнө таң калды. Кызды жактыра да, суктана да  бир тиктеп алып, андан сөз артпай калгандай оюнда болгонун айтты.

-Ширин ырас айтат, мага да көп жакшылык кылдыңыздар.

Адамдын адамдыгы алыста жүргөндө байкалат экен. Бизге жасаган жакшылыгыңыздар үчүн сиздерге кудайдан кайтсын. Жетимчиликтин азабын тартып жүргөндө жакшы адамдар аз деп кыялданчумун. Чоңойуп, окусам, иштесем, жакшы адам боломун, бирөөнү да тилдеп, капа кылбайм деп ойлочумун. Көрсө сиздер сыяктуу жакшы адамдар көп экен, деди Азиз ичгеги айтайын деген оюн билдирип. Өз канынан жаралбаган, же жакыны эмес, бар болгону тааныш эсептелген жигит менен кызга көрсөткөн алардын инсандык пейилине жетине албай турду. Атайын убара болуп бышырылган тамактын, жашылча-жемиштер менен шириндиктердин баары жээлип бүтпөгөнү менен дастаркондогу жылуу маанай түн жарымына чейин созулду. Улам биринен сала экинчиси уйкусу келгени нымдалышкан кирпиктеринен сезилип турса да, сүйлөшүп олтуруп, жатып эс алууну эч кимиси ойлогон жок. Жаныштын кыздары менен балдары эчак эле уктоочу бөлмөгө кирип кетишкен. Ширинди уялтып албайын дешип, күйөөсү менен аялы сөз келгенде айтаарбыз деп олтурушуп, ичтериндеги оюн сыртка чыгарышкан жок. А эртеси Азиз жалгыз калганда агасы баякүнкү оюн кайталап, «Ширинди колукту кылып алсаң жакшы болоор эле», деди. Турмуштун таттуусуна караганда ачуусун көп таткан жигит муну туура көргөнү менен кызды ал, кыз аны толук билүү үчүн күтө турууну чечип, Жанышка «ойлонууга убакыт бериңизчи» деген бир гана сөздү айтты.

Азиз баары бир үйлөнүү оюна келбесе да ага ыктап, жароокерленген Мэ Рини эмнегедир кыя албай турду. Экинчи жагынан али да көздөрүнөн муңайым кетпеген, бирок акылдуу, назик Шириндин көңүлүн оорутуп албайын деп аяп да жатты. Бир айдан ашык эртели-кеч жумушка кетерде, келгенде үйрүлө түшкөн бул кызга көнүп, ага болгон сезими жандүйнөсүндө алоолонуп, мээрими күчөп баратканын байкабай да калды.

Бутунан гипсин алдырып жумушка чыкканы менен көңүлү

алагды болуп, өз жерине кеткиси келип турду. Күн өткөн сайын, кала берсе, мүнөт сайын өз Мекенине болгон сагыныч жан-дүйнөсүн эзгилей берди. Мындан артык бул жерде калууну ылайык көргөн жок. Жаныш агасынын үйүндөгү отуруштан кийин оюн бөлүндү болду. Ал көбүнчө Ширин тарапка ооп баратканын өзү да сезбей калды. Аны алаксытканы Шириндин айжамалы болду. Акыркы учурда ушул кыз анын жүрөгүн ээлеп алды.

- Ширин мен сени Сеул менен тааныштырып келейин ,-деди дем алыш күнү Азиз кызга кайрылып. Ал макул болду. Ансыз да келгенден бери шаарды кыдырып көрө элек болчу. Ушунча иштегени келип, таааныштары: « кайда иштедиң?», дешсе «Сеулда», деп жооп берсе. Алар бул кандай шаар экенин сураса билбей турса. Бир чети өзүнө да кызык көрүндү. Ошол себептүү жигиттин сунушуна каршы болгон жок. Анын үстүнө боорукер жигит анын жүрөгүн алдейлеп алган. Бирде таксиге олтурушса, бирде андан түшүп жөө кыдырып, шаардын ажайып кооздугуна суктанды Ширин. Чынында аябай кооз шаар экен. Азиз буга чейин Сеул туурасында көрүп, угупбилгендерин кызга айта баштады. Бийик кабаттуу үйлөрдү тиктей, кыз анын сөзүнө кулак төшөп баратты.

-Кооз имараттары, бизнес жайлары жана абдан мыкты тейлөө шарты бар мейманканалары менен туристтерди өзүнө тарткан Чыгыштагы Сеул шаары. Бул шаар Түштүк Кореянын борбору, ошол эле учурда маданий борбор катары да белгилүү экен,-деди жигит. -Сеул – Түштүк Кореянын Түндүк-Батышында,Түндүк Кореянын чегине болгону 40 чакырым узактыкта жайгашкан. Ары заманбап, ары тарыхый шаар эсептелген Сеул 16-17-кылымдарда жапан баскынчылары тарабынан талкалып, андан кийинки Корей согушунда дээрлик кыйроого учураган. 1950-жылдан баштап шаар кайра жаңыдан курула баштайт. Буга карабастан сыйынуучу жайларында, көркөм сарайларында жана сыйкырдуу бакчаларында

дагы эле тарыхтын жашыруун сырлары жашырылгандыгын байкоого болот дешет. 16 километр узундуктагы эски чептер менен курчалган Сеул бүгүнкү күндө заманбап технологияны тарых менен жуурулуштуруп тургандай. Кореялыктар өз тарыхына аябай маани бергендиктен архитектуралык жайларды азыркыга чейин сактап калышкан. Ошондон улам бүгүнкү космополит Сеулдун ар тарабынан сөзсүз түрдө тарыхтын издерин кездештирүүгө болот.

- Охоо, сиз Сеул шаары туурасында ого эле көп билесиз го.- Кыз таңыркай карады. Жигит кызга жылмая карап, сөзүн улантты. Көркөмдүү бийик имараттардын ортосунда чоң каналда туптунук суу агып жатыптыр. Анын тегерегинде үйүлүп турган адамдарды көрүштү. Айрымдары ошол эле жерге катарынан олтуруп алышкан, кээси суу кечип турушат. Бири кол телефону менген сүйлөшүп олтурушса, дагы башкалаары баарлашып, эс алып олтурушат. Бул адамдар өтө көңүлдүү эле. Жаш балдарынын колдорунда ар түстөгү шаарчалар бар.

- Булардын ичинде туристтер да бар. Сеулдун туристтерди өзүнө тартып турган негизги себеби ылайык баадагы кооз мейманканалары, абдан мыкты тейлөө системасы болгондугунда. 12 миллионго жакын калкы бар бул чоң шаардын ортосунан Хан-Гаң дарыясы агып өтөт. Биз көрүп турган адамдар майрамга чыгышкан. Жаңы Ай Жылы (Солнал) деп коюшат. Жаңы айдын биринчи күнү өлкөнүн бардык жеринде майрамдалат. Шаардын көп жеринде даярдалган салттуу бий фестивалдарын жана бири-биринен өткөн шоуларды уюштурушат. Мен сага башка майрамдары туурасында да айтып берейин.

Кыз жигиттин ушунча көп билгенине улам таңыркап да, тамшанып да, ар бир сөзүн муюп угуп, Сеул шаары туурасында көптү билип алууга кызыгып жатты. Жигит кебин андан ары улады. - Будданын туулган күнү болсо жылдын апрель

– май убагына туура келет. Салттуу болгон бул майрамда ар жылы Еуидо Плазато Чогиеса сыйынуу жайынан жөө жүрүш уюштурулат. Корея Ыраазычылык Күнү  да бар.  Ай фестивалы деп эскерилген бул майрам сентябрь жана октябрь айларына туура келет. Ыраазычылык Күнү кореялыктар үчүн өтө  маанилүү. Бул күнү баары майрамды үй-бүлөсү менен тосушат. Булардан башка жыл сайын уюштурулган бир канча фестиваль бар. Бул фестивалдарда салттуу корей кийимдери көргөзүлүп, салттуу музыкалар жаңырат.

Сеул жыл бою аябай кооз болгондуктан күз айлары (сентябрь, октябрь, ноябрь) туристтердин эң көп келген мезгили. Анткени күздөгү өзгөчө аба ырайынын таасиринен ырахаттанып, андан дагы дүйнөнүн эң кооз токойлорунда керемет көрүнүштөрдү куштар  болуп көрүп кетишет.. Ал эми кыш Сеулда ызгарлуу, көбүнчө карлуу болот. Аны өзүң да көрдүң го. Бул жердегидей кышты көрбөгөндүктөн, алгач келгенде кыйналып да жүрдүм. Эми болсо көнүп кеттим. Жаз келээрде (февраль) башталган алча мезгили да сонун учур.  Ал эми жай мезигили өтө ысык жана нымдуу болгондуктан туристтер анча келе беришпейт

Кыз жигиттин сөзүн бөлгүсү келбеди. Алар да башкаларды туурап, суунун жээгине келип олтурушту да, бут кийимдерин чечип, буттарын сууга салышты. «Ох»,-деп ичиркенип алды кыз. «Муздак го, булар кантип олтурушат».

-Кореялыктар өздөрүнүн жер шартына көнүп калышкан. Жеринин нымдуулугу да  аларга жат эмес,-деди жигит. Анан баштагы аңгемесин улады.-Сеул көчөлөрүндө адашып кетүүң толук мүмкүн. Себеби мына  өзүң көрүп тургандай адрестер менен көчө номурлары аябай ирээтсиз. Жада калса Сеулдун жергиликтүүлөрү үчүн да көчөдө адашпай жүрүү оңой эмес! Мунун себеби көбүнчө көчө номурларынын башаламандыгы, тушкелди сандардын коюлгандыгы жана  көчөлөрдүн аябай иретсиз жайгашкандыгы.

Дегеле Корея мамлекети Азиянын чыгыш тарабындагы Корей жарым аралында жана ага канатташ жаткан 3 миңден ашуун майда аралдарда жайгашкан. Корея түндүгүнөн Кытай жана Орусия Федерациясы менен чектешет. Чыгыш тарабынан Жапон деңизи, батышынан Сары деңиз, түштүгүнөн Корей кысыгы (Түштүк деңизи) чулгап жатат. Корея—эң байыркы замандан бери келаткан тарыхы жана бай маданияты бар өлкө.

Чет жерде иштеген биз сыяктуу кыргыздарды "эмгек мигранты" деп аташат. Коом ичинде бул сөз "кара жумушчу" маанисинде кеңири таралган. Бирок, чет жерге чыгып "кара жумушчу" гана болбостон, окуп, жакшы жерлерде, ири фирмаларда жана компанияларда жетекчилик кызматтарда иштеп, кыргыздардын башын кошуп, уюмдарды түзүп, кыргыздын желегин татыктуу көтөрүп келген боордошторубуз да аз эмес. Жаныш ага аялы менен мына ушундай иш кылып жатышпайбы. Алардын айланасында канча кыргыздар бар. Негизи, Кореяда завод, фабрика өңдүү өндүрүштүк ишканалар абдан көп, өнүгүп келаткан өлкө эмеспи. Дүйнө жүзүндө өнүгүү темпи боюнча 11-12-орунда турат экен. Экинчиден, өздөрүндө жумушчу күч жетишпейт. Кореялыктардын өздөрү, өзгөчө жаштары мындай оор жумуштарга иштебейт. Алар жеңил иштерди же көңүл ачып жүрө турган жашоо образын жакшы көрүшөт. Колдун күчүн талап кылган жумуштарга көбүнчө башка өлкөлөрдөн келген эмгек мигранттарынын күчүн пайдаланышат. Кореяга эмгек мигранттары 16 өлкөдөн келип иштешет. Алсак, Монголия, Филиппин, Таиланд, Өзбекстан жана башка Азия чөлкөмүндөгү өнүгүү деңгээли төмөн болгон өлкөлөрдүн жарандары келип эмгектенет. Албетте, алардын арасында биздей болгон кыргыз жарандары дагы бар. Атайын келгенден кийин каражат таап кетели деп, жанталашып иштейбиз. 800дөн 2000 миң долларга жеткирип айлык алган балдар бар. Үнөмдөп иштетип, үйгө алып кеткенге чогултабыз. Кыр-

гызстанга барганда үй салганга, машина алганга, дегиси бир иш жасаганага жарап калсын дейбиз.

Кореяда "сен оштук", "мен таластык" болуп бөлүнбөйбүз. Баарыбыз кыргыз эле болуп жүрөбүз. Кыргызстандан көбүнчө келишим менен келгендер иштешет. Келишим түзүлүп жатканда жумуш берүүчүлөр жердигине эмес, сүрөтүнө карап тандашат экен. Анан дагы бир өлкөдөн келгендерге жатакана бир жерден берилет экен. А менин бешенеме Жаныш ага жолугуп, бул өлкөнүн мыйзамын жакшы билгендиктен, баарын өзү жасап, мага бир топ жеңил болду.Жатакана үчүн да кыйналган жокмун. Ошондуктан, биз дагы жерибизди териштирбейбиз. Бизге бул жактан ынтымактуу болуп, бирдиктүү иштеген жакшы

Бул жерде бир бөлмөлүү квартира угушума караганда 250-350 доллар болот. Анда болгону  бир-эки адам гана жашайт. Ошондуктан, бардык ыңгайы менен жашоого толук мүмкүнчүлүк бар. Тиричилик жагынан, акча жагынан кыргыздар көп кыйналышпайт, болгону, башында тилден жана жумуштун оордугунан кыйналышат.

1992-жылы дипломаттык мамилелер түзүлгөндөн баштап, кыргыз эли Корея Республикасына түрдүү максатта келе башташкан. Азыркы күндө 3 миңден ашуун кыргызстандык Кореяда жашайт. Алардын арасынды эмгек мигранттары, студенттер, искусство кызматкерлери, Кореянын жарандары менен никеде турган кыргызстандык жарандар да бар. Россияда кыргыздар жумуштарында ар кандай жеңилдиктерди алуу үчүн ал жактын жарандыгын алышса, Кореяда башка улуттар ошол жерде жашап калуу үчүн жарандыгын алууга аракет кылышат. Бирок, бул абдан кыйын. Чоң нерсе кылып, эмгегиң сиңсе, ошондо гана жарандыкты алууга мүмкүнчүлүк бар. 20 жылдан ашык Кореяда иштеп жүргөн  Жаныш ага аялы менен бирге Кореянын элчилигинин жардамы менен бул жактын жарандыгын алды. Ал гана эмес, турмушка чыккан кыздар

жарандыгы жок жашашат.

Көбүнчө жумушта болуп, келгенден бери бир да кыргыз кызына учураган жокмун. Көбүнчө Жаныш ага айтып калат. Негизинен, бул жакка кыздар турмушка чыкканы келишет экен. Жигит бир кезде сөзүм бүттү дегендей таризде унчукпай калып кызды карады. Сууга салып олтуруп, буттары үшүп кеткендиктен, суудан чыгарышты да, кургатып, буттарын кийип сапар улашты.

- Мына ушинтип, билгенимче мен сага Корея, Сеул шаары туурасында айтып бердим. Анткени бул жерде он жылдан ашуун жашап, иштеп, көчөлөрүнөн бери, элинин кулк-мүнөзү, жер шартынан тартып, жакшы эле билип , бул жерде далай көз ирмемдерди баштан кечирдим,-деди жигит.

Бул күн экөө үчүн тең кызыктуу болду. Кыз бир башкача таасирленди. Жигитке болгон ишеними ан сайын арта түштү. Кызды узатып коюп, жигит өз үйүнө кайтып, бир топко дейре Шириндин жадыраган жамалы көз алдынан кетпей койду.

- Мени менен Кыргызстанга кетесиңби?-деди Ширинге кийинки жолукканда. Кыздын көздөрү жайнап кетти. Анын муңайым көздөрүнө тиктеп алып, андан да сагыныч менен кусалыкты көргөндөй болду.

-Кетемин,-деди кыз.-Менин аябай кетким келди. Апам кызым качан келет деп, күтүп жатса керек. -Кыздын көздөрүнөн жаш агып кетти.

-Ыйлаба Ширин, ыйлаба менин Шириним. Мен сени өзүм алып кетем. Биз кетебиз, биздин Кыргызстан деген ажайып кооз жерибиз бар. Турмуштун жетишпестигинен кыйналышса да сабыр туткан карапайым элибиз бар. Бул жердегидей жаркырап асфальт төшөлбөсө да, балалыктын эңсөөсү менен чаңытып ойногон, топурактуу айылыбызга барабыз. Өз жерибизде өз тилибизде эркин сүйлөп, эркин ырдайбыз. Сен менин колуктум болосун. Сен Сеулда тамган тамчы жашыңды ушул жерге калтырып, Кыргызстанга күлкү менен баргын. –Жигит

кыздын көзүндөгү жашты колу менен этияттык менен аарчып, бешенесинен жыттап алды да, кучагына бек кысты. Анын жылуу деминен кыргыз кызынын демин сезип, бул кубанычты тартуулаган Жаратканга жалынып турду. Ширин Сеулга адашып келгенине кайра кубанды. Ошол адашуу менен өзүнө татыктуу жар таап турганына сүйүндү. Буюрса өз жерине сапар алар күн да алыс эмес. Түнкү Сеул чырактарын жаркыратып, эки жаштын тилегин коштогондой түнкү шоокумга көшүлөт. Ары-бери жүргөн унаалардын үндөрү болбосо теребел магдырап тыптынч болчу.

Кетээрде Азиз Мила энеге жолукту. Ага кайтаарын айтканда көзүнөн жаш алып, бышактап алды. Менден сага эстелик болсун деп, колуна кооз кутучаны карматты да, «Сеулда калган энеңди унутпай жүр, мен сага ар убак бакыт тилеп турам, ак жолуң ачылсын, бул жакка жолуң түшчү болуп келсең, менин эшигим сага дайыма ачык»,-деген кемпир көзүндөгү жашын кол аарчысы менен сүртө жигитке мээримин төгүп, кыйылып туруп, коштошту. Кореяга келип, жакшылык кылган кемпирге ыраазычылыгын билдирип, анын үйүнүн ачкычын карматып жатып, анын ысык колунун сыртын оозуна тийгизип, урматын билгизди. Анан төш чөнтөгүнөн конверт алып, кыздан кечирим сурап, ага болгон достук сезимин таптакыр унутпай жүрөөрүн айтып жазгандарын Мэ Риге берип коюуну айтып, ага жолуга албай турганын билдирди. Мила эне небересинин Азизге көңүлдөнүп калгандыгын, жигиттин да ага ынтызарлыгын байкап жүргөн болчу. Эгерде жигит калып кетсе, экөөнүн бактысына каршы болбой, батаасын бермек. Бирок, кайсыл бир күнү анын өз жерине кетээрин билип, небересин тыйгысы келип жүргөнү менен өзүнүн да жаш болгонун эстеп, эки жаштын сезимине бөлүк салгысы келбеген. Ошол себептен экөөнүн жолукпаганын дурус көрдү. Ал кеткенден кийин жигиттин өз Мекенине кетээринен кабарсыз жүргөн Мэ Ринин ыйлап, куса болоорун карт жүрөгү менен

туйганы менен Азизди кетпегин деп мажбурлай албайт болчу. Тили, жери башка жигиттин өз журтуна кеткени ырас деди.

Азиз машинасында баратып, негедир ичи ачышты. Сеулга келип, Мэ Риге жолукканына өкүнгөн жок. Экөөнүн сезимдерин достук сезим деп баалап, ошондой болушун каалады. Унаасын токтотуп, андан түштү да кең жайыкты телмире тиктеп, ары жактагы суунун шылдырын угуп турду. Ошол суунун жээгинде Мэ Ри экөөнүн кыналышып, кыялданган күндөрүн эстеди. Анан оюнан алаксый башын көтөрө өйдө карап, көкмөк асманды өз асманына окшотту. «Асманыбыз бир да»,-деп алды ичинен. Суунун шылдыры өз айылындагы чоң арыкта аккан суунун добушуна окшоп кетти. Тезирээк кетүүнү эңсеп, дароо машинасына олтурду. Мындан бир ай мурда Жаныш агасы Кымбат жеңеси менен кеңешип, акыры өз жерине кетүүнү чечкен. Кетүүгө даярдык көрүп, ага убакыт да келди. Эртели-кеч киндик кан тамган жерине барат. Дагы жашы өтө электе, агасынын көзү тирүүсүндө барып, там салып, отурукташып алууну каалады. Жалгыз келди эле, эми экөө болуп баратат. Жанында Сеулда тапкан арзып сүйгөнү бар. Барганда агасынын ак батаасын алып, өз элинде үйлөнүү тоюн өткөрүү бүтүмүнө келген.

Учактын терезесинен кыргыз тоолору көрүнгөндө кыздын көңүлү өрөпкүп, жүрөгү дикилдеп, бошошуп кетти. Ошондо Азиздин «Сенин тамган көз жашың Сеулда калсын»,-дегенин эстеп карманды. Анын абалын туйган жигит кыздын назик колдорун бекем кысты. Бул «бошошпо» дегени экенин туйду. Маркум апасын издеди, эч ким барбай мүрзөсү чөп басып кетсе керек, деп ойлоду. Бирок, аяш энеси Айша апа кабар алып, карап тураарын айтып убадасын берген. Анын айтканына ишенди. Учактын учуп баратканы, же конуп турганы билинбей, анын кусалыгы жүрөгүн эзип, туталанып кетти. Кыздын өңү бир башкача болуп баратканын туйган жигит, анысын сагынычтан экенин сезип, башын өзүн тарапка эңкей-

те, желкесине койдуруп, жылуу жүзүн колу менен эркелете сылады. Анын да сагынычтан эзилген жүрөгү бир башкача сезимдерге арбалып жаткан. Бир булкунуп алып, анан жайланып учкан учак, аэропортко аста келип конду. Толкунданганынан өздөрүн карманып, жүргүнчүлөрдүн эң арты болуп түшүшкөн эки жаш өз Мекенинин таза абасын сезди. Мээлүүн жел жүздөрүн аймалап, «кош келгиле», дегендей таризде согуп, а чачтарын эркелеткендей уйпалап жиберди. Жерге буту тиери менен бир келип кеткенден бери келбегенине сегиз жылдан ашып, убакыт созулуп кеткендиктен, кусалыктан жүрөгү толкуп, денеси титиреген Азиз күтүлбөгөн жерден эңкейе калып, бешенесин жерге тийгизди. Аны көргөн Ширин да ошентти. Анын өз жеринен кеткенине үч жылдан ашканы менен бөтөн жерге караганда өз жеринин баалуулугун туюп, ушул тапта өз жериндеги жылуулукту сезди. Бул Жер эненин жылуулугу болчу. Бирдейинен тегиз турушту да кусалыкка толгон көөдөнүн бийик көтөрүп, сагыныч уялаган көздөрү менен тээ бийик асманды карашып, көктө учкан кушту көрүштү. Бул кыргыздын көкөлөп учкан эркин ак кушу эле.

## Экинчи бөлүм

Кымбаттын Сеулга келгенине он беш жылдан ашты. Балдарынын алды он төрткө чыкты. Жаныш экөөнүн баш кошуу тою да ушул жерде өткөн. Эки тараптан саналуу кишилерди чакырып, бу жердеги тааныш кыргыздарга чакан тойчук өткөрүшкөн. Кызынын сыртка иштегени кеткенине кабатыр болуп жүргөн атасына виза ачтырып, ошондо кызынын тоюна келип, көңүлү тынчып кеткен. Ал учурда ижара үйдө турушкан. Жети-сегиз жылдан кийин өзү иштеген кафенин ээсинин үйүн сатып алышты. Ал ортодо аралыгы үч жаштан катары менен эки кыздуу болушкан. Биринчиси алтыга чыкса, экинчиси үчкө чыгышканда үйлүү болушканына сүйүнүшкөнүн айтпа, айрыкча кыздарынын кубанычы койнуна батпайт. Болгондо да бийик дөңсөөдө жомоктогудай салынган эки кабат үй. Үйдүн балконунан Сеулдун баары көрүнөт. Бул жерге келип, алгач кыйналып жүрүшсө, бара-бара көнүп кетишкен. Кыргызстанга барганда эмне кылышмак, учуру келгенде кетишээр, ага чейин иштей беришкени оң, Жаныштын деле кеткиси жок, апасы алды-күчтүү, бир тууган агасы келип, жер иштетип, жолу болдубу, же Жараткан колдодубу чарба күтүп ирденип алышкан. Ал кайра барганда эмне, араба тартабы? Келинчеги экөөнүн тең жумушу бар. Эки кызынан кийин катарынан эки уулдуу болушкан. Өзүнүн фирмасы бар, келинчегинин кафеси, кыздары институтта окушат, уулдары мектепте. Өткөн жылы Жаныш экөө балдары менен Кыргызстанга барып келишкен. Атасы оорусунан айыгып, үйдөгү эркектин жумушун баары өзү аткарчу болгон. Кала берсе адырдан жер алып, бак тигейин деген ою бардыгын да айткан. Ал эми өгөй энеси мурдагыдай эмес. Кара тору жүзү агаргансып, толмочунан келген эткел турпаты да арыктай түшүптүр. Мүнөзү бир топ жумшарып калгандыгын көрүп, Кымбат кубанып калды. Үйдүн жа-

нына чакан дүкөн куруп, тиричилиги бир топ оңолуп калган. Кымбат жөнөткөн каражатка атасы он ирик кой алып койгон экен, анысы көбөйүп, короо толгон кой болуптур. Инилери чоңоюп, ишке жарап калышкан. Улуусу мектепти бүтсөм, банкер болом,-деп экономикага байланышкан китептерди окуп, даярданып жүрүптүр. Бир кезде өзү чоңойгон үйүн бузуп, бышык кыштан төрт бөлмө там салып алышкан. Алардын келери дайын болгондуктан, короонун ичинен сыртка чейин шыпырып, тазалап, дарбазаны кенен ачып коюшкан. Сырттагы үч катар курулган очоктогу чоң казанда эт бышып жатат.

-Сеулдан күйөө-кызым келет, деп бу үйдөгү даярдыкты байкап сураган коңшуларына кубанычтан жүзүн күлкү уялаган ата ушинтет. Четтен келген неберелерин улам бооруна кызып, маңдайынан сүйүп жетине албай кубанганын айтпа. Ага аялы да кошулуп, кубангандай түрүн билгизет. Кымбаттын кетишине каршы болуп жүргөн өгөй эне кызы кеткенден көп өтпөй каражат жөнөтүүгө жарап, кем-өксүгү бүтөлө баштагандан ичи жылый түшкөн. Акыркы күндө сагынчу да болгон. Инилеринин кубанганын айтпа.

Ошондо Кымбат Жаныш экөө барып, ата-энеси менен бир туугандарынын жашоосу бир топ ирденип калганын көрүп сүйүнгөн. Бир ай толук туруп, кайын-журтта да бир апта жүрүп, келеринде атасына жеңил унаа сатып, белекке берип кайра кайтышкан. Арадан көп өтпөй атасы он гектар жерди ижарага алып кокон гилас эгип, койгонун айткан.

Эми атасы Сеулга келгени жатат. Быяктан атасы менен кызматташа турган кишилерди таап койгон. Жолуктуруп сүйлөштүрмөк. Алар атасы аркылуу айылга жашылча-жемиш иштетүүчү фабрика курушмак болгон.

XXX

Таң эртең менен жумуш издеп үйдөн чыгып кеткен кыз алигиче келбегенине өгөй эне жанын коерго жер таппай ачуу-

ланып жатты. Бардык күчүн жоош күйөөсүнөн чыгарды.

-Иштеп эмне кылат экен, үйдө жумуш толтура. Эркелетип жүрүп, тайраңдатып бастырып, окуп алсын деп окуттуң. Ошондо эле айтканмын, кыз бала окуп не кылат, андан көрө окутуп-чокутпай эле тим кой. Кыздын бактысы ачылса, жакшы жерге күйөөгө узатсак, ошол анын бактысы. «Кара кыздын багынан»дейт. Мына эми тапканыңды берип окуттуң эле иш табылдыбы, күн сайын көчөгө чыгып кетет да, кечинде жүк көтөргөнсүп « чарчадым», деп келип, же бир каралашканга да жарабайт.

Тил тилине тийбей безеленген аялына бир карап алып, жоош-момун күйөөсү ушул жолу жарылып кетти.

- Ушул кызга асылганыңды коесуңбу. Секелек кезде келгенсиң, өз бооруңа тартып алгандын ордуна, качанга чейин өгөйлөйсүн, колунан келгенче жардам берип жүрөт, эми иштесем, силерге жардам болобу дейт, мен минтип, ден соолугум начарлап баратат, бул дүйнөдөн өтүп кетсем, сенин абалыңды көрүп туруп, анын абалы не күнгө туш болот дейм.

-Бир нерсе болсо эле өлөм деп коркутасың. Өлбөгөн ким бар. Байлыгы ашып- ташкан Балта да инсулту кармап, мына үчүнчүсүндө алып кетти. Акчасы бар туруп, өмүрүн сактай албады го. Сага да кудайдын берген оорусу экен. « давлениемин»,- дейсин, ал ооруну мен берherиптирминби. Наалый бербей, өзүңдү ойлосоң боло. Кызым, кызым дейсин. Ошол кызың сен өлгөндө шам жагат дейсинби, бир күн, ашып барса кырк күн ыйлайт, азыр кырк күн үй тигип олтурган аз, айыл аксакалдары ыйлаганга да тыюу салып, катар-катар бейшембилик кылганды токтоткула деп жатат, кудай берип калат, сен кызым деп жалдыраган Кымбатың да бирөөнүн колун кармайт да, кетет. Өлгөндүн өзүнүн эле шору.

-Тилиң жаман сенин, Кымбаттын апасы болгондо, сени менен минтим кайым-айтышып олтурмак эмесмин, ыраматылыктын өмүрү кыска экен. Оозуна жаман сөз албаган, акмаралдай

керилген, ымандуу пенде эле, кайран гана...

- Өлтүрүп коюп, кирип келдиң деп турасыңбы, аны да кудай алды, ушу сага аял болгон мен да куруюн, сени менен кер-мур айтышып олтурганча, Гүкүнүкүнө кирип чыгайын, Россиядан кызы келиптир.

Алтынчач, идиш-аякты кагыштыра ары-бери жууй салды да, столдун үстүнө суусун шорголоткон калыбында көмкөрө коюп, суу колун көйнөгүнүн этегине аарчый сала эшикти карс жаба чыгып кетти. Артынан кетип баратканы бутунун шарпылдай басканынан билинип турду. Курсант аялынын жоругуна ичи жылыбай сабыры суз, жаткан керебетинен өйдө боло, олтурду да үнсүз тунжурады. Ушул кезде Кубаттын оюна нелер гана келбеди. Бир саамда сүйүшүп баш кошкон Берметтин айжамалдуу жүзү тартылып, кызы экөөн аяп тургандай сезилди. Бала кезден оорулуу болуп төрөлгөнүн билбеген ата-энеси анын турмушка чыгып, кош бойлуу болгонунда туюп алып өкүнгөн. Ушул Кымбатты ичин жарып алып төрөтүп, бирок, анын энесинин өмүрүн сактай алышпады. Арзып тапкан жубайымдан ажырап алсызданып турганда, эми андан калган перзентимди да мага койгула деп, кайын-атасы менен кайын энесинен суранып жатып, кызын өзүнө алып алган. Күйөө баласынын көнөктөп төккөн жамгырдай тыйылбаган жашын көрүп, боору ооруган кайын энеси, кыркын чыгарып, кантип багып алаар экен деп колуна беришин берип алып, күн алыс келип өзү каралашып, чоңойтушкан. Күйөө баласы эмес өз баласындай болуп клаган Кубат көпкө чейин үйлөнбөй, кызы беш жашка чыкканда мына ушул Алтынчачты туугандары эркине койбой алып беришкен. Катары менен беш эркекти төрөп, он беш жылдай бирге жашашканы менен кичинекейинен келсе да Кымбатка боорун берген жок. Кызга атасы жокто катуу тийип, көзү барында анысын билгизбей жүргөн аял, Кубат оорулуу болуп, төшөктө жатканынан бери, ачык эле атаандашып, жемелегенде жемелеп, сүйлөгөндө сүйлөй

берчү болду. Кызын аяган ата ортого түшө калып, канчалык жакшы сүйлөп айтканы менен оңоло турган күнү жок. Анын жоругун көрүп туруп, кызынын жумуш таап, иштеп кетишин кудайдан тилеп турган кези. Мектепти жакшы бүтүп, окуу жайында чет тилдер боюнча окуп, катарынан эки үч тилди үйрөнүп алды. Мына азыр, англис, немец, корей тилин билет. Жумуш чыкканы менен маянасы аз, же көңүлүнө төп келбей жүрөт. Эртең менен да эки үч жерге барам деп кеткен, түш ооп баратканы менен кызынан кабар болбогондугунан, атасы терезени карап, чыдамсыздык менен күтүп жатканда, жай басып келаткан кызынын добушун таанып, көңүлү жайлана, эшик жакты күтө карап турду. Сырттан кирген Кымбат, атасынын отурганын көрүп, кер сары тарткан жүзүнө чочуй карап, капаланганын сезди.

- Ата, сизге эмне болду, дагы эжем капа кылдыбы? – Алтынчачтын жоругун билген Кымбат атасынын жанына басып келип, бешенесине ээринин тийгизе, колундагы баштыгын столдун үстүнө кое салды да: - курсагыңыз ачкандыр, чай коеюн ээ,-деди ашкана тарапка басып. үй тынч болгондуктан, Алтынчачтын жок экендигин сезди. Чай коюп, кайра киргенде, Кубат башын жастыкка эми гана койгон.

- Кызым, эмне жумуш бүткөрдүң?

- Жумуш бар дегенинен барсам, башка бирөөнү алып коюптур, дагы бир жерден жарыяны окуп калдым, аны эртең барып билем, сөзсүз жумуш табам ата, анан сизди доктурга көрсөтөм, жакшылап дарыланып алсаңыз бутка туруп кетесиз, эч кабатыр болбоңуз, ошол жерден келатып бирге окуган кыздар жолугуп калып...-деди Кымбат бир саамга унчукпай калып, атасынын журканын өйдө карай кымтылап, агарган чачтарына зээни кейий карады да, эмнегедир ыйлагысы келди. Ал эс тарта электе көз жумган апасы эсине түшүп кетти да, өзүнчө булугуп, эчкирип ыйлап алгысы келип, өзүн араң карманып олтурду да, жөн эле атасына мындай деп койду:

-ата эрте эле келейин дегенмин, капа болбоңуз бир аз кармалып калдым. – Атасы кызынын муңайыңкы жүзүнө карап, бирок анын ичтегисин билген жок. Балалыгынан чын сүйлөгөн кызына ишенгендиктен жемелеген жок. Ансыз да жабыгып жүргөн кызын тилдөө анын оюна да келген эмес. Анын жаман жолго жүрбөшүн жакшы билет, ошондуктан ишенет. Анын үстүнө кызы кайда барбасын, эмне жумуш жасабасын атасына айтпай койбойт. Кымбаттын апасы да, эмне жумуш жасабасын, кайда барбасын чындыгын айтчу. Туура эмес иш жасачу эмес, көңүлүнө толбой турса, жолдошуна айтып, анын кеңеши менен гана аткарчу, ушул кызы да апасын тарткан.

- Кызым аман болгун, Жараткан өмүрүңдү берсин, кудум эле апаңдай жүрөгүң, жетилген сайын окшошуп баратасың, өмүрүң окшобосун, кудайым багыңды ачсын кызым. Жумуш дей бербей, бир күн болуп калар, жакшы бала болсо, турмушка чыгып ал, минтип мен да оорулуу болуп калдым, эгерде жаза тайып…

- Башка сөз айтпаң, -Кызы атасынын оозун колу менен бekите сүйлөтпөй койду.- Мен сиздин дарылатам ата, ошон үчүн тезинен жумуш табышым керек. Инилерим болсо али жаш, бешөө тең катарынан мектепте окушат. Көрөсүз ата, сиз айыгасыз, эч убакта капаланбаңыз, көп жашайсыз. Эмне тамак жейсиз, жасап берейин.

- Сен айткандай болсун, кызым, чайың кайнаса, мага бир пияла берчи. Тамака анчейин табитим жок.

- Макул ата, азыр чай иче туруң. И баса мен сизге алма алып, лимон келдим.- Кымбат баштыгынан алмаларды бирден алып чыгып, кыпкызылын тандап алды да, ашкана тарапка жууп келгени кетти. Бир кезде пиялага лимон чай алып келип, үйлөй муздата туруп, бир саамдан кийин, атасынын желкесинен кармап олтурууга жардам берди да, колуна карматты. Кубат калтыраган колу менен пияланы кармай аста бир ууртады.

-Шекер кошуп коюптурсун ээ.

- Бир аз даамдуурак болот, лимондун өзүн иче албайсыз да,кан басымыңызды бат түшүрөт, анан мобул алмадан жеңиз, тамакка табитиңиз болот. -Атасынын тизесине таптаза сүлгүнү жайып, кесилген алма салынган тарелканы койду да, колундагы ичип бүткөн пияланы алып, бир кесим алманы колуна карматты. Чын эле даамдуу алма экен. Кубат тиштеп алып, анын жагымдуу даамын сезди. Кызынын көңүлү деп олтуруп, бир алманын баарын жеди. Аңгыча кызы суюк тамак жасап келип, чыныга жарымдай куюп, ага айран аралаштырып, атасынын эркине койбой ичирди. Эртеден бери тамак ичпей олтурган Кубатка дарман келе калгандай, көңүлү да ачылып, оорусунан айыга түшкөндөй болду. Кызы артына катарынан жастык жөлөп олтургузуп, телевизорду коюп берди да, өзү үй ичин иреттөөгө киришти. Кызынын жасап жаткан ишине көз салып олтурган атасы, ушул кызынын бактысын ичинен кудайга жалынып, миң кайталап тилеп жатты. Кеткенине үч-төрт саат өткөндөн кийин, сырттан кирген Алтынчач, шаңкылдай үн салды.

-Ата менен кыз, мен жокто жыргап гана олтурасыңарбы? – Аялынын жүзүнө карай Кубат анын кызуу экенин байкаганы менен үнчукпады. Кымбат, бир карап алып ишин уланта берди. – Тамак жасагансың го, мага бир чыны куюп берчи.

-Балдарды карасаң боло, кеткенден бери дарегиң жок,-деди Кубат аялынын жоругун жактыра бербей аста гана.

- Алар эркек балдар, сыртта ойноп жүрүшөт, сен уктап жатканда эле келишкен,-аялы кенеген жок. Алардын курсагы ачтыбы, же жокпу капарына да келбегендей.

-Ушул балдарды сен төрөдүң беле?

-Эмне башкадан төрөп, сага көтөрүп келиптирминби?! – Алтынчач, күйөөсү жаткан керебеттин маңдайындагы диванга олтура кетти да Кубаттын суроосун жактыра бербей жооп узатты.

- Төрөсөң, балдарыңдын тамак-ашына карап койсоң боло, керээлиден кечке ачка жүргөн бала ооруп калбайбы?

- Бала ошентип чоңое берет,-деди Алтынчач күйөөсүнө жооп берип, анан кызга кайрылды: - Кымбат сен иш таптыңбы, таппасаң күндө сандалып жүрө бербей, Гүкүнүн иниси сага сөз айттырганы жатат, турмушка чыгып албайсыңбы?

-Эже атам ооруп жатканда...

Кыз буулугуп кетип, сөзүнүн аягына чыкпай токтоп калды да, башын ылдый салган калыбында колуна ным чүпүрөктү көтөрө, инилери жаткан бөлмөнүн полун жууганга кирип кетти.

- Ушул кызга күйөө тапкандын ордуна Алтынчач, тигинтип кызарганча ичкениңди койбойсунбу, уят эмеспи, балдар да чоңоюп калышты.

- Гүкүнүн кызы Москвадан алып келген коньяктан ичип олтурдук, жакшы тапкан го, апасынын башынан бутуна чейин белек көтөрүп келиптир. А сенин кызың болсо, окуйм деп, эми иши жок темтейип... Элчилеп же Россияга иштегени кетпеди...

Кымбатка асылган аялы менен айтышкысы келбеген Кубат жаткан жеринен ары оодарыла уктап кетүүгө аракеттенди. Бир кезде отурган жеринде бүк түшө жата калып, аялы коңурук тарта баштады. Бери бурула берип, отурган жеринде уктап жатканын көрдү да, ичинен иренжий, кайра артына оодарылды. Коңурукту уккан Кымбат жумушун бүтүп, өгөй энесин колу менен таяп, бөлмөсүнө жетелеп келип, керебетине жаткызды. Көзүн бир ачып алып, кайра жума уйкусун улантты. Үйгө киргенде көп байкалбаганы менен мас болуп калыптыр. Аңгыча инилери сырттан опур-топур болуп кирип келишти. Кыз аларды тартипке чакырды.

-Үн чыгарбагыла, ата-апаңар уктап калышты, колуңарды жууп, ашканага кирип олтургула, мен силерге тамак берем.

Эжесинин сөзүн уккан балдар айтканын аткарып, ашканага киришкенде столдун үстүндө тамак даяр болчу. Эң

улуусу жетинчи, кичинеси биринчи класста окуган катарынан төрөлгөн беш инисинин тамактанып жатканын карап олтуруп, кыз аларга боору ооруду. Төрөлгөндөн тартып, өзү көтөрүп чоңойткон бир туугандар эжесинин айтканынан чыкпай, отур десе олтуруп, сабак оку десе окуп, тилалчаак. Апасынын оюна койсо, булардын окуп-окубашы менен иши жок. Өтө мыкты эмес, бирок окушкан балдардын тарбиясына дайыма көз салган кыз, инилеринин жакшы адам болуп өсүп-жетилишин тилейт. Ушулар окуп, жакшы адам болушун каалайт.

- Эми колуңарды жууп, эртеңки сабагыңарга даярдангыла,- деди эжеси алардын тамактанып бүткөнүн көргөндөн кийин, балдар чыгары менен идиш-аягын жыйнаштырып, киргенде бешөө тең орундукка олтуруп алышып, сабактарын окуп жатышкан. Ар биринин окуусуна көз салып, жазгандарын текшерип, окугандарын кайра айттырып, анан өзү кечээ күнү баштаган америкалык жазуучунун китебин окууга киришти.

Уйкусу келсе да китепке берилип калганынан туруп барып, бетин муздак сууга жууп келип, кайрадан китебин улантты. Түнкү саат он экиге чейин уктаса уктап калат, андан өткөндөн кийин уйкусу умачтай ачылып, уйкусу качып кетет. Дубалдагы чыкылдаган сааттын жебесин караса, он экиге жакындап калыптыр. Жуунуп келгенинеби, айтор уйкусу ачыла түштү. Китептин каармандарына аралашып, өзүнүн кайда отурганы да эсинен чыгып кеткендей. Бир убакта караса, сааттын жебеси төрткө жакындап калыптыр. Бир station аздан кийин таң атат, бир азга болсо да уктап алгысы келди. Анткени, эртең менен дагы жумуш издейт. Китебин жастыктын астына бастыра койду да, чечинип салган төшөгүнө жата кетти. Уйку качса, жүзгө чейин санаса уктап кетет дегенди уккан. Санап да көрдү. Жүз эмес андан да көп сандарды санай берди. Ошентип жатып уктап кеткенин билбей калыптыр. Эртең менен кеч уктаса да сергек турду. Оюнда бүгүн жумуш табылчуудай сезилди. Алтынчач эжесинин тилин угуп, үйдө

жүргөндүн ордуна иштеп, акча таап келсе, балким эжеси да жумшарып калат беле. Анын үстүнө турмуштук жетишпестиктен, инилери да жарытылуу тамак жешпей, күндө эптеп казан кайнаткан болушат. Ушуларга ичи ачышат. Анан акча тапса оорулуу атасын догдурга көрсөтүп, дарылатайын деген ою бар, анысын атасына айтпайт, колунда каражаты болбой туруп, кантип айтсын бекер үмүттөндүрүп, атасы өзүн деле ойлобойт, сүйүп алган жарынан калган кызынын бактысын тилейт, көзүмдүн тирүүсүндө өзүнө жаккан бирөөгө тапшырсам деп ойлойт. Кызы болсо, атасына каралап, турмушка чыгууну ойлоп да койбойт. Биздин бешенебизге атам айыгып кетсе деп тилеп, кээде ойлонуп жатып, уйкусуз таң атырган күндөрү көп. Кымбат уйкудан туруп, сыртка чыкты, үй ичи мемиреп тынч, баары уктап жаткан сыягы. Инилери түштөн кийин мектепке барышат. Атасы ойгонгон го, бөлмөсүнөн тамагын кырынганы угулду. Жуунуп, электр мешине чайнекти койду да, атасынын бөлмөсүнүн жанына келип, эшигин аста ачты. Атасы жаткан жеринен туруп, кийинүүгө араеттенип жатыптыр. Шашкалактык менен жете келип, кийингенге жардамын берди да, колунан кармап, ордунан тургузду.

- Кой кызым өзүм эле туруп, өзүм басам, азыр жакшы болуп калдым, бир аз гана алсыраганым болбосо жакшымын, сен кабатыр болбо. Сыртка чыгып жуунуп келейин, анан экөөбүз олтуруп, чай ичели, балдар уктап жатса керек, эжең да тура элек сыягы.

-Ошондой го ата, бөлмөсүнөн чыккан жок, уктап эс ала берсин, мен үй жумуштарын жасап коюп, анан бир жерге барышым керек ата,-деди кыз жылуу суу куюлган чөөгүндү колуна көтөрүп, атасы менен жанаша баса.

-Чөөгүндү мага бер, сен чайыңды камдай бергин.- Атасы кызына карай колун узатты.

-Мен суу куюп берейин.

-Кой балам, кадимкидей жакшы болуп калдым. Болгону

кичине сууктап калганыма силерге оорукчан адамдай көрүндүм окшойт,-деди атасы оорусун жашырып. Ал жашырганы менен дарыгерди чакыртканда кан басымы жогору экендигин, жүрөгүндө да бир аз оорусу бардыгын айткан. Кызы чочулап тынчсызданып жүргөн. Анысын билгизбегенге аракет кылганын байкаган кыз атасына карай:

-Жакшы болуп калганыңыз эң сонун, биз кубанычтабыз ата, сиз үйдө оорубай эле жүрсөңүз бизге бакыт эмеспи, ал үчүн дарыңызды убагында ичип, жакшы тамактанышыңыз керек,-деди Кымбат да сыр бербей. Атасынын колуна чөөгүндү кармата берип, кечинде бышырып, бирок атасы уктап калганынан эртең мененкиге алып койгон эттүү мантууну жылыткыч мешке коюп жылытып, атасы олтурган төшөктүн жанына дастарконго үстү жабылган бойдон алып келип коюп, көк чай демдеп келгенде атасы жуунуп, сүлгүнү желкесине арта салып келип олтурду. Атасынын желкесиндеги сүлгүнү алып, ары илгичке иле сала, үстү жабылган чыныга салынган мантуну атасынын жанына жылдырып, пиялага чай куюп узатты.

- Ата ушул мантуну бирин калтырабй жеп алыңыз, көпкө курсагыңыз ачпай жүрөсүз.

-Сен да жегин, мунун баары мага оор келет,-деди атасы бирди алып тиштей берип, чыныны кызына карай жылдырып.

-Жок ата мен эртең менен тамак жебейм, чай гана ичейин, дегенине атасы көнбөй туруп алгандыктан, бирди алып жеп, кайра пияланы атасынын жанына жылдырды. Айтканындай атасы мантуудан жакшы эле жеп алды. Экөө божурашып олтуруп, тамактангандан кийин, атасы сыртка чыкты. Кызынын көзүнө жакшы көрүнгөнү менен сыркоолоп көпкө чейин турбай жатканына денеси алсызданып, оорудан кубаты кете түшкөн. Башы бир аз айлангөчөк тарта түшүп барып, таза абадан көңүлү ачылгандай сезилди. Кымбат дастаркону жыйнаштырып, идиштерин жууп, анан өзү болжогон жумуштан кабар алганы шаарга кетти.

Кечээги имараттын жанына келип, айнекке илинген жарыяны кайталап окуду. « Англис жана корей тилин билген улан-кыздарды жумушка чакырабыз» деген жазууну окуду да, көп кабаттуу бийик имараттан ичкери кирип, лифт аркылуу көтөрүлүп, бешинчи кабаттан оңго бурула бергендеги дал маңдайдагы кызыл менен сырдалган ачык турган эшиктен баш бага, төрдөгү чоң столдун дал ортосунда креслодо чалкалай олтурган кыргыз жигитке салам айтып, суроолуу кайрылды:- Мен сиздерге туура кайрылып жатамбы, жарыя боюнча келдим эле?

-Жаңылган жоксуз, дал өзүбүзгө келдиңиз. Тил билесизби? –деди жигит жылмаюу чалган көзүн күлүңдөтө.

-Билем,-деди кыз жумуш табылышынан үмүтүн үзбөй.

-Канча тил билесиз? –Жигит кайра суроо катты.

-Биринчи өз тилимди. –Кыз токтоло калды.

-Өз тилиңизди билгенииңизди көрүп жатам, кыргызча сүйлөп жатпайсызбы.

-Ооба, чын эле. –Кыз да күлдү. Анан жообун улантты. Англис, корей тилдеринде эркин сүйлөй алам, себеби бул тилдерди үйрөнүү үчүн беш жыл окуп, жогорку билим алганмын.

- Олтуруңуз,-деди жигит кыздын туруп турганын эми гана байкагандай. –Анда жакшы экен. Биз сиздердей билимдүү кыздарды издеп, Кореяга жумушка топтоп жатабыз. Азырынча группа толук чогула элек. Чогулганда сизге бир апта мурда кабарлайбыз. Алдын ала даярдыктан өтөсүңөр. Жол киреңер төлөнүп берилет. Ал жерде жатакана менен камсыз болосуздар. Бир жылдык келишим менен барасыңар.

- Ал кандай жумуш?- деди кыз. – Мен өзүбүздө деп ойлопмун. Мен Кыргызстандан кетким келбейт. – Кымбат ичтеги чын сырын айтты. Ал оорулуу атасын таштап, алыска кетүүнү каалаган эмес. Бул жерде эле иштеп, акча таап, атасын толук жакшылап айыктырып алайын деген максаты бар болчу.

- Биротоло калып калмак белеңиз. Бир жылдан кийин келесиз да. Заводдо иштейсиздер, унаа чыгаруучу заводдо.

- Ал эркектердин жумушу эмеспи, кыздар эмне иш аткармак?!

- Кыздар заводдун администрациясында иштешет, ошол себептүү тил талап кылынып жатпайбы. Маянасы жакшы. Доллар менен төлөнөт. Биздегиден төрт-беш эсе жогору маяна, эмне сизди канааттандырбайбы?!

-Канча кыздар кетип жатышат, барышканы менен жумуш табылбай көчөдө калганы канча, депутаттар айтып чыгышты го. Жети жүз кыздын болгону жүз элүүсү иштеп, калганы белгисиз экен. Бул жерде айта бересиздер, Кореяга барып көрүптүрсүздөрбү, мен ишенбейм. – Кымбаттын тартынбай, шыр сүйлөгөн сөзү жигитке жага түштү сыягы, ордуна туруп, кыздын жанына басып келди да, бет маңдайлаш орундукка олтура кетип, үн катты?

-Сиз туура айтып жатасыз, сиздин билимиңиздин жогору экендиги ушул жерде байкалып турат. Ал кыздар өз укуктарын коргоону билишпеген, алданып, жалган жарыя аркылуу кете беришкен, кээси бирөөлөрдүн алдамчылык аракетине ишенишкен. Биздин фирма андайлардан эмес, жөнөтүп жаткан кызбы, балабы, баарынын бара турган дареги тууралуу толук маалымат жыйнап, алдын ала ал тарап жөнүндө толук иликтөө жүргүзүп бүткөндөн соң, келишимдин негизинде толук мыйзамдуу болсо, анан жөнөтөбүз. Жөнөткөн жаштар да сиз сыяктуу билимдүү, акылдуу жана жөндөмдүү болушу керек. Биздин сизге айткан завод менен түздөн түз келишимибиз бар. Аларга тандалган отуз жаш адамды жөнөтүүгө тийишпиз, болгону бир жылдык келишим менен.

Анын сөзүнө бир аз ынана түшкөн кыз бир саамга ойлоно кетти. Бул жигит туура айтып жатса, барганым дурус го. Маянасы да жакшы экен. Бир жыл заматта өтүп кетет, ага чейин атама каражат жөнөтсөм эжем дарылатат чыгар, анын беш

баласынын атасы го, ага да атамдын саламатчылыгы керек эмеспи. Убакытты утурбай кете бергеним дурустур.

- Ойлонуп көрүңүз. Кыргызстанда сиз сыяктуу канча билимдүү жаштар жумуштун жоктугунан эмне кыларын билбей жүрүшөт. Дайындуу жумуш болгондон соң, иштеп келиңиз, балким Корея сизге жагып калар. Ошондо бизге ырахмат да айтаарсыз. Үйүңүзгө барып, ата-энеңиз менен да кеңешип көрүңүз. Алар бизден да акылдуураак, сизге туура кеңеш беришер балким,-деди жигит.

-Макул сиз айткандай кылайын, туура ата-энемдин да пикирин угуп көрөйүн. –Кыз ордунан аста козголду.

- Токтой туруңуз, мен сиздин таржымалыңызды, анан байланыш телефонун жазып алайын, а бул болсо менин визиткам, макул десеңиз байланышууга мүмкүнчүлүгүңүз бар. -Кымбат жигиттин колунан визиткасын алды да, өзүнүн телефонун калтырып, кош айтыша кайра лифт аркылуу биринчи кабатка түштү. Бул жумуш туурасында атасына билдирип, аны менен кеңешип көрүүнү туура тапты. Ал шашып жөнөй бергенде өзү тил үйрөткөн эки баланын атасы жолугуп калып, убагында эмгек акысын төлөй албай калганын айтып кечирим сурап, капчыгынан эки жашыл кагазды алып узатты. Кыз рахматын айтып коштошо берип, үйүнө кетейин деп барып, кайра атасына ысык тамак жасап берүүнү ойлоп, базарга кире кетүүнү ылайык тапты. Базардан тамак-ашка керектүүлөрүн бат сатып алып, эки колуна эки сумканы көтөрө ошол эле жерден башка эч кимге кайрылбастан, туура эле маршурттук автобус менен үйүнө карай жөнөдү. Ал келгенде атасы үйдүн алдындагы бир түп алманын түбүнө коюлган орундукта олтуруптур. Алыстан эле кызын көрө сала, эки колундагы чоң эки сумканы байкай калып, жумуш издеп барбай эле кимдир бирөөдөн карыз алып, сатып алганбы деген ой келе калды. Кызынын бутунун башына чейин карап олтуруп, кечээги секелек кыз бүгүн бой тартып, супсулуу кыз болуп калганына

жетине албай, ушул кызынын бактысына ден соолугу чың болуп, тезирээк айыгып кетишин тиледи. Көзүмдүн тирүүсүндө жакшы жигит туш болуп, экөөнүн үйлөнүп баш кошуп, балалуу болушун көрсөм, баласын колума алып көтөрсөм деген арзуу тилеги бар эле.

-Кандайсыз ата, жакшы эс алып олтурасызбы, өңүңүзгө караганда бир аз оңоло түшкөндөйсүз, кабатырланбаңыз ата, сөзсүз жакшы болуп кетесиз, биринчиден тамакты көбүрөөк жешиңиз керек,-деди кыз атасынын жанына жете келип.- Үйдө эжем барбы, инилерим мектепке кетишкен чыгар.

-Эжең базарга, балдар окуусуна кетишти. Мен болсо өзүң көргөндөй колумдан жумуш келбей минтип олтурам кызым.

-Эжем барбаса деле болмок экен, мен бир аз тамак-аш көтөрө келгенмин.

-Жаныңда акчаң жок эмес беле?

-Жок болчу беле ата, эки балага тил үйрөтүп жүрбөдүм беле, ошондогу маянамды эми алдым да, базарлык кыла келдим. Сиз сыртта таза абада олтуруп туруңуз, мен болсо, сизге бат быша турган тамак жасап берейин, анан кечинде баарыбыз чогулуп жегидей даамдуу бир нерсе жасайбыз.-деди көтөрө келген баштыктарды колуна ала, үйгө карай басып баратып. Жумуш тууралсында тамактанып бүткөндөн кийин айтмак болду, балким атасы каршы болоор. Кантсе да, бир ооз айтып көрүүнү туура көрдү. Атасына деген шорпосу бат эле бышып, артынан чайын демдеп, сыртка жай даярдап, салкын абада атасы менен кызы тамактанышты. Атасынын табити бир аз ачыла түшүптүр. Чыныга бөксөрөк куюп берген шорпону бир туурам нанды туурап шашпай олтуруп, аз аздап болсо да ичип алганына кыз сүйүндү. Артынан дарысын ичирип, буюрса атам айыгып кетет экен деп кубанып турду. «Эми айтсам туура болор»,-деп ойлонуп алды да, сөздү эмнеден баштаарын билбей турганда атасы өзү сөз баштады.

- Бүгүн эрте келгениңе караганда жумуш тапкансыңбы.

Же сен окуткан балдардын атасына жолугуп калып, мага илинип келе бердиң окшойт.

- Бардым ата, кечээ айткан жарыя боюнча бардым. Кореяга тил билген адистерди ишке чакырып жатышыптыр. Унаа чыгаруу завод экен. Ошол заводдун администрациясында иштей турган тил билген адистер керек болуп жатыптыр. Маянасы жакшы, жатакана менен камсыз болушат дешет.

-Корея деген алыс го. Эгерде өзүбүздө жакшы жумуш болгондо сен сыяктуу жаштар адистик алып алышып, жумушсуз олтурушмак беле. Барганы жатасыңбы кызым?-атасы кызын кейиштүү карады. Анын көздөрүнө жаш кылгырып турду. Кыз ыйлап жатты. Арзуу үмүт менен окуткан атасынын эмгегин актай албаганына зээни кейиди. Азыр эле кызын алыска узатып жаткандай Кубаттын да каңырыгы түтөп кетти. Мамлекет болуп туруп, өз жаштарына, болгондо да акылэси жетик, билимдүү жаштарга жумуш таап бере албаганына өзүнчө кейиди. Кызын аяды. Аны сыртка, болгондо да өзү көрбөгөн бөтөн өлкөгө жөнөтүүнү кыя албады.

Кымбат атасынын оюн билгендей ачык айта албай буулугуп олтурду. Бир аздан кийин чечкиндүүлүгүн карматып, жолдо келатып, кайра-кайра ойлонуп, келген чечимин билдирди.

-Ата эжем иштебесе, сиздин беш миң сом пенсияңыз биздин үй-бүлөлүк тиричилигибизге жетпешин билесиз. Инилерим да улам чоңоюп баратышат. Алар да эми эле катарынан мектепти бүтө башташат, буюрса мен да турмушка чыгам, ошого дейре мен жакшы жумуш таап иштеп, силердин турмушуңарды оңдоого салым кошушум керек, бул жерде болсо билесиз ата, жарытылуу жумуш жок, болсо да болбогон маяна менен кантип силерге жардам бере алам. Ашып барса беш-алты миң акча силерге эмес өзүмө да жетпейт го. Ошондуктан, бир жыл бат эле өтүп кетет, ушул бир жыл эптеп чыдаңыз, иштеп акча таап келейин. Билимим бар, кай жерде болбосун өз укугумду коргоого кудуретим жетет ата, буга чей-

ин мага ишенип келгенсиз, окуумду бүткүчө сизди уят кылбай келдим, эми эс-акылым токтолуп калганда, сиздин педагогдук ысмыңызга доо кетирбеймин, эгерде барчу болсом мага уруксат бериңиз. Башкалар деле иштеп жатышпайбы, ошолордун катарында мени да кудай колдоп, жолумду берсин, батааңызды берип, жылуу маанай менен узатыңыз,-деди кыз чечкиндүү. Сүйлөп жатканда кызынын ай чырайлуу жүзүнө тигилип, анын көздөрүнөн акылы жетилип калганын, жүзүнөн токтоолукту, сабырдуулукту сезди. Бат эле жетилип, чоң адамдай калыптана түшкөнүнө бир чети таң калса, экинчиден жетине албай, кубаттанып калды. Бир чети кызынын туура айтып жатканына ынанды. Бул жерде эмне кылмак, кудай колдоп жолун берсе. Бешенесине жараша иши жакшы болсо, бир жыл бат эле өтүп кетет, акча менен келсе. Бул жерден өзүнө иш уюштуруп алса, андан ары улантып кетер деген ойго келген атасы ичинен макул көргөнү менен дароо сыртына чыгара албады.Кызы болсо, атам каршы чыгып жатат деген ойго келип, кайра батынып, жообун сурай албай, бир саамга үнсүз олтурду да, дастарконун жыйнап, ичкериге кирип кетти. Алтынчач жаткан бөлмөгө кирип, күндөгүдөй эле жайылып жаткан төшөгүн жыйып бүтүп, инилери жаткан үйгө кирип, барынын жыйналуу турган керебеттерин көрүп ичи жылыды. Кичинесинен тартып, жаткан төшөгүн жыйнап, чечкен кийимдерин иреттеп коюуну өзү үйрөткөн. Жакшы тарбия алган балдар ушул жол менен кетсе, жаман болбойт. «Инилерим жакшы өсүп жатышыптыр. Баары биринен бири акылдуу, биринен бири мага жакын, ысык, ушуларды таштап, кантип жүрөөр экенмин, сагынам го»,-деп ичинен ойлонуп. Алардын сабактан келеер убагы болуп калгандыктан, шашыла тамак жасоого киришти. Өз колу менен жакшылап камыр жууруп, кесме жасап берүүнү ойлоду. Тез кыймылдап, бирок жумуштун майын чыгара жасоону балалыгынан үйрөнгөндүктөн, камырды жууруп коюп, тыныккыча казанды асып,

майдан өлчөп куюп, этти, баарын кууруп, суусун куюп, камырды жайып, кесмени кесип бүткөндө арып-чарчап, колуна бир баштыкты көтөрүп, Алтынчач келди. Жолдошунун сыртта басып жүргөнүн көрүп. Оңолуп калганына көзү ишенбеди.

-Атасы кудайга шүгүр, басып кетипсиз, мен сизди…

-Эмне баспайт дедиң беле,- Кубат күлө үн катты бир чети аялын тамашалай, анан ичтеги оюн билгендей.

-Мен сизге душман белем кубанып жатпаймынбы.Кымбат тамак жасап жатабы, азык-түлүк түгөнгөн эмес беле, бат эле келейин дегенмин, кошуна келиндер да барышкан экен…

-Ашканада олтурдук де. –Сөзүн бүтпөй toktogon аялынын кайда жүргөнүн билгендей Кубат оозуна сүйлөдү.

-Көзүңүз ачылган го.

-Кымбат тил үйрөткөн балдардын атасы эмгек акысын берип, базардан баарын алып келип, бу экинчи тамак жасашы.

-Жакшы болуптур да, бала ошентип ата-энесин багат. Качанга чейин биздин мүрүбүздө олтурмак, чоңоюп калды.

-Баягы адатыңды баштабай кое тур. Тынч олтуруп тамак жейли. Бүгүн кулагыбыз тынч олтуралы. Үйгө кир. Кымбаттын тамагы бышып калган чыгар. Тигине балдар да мектептен келатышат.

Бирин артынан бири кубалашып келатышкан балдарын карап курсант боло түшкөн Кубат токтой калды. Сеткасын көтөрө ичкери кирип кеткен Алтынчачтын шаңкылдаган үнү угулду. Бирде сүйлөп, бирде күлүп жатканын угуп, Кубат пейили оңолуп калганбы деп ойлонуп, ошол эле мезгилде балдарын ачык кабагы менен тосуп алды. Балдар да атасынын басып жүргөнүн көрүп, бары жете келишип, сүйүнө жарыша сүйлөштү.

-Куттуктайбыз ата, жакшы болушуңуз менен.

-Оо азаматтар, жакшы окуп келдиңерби, дароо киргиле да, кийимиңерди алмаштырып, колуңарды жууп, дастарконго келгиле. Силердин келишиңерге эжеңердин тамагы да бышып

калган чыгар.

Атасын алдыга өткөрүп жиберишип, артынан кезеги менен үйгө киришкен балдар Кубаттын айтканын аткарып, бир аздан кийин дастаркон четине келип, жашына карап, катарынан олтурушту. Бул да эжесинин тарбиясы.

Бүгүн күндөгүдөй эмес, баары көңүлдүү. Кубаттын да маңдайы жарык. Алтынчач адатындай булкулдаган жок. Бир чети буга себеп Кубаттын бүгүн баары менен чогулуп, дастаркондо кошо олттурушу. Балдар чыр-чатаксыз, тынч олтуруп тамактанып жатышканына чоңдорду элеңдеп карашып, баары ойдогудай экенине көздөрү жеткенде эркин олтуруп тамактана башташты. Аларды карап, Кымбат аста күлүп алды да, мунусун билдирбей чай куюп биринчи атасына, кийин эжесине, анан катарынан пиялага куюп, инилеринин ар биринин астына койду. Дастаркон четинде ашыкча сөз айтылбады. Баары өз ичинен ойлонуп жатышканы белгисиз. Атасы менен кызыныкы белгилүү. Алтынчач эмнени ойлоп жатышат, балдарда эмненин ою, даамдуу тамак болуп, курсагы ачпаса, сабагын окуса болгону. Бош болгондо эжесинен уруксат сурап, анан ойногону көчөгө чыгышканы болбосо, үйдөн сыртка кете беришпейт. Тамактарын ичип бүткөндөн соң, идиштерин дастаркондун четине жылдырышып, муздагырап калган пияладагы чайды шуурулдата ууртаашты да, дастаркондун четинен бир аз артка жылып олтурушту. Атасы балдарынын кыймыл-аракеттерине сарасеп салып олтуруп, тартиптүү чоңоюп жатканына сүйүндү.

-Тамак даамдуу жасалыптырбы?-деди Кубат балдарына мээримдүү карап.

- Во,-деди кичүүсү баш бармагын көрсөтө.

- Тойдуңарбы?- деди эжеси баарын сыдырата карап.

-Аяббай тойдук.- Кичүүсү кайрадан басым менен «Б»ны айтып. Анын сөзүнө башкалары күлүп калышты.

-Тойбосоңор дагы куюп берейин,-деди Кымбат чоңдоруна

кайрылып.

-Тойдук эже, бүгүнкү тамагыңыз аябай ширин болуптур, рахмат сизге.

-Эмне мен жасаган тамак даамсыз болчу беле?- Алтынчач балдарына ороң этти.

-Жоок апа, сиз деле даамдуу жасайсыз, бүгүнкү тамактын эти бар экен да. –Улуу баласы апасынын көңүлүн ооруткусу келбей, бирок чындыгын айтты. Балдарынын көптөн бери эт жебей калганына Кубаттын ичи ачыша түштү. Ал да болсо өзүнүн эки-үч айдан бери ооруп калганы, болбосо пенсияга чыгып алса да, мектепке барып, окуучуларга сабак берип жүргөн. Эмгек стажы кырк жылдан ашык, өзүнүн да тажрыйбасы бар, маянасы деле жаман эмес болчу. Пенсиясын кошкондо он беш миңдей айлык алып, эт үзүлбөй, тамак-аштан өксү болбой жашап эле келатышкан. Ооругандан бери мектепке да бара албай калды, топтогон каражаты өзүнүн дарысына жумшалып, өөнөп жашап калышканы да ошондон. Инилеринин жакшы тамак ичип, жакшы кийинип жүрүп, акыркы мезгилде андай болбой бир аз чүнчүп кетишкенин байкап жүргөн Кымбат бүгүн беш кило эт, анан тамак-ашты мол алып келген. Шаарга барсам иштетем деп, жанына бир азын алып калып, калган беш миң сомду атасына кой деген эркине койбой берип салган. Бул анын иштеп тапкан биринчи маянасы болчу. Кызын аяп ичи ачыша түшкөнү менен ашыкча сарптабаганын бир чети туура көрүп, пенсиясы чыкканча керекке жарап турарын ойлоп, (керек болсо аны да өзүнө берип турмак) унчукпай, ички чөнтөгүнө катып койгон. Анын кийимин алмаштырып, жууп туруу Алтынчачтын оюна да келбейт, атасынын боюбашына, кийим-кечесине кам көргөн да Кымбат. Алтынчач бул акчаны көрсө кийинкини ойломой кайда, бир күндө эле сапыра калат, баягы отурушу чыгат, же туугандарына, жок дегенде базарга барчумун деп кудуңдап жөнөйт да, кызарып-татарып, кечинде эч нерсе болбогондой бир килодон картошка, пияз,

бир литр май алып, бетине кармап кирип келет. Мурда маянасынын бардыгын колуна кармата берип жүрүп, эки күндөн кийин эле калбай калды деп, кур-жалак олтуруп калган Алтынчачтын пейилин көрүп, кийин берсе да керектүүсүн берип, калганын катып койгонго үйрөнгөн. Чөнтөгүнөн акыркы акчасын берип, базарга узаткан. Кудай жалгап, бүгүн бир баштык толтура окат-аш алып келген го, анысында да эмне алганы белгисиз, мурдатан тамак-ашка аралашып көрбөгөн Кубат бул жолу да эмне алдың деп сураган жок.

Азыр мына ушуларды ойлонуп олтуруп, бир саамда баары аны карап калышканын сезди.

-Ата дастарконго бата кылалыбы?-деди Кымбат.

-Сага эмне болгон, сүйлөбөй, ойлонуп эле калгансың?-деди Алтынчач, күйөөсүнүн эмне тууурасында ойлонгонун кайдан билсин?

- Эмнени ойлонмок элем. Чарчадым. Ичип бүтсөңөр мейли. Келгиле бата кылалы анда. Омиин, дастарконго береке берсин, кудайым Жараткандын көзү түз болуп, ырыскыдан кур койбосун. Кымбат кызым, маңдайың жарык, жолуң ачык болсун, жаманчылык көрбө, бактыңды берсин. Балдарым силер да тарбиялуу болуп, жакшы окуп, элдин керегине жараган азамат болуп чоңойгула. Апаң экөөбүзгө да ыйман берип, силердин алдыңарда кадыр-баркыбыз менен жашап, тоюңарды көрүп, келиндердин колунан чай ичкенге жеткирсин. Оомминн. Жатып эс алалы.- Кубат алаканын жайып, жүзүн сылай бата кылганда, балдары да атасын туурап, бата кылышты да, ордуларынан туруп, ичкен чыныларын көтөрө, эжесине жардамдашып бүтүшкөндөн соң, Кымбаттын айтуусу боюнча күндөгүдөй үй тапшырмаларын аткаруу үчүн бөлмөлөрүнө кирип кетишти. Эми эле ашканадан бошогондо эжеси келип, ар биринин сабагын текшерерин билишет. Буга эжеси да, алар да үйрөнүшкөн. Алтынчач болсо, тамак ичилип бүтөрү менен оозун чоң ачып, эстеп алып, уктаганы бөлмөсүнө кирип кет-

ти. Кубат керээлиден кечке сыртта жүргөндүктөн, төшөгүнө жатары менен көзү уйкуга илингени турат. Бүгүн Кымбат да эртерээк эс алгысы келди. Инилеринин сабагын бир сыйра текшерип бүткөндөн соң, саат тогуз болбой бөлмөсүнө кирип, бир аз телевизор көрдү да, жатары менени дароо көзү уйкуга кетти. Чоң иниси Керим эшик кыңкая ачылып, эжесинин уктап калганын көрүп, телевизорду өчүрүп, эшикти сыртынан жапты да, инилеринин жанына кирип, өз төшөгүнө жатты.

Акыркы мезгилде күндүн кантип өткөнү билинбей калды. Бат эле таң агарып, бир аздан кийин эле күн батып кеткендей сезилет. Жаз келгени эчак. Дарактар көк-жашыл жалбырак чыгарып, жерди тулаң каптады. Шаар жаз көркүнө келип, чымчыктар сайрап, дарактан даракка секирген тыйын чычкандар жанданып, дегиси табияттын сулуулугу шаарга биринчи келгенде боюн караган сулуу кыздай көркүнө чыкты. Күндөр ан сайын закымдады. Кымбаттын баягы ишинен кабар болбоду. Анын үсүтүнө сыртка барууну каалабады да, Корея туурасында сөз чыгарып көргөндөн бери атасы да унчукпады. Күн сайын шаарга каттап, ар кайсыл жерде илинген жарыяларды телмире тиктеп, ал боюнча барган жеринде « Эртерээк келсеңиз болмок экен, киши алып алдык эле» деген сөз укса, « кээси сиздин тажрыйбаңыз жок турбайбы» дейт, же « азыр жумушка конкурс менен гана алынат», деген жооп угат. Конкурс дегенинен бир, эки жерге өзүнүн таржымалын жазып калтырып, конкурсуна деле катышып көрөйүн деп ойлоду. Кантсе да, жумуш табышы керек. Ал эми өкмөттүк ишканаларга да баш багып көрдү, аларда да жумуш оруну табылбады. Аргасы кеткенде «Кореяга иштегени жаштарды топтоп жатабыз» деген фирманын каалгасын кайрадан кагып кирди. Анын таржымалын алып калган жигит сырттан кире бергенде эле, эски таанышындай жылуу кабыл алды. Жылдыздуу өңүнө жараштыра жылмая турган калыбында жумшак сүйлөдү.

-Келгениңиз ырас болбодубу,-деди бизге жазылгандардын

баарын карап чыгып, тандап алгандардын арасында сиз да барсыз, куттуктайм, бир апта бул жерде окутуп-үйрөтөбүз да, андан соң, баарыңыздарды жөнөтөбүз. Бүгүн жумуш көбөйүп кетип, эртең кабар берели деп турган элек. Бул жерге келгениңизге караганда ойлонуп, бир чечимге келген окшойсуз.

Кыз унчукпай башын ийкеп койду. Кореяга барып иштөөгө көңүлдөнө түштү. Иштейин десе башка жумуш табыла койбоду. Эми атасына экинчи ирет айтып түшүндүрүүнү чечти. Атасы да бир топко оңолуп калды. Үйдөгү майда-барат жумуштарды жасап, тиричиликке аралаша баштаган. Муну көрүп, Кымбат аябай сүйүндү. Ал эми өгөй апасынын мүнөзү мурдагыдан да оорлошуп, басса-турса кагынып- согунуп, мүнөзү аябай кырс тартып кетти. Баягы өзү айткан Гүкүнүн иниси келсе, аны күйөөгө бермей болду.

-Кичинесинде келгенмин, жашы да өтүп баратат, кызым катары турмушка берүү менин энелик милдетим. Сураган калыңды беришет. Россияда иштеп, каражат таап келет экен. Анын үстүнө ата-энеси да бай кишилер. Кызың кем-өксүгү жок, ханышадай жашайт, биз да бутка туруп алабыз. Качанга чейин ушинтип жетишпей жашайт элек. Үйүбүздү оңдойбуз элчилеп, балким кабаттуу үй да салып аларбыз,-деп атасына божурап, безеленген өгөй энесинин сөзүнө капа. Ал жигит угушуна караганда мурда аял алып, эки балалуу болгондо ажырашып, Россияда иштеп жүргөнүн, мурда үйлөнгөнүнө карабай бешенесине чертип кыз алам деп, эч кимди жактырбай жатканын угуп алып, ан сайын бул жигит тууурасында жакшы ойдон алыс болду. Сыртынан эле көңүлүндөгү жигит эмес экенин баамдап, чындап эле Кыргызстандан кетип калууну туура көрдү. Буга чейин деле ага канча жигиттер сөз айттырган. Ал жактырган жигиттердин сунушун кабыл алган эмес. Анткени, Кымбаттын байлыгына эмес, адамгерчилигин жактырган жигити болгон. Ал жигиттин ата-энеси карапайым мугалимдер болчу. Жигиттин жуучулукка келген ата-энесин

Алтынчач жылуу кабыл албай, Кубаттан мурда эле жообун берип койгон. Ошентип, Алтынчачтын таасиринен арзышкан жаштар баш кошо албай калышты. Байга теңелгиси келген аялдын самаганы кечигип жатканы аны ан сайын урушчаак кылып койду. Кымбатты чоң калыңга сатып, байыгысы келген ою таптакыр жадынан кетпей койгондуктан, кандай айла таап болсо да кызды бардар жерге күйөөгө берүүнү көздөп жүрөт. Азыр анын оюнда Гүкүнүн иниси турат. Ал эки айдан кийин келип, келери менен үйлөнмөк деп жигиттин эжесинен уккандан бери аягы тыйылбай Гүкүнгө кошоматтанып, анын үйүнө кирип-чыкканы көбөйгөн. Аялынын жоругу Кубатка да жаккан жок.

- Эне болуп, балдарыңды карап, үй тиричилигин жасап олтурсаң болбойт беле. Сен ушу бир нерсени баштаганы турасың го. Дагы баягы Гүкүнүн өзүң көрө элек инисине Кымбатты таңып жаткан окшойсуң. Кызым макул болсо да, мен ага каршымын. Зордоп таңуулаганыңды кой, кыздын бактысын ойло, анын көз жашын агызып, жыргап жашайм деп жатасыңбы, эгер жакшы болсо, өзүнүн аялын эки баласын менен кошо үйдөн чыгарып, кароосуз калтырып коймок беле. Гүкүндүн иниси мындан ары түшүңө да кирбесин.

-Эмне бышырып жейсинби үйдө кармап, убакыт өтөт, кара далы болуп, эч жерге батпай калат. Элдин кыздары сүйүү, күйүү дебей эле жакшы жерге турмушка чыгып, ата-энесин жыргатып жатат. А сен болсо, Кымбаттан мурда эле терсаяктанасың. Минтсең, сенин болбогон пенсияң, балдардын нанга жетпеген пособиеси менен кантип жашайбыз.

Атасы менен өгөй энесинин бул кыжы-кужусун короодо жумуш кылып жаткан Кымбат бир апта мурда угуп койгон. Бул биринчиси эмес болчу, ага чейин деле Алтынчач бир нече жолу кулак кагыш кылып жүргөн. Ошондуктан, ал тезинен Кореяга кетип калууну көздөдү. Атасы менен ушул туурасында сүйлөшүү керек. Ал үйгө келгенде баягыдай эле атасы

үйдө жалгыз болчу. Кызын көрүп сүйүнүп кетти.

-Келдиңби кызым, курсагым ачкандай болуп жатканынан жалгыз чай иче албай турганмын.Ырас болбодубу,экөөбүз олтуруп чай ичели,-деди атасы ал кирери менен. Ичинен Алтынчачка ачуусу келгени менен анысын сыртына чыгарган жок, бирок, атасына чын сырын айткысы келди. Дароо кийимин алмаштырып, чай коюп, кайнагыча үйдө болгонун дастаркон-го коюп, көп өтпөй чайын демдеп, атасынын жанына келип олтурду. Кызынын кыймыл-аракетине көз кырын таштап олтурган Кубат ичинен кызынын бактысын тилеп жатты. Бүгүн эле эмес, күн сайын тилегени анын бактысы. Оорусунан айыккандан бери беш убак намаз окуй баштаган. Барган сайын денесине кубат кирип, бир топ оңолуп калды. Мурдараак эле намаз окусам болмок экен деп ойлоду. Ар бир намазында кызынын, балдарынын жолу ачык болуп, таалайлуу жашашын Жараткандан тилейт.

-Ата эжеме айтпайсызбы, үйдө олтуруп, сиздин окат-ашыңызга карабайбы, убагында тамактанбай жүрсөңүз, ден соолугуңуз ан сайын начарлап кетпейби, мен жокто инилеримдин оокатына да караган киши жок. Силер кантесиңер деп ойлойм.

Кыз муңая жерди тиктей бир саамга унчукпай калды.

-Ал оңолмок беле, бешене экен, ушинтип жашообуз өтө берет, айтпады дейсиңби, дайым айтам, укпайт да, дагы бир аз убакыт бар, эртең эле балдар чоңоюп калганда, окат-аштан кыйналбайбыз. Эжеңе качандыр учурда нысап бергиси бардыр. А сен болсо бизди ойлойбо, өз бактыңды тиле. И баса сен Корея туурасында айттың эле, эмне болду, балким барып иштеп келээрсиң, бир жыл дедиң эле го. Бул жерде жүргөнчө барсаң бар, үйдөгү шартты көрүп жатасың, ал жакта деле канча кыргыздар бар, бактыңды ошол жактан табаарсың, мен ошондон бери ары-ойлонуп бери ойлонуп, ушундай чечимге келдим.

Кыз атасынын сөзүнө кубанып калды. Сөзүмдү кантип баштаймын деп турганда атасынын өзү андан мурда макулдугун берип олтурганын көрүп, бир топ жеңилденип, ачылып калды.

- Ата мен азыр ошол жактан келатам. Бир аптадан кийин окутуп, жөнөтөбүз дешти. Мен алардан кайра-кайра мыйзамдуу бекен деп сурадым. Билимим бар, тил билем, кайда болбосун өз укугумду коргой алам, сиз кабатыр болбоңуз, мен жакшы иштейм го, билесиз. Жакшы акча таап келем. Алгач сизге акча жөнөтөм, курортко барып ден соолугуңузду чыңдап келесиз. Анан акча жөнөтсөм, балким чарба кыларсыз, өзүңүз да алаксып калаарсыз,-деди кыз.

-Кызым, сен өзүң бутка туруп алсаң болгону. Инилериң билесиң жакшы окушат, ушулар кесипке ээ болуулары керек. Сөзсүз эле жогорку билим алышы керекпи. Бүгүнкү күндө зарыл болгон адистиктерге ээ болуп алышса болгону, мына ушул тапта курулушта иштей турган канча гана адистер керек болуп турат. Алгач атайын орто билимге ээ болуп алышса, эркек балдарга жогорку билим алууга ар убакта кеч болбойт, иштеп да окуусун улантып алышат. Сен сарсанаа тартпай бара бер.

Кымбаттын Кореяга кетиши да бир заматта чечилди. Ага чейин бир аптадан ашыгыраак убакыт бар. Кеткенче Алтынчачка айтпай турган болушту. Эч нерсени билгизбей бир апта үйдөн чыкпай атасы менен инилеринин кийимдерин бирин калтырбай жууп, тазалап, үй ичин, короого чейин иретке келтирип жүрдү. Акиташ, сыр алып келип, үйдү актоого, эшик-терезелерин сырдоого да үлгүрдү.

Ошол күнү өзүн Жаныш деп тааныштырган буудай ыраң келген, келишимдүү жигит да аны менен жанаша олтуруп, бирге учту. Ачык айрым жигит бекер кетпей кантип, Кореяга иштегени бараткандыгын, буга чейин эмне иш жасап жүргөнүн жаап-жашырбай айтып баратты.

X X X

Буудай ыраң жүзү дайыма жаркылдап, дили таза наристедей ишенчээк болчу. Тармал чачын бир аз өстүрүп алчу. Анысы бат өскөндүктөн, тез-тез шаардагы чачтарачка барып, зерикпей чачын алдырып келчү. Келатканда да кур келбей апасы Бурмага бир кило нават, анан бышыкчылык болсо жүзүм, кышындасы нават менен кошо апасы жумшак жесин деп, майлуу токоч көтөрө келчү. Баласын аяган апасы «өсүп кетиптир чачымды алдырып келейин», деп кийинип жөнөп калганда эле эскерте кетчү, «дагы мага аны-муну алам деп убара болбогун, ишиңди бүтөрүң менен жөн эле келгиниң, уктуңбу балам». Баласы « макул» дегендей башын ийкегилей, анан кетип баратып, апасынын бетинен бир өөп алып жөнөп кетчү да, кайтарында баягыдай эле атаганын албай келчү эмес. Бир чети буга апасы да көнүп калган. Ал үйдө апасы менен жашачу. Мектепти алтын медаль менен окуп бүткөрдү. Кийин окуп алармын деген ойдо окуусун уланта албай, апасына каралашып, үйдө калды. Өзүнөн чоң агасы Курсант эрте үйлөндү. Эки балалуу болгондо келинчеги да балдарын кайын энеси менен күйөөсүнө таштап, элчилеп, Россияга иштегени кетти. Мүнөзү жумшак жигит « барам» деген жагына кое берди. Кайын эненин «Бөтөн жер, бөтөн элде не кыласың, эл жерин иштетип деле тиричилик кылып жатпайбы, силер деле ошентпейсиңерби», деген сөзү кулагынын сыртынан кетти. Кеткен бойдон анысы кайрылып келбеди. Наристелердин бешенесине чоң энеси улгая элек, күч-кубаты бар, бели бүтүн болгондуктан, балдары менен неберелеринин кирин жууп, тамагын бышырып кала берди. Жаз-жай айында эки баласы жерин иштетип, тиричилик өтүп жатты. Кыйналды көрүнөт, кийинки жылы үлүш жерин бирөөгө сатып жиберди да, чоң уулу оокат-ашын камдап берип, бир аз акчасын апасынын колуна карматып жатып,ичтеги сырын айтты: «Апа мен да Россияга иштегени барайын, балдардын баары

эле кетип жатат, карасам, айылда досторумдун бири калбаптыр. Мен эле сомсоюп жалгыз жүрөм, иштеп, силерге акча салып турам, иним менен неберелериңиз бири чайыңызды демдеп, экинчиси отунуңузду жарып берүүгө жарап калды»,- деди да Москвада иштеген досу салган каражат менен ал да кетти. Агасы жерин да сатып жибергендиктен, айылда жумуш жок. Үйдө олтура бергенден эмне пайда, агасынан кийин көп убакыт өтпөй ал да, «Апа мен Бишкекке барып иштейин, сизге ай сайын акча салып турам, инилерим жаныңызда го, чоңоюп калышты, бекерчиликтен жадап кеттим»,-деди апасынан уруксат сурады. Бурма баласынын сөзүн жөндүү көргөнү менен кетиргиси келбей турду. Эпке келеби деп, айнытууга аракет жасап көрдү. Өзү бир бүтүмгө келип алган жигит айтканынан кайтпай туруп алды. Ошол күнү эле кечинде таксиге олтуруп, Бишкекке карай жөнөп кетти. Ал жакта эмне жумуш жасайт апасы билбейт, бир жарым ай өткөндө, телефон чалып, банктан акча салганын айтты. Баласы айткан банктан беш миң сомду колуна алган эне улуу баласы кетеринде камдап берген оокат-ашы да түгөнөйүн деп калганын эстеп, бир чети сүйүнсө, «тапканын мага берип, өзү ачка калбады бекен», деп ичи ачышты. Россияга мурда кеткен келининен, эки айга чукулдап калган тун уулунан да алигиче дайын жок. Жаныш акча салгандан кийин, улуу баласы эми гана жумушка киргенин айтып, өзүнүн кабарын билгизди. Апасына каралашкан Жаныш гана болду.

X X X

Ал Бишкекке келишин келип алып, эмне жумуш жасашын билбей турду. Ош базарын кыдырып баратып, араба тарткан жаш балдар менен кишилерди көрдү. «Мен да араба тартсамбы?», деди оюнда. Үйдө калган апасы менен инилерин ойлогондо намыстанганды да унутту. Агасы болсо иштегени кеткен бойдон жумуш таппай, эми гана ишке орношуптур, ал жумушу кандай, каражат таба алабы, айтор белгисиз болгондук-

тан, бул жерде жүргөн Жанышка агасынын үй-бүлөсү менен апасын кароо анын жоопкерчилигиндеги иш болчу. Ушуларды ойлогондо кабыргасы кайышып кетти, кала берсе өзү да жатканга жай, иштегенге жумуш табуу зарыл, кара курсагын тойгузуш үчүн да жумуш керек. Муну бир чети туура көрдү. Шаарда эмне иш кылып жатканын ким билиптир, эптеп иштесе болот да. Араба сүйрөп келаткан эркекти көрдү да, анын кыймыл-аракетин акмалай кетти. Бир убакта бир жаш келин колундагы жүгүн анын арабасына кое салып, «жүр», дегендей ишарат кылды да, соода кыла баштады. Ал кайсыл жерге барса, эркек арабасы менен анын артынан ээрчий жүрүп олтурду. Базарлыгы бүткөн келин базардан чыгып, унаалар токтоочу тарапка карай басты. Жигит да алардын артынан жүрүп олтурду. Элдин көптүгүнөн улам артта калып, анан кууп жетип, тигилер токтогон жерден эки-үч кадам аралыкта баратты. Бир кезде таксилердин жанына келген келин айдоочу менен сүйлөшүп, бара турган дарегин айтты да, жүгүн бирден алып сала баштады. Арабачы эркек, шыпылдап, жүктүн баарын, таксинин артына салды да, капчыгынан аңтарып жаткан келиндин колун карап турду. Ал жүз сомдукту алып, кармата берди. Эркек алары менен ырахматын айтып жөнөй бергенде, дагы бир кардар алдынан тороду. Ал да базардын ичине карай ээрчитип жөнөдү. Жигит дагы артынан түштү. Арабачы үчүнчү ирет кардардын жүгүн ташып бүткөндө күн эми гана чак түш болгон эле. Ал да араба тартууну көздөдү. Бирок, арабаны кайдан табат, азырынча ага каражаты жок. Эми тигил бейтааныш эркектен тартынбай эле араба тартуунун жөн-жайын сурап көрүүнү чечти. Ал арабасын арабакечтер турган жайга коюп, жака белиндеги ашканага киргенде кошо басты. Кардарлар өздөрүн өздөрү тейлешкен жупуну ашкана экен. Арабакеч кезекке турганда ал да артынан турду. Анын артынан тамагын алып катарлаш басты. Четте турган бош орундукка кошо олтурушту. Арабакеч тамагын жай олтуруп ичип жатты.

Ал да алган тамагын ичип, ошону менен анын кыйыл-аракетин көз кырынан өткөрүп турду да, сөзүн баштады.

- Арабаны кайдан алууга болот?

-Араба тартайын деп турасыңбы?- Жигиттин оюн дароо түшүнгөнү менен анын таза кийимине бир тигиле карап алып, суроосуна суроо менен жооп берди.

-Бир көрөйүн,- дейм.

-Көрчүүдөй ал кызбы сен үйлөнө турган.- Арабакеч анын бети-башына сыдырата карап турду да, кырс сүйлөдү. Жоош жигит сөзүн оңдоду.

-Иштеп көрөйүн дегенмин.

-Ошондой де, сен чыдаар бекенсиң. -Ал жигиттин арык чырай жигиттин турпатына дагы бир сыдырата карап алды да, кебин улады.- Ар кандай кардарга туш болосуң, ачуулуу да келет, жөнөкөйү да, байы да жолугат. Кээси жүгүн жеткиртип алып, айтканыңды бербей беш-он сом кармата салат да, унаасына олтуруп кете берет. Мингени чет элдик машина болсо да, битиреп чөнтөгүнөн акчасын чыгаргысы келбейт. Акыңды сурасаң тилдеп кеткени канча. А сен буга көнө аласыңбы, билбейм. Бирок, иштесең ижарага араба табууга болот, мен сурап берем. Алгач мен да аренда менен иштегенмин, бир-эки айда эле өзүң сатып, же жасатып аласың. Жасаткандан көрө, сатып алганың арзаныраак болот.- Арабакеч жумшара түшүп, эмнегедир ага сырын айтып, дароо эле жардам берерин да билгизип койду.

- Канча сомго берет экен, акысын качан төлөйт?

-Күндөгүсүн күндө бересиң. 100 сомуңдун 30 сомун бересиң, сен жүз сом таппайсың да, кече иштесең кеминде 500-600 сомго иштейсиң, андан ашкан күндөр да болот. Ал сенин бешенеңден, эң башкысы жөндөмүңө жараша болот. Баары эле араба тарта беришпейт. Көбү жегенге наны болбой турса да араба сүйрөгөндөн уялышат. Менин иштегениме жыл айланды. Үй-бүлөмө жетет, тамак-аштан, турган үйүбүзгө төлөөчү

ижара акысынан калганын чогултуп, аялыма тигүү машинасын сатып алып бердим, үйдө жууркан-төшөк тигип сатат. Бир топ божурап, жигитке билгенин айткандан кийин «Үй-бүлөң барбы?»-деди ал жигитке суроо узатып. «Апам жана жеңем менен Россияга иштегени кеткен агамдын балдары бар, алар азыр айылда»,-дей салды. «Аларга да жөнөтүп турушуң керек тура, энени багуу баланын парзы. Арабакечтик намыс эмес, кара эмгек, бешене тер кыласың. Азыр иштин уяты жок, ачка калуу уят. Кааласаң эртең ушул жерге келгин, сага бир араба таап берем».

Экөө кездешчү жерди белгилеп алып, тамагын ичип кош-тошту да, эртеси жолугушмай болуп, жатчу жерине кетти. Эртеси таң эртең менен кечээги таанышы айткан жерге келди. Ал эки арабанын жанында туруптур. Бири өзүнүн кечээги арабасы, экинчиси эскирээк араба экен.

-Келдиңби. Мына, бул эскирип калганы менен бышык. Менин арабам болчу. Сен иштете бер, өзүң башкасын алганда кайтарып бересиң.

Кырс деп ойлогон арабакеч жоомарт экен. Анын колуна арабаны карматты. Турган жеринен ары-бери сүйрөй, кармаган колуна коошпой тургандай сезилди.

-Жүр эми жумушубузду баштайлы. Базардын аймагына карап акыбыз 50-60 сомдон сомдон жогору. Кечээ айтпадымбы, кээси тартышып туруп алышат, айрымдары айтканыңды унчукпай берип жүгүн түшүрүп бергенден кийин кете берет, кээ бирөө андан да көбүрөөк берип коет. Бешенебизге жараша ишибиз болот да. Арабакечтин сөзүн эркектин жоон үнү бузуп жиберди.

-Мага араба керек,-деди ал корулдаган үнү менен.

-Базардан кайсыл тарапка?-Арабакеч ага суроо узатты.

-Жашылча, эт базарынан Беш-Сарыга,-деди ал.

-Мейли алысыраак тура, 120 сом.

-Кой 100 сом берейин,-деди эркек.

-Мейли. Кана жөнө, ишиң жүрүшүп кетсин.- Арабакеч жигитке карай көз ымдады. Өз оокатын берип жаткан арабакечке ыраазы боло, эркектин артынан ээрчиди. Алгач эт дүкөнүн аралап жөнөштү. Эшиктин оозунан эле соодасын баштады.

-Мобул эт канча чыгат, тартчы,-деди кассапчыга. Ал айтканын таразага койду.

-Туптуура 3 килограмм экен. 590 сом. -Эркек капчыгынан эки жүз сомдуктан үчтү узатты да, артканын алып, сыртка карай басты. Жигит анын артынан жөнөдү.Араба сүйрөп баратканы өзүнө жарашпагандай, аны бирөө таанып калчуудай эки тарабын кароодон чочулап жүрүп олтурду. Жашылча жемиш базарын аралап басышты. Ал жерден да килограммдан алышты, арабасы оорлошуп калды. Соодасынын аягына чыккандай болду окшойт. «Беш-Сарыга таксиге», деди оор денеси менен салмактуу бурула берип. Артынан арабасын илкий сүйрөп ал бaрaтат. Заматта чарчай түштү сыягы, шайманы ооп калды. Айткан жерине жеткенде, жүгүн таксиге түшүрүп берди да, ал берген 100 сомду бир тиктеп алып, чөнтөгүнө салып саамга туруп калды. Бул жумушу ага жаккан жок. Көрүнгөн кишинин артынан салпактап ээрчип, араба тартып баратканы ага ыңгайсыздай көрүндү. Бирок, жашоо үчүн иштеш керек эмеспи, анын үстүнө айылдагы карыган апасы менен инилерине акча жөнөтүп турууга тийиш. Көнө албай кыйналса да, баары бир каражат табуу керек. Ушундай бүтүмгө келип, иштеп көрүүнү чечти. Күн кечтеп калганда арабакеч экөө жолукту.

-Кандай жигит, иш оор бекен?

-Орто,-деп койду тек гана.Денеси жер тартып, чаалыгып турган. Анын жүзүнөн көңүлү тойбой турганын сезди.

-Бат эле көнүп кетесиң, жакшы иштесең, элпек кыймылдасаң, айлык алып иштегендерден жакшы табасың, иштей бер. И баса кайда турасың? Арабаңды алып кетишиң керек. Экөөбүздүкүн тең эртең менен күн сайын алып кетип алып

келе албайм.

-Дачадан ижара таптым.

-Алыс го. Жүр меникине, бүгүн биздикине кон, менин жанымдагы бир бөлмө бош, ээси баягүнү квартирант керек деп жаткан. Бош болсо, көчүп келесиң. Мобул жерде- бул базардын эле эле аркы бетинде.

Арабакечтин бул сунушу ага жага түштү. Жакын жерден ижара табыла турганына сүйүнүп кетип, анын артынан кошо басты. Баратышып, базардан бир аз окат-аш сатып алышты да, бат эле арабакеч турган жайга жетип келишти. Барак тибиндеги кыр катар эски үйлөрдүн бирине келип, ачык турган дарбазадан ичкери киришери менен алдынан удаа өскөн эки бала удааа чуркап чыгышты. Ичкериде тигүү машинанын иштеп жаткан добушу угулду. Ал аялыма тигүү машинасын сатып бердим дегенинен улам, көрбөй туруп эле эмне жумуш жасап жатканын билди. Кийимдерин кагып, тазалап сырттагы илинип турган кол жуугучка колдорун жууп, ичкери киришкенде тамактын жыты бур дей түштү. Ошондо гана курсагынын ачканын билди. Жолдошу менен бейтааныш жигиттин киргенин көргөн келин, дароо жумушун токтотуп, лып тура калды да, төргө төшөк жая кетти. Үй ичиндеги иреттүүлүктөн улам келиндин жөн билги, сарамжалдуу экенин байкады. Шыпты карай тирелген жууркан-төшөктөрдөн ашыкча бөлмөнүн ичинде казан коюлган электр мештен башка эч нерсе жок. Анан тигил келиндин тигүү машинасы. Аркы бөлмө жатчу жайлары окшойт. Жигит үн катпай салынган төшөккө олтура кетти. Арабакеч анын жанынан орун алды. Келин илбериңки кыймылдап, заматта дастаркон жайып, нанын, чайын алып келип, чыныга тамагын куюп келип, ар биринин жанына койду.

-Тамакка кара жигит, менден кичүү окшойсуң, кечке бир жайда иштегенибиз менен бири-бирибиздин атыбызды да сурабаптырбыз. Менин атым Эрмек. А сеникичи.

-Жаныш,-деди жоош жигит бир гана сөз айтып. Кайра кебин Эрмек баштады.

-Бул эки бөлмөлүү чакан тамда келинчегим, эки уулубуз менен турабыз. Экөөбүз иштеп турсак, өзүбүздүн үй да болоор. Тиричиликтин айынан мындан бир жыл мурда айылдан шаарга келгенбиз. Эптеп кыбырап жатабыз. Тамактанып болгондон кийин сага өзүм айткан бөлмөнү сурап берем, бешенеңден, бош чыгаар.

-Жакшы болмок, шаарга келип, таанышканым сиз болдуңуз. Сизге ырахмат, биринчи көрүп эле арабаңызды бердиңиз. Эми жашай турган жай үчүн кам көрүп жатасыз.

-Эч нерсе эмес, жүзүңдү карап, бае жигит экен деп, жардам бергим келди, өзүмдүн алгач шаарга келгенимди эстедим.Ошондо мен да карыган арабакечке жолуккам,ошол мага уялбай эле араба тартууну сунуштаган. Сен келгенде араба сыртта жөн эле турган. Дөңгөлөгү бошоп калган экен, оңдоп сага алып барып бердим. Атайын иштейм деп келгенден кийин көнүп кетесиң. Дагы айтам, нан тапкандын уяты жок, бул адал эмгек. Кийин башка жумуш таап кетээрсиң, азырынча ушуну кылып тур. Тартынбай алып олтур, мен караңгы түшө электе сага деген ижараны сурап келейин. -Эрмек, колун сүлгү менен аарчый, ордунан туруп сыртка жөнөдү. Көп өтпөй кайра кирди. Айтканындай бош экен. Жаныштны жетелеп чыгып, кожоюну менен тааныштырып, бөлмөнү көрсөттү. Кийинки көчөдө өзүнчө заңгыраган үйдө турат экен. Узатасынан кеткен барак үйлөрдү сатып алып, адамдарды киргизип коюп, ижара акысын ар бир айдын башында алып турарын айтты Эрмек. Ага он күнчө күтө турууну сураныптыр. Мунусу да жакшы болду. Азыр Жаныштын бүгүн кечке иштеп тапкан үч жүз сомунан башка ашыкча каражаты деле жок. Анын чөнтөгүн билгендей Эрмектин үй ээсин көндүрүп койгонуна дагы ыраазы болду. Эртең менен арабасын берди, кечинде жата турган жай таап берип олтурат. Шаарда бардыгы эле Эрмек

сыяктуу эмес. Дачада деле квартирада турат. Эми кантем деп турганда, базардын жака белинен жай табылганына сүйүндү. Ошол күнү Эрмектин үйүндө жатты. Эртеси үйгө жатканы жууркан-төшөктү кайдан табам, сатып алсамбы деп турганда дагы Эрмектин  жардамы тийди. Ал ижарага алган бөлмөсүнө киргенде бир аз эски, бирок таптаза жуулган килемче  төшөлүп, бир четине төшөк салынып калганын көрдү. Бурчта кмийим илгич турат. Артынан кошо кирген Эрмек аны кыжалат болбосун деди  көрүнөт оозуна сүйлөдү.

-Бул килем сага бекер. Тигил жүктөгү күндө сенин жатып туруууга жетээрлик бир жууркан менен эки төшөк жана жастык, келинчегимдин жаңы жасаган эмгеги. Акчаң болгондо шашпай берип коесуң.  Тамак ичкенге, идиш-аягың да бизден. Ага кабатыр болбо. Жакшы кошуна туугандан да жакын болот дешет. Буюрса кошуна жашап турсак, бири-бирибизге өтүшүп да кетет.

Жакшы адамга туш  болгонуна кубанган  Жаныштын оозуна сөз кирбей калды. Көздөрү жалжылдап сүйүнгөнүнөн Эрмектин эки ийининен кучактап, бооруна кысты.

-Ырахмат сизге, эгер сиз болбогондо... Иштеп тапканда кайтарып берем.  Менден кайтпаса кудайдан кайтсын, эки уулуңуздун убайын көрүңүздөр.

-Биз да кыйынчылыкты көп көрдүк. Бул жеңеңдин жасанган иши, ошого ырахмат де. Жүр бүгүн да биздикинен тамактан. Күндө эле бекер тамак иче берүүдөн уялган жигит ыңгайсызданып турду. Анысын байкаган Эрмек эркине көнбөй колунан кармап, үйүнө карай жетеледи.- Кабатыр болбой жүрө бер. Бир кесе тамак менен  бир сындырым нандан жарды болуп, же байып кетмеймин. «Тартынба»,-деген Эрмектин сөзүнөн кийин бүгүн да кечки тамакты анын үйүнөн ичип, бөлмөсүнө келип жатты.

Араба тартууга алгач уялып жүрсө, кийин көнүп да кетти. Тапканы жаман эмес. Чынында айлыкчынын  айлап тапка-

нынан көбүрөөк табат. Бир айдан өткөндө апасына 5000 сом салып жиберди. Өзү белендеп берген тамак-ашы да түгөнүп баратканын билет. Андан көп деле жөнөтсө болмок, Эрмек айтмакчы чогултуп, араба сатып алыпбы, же башка ишпи ай-тор керегине жаратууну көздөдү.

Базарда иш бир аз солгундай баштады. Ошентсе да кара курсактын айынан иштеп жүрүштү. Чогулткан бир аз каражаты бар, аны Эрмектин келинчегине берип койгон. Күндө тапканын керектөөсүнөн ашканын келиндин колуна тапшырат. Кийими бүтүн, курсагы ток, ашыкча чыгым деле коротпойт.

XX X

Төшөгүнө жатары менен дароо уктай албады. Терезеден айдын жарыгы түшүп турган. Сыртты карап, көктөгү жылдыздарды көрүп турду. Кечке иштеп чарчаган денеси ыкшоо тартып турганына карабастан көзү уйкуга ирмелбей койду. Оюна нелер келип, нелер кетпеди дейсиз. «Ушинтип биротоло арабакеч болуп каламбы». Ичинен сүйлөнүп алды да, өз сөзүнөн өзү чочуп кетти. Араба сатып алсам деген оюнан дароо кайтты. «Мен деле окуп, галустук байлап, костюм кийип, бир мекемеде олтуруп, бакыйып иштесем жарашпайбы. Мен араба сатып албайм, эртең башка жумуш караштырайын. Жакшысы табылып калаар». Өмүр бою арабакеч болууну каалабаган жигит эртең менен туруп, башка жумуш караштырууну чечти.

Эртеси жуунуп-таранып, жумушчу кийимин эмес, шаарга келгенде жаңы сатып алган көгүш көйнөгү менен костюм, шымын кийип, бир аз өсүп кеткен чачын оң жагына жапыра тарап, кире бериштеги күзгүгө каранып, саамга турду да, коробкадан чыкпай турган кара түстүү жылтыраган туфлисин кийди да, сыртка жөнөй берди. Эрмек жуунуп, желкесине арткан сүлгүсү менен жүзүн сүртүп жатып, Жаныштын жасана кийингенин көрө, кайсыл жигит дегендей таңыркап карай салып, үнүн бийик чыгара үн катты:

-Ой боой министр болуп калыптырсың го, каяка?

-Башка жумуш издейм.

-Айткан элем сага, бу арабакечтикти бир күнү таштайсын деп, туура кыласың, өмүр бою араба тартмак белең, оюң бир чети туура.

-Мен да түнү менен ошону ойлоп чыктым Эрмек ага.

-Анан сен жумушту кайдан тапмаксын, мейли араба тартпа дейин.

-Байкаштырып көрөйүн, бешенеден эмеспи, балким, чыгып калаар.

-Өзүң бил, биз ушу ишке көнүп калганбыз, а сен жашсың, келечегиң алдыда. Жеңеңдин чайын ичели, анан мен ишиме, а сен… өзүң айткандай жумуш изде.

Эрмек жигитти « кир» дегенчелик кылып баш ийкей үйгө карай басып келатып, ичинен ойго кетти. «Жаштардын бешенесине завод-фабрикалар дүркүрөп иштеп турганда араба тартмак беле. Бою-башы келишкен, акылы бар, окуп алса колунан бир иш келчүүдөй болуп турат. Каап, каражаты гана жок да, үйдөгү неберелерин багып олтурган энесине айланчыктабаса, бу жигит эмдигиче окуп, бир кызматтын четин чойуп калчуудай жайы бар экен. Маңдайы жарык, кийген кийими да куп гана жарашып калыптыр». Ой аралаш күндөгү олтурган жайына жайгашып, бет маңдайына олтура берген Жанышты үнсүз гана телмирип алды.

-Иним сенин айтканың чын, кийин окушуна көмөк болор жумуш караштыр. Иш чыкса деле ушул жерде биз менен бирге бир короодо кошуна жашап, жүрө бер. Ылайым жолуң ачылсын.

-Ырахмат сизге Эрмек ага, дайыма мага акылыңыз. Жардамыңыз менен бел болуп келесиз. Эгерде кийин окуп, жакшы бир кызматта иштеп кала турган болсом, сизди жардамчы кылып алам,-деди Жаныш чын дилинен жүзүнөн күлкү уялап турган калыбында.

- Эң ободу иш тап, оку, анан кызматка жет, ага чейин

убакыт бар.- Эрмек күлө карап, баео жигиттин чын пейилден айтып жатканын түшүндү. Жаныш бир тиштем нанды оозуна салып чайнап жатып, бир пияла чайды аягына чейин ичти да, туруугa камынды.

-Кел бата берип коеюн. -Жаныш эки колун бириктире алаканын жайып, жигитке бата бере баштады: Оммин, ак жолуң ачылсын, жигит пирим, Кызыр атам колдосун, Жараткан болсун жолдошуң, жаныңда жакшылык жанашып, ойлогон ой, тилеген максатың ишке ашып, жакшы жумушка туш келип, маңдайың ачылып, жаркылдап күлүп кайт.

-Ыраазымын, сиз айткандай тилегиңизди берип, бүгүн эле жакшы бир жумуш табайын,- Эрмек агасынын батаасынан соң, колу менен бетин сылап, ордунан козголо берди. Экөө бирдейинен чыкты. Эрмек өзүнүн күндөгү жумушуна, а Жаныш жаңы жумуш издегени кетти.

Керээлиден кечке жумуш издеп жүрүп, чарчаган жигит, күүгүмдө үйгө келди. Жигиттин сабыры суз келгенин көрүп, Эрмек жолу болбогонун сезди.

-Бүгүн таппасаң, эртең табасың, капа болбо. Кийимиңди алмаштырып дароо кел. Жеңең бүгүн палоо демдептир. Бу сенин жаңы жумушуңду жууйбуз деп турганбыз. -Эрмек тамашалаган болду.

-Коюңузчу, ансыз да капа болуп турган жигитти келекелебей,-деди келинчеги Жаныш өз бөлмөсүнө карай басканда.

-Көңүлүн көтөрөйүн деген элем,- деди келинчегине, өзү да орунсуз сүйлөп жибергенин ичинен туура көрбөй калган. Жаныш тез эле чыкты. Колун жууп дастаркон четине олтура ортого булоосу чыккан палоо келгенде курсагы ачканын сезди. Ошентсе да, көп оозуна бербей, үй ээлери алгандан кийин колун табака карай созду.

-Уялбай ала бер, менин бир тууганым эле болуп калбадыңбы.

- Чын эле сиз менин эң жакыны адамым болуп калдыңыз, бул жерде сизден башка таянарым жок. «Сабырдын түбү сары алтын», деп апам айтып калат. Эртең да издеп көрөйүн. Бешенем ачылса, ылайыктуу иш табылаар.

-Изде, иш өзү келет дейсинби, аракеттин да жемиши болот, балким эртең каалаганыңдай иш чыгар.

-Сиз айткандай болсо кана эле.

-Болот иним, сабыр кыл, сабыруу жетет муратка, дейт го. Сабыр кылсаң баары болот. Ийгиликтин эрте кечи жок.

- А сиз бүгүн кандай иштедиңиз?

-Жакшы иним, мына бүгүн палоо жеп жатабыз, бул бүгүн капчыгым кампайгандыктын белгиси. Бир жакшы кийип, жүзүнөн нур тамган март кишиге жолуктум. Жүгүн, базардын сыртына чыгарып берсем, дароо 500 сомдукту колума карматты да, желкемден таптап рахматын айтып, кайтарымын албай кете берди. Андан башка да жолум болуп, жүк ташып чогулткан 300 сомдой акчам бар эле. Ушунусуна шүгүр деп, үйгө азык-түлүк сатып алдым да, үйгө келе бердим. Бүгүн сени иш таппай келериңди жүрөгүм сезген. А эртең сөзсүз табасың, мени туура айтты дээрсиң. Сен да чарчадың. Эс алалы.

Мээримдүү адамдын жүзүнө карап туруп, Жаныш өзүнүн жакын адамдарынан да көбүрөөк жакшылык кылган ушул кишиге кандай жакшы сөз айтышын билбей бир саамга турду да, күндө айтып жүрчү сөзүн кайталады.

-Ыраазымын сизге Эрмек ага, кайсыл бир күнү мен сиздин бул жакшылыгыңызды кайтараармын.

-Ээ иним, мен сага эмне жакшылык кылдым, ушуга да... Кайра сен келгенден бери зерикпей жыргап эле калдым. Болбосо жеңең өз жумушу менен алпурушуп, балдар жаш мага эрмек болор адам жок, дулдуюп олтуруп, уйкуга кетчүмүн.

-Жеңем-экөөңүздүн пейлиңиз, берген тамагыңыз, акыл-насаатыңыздан артык жакшылык барбы. Жанында энеси олтургандай, анын мээримин көрүп тургандай жигит бошошуп кет-

ти, дагы бир аз олтурса ыйлап жибермек беле… Анын түрүн байкаган Жаныш сөзүн кайталады.

-Жатып эс алалы, эртең дагы жумуш издейсиң.

Жаныш негедир ичи эңшериле, бошошкон калыбында өз бөлмөсүнө кирди. Эки төшөктү, артынан Эрмектин аялы кечээ эле жууп берген аппак шейшепти үстүнө жая салып, башына жастыкты койду да, жамынчысын жамына жата кетти. Чынында керээлиден кечке бир көчөдөн экинчисине жөө басып аябай чарчап, денеси жанчылгандай салмактанып калган. Кечээгидей болбой оюна эч нерсени келтирбей уктоого аракеттенди. Бат эле көзү уйкуга ирмеле түштү.

Жаныш сыртка чыга берип, аппак түндү көрдү. Ай жапжарык болуп турду. Кадимки күндүгүдөй. Ага кошумча көчөлөрдөгү бийик мамычыларда жарыктар жаркырап, тептегиз асфальт жолго чагылышып жаткандай сезилди. Жарыкты кароодон көзү уялды. Жарык көчө менен баратты. Түптүз өскөн жашыл жалбырак дарактар шуудурап жатты. Төрт бурум жолго келди да, төртөөн байланыштырып турган айланпадагы мурда көрбөгөн сансыз гүлдөрдү көрдү, укмуштуудай гүл ачыптыр. Эки тарабына бурулбастан, бет алдына карай басты. Жылтыраган плита бастырылган тепкич менен көтөрүлө берди. Күрүлдөгөн добуш кулагына шак эте түштү. Токтой калды да, тынымга кадамын токтотту. Оң жагына башын бура берип, килейген чоң имаратка көзү түштү. Добуш ошол тараптан чыгып жатыптыр. Кадамын имаратка карай таштады. Сыртында турушкан окшош кийинген эки кишини көрдү. Жигитке билинер-билинбес баш ийкешти да, ичкери карай кол жаңсашты. Чоң, кенен эшик өзү эле ачылып кетти. Кыр катарынан турган станоктор күрүлдөп иштеп жатыптыр. Ар биринде окшош кийинген кишилер иштеп жатышканын көрдү. Көзүн кайра-кайра ирмем алды.

Жаныш жеңил ойгонду. Эки тарабын карады, азыркы күрүлдөгөн станоктор, чоң имарат, жапжарык көчөдө эмес,

кечинде уктаган өз төшөгүндө жатыптыр. Түшүн жакшылыкка жоруду. Негедир маанайы көтөрүлүп, сүлгүнү желкесине артып, жуунганы баратып, ичинен кыңылдап ырдап да алды.

Күндөгүдөй бир пияла чайын ичти да, кечээгидей жаңы кийимин кийинип, бүгүн да жумуш издегени жөнөдү. Түшү дале эсинде турат. Түшүмдөгүдөй баары жакшы болсо кана, чынында бүгүн жумуш табармын. Бүгүн жөө кыдырууну туура көргөн жок, аялдамага келип токтогон тролейбуска олтуруп, Киев жана Совет көчөлөрүнүн кесилишинен түшүп калды. Жол четиндеги ар кайсыл жерге илинген жарнамаларды окуп, бир топко дейре жүрүп олтурду.

«Англис жана корей тилин билген улан-кыздарды жумушка чакырабыз». Имараттын бет маңдайында өтө чоң эмес, бирок көрүнө жазылган жарнаманы окуп, бир аз ойлоно калды да, мектепти бүткөн жылы окууга тапшырам деп, тил үйрөнүү курсуна катышканын эстеди. Бир топ эле окуган болчу, бирок апасын таштап кете албай, окуусун кийинкиге калтырган. Эмнеси болсо да кирип көрүүнү туура тапты.

Ичкери кирип, тепкичтен көтөрүлө берип, калгалардын сыртынан окуп жүрүп, издегенин тапкандай болду көрүнөт, кыңкайыбыраак ачылып турган эшикти ачып, ичкери кире берип, салам айтып туруп калды. Анын киргенин байкаган төрдө катарынан олтурган жигит менен кыз, бирдейинен жылмаяүн катышты.

-Келиңиз.

-Жарыяны окуп кирип калдым болчу.

-Колуңуздан эмне жумуш келет?-деди кыз.

-Тил үйрөнүү курсунан англис, корей тилин үйрөнгөнмүн. Бирок, жазуу, которуудан өтө мыкты эмесмин.-Жигит чын сырын айтты.

-Бизге келгендин көпчүлүгү мыкты билем дешкен, а сиз туурасын айтып жатат окшойсуз. Турмуш тиричиликке керектүү сөздөрдү билсеңиз, бара бара өзүңүз үйрөнүп аласыз.

Бүткөндүгүңүз тууралуу сертификатыңыз бар беле?

-Бар, бирок азыр жанымда эмес.- Жаныш шаарга кереги тийип калаар деп ала келген болчу, бирок анысы квартирасында калган.

- Болсо, эртең деле жетишесиз.

-Жумуш болобу? –Жигит асты, бирок шаша сүйлөдү.

-Буюрса болот, бирок бул жерде эмес, Кореяда, Сеулда. Бизге бир топ жаштар келишти, албетте баарын эмес, алардан тандап алып жөнөтөбүз. Сиздин баргыңыз келеби? – Жигит аны ишендире айтты.

Өзү теңдүү жигиттин суроосуна дароо жооп бере албады. Апасын көндүрүү керек, карыган киши жакшы көргөн кенже баласын Бишкекке араң жөнөткөн болчу. Чет өлкөгө десе, көнбөшү бышык. – Тандоодон өтпөй жатып, « апам көнөбү? деп өзүмө өзүм суроо бергенимди кара». Ичинен ушинтип ойлоого да үлгүрдү.

- Ойлонуп көрөйүн,-деди.

- Ойлонушуңузга убакыт бар. Жетиштүү болсо керек. Азырынча мобул кагазды толтуруп, бизге таштап кетиңиз, - кыз Жанышка ак баракты узатты. Эмнеси болсо да, булардын айтканындай жасоону туура көрдү. Апасы көнүп калар, көнбөсө, башка жумуш караштырат. – Жол акысы үчүн кыжалат болбосоңуз деле болот, баарын сиздерди жумушка чакырган завод төлөп берет. Ал эми азыр дарегиңизди, телефон номерин толук жазып калтырыңыз. Тандоонун жыйынтыгы менен өткөн болсоңуз, баарыңыздарды чогултуп, ар бириңиздер менен экинчи тандоону өткөрөбүз, кетүүчүлөрдүн катарына кошулуп калышыңыз сиздин бешенеңизден, бул үчүн тийиштүү адистерден түзүлгөн комиссиябыз бар. Анан бир апта корея тилин окутабыз, бул анча-мынча бул тилден кабары барлар үчүн гана, таптакыр билбегендер албетте бир аптада үйрөнө албайт. Ошондуктан, тилди билүү жагын карап жатпайбызбы, сиздер менен баарлашуу учурунда жөндөмүңүздөргө жараша

чечилет.

Жаныш суроолорго жооп берип, колун койуп, телефон номерин жазып, баракты кызга узатты.

-Бара берсеңиз болот. Жаныш тепкичтен ылдый түшүп келатып, кантип апасына билдирүүнү билбей жатты. Башка жумуш издөөгө буту тартпады. Базарга кирип, күрүч, эт, сабиз, анан башка бир аз таттуулардан сатып алды да, үйгө карай бет алды. Бүгүн өз колу менен Эрмек агасы менен жеңесине палоо демдеп берүүнү ойлоду. Эки колуна эки баштык көтөрүп негедир көңүлдүү баратты. Кол телефону тынбай чырылдады. Үйгө барганда карап, кимиси болсо да кайра чалармын деп ойлогону менен ким болсо да кайра-кайра чала бергенинен ыңгайлуурак жерге барып, колундагы баштыктарын жерге кое сала, костюмунун чөнтөгүнөн жаны калбай безеленген телефонун колуна алды. Агасы экен.

-Кандайсын мырза жигит? - Балалыгынан таптаза, тыкан жүргөн инисин агасы ушинтип эркелетип койчу. Агасынын үнүн угары менен бир тууганын өтө сагынганын сезди.

-Ага, өзүңүз кандайсыз, жакшысызбы, жумушуңуз жайындабы, жеңемчи? −Суроо үстүнө суроо жаадырган сөзүнө агасы бир ооз сөз менен жооп берди.

-Жакшы. Апам менен сүйлөштүм, сен жакшы жардам берип жатыпсын, азамат, чоңойдуң да. Сыягы жакшы жумуш тапкан көрүнөсүң. Жеңең экөөбүз үйгө кайталы деп жатабыз, сен да шаарага кетипсин, апам жалгыз балдар менен кыйналып жаткан чыгар, бир аз каражат чогултуп койдук, үйдү оңдоп, анан жерибизди эле иштетип, өз үйүбүздө тиричилик кылалы деп чечтик. Бул жерде да жумуш жакшы болбой калды.

Агасынын сөзүнө ичинен кубана түштү. Агасы-жеңеси келсе, апасы жалгыз калбайт. Жанатан бери кабатырланып жаткан.

- Ошентсеңиңер дурус ага, балдарыңар да силерди аябай сагынышты. Апам да кыйналды, мен жардам берейин деп бул

жакка келген элем. Сиздер качан келесиздер?

- Бүгүн кечки самолет менен учабыз. Буюрса таң атканда Кыргызстанда болобуз. Сени менен буюрса үйдө жолугабыз. Мейли көрүшкөнчө аман бол.

-Сиздер жа жакшы жетип келиңиздер.- Жанышка бул кубаныч болду. Эми агасына айтса оңой эле көндүрөрү бышык..

Жаныш үйгө келсе Эрмектин аялы кайдадыр жөнөгөнү жатыптыр, эшикке кулпу сала берип, Жанышты көрө коюп, ачкычты колуна кармата салды да, эжесинин үйүнө бармакчы болуп жатканын айтты.

- Агаң менен бүгүн өзүңөр тамак жасап жээрсиңер, айылдан апамдар келиптир, мен барып келейин, агаңа айтып койдум,- деди. Бир да ирет кабагын чытып, терс пейилин көрсөтпөгөн келинге ал да жылуу ырайы менен күлүмсүрөп: -жеңе кабатыр болбонуз, бүгүн мен сиздерге өз колум менен палоо жасап берейин деп көтөрүнүп келбедим беле.

-Өзүңөр жегиле, а мен барайын, күн кечтеп кетпесин. Үйдү кулпулабай эле коеюн. – Эрмектин аялы кол сумкасын алды да, шашыла короодон чыгып кетти. Жаныш өз бөлмөсүнөн бат эле кийимдерин алмаштырып, Эрмек агасы жашаган үйдүн ашканасына кирип, өзү ойлогон оюнан кайтпай, палоо демдегенге киришти. Кол саатын караса, төрт болуп калыптыр. Бир сааттан өтүп, Эрмек келет, анын келишине тамагын бышырып коюуну көздөдү. Үйүндө көбүнчө тамакты өзү бышырчу. Ар күнү эле бирдей тамак жасачу эмес, баары бар болсо, түрдөп түрүн бышыраар эле. Кыздарга окшоп, гезиттен, же журналдан «Дастаркон ажары» дегенди окуп алып, жакканын зерикпей жасачу. Анын тамагын жегенден соң, дастаркон жыйналар алдында апасы батаасын берип, уулунун пейилине жараша жакшы кыз туш келишин кайталап тиленер эле. Палоо демделип бүтүп, салатын жасап, чай кайнап, баары даяр болгондо Эрмек күндөгү убактысында келди. Келинчегинин эжесиникине кеткенин билет, каалаганы ачып кирери

менен тамактын жагымдуу жыты мурун өрдөп, Жаныштын тамак жасап койгонун сезди. Байкашынча жигит бүгүн иш тапкан сыягы.

-Бүгүн сенин ишиңди майлайбыз го жаңылышпасам,-деди кирери менен ашканадагы чакан столдун бетине коюлган тамак-аштарды көрүп.

-Дайыма эле жеңемдин жасаган тамагын жейбиз, бүгүн атайылап өзүм тамак жасайын десем, келинчегиңизи конокко кетти. Анан атаганымды сизге жасап берейин дедим да. Сиздин да курсагыңыз аябай ачкандыр, мен да эртең мененки жеңемдин берген чайынан башка өзөк жалгай элекмин, дароо олтуруңуз, мен тамакты салайын,-деди Жаныш. Ыкчам кыймылдаган жигиттин эпчилдигине ыраазы болгон Эрмек дароо үй кийимин кийип, колун жууп келип олтурганда Жаныш демделип бышкан, палоону табакка салып, дастарконго койгон.

-Сиз айткандай бүгүн жумуш таптым көрүнөт,-деди Жаныш булоосу чыккан пияладагы чайды узата берип.

-Эмнеге бүдөмүк айтасың?

-Анткени, Кореяга жумушчуларды топтоп жатышыптыр, тил билгенин тандап алышат экен.

-Ыраспы, а сен тил да билесиңби?

-Бир азыраак ага. -Жаныш жакшы эле билгенин айтып мактангысы келбеди.

-Дурус тура. Мен билеген көп өнөрүң бар сыягы, тамак жасоонун устасы экенсиң, эми бөтөн элдин тилин билсең, чын эле окусаң, элге кызмат кылчу жигит көрүнөсүң. Кореяда эмес, ушул жерден да иш табылар.

- Бул толук тыянак эмес, тандашат, балким мени алышпас. Көрө жатарбыз.

-Бешенеңден иним. Бирок, алар алдашпайбы?! Алып барып алып сатып жиберишет дешет.

-Коюңузчу. Зыңкыйган жаштардын турпатынан калп айта

тургандай жагдайды сезбедим, чын чыгар. Эрмек ага. Келиңиз, азыр тамак жейли, муздап калбасын.

- Ошондой эле болсун. Кел, жакшылап бир тамактаналы. Билгенде бир бөтөлкө көтөрө келмекмин.

-Мен ичпейм да, сиз да ичпейм деген элеңиз.

-Айтам да… Чын эле сен да ичпейсиң го, жөн эле оозумдан чыгып кетти көрүнөт, андан көрө мобул таттуулардан жейли. Мынчалык акчаңды кетирбесең болмок.

-Буга көп деле акча кеткен жок, кабатыр болбоң, башыбыз аман болсун, күчүбүз бар, акча табылат. Алсаңыз, кечке иштеп курсагыңыз аябай ачкан чыгар.

-Кудайга шүгүр. Мен да араба тарта бербей, башка иш караштырайын деп жатам, арабакечти баары эле бирдей көрбөйт экен. Бүгүн бир боенгон аял жүгүн машинасына чейин алпартып алып, колума жыйырма сом карматып жөнөй берди. Батынып сөз айткым келбеди. Жүгү аябай оор болчу, базардын тээ четине чейин тартып барганды көр, чарчап турганмын. Аябай ардандым, бир сөз айтсам беттен алганы турат. Анан мен да ушул арабаны таштап, башка жумуш жасайын деген ойго келдим. Тапканың күндөлүк тамактан ашпаса, кайдан жүрүп, үй-жай кылабыз. Өзүбүздүн үйүбүз жоктугунан өзүң көргөн эки балабызды жеңең айылдагы карыган апама жеткирип берди. Кыскасы, мен да эртеңден калбай жумуш издейм.

Жаныш Эрмектин ачууланган турпатын карап олтуруп, сөзүн жөндүү көрдү. Чынында арабакечти баары эле киши ордуна көрө бербейт. Ар кандай киши жолугат, сөгүнгөнү да бар, ажылдаган аялга учурап калсаң, жүгүн жеткирип берип, кеткенге шашасың. Жакшылары деле бар дейличи, ошентсе да, арабакечтин иши менен турмушту оңдоо кыйын экен. Эрмек бир саамга үнсүз олтурду, ичинен эмнени ойлоп жатканы белгисиз, бүгүн аябай арданган го.

-Капа болбоңуз, айдын бир күнү караңгы болсо, бир күнү жарык болот дейт. Буюрса жарыгы көп болот. Жаманга

теңелбей эле койгон дурус.

Кудайым көзү түз болсо берерин унутпас, үйлүү да болосуз, жакшы жумуш да табылат, балдарыңызды жаныңыздарга алып, мамыр-жумур болуп жашап, иштей турган учур келет, көрөсүз го.-Жаныш Эрмектин көңүлүн көтөргүсү келди.

-Чын айтасың, дүйнөгө түркүк болгон ким бар дейсиң, ушунусуна шүгүр дейли, кантсе да кудайдын берген насибин терип жеп жатабыз.

Эрмектин бат эле кабагы ачыла түшкөнүн көрүп, Жаныш да жеңилдеп калды. Экөө бир оокумга чейин божурашып олтуруп, эртеңки күндү ойлоп, жатып уктоону чечишти. Жаныштын айтканы менен бөлмөсүндөгү жууркан-төшөгүн алып келип, экөө бир бөлмөдө жатышты. Эрмек бат эле уйкуга кетти, чарчаганынан коңурукту катуу тартканынан, экинчиден жумуш тууралуу ар кыл ойлорго чөмүлүп жатып, Жаныш түнү менен жакшы уктай албаганга эртең менен башы ооруксунуп калыптыр. Эрмек кечээги сөзүн унуткан го, баягысындай эле араба тартканы жөнөдү. Иштеп турайын деп колу барбаса да Жаныш өз арабасы менен кошо кетти. Бирок, колу жумушка барбады. Корея тууралуу маалымат алгысы келди да, интернет клубга кирүүнү туура көрдү. Эскибирээк калган, бирок, таптаза жуулган джынсы шымынын чөнтөгүнө колун салып көрүп, кечээги үйгө алган тамак-ашынан арткан үч жүз сомун алып чыкты. Муну менен кенен кесири интернетте олтурса болорун билет. Буга чейин дурусураак иштеп, күндөгүсүнөн бир кыйла ашыгыраак акча тапканда кире калып, жаңылыктарды окуп алчу.

- Менин арабам сиздин жаныңызда тура турсун,-деди - Арабасын балдарынын кара курсагы үчүн пирожки бышырып олтурчу аялдын чакан күркөсүнө сүйөй коюп. Пейили жумшак аял ага каршы болгон жок. Ар күнү ушул жайдан пирожки жеп, кофе ичип алчу, анын акчасын дайыма нак төлөшүн билгендиктен, ыманы ысык жигитти жээрибей,

арабасын сүйрөп келе калганда аны сураттырбай, баланын муштумундай болгон эми эле казандан чыккан пирожкиден бешти таптаза жуулган тарелкага салып, бир кружка кофени жакшылап даярдап, ал олтурган столдун четине кое салчу да, жигитке күлүмсүрөй кайрылчу:

-Бүгүн тапканың топтогонуңа артабы?- Анын апама жөнөтөйүн деп акча чогултуп жатам дегенин уккан. Анда жигит билинер-билинбес күлө мыйыгынан жылмайып:

-Алыбек алына жараша болуп жатат. –Табиятында аз сүйлөгөн токтоо жигит, көп эле адамдар менен сүйлөшө бербейт, негедир ушу аялдын турпаты анын апасына окшошо кеткендиктен, имерчиркtep күндө келет. Азыр да аны жакынсынтып, арабасын кое сала, интернет клубга жөнөй берди.

-Ысык пирожкиден жеп ал, эми эле обед болуп калат,-деди баягы жигит олтурган столдун четине беш пирожки менен кофе куюлган стаканды кое салып: сүттөн көбүрөөк салдым, ичип ал, и каяка шашып…

- Жумушум бар, бир сааттан кийин келем, анан ичейин.

-Каап, ичип алсаң болмок.- Аял наарaзы боло унчукту. Мейли өзүм ичип алам, келгенде башка жасап берем,-деди анан.

Жигит аялдын пейилине ыраазы болгондой жылуу күлүмсүрөй бир карап алып жөнөй берди.

Жаныш да башка жаштар сыяктуу Кореяны бир укмуш элестетчү. Баары эле кинодогудай эмес экенин көп аңдай бербейт. Клубдун ичинде өңчөй жаштар экен. Компьютерден башын көтөрбөй өздөрү менен өздөрү, бири бири менен иши жок. Жаңы жаңырган жарым айдай чийилген каштарын бир серпип алды да, буудай ыраң келген кыз Жанышка кайрылды.

- 18ге олтура бериңиз. –Кыздын сөзүн дароо түшүнгөн жигит төрдөгү бош турган компьютерге барды да, интернетке кирди. Корея туралуу көп деле жакшы маалымат жок

экен, атайын иштейин деп барып, жумушсуз көчөдө калган кыздар туурасында маалыматты тапты, муну окуп, баруруга кызыгып жаткан жигиттин шаабайы сууй түштү, башка маалымат издөөгө кызыкпады, ордунан турду да, акысын төлөй сала, башын ылдый салган калыбында сыртка чыга, Ош базарына карай илкий басып, жөө жөнөдү. Анын сабыры суз келгенин көргөн пирожки саткан аял, кимдир бирөөдөн тил укту бекен, же айылдан бир кабар келдиби? деген кыжалаттуу ойлорго кабыла түшүп, жигитке кайрылды:

-Жаныш сага эмне болду, эмелеки жайдары жүзүң бир заматта башкача боло түшүптүр.

-Ээ эже, Кореяга иштегени баргany жатканмын, анан эле интернеттен маалымат алайынчы, деп барганмын, иштейм деп барып алып, жумушсуз калышкан, анан жакшы күйөөгө деп алданышкан кыздар туурасында маалыматты көзүм чалары менен ал тарапка баргым келбей калды.

-Ошондой де, киносун көрүп алып, суктанып жүрбөймү, жаш болсом, мен да барып, иштеп келмекмин дегенимчи, бирок бир жолу телевизордон Сеулда иштеп жатышкан куруучу жигиттер туурасында көргөнмүн. Алар үйлөрдүн чатырларын жабышат экен, биздей эмес, бир башкача кооз, Кыргызстанга барсак, ушундай үй курат элек дешип, өздөрү үйрөнгөн өнөрүнө өздөрү ыраазы болуп сүйлөшкөн, анан ал тарапта да кыргыздар чогулуп алып, майрамдарды өткөрүшөөрүн да телевизордон көргөнмүн. Барган жаштардын бардыгы эле иш-сиз калышмак беле, ал бешенеден, сен барчу тарапта жакшы жумуш бар чыгар, жакшылыктан күдөр үзбө, деги кимдер менен бармак элең? –Аял баарынан үмүтүн үзгөндөй томсоруп олтурган Жанышка суроолуу кайрылды. Ушул тапта аялдын жүзүнөн кудум эле өз баласына өнтөлөгөндөй эненин турпаты келе түштү.

- Ылайыктуу жумуш издеп жүрүп, Кореяга ишчилерди чогултуп жаткан компанияга туш келип калганмын, бирөөнү

алдабай тургандай эле кейипте кыз-жигиттер иштешкенин көргөнмүн, алардын сүйлөгөн сөздөрү, келген адамдарга жасаган жылуу-жумшак мамилеси бир башкача болчу. Кыргыз жаштарынын ушунчалык маданияттуулугун көрүп туруп, биринчи туш болгондо өзүмдү бир башка мекемеге келип калгандай сезип, чындап эле жакшы иш болсо барайын деп чечкенмин, эгерде ал жерде иштеген кызматкерлерден мындай жылуулукту сезбеген болсом, мен ал тарапка балким барууну чечмек да эместирмин.

- Баары мыйзамдуу бекен?

- Мыйзамдуу дешти. Бизди жетектеп барчулар бар экен, белгилүү бир өндүрүштө иштейсиңер дешкен. Ошого ынанып калганмын.

-Тил билет экенсиң, анда тобокел кылып, бара бер, ак-караны да билгендей болдуң, ишке быштың, жакшы-жаманды ажырата билесиң, эмнеден коркосуң, эркек эмессиңби. Мектепти бүтүшөөрү менен кетип жатышпайбы, бир чети Кыргызстандын жетекчилери завод, фабрикаларды иштетип коюшса, мен минтип пирожки бышырып, өткөн-кеткенди жалдырай карап, жешер бекен деп, а сен бирөөнүн жүгүн салып, мобул арабаны сүйрөйт белең. Өмүр бою араба сүйрөмөк белең, чындап киришип калыптырсың, бар да, иштеп кел. Анан корейлердин кызын алып, Кыргызстанга келе албай жүрбө дагын. –Сөзүнүн аягын тамаша менен бүткөргөн аял жигиттин жүзүн бир аз күлүмсүрөө тартып калганын байкай, кайра сөзүн улады. –Неси болсо да, ал тарапта да кыргыздын кыздары көп болсо керек, кудайым ошолордун бирин бешенеңе жазып турган чыгар. Ишиң жүрүшүп, байып келсең, момунтип, бети-башы майланышып, пирожки бышырып олтурган эжеңди көңүл сыртында калтырбагын, чогултуп келген акчаңа бул жерде чооң бир ишкана ачсаң, күзөтчүлүккө жарайт чыгармын.

-Ошончолук ишкана кургудай акча мага Кореяда асфальтка төшөлүп жатты дейсизби, ал жерде да мобул араба сүйрөп

кыйналгандай эле бир иш турган чыгар, жакшы ишти корейлер биз сыяктуу кыргыздарга берер беле.- Жигит дале жазыла албагандай.

Ал тарапта да  ошондой жакшы иштер бар үчүн биздикилер кудум эле сап кuугандай кетип атышат да, жок дегенде бир заводдго жумушчу болуп кирерсиң, алардын ишканалары кинодон көргөндөй жаркырайт да, таптаза жерде күзөттө турсам  мага да мейли болчу. Неси болсо да  мени унутпа.

Аял Жанышты азыр эле учакка салып жаткандай сүйлөдү.

- Мен да чай иче элекмин, андан көрө ысык  пирожки менен бир стакандан чай ичип алалы, сага кофеби?

- Мейли, кофе болсо, кофе да, башым бир аз ооругандай болуп турат, өзүмө келип калармын,-деди Жаныш. Орундукка олтура берип, арабасын сүйрөп, арып-чарчап, келаткан Эрмек агасы көзүнө чалдыкты. –Эрмек агам да келатат, көбүрөөк бышыра бериңиз, менде акча бар.-Чөнтөгүнүн сыртын колу менен ургулап койду.

-Байкашыма караганда силерди жамандабайт окшоймун, чай ичейин деп тургансыңар го. Курсагым ачканынан, денемди калтырак басып кетти, кары кемпирдин жүгүн  таксиге сала берип, Шырман эженин пирожкисинен эле жеп алайынчы деп келе бердим.- Жете берип, арабасын Жаныштыкынын жанына жанаша кое салып, колун  кол жуугучтагы  суугa самын менен жууй салып, бош турган орундукка олтура кетти.

- Жакшы болбодубу, жанатан бери Жаныштын капалыгын жаза албай тургaнмын.

- Эмнеге капа болот?

- Кореягы барайын деп жатып, айныганы калыптыр. –Аял Жанышка дароо айта салды.

-Ал  жактан бирөө сени келбе дедиби? –Эрмек түшүнүптүшүнбөй Жанышка бүшүркөй карады суроосуна жооп күтүп.

-Жөн эле баргым келбей калган, анан Шырман эжем  мени кайра кызыктырып койду, бул жерге келгенде заводу куруп,

бизге иш орун түзүп бересиң, дейт го, мен да ишенип турам, чын эле ишим жүрүшүп кетсе, пирожки сатып көчөдө олтурган аялдар менен араба сүйрөгөн биздейлерди чогултуп, ошол заводго иштетмекмин, эмгек акысын чет элдегидей төлөп бермекмин, Шырман эжем айткандай чын эле ошондой болсо кана эле. −Өз оюна өзү курсант боло бир заматта Жаныштын көздөрү бир башкача жайнап, өзү ошол заводдун башкы директору болуп, креслодо керилип олтургандай артына чалкалай берип, жыгыла баратканда Эрмек сүйөй калды: -Жаныш абайла, экөөбүз азыр Шырман эженин күркөсүнүн жанында пирожки жеп олтурабыз. −Эрмек тамашалай, жигитти оюнан алаксыта түштү.

Бир заматта күлүк ойго алдана түшкөнүнө Жаныш да уялып калды.

-Чындап эле иштегени кетсем. Сиздин ысык пирожкиңизди сагынам го эже.

-Барганда бир аз сагынаарыңа ишенейин, бирок кийин көнүп кетесиң, бирок баары бир алардын ачуу салаттарын оозуңа алганда апаңдын жапкан наны менен мен бышырган пирожкинин жыты таңдайыңдан кетпейт го.

-Ырас эже, апамдын наны менен мээримин күн сайын сагынам го, бул жерде деле алыстамын, бирок Кыргызстан эмеспи.

Үчөө божурашып, бир топ олтуруп калышты. Мурда саат эмес, мүнөттү кызганган Жаныш эмнегедир бүгүн кайра арабасын сүйрөп, бирөөнүн жүгүн ташыгысы келбеди. Эки күндөн кийин алыска жолго чыгат. Эрмектин аялында чогулткан акчасы бар, апасына жөнөтүп, өзү бир азыраагын жанына алып алууну туура көрдү. Ыңгайы келген жерде алмаштырып алмак. Бөтөн жер, бөтөн эл, иш табылып, колуна акча тийгенче жашап турушу керек. Ал жакта барары менен балким ойдогудай жумуш болбой да калабы, же чындап эле алар айткандай Кыргызстандан бара турган топту күткөндөр барбы, дегиси капчыгы курук болбошу керек. Бир заматта

оюна ушулар келе калган Жаныш майлуу колун кол жуугучка жууду да, столдун четиндеги сүлгүгө аарчый, анын кыймыл-аракетине, өңүнө таңдана карап олтурган Эрмекти карай салып көзүнө көзү кадалды.

- Эрмек ага, жүрүңүз үйгө кетеличи. Мен бүгүн эмнегедир чарчап турам, ар кыл ойлор мени кыжалат кылып, иштебей эле чарчадым.

-Мейли сен айткандай кетели, бүгүн жеңең келип, эжеси сумка толтура берген окат-ашын белендеп, жакшы бир тамак жасап жаткан чыгар, мен деле жакшы эле иштедим, кетсе кетели.

Шырман эжесине экөө тең ыраазычылыгын билдире, пирожкинин акысын Жаныш оозуна калып өзү төлөп, арабаларын катарынан сүйрөй, Ош базарынан чыгып, үйгө карай илкий басып жөнөштү. Ижарага алып турган үйлөрү алыс эмес болгондуктан, күн сайын жөө эле барып-келип жүрүшөт. Ага-инидей болуп калган эки жигиттин күндөгүдөн эрте келатканына карап туруп, жай басып келатышканынан Эрмектин келинчеги «же бүгүн тапкандары бир кыйла жакшы, же аябай чарчашкан чыгар», -деген эки ойго келе калып, бир чети эртке келишкенин туура эле көргөндөй болду. Келери менен казанга салган эт да, эзилип бышып калган, дароо табака салды да, кайнап жаткан суугa колу менен кесип даярдап койгон кесмени таштай берип, анын ортосунда далис үйдөгү жапыс столдун бетине жайылган дастаркондун четине чай демделген чайнекти үч пияла менен кое сала, сыртты карай берип, колдорун жууп, күндөгүдөй кийимдерин алмаштыра сала катарынан кире калышкан күйөөсү менен Жанышты дароо дастарконго карай жаңсады.

- Биздин келерибизди билгендей бүгүн тамагыңды эрте бышыргансың го.

- Ооба, жүрөгүм сезген го, эжемдер кой союшкан экен, бир санын үргүлжө берип жиберди. «Кедейдин бир тойгону орто

байыганы», деп казанга кенен эт салып, силерди бир тойгузайын дедим. –Ачык-айрым келинчеги жаркылдай сүйлөп, шайдоот кыймылдап, бир заматта табактагы үйүлгөн этти, анын артынан бышкан камырды сала, дастарконго коюп, күн мурунтан,  ушул камырдай ичке тууралган этти пияз менен аралыштыра жиберип, үстүнө  жая салып, ортого жылдырды.- Кана мырзалар бүгүн аябай чарчагансыңар го, тамактанып эс алгыла, эртең да жумуш.

-Ырахмат байбиче, Шырман эженин пирожкисин аябай жеп алыптырмын.

-Эмне менин тамагым жээлбей калабы?

-Кантип эле, ага да орун кенен. Дайыма жумшак сүйлөп көнгөн жигит келинчегин капалантып албайын дегендей шаша унчукту.

- Жеңемдин бешбармагын кантип жебей кое алабыз, ээ Эрмек ага, чынбы?

-Ананчы, бүгүн бир этке тойолу.- Араба сүйрөп тиричилик өткөрсө да, казанда эт кайнабай турган күн  өтө сейрек болгондуктан, азыр жөн эле  келинчегин кубантайын деп айтып койду.

Жаныш этти көп жей албады, ошентсе да  экөөн тең капа кылбайын деп олтуруп, бир аздан жеп, бир жиликти түгөтүп салганын өзү да байкабай калды.

Тамактанып бүтүшүп, бата кылынып, дастаркон жыйналгандан соң, Эрмек менен анын келинчегинен уруксат алып, Жаныш өз бөлмөсүнө карай эс алганга жөнөдү. Негедир ушул бүгүн чындап эле чарчап турган. Эртерээк жатып, уктагысы келди. Күндөгүсүндөй эмес, башы жастыкка тирери менен көп өтпөй уктап кетиптир. Эрте жатканына таң саарынан ойгонуп алды. Эрмек агасы менен жеңеси жаткан  тарап тыптынч. Али туруша элек көрүнөт. Кийинип сыртка чыгып, эшиктин алдындагы  түтүктүн бурагычын бурап, сууну агызды да, шаркырап аккан суuга бети-колун жуунуп, көтөрө чыккан сүлгү

менен аарчына бөлмөсүнө кирди да, жаткан керебетин иретке сала күндөгүдөн эртерээк тургандыктан, сыртында эле бир аз жата турмак болду эле, сырттан Эрмектин баскан добушу угулду. Ал да эрте турган го.

Күндөгүсүндөй дастаркон четинде үчөө олтурушту. Негедир ортодо сөз сүйлөнгөн жок. Эрмектин келинчеги узаткан пияладагы чайды бир ууртады да, Жаныш сөзүн баштады.

-Ага, жеңе силерге ырахмат, мен буюрса Кореяга барып иштеп келейин деп биротоло чечтим. Москвада иштеп жаткан агам да келди, ал эми үй-бүлөсү менен айылда иштемекчи болушуптур. Апамдан кабатыр болбойм. Силерге ырахмат, кудум эле мага бир тууганымдай мамиле жасап, эки жылдан ашыгыраак убакыттан бери бирге даам татышып келатабыз. Сиздердей жакшы адамдарды жолуктурганыма ыраазымын. Эгерде ал тарапта жакшы иштеп, сизге ылайыктууу иш табылса жаныма чакырамын, экөөңүздөр тең барасыздар, чынында эле ушундай болуп калып, балким дагы чогуу жашайттырбыз. Ага ыңгайы болбосо иштеп, Кыргызстанга келгенде балким кайра бирге иштээрбиз. Мен эртең кетем, жеңе мен апама акча жөнөтөйүн…

Акылдуу келин анын айтканын толук түшүндү. Ордунан шыбыш билдирбей турду да, ичкерки бөлмөгө кирип кетти. Жигиттин берген акчасын күндө болсо күндө, күн алыс болсо күн алыс алып, өздөрүнүн чыгымы жазылчу кичинекей дептердин бир барагына жазып койчу. Сактаганда да тегиздеп, бүктөлгөн жери болсо жазып, кынап коер эле. Азыр бүктөмүнөн жазылып, бири бирине кыналып, тегизделип кол жоолукка оролгон акчаны алып келди да, жигиттин колуна карматты.

-Мына акчаңыз, санап алыңыз.

-Коюңузчу жеңе. Сизге ишенбейминби.

-Ошентсе да санап алыңыз, сиздин ботинка жыртып, бутуңуз талып тапкан бешене териңиз, менин да көңүлүм тын-

чып калат, бүдөмүк ой калбасын.

-Ай жеңем ай, сиздин чайыңызды ичип туруп, бүдөмүк ой келер беле.-Жаныш ыңгайсыздана унчукту.

-Жеңең туура айтат, санап ал Жаныш,-деди Эрмек да. Аял-күйөөсү бирдейинен айтып тургандыктан, канчалык туура көрбөсө да, аппак бет аарчыга оролгон акчаны бүктөмүн ачты да, бирден санап чыкты. Тапканынан апасына жөнөтүп турганынан калганын чогултканы да бир топ эле акча болуп калыптыр. Ашыкча чыгымы жок болгондуктан, кийими бүтүн, тамак-ашына жумшалганы болбосо, көп деле ашыкча сарптай бербегендиктен, эки жылдан бери чогултканы алтымыш миңдей болуп калыптыр. Апасына акчасынын жарымын жөнөтмөй болду да, калганын жанына алып алууну туура көрдү, анын үстүнө өзүнө керектүү майда-барат нерселерди да сатып алмак. Жол киресин компания төлөп беребиз дешкен. Бүгүн да араба сүйрөп иштебей турган болду. Арабасын Эрмек агасына калтырмак, алып кетмек беле. Жакында эле жаңы жасатып алган болчу. Эртерээк барып, апасына акчасын жөнөтүп, өзүнө керектүүлөрүн сатып алмакка кийинип алып, эң оболу банка бармак болду. Анан базарга, келгенден кийин мончого барып, жуунуп алмак. Өзүнө деп калтырмак болгон акчасынан бир азыраагын алып, калганын дагы эртеңкиге чейин деп, жеңесине дасарамолу менен кошо узатты. Апасына дегенин жанына бекемдеп салып алды да, Эрмек экөө үйдөн бирге чыгышты. Жолдон агасы ишине, ал банка карай кетти.

Ошол күндүн кеч кириши, төшөккө жатканда таңдын атышы узакка созулгандай болду. Эртең менен Эрмектин он чакты тоогунун ичинен жалгыз корозу чыйкырып ойготту. Бир топто уктагандыктан, уйкусу канбай калыптыр. Ошентсе да жата бербей ордунан туруп, сыртка чыкпастан жаңы сатып алган чоң сумкасына бир сыйра көчөдө, анан жумушта кийчү кийимдерин, анан сүрөт альбомун, сакал алгычын, тиш жуугучтарын жана башка майда-барат буюмдарын, жолго деп

алган бир азыраак тамак-ашын салды да, бөлмөнүн бир четине коюп, күндөгүдөй керебетин жыйнаштырып, сыртка чыкты. Эрмектер да туруптур. Түтүктөгү муздак суугa жуунуп, бөлмөсүнө карай баса бергенде ичкериден Эрмек чыга калып, чайга чакырды.

-Сени кетет деп, жеңең эрте туруп, атайын тамагын жасап койду. Кир чай ичели. Уйкуң келбей, эрте тургансың го.

-Эр Эрмек ага атам таанparam жерге бараткaнда «кандай болор экен« деп, санаа тартып кайдан уйку.

-Бир чети эл, жер көрөсүң, бул дажакшы,деп койду жооткоткон Эрмек.

Ичкери кирип, дастаркон четине олтурушаары менен Эрмектин келинчеги жытын буркуратып, табака салынган палоону көтөрүп келди да, дастаркондун ортосуна койду. Булоосу буркурап, жыты каңылжарды жарып жиберчүүдөй Жаныштын тамакка аппетити ачыла түштү.

- Оо жеңе, сиз уктаган эмессиз го.

-Уктадым, бирок сиздин кетишиңизди кеч билип калбадымбы, болбосо кечээ дастарконду башкача жасамак элем. Капа болбонуз, дагы көрүшөөрбүз, ошондо дагы буюрса сыйлашабыз. -Келин ичтеги сырын айткандай болду. Жаныш бул үй-бүлөгө чынында ыраазы эле. Тамактан ырахаттанып жеди, бир убакта колун майлыкка аарчып, дастаркондон артыраак жылып, пияладагы чайды колуна алды.

-Неге эрте чыгып алдың,-деди Эрмек. Өзү бая эле тойгон болчу, жолго чыгып бараткан жигитти жакшылап жеп алсын деп, кошо жешип олтурган, жөн эле айтып койду. −Сен жебесең, мага да болду. Ырахмат байбиче. Палооң аябай даамдуу болуптур.

-Чын жеңе мурда мынчалык тамактанган эмес болчум, Кореяга барганда да сиз жасаган палоо эсимден кетпейт го, ырахмат сизге. Колуңуз дарт көрбөсүн. Сиздерге дагы бир жолу ырахмат. Эртең менен саат сегизге чогулмакпыз. Мен ба-

райын, буюрса дагы кезигишип калаарбыз. Мен барганда сиздерге чалам, сүйлөшүп, кабарлашып турабыз. Кечээ апасына акча салып, кетип жатканын айтып, бир аз бошошо түшкөн. Бирок, телефондон апасына анысын билдирген эмес. Ушул ирет да буларга көнүп калган экен, негедир ичи ачышып, көзүнөн жаш келчүүдөй буулугуп кетти. Эркек болгондуктан гана өзүн кармана калып, жеңесинин эки колунан бек кыса кармап, Эрмек менен кучак жая коштошуп, Кореяга бармакка, кечээги жолуккан мекемеге карай жол алды.

X X X

Кымбат үчүн жигиттин маеги кызыктуу болду көрүнөт, оюн бузбай, ашыкча сөз кошбой угуп баратты. Бир кезде учактын башкаруучулары Сеулга жакындап калышканын айтып, көп өтпөй бир силкинип алды да, ылдыйлай бергенде кыздын жүрөгү бир опколжуп барып оңолду. Көзүн чылк жумуп алган кыздын жүзүнө бир карай берип, колунун үстүнө колун кое жигит, өзү да бир башкача боло калып, өзүнө келе калып, терезеден сыртты карады. Тээ ылдый жакта бийик-бийик үйлөр көрүнүп, улам ылдыйлай бергенде Сеул аларды чыдамсыздык менен күтүп жаткандай сезилди. «Биздин тагдырыбыз кандай болоор экен?» Жигиттин оюна ушул суроо келди. Кымбат да ичинен бөтөн жер, бөтөн элде кандай тагдыр күтүп жатканына тынчсызданып турган.

Алар олтурган учак аэропортко коноору менен жүргүнчүлөр дароо ордуларынан туруп кетишкен жок. Күзөтүп жүрүүчү татынакай кыргыз кызы Сеулга аман-эсен келишкендигин, бул жерде аба Кыргызстанга караганда бир топ эле мээлүүн боло тургандыгын айтып, бир аз олтуруп турууларын эскертти. Учкучтар сыртка чыгышкандан соң гана ордуларынан козголуп, Жаныш менен Кымбат эң артында олтурушкандыктан коштоп келген кыздан кийин сыртка карай бет алышты да, Кымбат тепкичтен абайлай ылдый түшүп баратып, аэропорттун ушунчалык кенен жана коздугуна суктана

карады. Бирок, бул жерде биротоло калып кетчүүдөй ичи туз жалагандай ачыша түшүп, денеси бир силкинип алды да, артына кылчая карап, бурулуп кайра кеткиси келип, кылчактай калганда Жаныш анын алагды болуп жатканын байкап, аярлай чыканагынан кармап алдыга жетеледи. Аргасыздык кыздын бутун тушалтып, алыста калган бир туугандарын, айрыкча атасын, аны канчалык капа кылса да өгөй энесин бир заматта сагына түшкөнүн туйду. Эчкирип ыйлап жиберчүүдөй буулугуп барып оңолду. Жолго чыкканынан тартып, ага бел болуп келаткан жигиттин астында өзүн жүүнү бош, алсыз сездиргиси келбей, кайра намыстана башын бийик көтөрүп, жанындагылардын шары менен аларды алып кетүүгө токтогон сырты да, ичи да таптаза жылтыраган чоң автобустун эшиги ачылары менен көпчүлүктүн коштоосу астында тепкичтен көтөрүлүп ичкери кадам таштады. Баары толук киришкенде, автобус ордунан жай жылып келип, аэропорттун сырт жагына келип токтоор замат жерге түшүштү да, босогосуна келгенде өзүнөн өзү ачылган кенен эшиктен киришип, жүктөрүн алышты да, коштоп келген кыздын айтуусу менен баары бир жерге чогулуп, көпкө турбай зыңкая кийинишкен үч эркек менен жашыраак келген чырайлуу кыз пайда болду. Бою пастек келген, бирок жылдыздуу көрүнгөн эркек, корей тилинде кайрылды. Кымбат эркектин саламдашканын түшүндү. Жанышка да бул сөз түшүнүктүү болду. Ошентсе да анын сөзүн кыз сөзмө сөз которду.

-Сак-саламат келишиңиздер менен. Биз сиздерди күтүп жатканбыз. Сеул жактыбы?

-Азырынча аэропорттуңуздарды көрүп турабыз, кооз тура. Биздин “Манас” да сиздердикинен кем калышпайт,-деди Жаныш өзүнүн Мекенчилдигин билгизип, анын сөзүн которуп бергенде, эркек жылмайып койду да:

-Албетте, биздин Сеул шаарыбыз сиздерди кайдыгер калтырбаса керек. Сиздер менен жакшы тил табышып кетебиз

деп ойлойбуз. Бул жер жагып, кеткиңиздер келбей калат деген үмүттөмүн. Азыр кыздар жана жигиттер өзүнчө эки топко бөлүнүп, жигиттер курулуш мекемесине, ал эми кыздар болсо соода компаниясына кетесиздер.

Ушул сөздөн кийин бирге болобуз го деп келген Кымбат Жаныштан бөлүнүп каларын билгенде кайрадан кыжалат боло баштады. Жаныш кыздын абалын түшүнүп турса да, өзү да ушундай ойдо келгендиктен, ажырап калабызбы, деген ойдо бушайман боло кетти да, сыр бербей, аста шыбырады: «кабатыр болбо, экөөбүз тил билебиз го, мен сени таап алам". Кыз сулуу көздөрүн муңайта кирпиктерин ирмей калып, "ишенем",-деди шыбырай. Жолдо кыйналып калганбы, айтор кыздын жүзү керсары тартып, бошошуп тургандай сезген жигит аны бир телмире тиктеп алды да, негедир ичи ачыша, каражаттын айынан ушул жаш кыздын ата-энеси көрбөгөн бөтөн жерге келгенине чындап эле боору ооруп кетти. Чынында кыз жигит менен бирге келип бир заматта көңүшө түшкөнгөбү ыйлап жиберчүүдөй болуп, araң турду. Аэропорттун экинчи тарабына чыгышып, эки топ жанаша келип, катарынан турган автобустарга бөлүнүштү. Кыздар да, жигиттер да он бештен болчу. Бөтөн жерге келишкендиктен, сурашканы менен баары бир таба алышпайт, бир чети суроодон да айбыгып турушту. Ошол жерден эч кимге байкатпастан, Жаныш котормочу кыздан, Кымбаттар кайра бара тургандыгын сурап билди да, көңүлү тынчый, жайланышкандан кийин ыңгайына карап, Кымбатты таап ала турганына бөркүндөй ишенип, ичинен кудуңдай калды. Анын өзүнчө күлүмсүрөй, коштошконун көргөн кыз, " бул жигит мынчалык кубанды", дегенчелик кылып, анын жоругуна түшүнө албай, кол булгалап өз автобусунун айнегинен томсоруп карап баратты. Сеулдун кенен, таза көчөлөрү менен эки тарабын бийик үйлөр курчаган зымыраган жолдо баратып, кыз өзүн жапжалгыз аралда калгандай сезди. Жанындагы кыздардын айрымдары биринчи көргөн

Сеулга таңыркай карашса, кээси бири биринен сөз талашып баратышканын өзү менен өзү алек ой чабытынан бошой албаган Кымбат көрбөгөндөй, эс-учун жоготкон калыбында баратты. Топ кыздардын ичинен ага бөтөнчө маани берип, көңүл буруп келатканы жалгыз кыз болду. Учакка олтурарда экөө таанышып калышкан. Аты Жибек, Нарындык кыз экен. Бири бирине ымаласы келише түшкөн. Бул ирет да Кымбаттын жанына олтуруп, анын унчукпай баратканын көрүп, өзүнүн ичи да уйгу-туйгу болуп, баары жакшы болгой эле, деген таризде.

Сеулдун көчөлөрү менен кыздар олтурган автобус учупкайкып барат. Кооз көчөлөр, бирге келатышкан кыздар тамшана да, суктана да, улам жарыша үн катышат: « Ой иий, укмуш го. Биздин борбор шаарыбыз жолдо калат турбайбы». Ал эми Кымбат алардын сөзүн уккан да жок. Ага бейтааныш шаар, бейтааныш көчөлөрдүн кызыгы жоктой. Бирге келатышканда Жаныштын жанында олтуруп, өз жеринде бараткандай сезген. Жигиттин жылуу илеби негедир аны магдыратып, көшүлүп келатпады беле. Андан бөлүнгөндө жапжалгыз каалгандай ээнсиреди. «Кабатыр болбо мен сени сөзсүз таап аламын». Ушул сөз кулагынан кетпеди.

-Кымбат биз Кыргызстанды таштап келгенибизге жараша алданбасак экен,-деди ага Жибек. Канчалык ойлонуп бараткакы менен кыздын сөзү анын кулагына даана угулду.

- Мен да келерин келип алып, ушинтип ойлоп жатам.Бизди коштоп келген кыз бир заматта жок болуп кетти го, аны жакынсынтып келсек, эми мобул бөтөн адамдардын колуна түшүп, кайда баратабыз?!

- Жакшылык эле болсун.

- Кудай колдогой эле.

Ал аңгыча, автобус заңгыраган чоң имараттын жанына келип токтоду.

-Кыздар шашылбай түшө бергиле, биз келдик. Бул жер чоң соода компаниясы. Силер иштей турган жай. Жатака-

наңар да ушул жерде болот. Кабатырланбагыла. Мен да Кыргызстандыкмын, Көлдөн болом, келгениме беш жыл болду. Көнүп калдым,-деди чачын сарыга боетуп алган кой көздүү тыкылдаган жылдыздуу кыз.

Ыманы ысык бул кызды "корейлер да кыргыздарга окшош болот эмеспи, корей эле болсо керек, кыргыз тилин үйрөнгөн чыгар" деп божомолдошкон. Жердеши болуп чыкканына бир чети сүйүнүшкөн кыздар, дароо аны жандай басышып, артынан имараттын ичине карай жүрүштү. Биринчи кабатка кирип оңго бурулуп, кенен коридор менен түз басып келип, чоң эшикти ачып ичкери киришкенде жыйындар өтчү кенен залдын төрүндө тикесинен турушкан бир аял менен эркекти көрүштү да, эшиктин оозунда токтой калышты. Аял кыздарга күлүмсүрөй карап өз тилинде сүйлөдү.

-Кыздар келгиле, жай алгыла,-деп жатат, деди котормочу кыз.

Кымбат менен Жибек алдыда келатышкан болчу. Ошого жараша аялдын жанындагы орундукка келип жайгашышты. Кичине бойлуу, тыкан кийинген бул аялды өзүнөн экиүч жаш улууруактай көргөн Кымбат, анын сүйкүмдүүлүгүнө суктана түштү. Жүзүнө уурдана карап алып, туптунук, тептегиз жүзүнө таңдана карады да, эркектин сөзүнө көңүл бурду. Кыздардын баары анын оозун карап калышты. Кымбатка анын сөзү түшүнүктүү болчу.

-Мен Кыргызстанда болгонмун. Бул соода уюму менин атамдын менчик жайы. Бул жердеги ишти келинчегим экөөбүз иштетебиз. Бир чети соода комплекси деп айтса да болот. Биринчи кабаты тейлөө кызматы жана ресторан. Экинчиси супер-маркет. Ал эми үчүнчүсү мейманкана. Көбүнчө чет өлкөдөн келген конокторду күтөбүз. Он күн силерди окутабыз. Жөндөмүңөргө жараша жумуш берилет. Силер үчүн атайын жатуучу бөлмөлөр бар.

Кымбатка ушунусу жакты. Дагы кайсыл жерден орун из-

дейбиз, деп турган. Башка кыздар деле ушундай ойдо болсо керек. Жибек да ыраазы болгондой Кымбатка карап жылмайып койду. Мунусу жактырганы го.

-Кыздар бүгүн сиздерге дем алыш. Жайланышып алгыла, деди аялы. Анан котормочу кызга кайрылды:

-Лилия кыздарды администраторго алып бар, анан өзүң бул жердин шартын түшүндүр.

Эркек ордунан туруп, аялына жол бошотту да, бир аз артта басып, анан жанаша бирдейинен чыгып кетишкенде, котормочу кыз тигилердин айтканын аткарууга киришти.

-Эң оболу таанышып алалы, менин атым Лира, бул жердегилер Лилия дешет. Мен өзүмдүн тилимден сырткары орус, казак, англис, немец, корей тилдеринде эркин сүйлөм. Сеулда окуганмын, бул жерде иштеп, окуп жүрдүм. Кожоюндар жаман адам эмес, бирок тартипти бекем сакташат, иштегендерден да ошону талап кылышат. Маянаңар жаман болбойт, жатакана, түшкү тамагыңар компаниянын эсебинен болот. Эгерде жакшы иштеп, ишенимге кире турган болсоңор кошумча сый аласыңар. Ишиңерден кемчилик кетирсеңер, айып төлөйсүңөр, эмгек акыңардан кыскартылат. Жетекчиге бир ирет жаман көрүнүп калсаңар, ал жаман көргөн бойдон кала берет. Ошондуктан, бул жерге келгенден соң, жакшы иштеп, үйүңөргө каражат таап кеткенге аракет кылгыла, баарыңардын маалыматыңар бизде бар. Анда эмесе, силер менен да таанышып алалы. Бир барибиздин атыбызды билип алганыбыз оң болот.

- Кымбат, Жибек, Айнек, Элмира, Назик, Акак, Бурулча, Сүйүмкан, Сырга, Каным, Тамара, Бермет, Жамал, Нурайым, Гүлжан.

-Жакшы баарыңарды билип алдым. Аптасына бир күн дем алыш болот, жумуш учурунда уруксатсыз эч кайда чыкпайсыңар, дем алыш күнү буюрса силерди шаар менен тааныштырууга убакыт бөлүүгө аракет жасайм. Себеби, мен да эс алышым керек, ар бир мүнөт өтө баалуу. Силер да убакытты

пайдалуу өткөрүүгө үйрөнгүлө. Эртең менен саат тогуздан тартып, дал ушул жерде окутуу башталат, алгач беш күн силерди үйрөтөбүз, калган беш күндө кимиңер кайсыл жумушка жөндөмдүү болсоңор, ошого жараша окуйсуңар. Азыр силерди администраторго баштап барайын, бөлмөлөргө жайгашасыңар, ар бир бөлмөдө төрттөн кыз турасыңар. Жүргүлө анда.

Лилиянын артынан он беш кыз баратып, кудум эле энесин ээрчип бараткан балапандай сезди өздөрүн Кымбат. Эми ал бир аз өзүн эркинирээк сезип, көңүлү жайланыша түшкөн. Администратор улгайган корей аял экен. Божомолдоп айткан-да алтымышты чамалап калгандай.

Лилия кыздарды табыштап, өзү жөнөй берип, артына кылчая кайра кыздарга кайрылды: -ичиңерде тил билгениңер барбы? И баса биздин тандап алганыбызга караганда аз болсо да корей тилин билсеңер керек.

-Бир аз билебиз,-деди өзүн Назик деп тааныштырган атына жараша өңү да аппапак, орто бойлуу арык кыз.

-Мен да,-деди Сүйүмкан.

-Кимиңер жакшы билесиңер?

-Мен корей жана англис тилин билем,-деди Кымбат.

-Анда жакшы экен, администратордун сөзүн түшүнбөсөңөр силерге Кымбат айтып берет, мен бошмунбу?-деди аялга кайрылып.

“Ырахмат, бара бер”, дегенчелик кылып аял эки колун бириктире, бир аз жылмая узатты, мындан Лилиянын бул жерде баркы бир топ эле жогору экенин кыздар түшүнө, анан аялга тигиле караштты. Ал олтурган креслого тушташ турган столдун тартмайын ачып, бир топ ачкычтарды алып чыкты да, кыздарга «жүргүлө» дегендей башын жаңсап, өзү турган үчүнчү кабаттын узун коридору менен баратып, бир эшикке келгенде ачып, ичкери кирди. Бөлмөнүн эки тарабында экиден жыгач керебет туруптур, үстүндө кырын чыгара тептегиз кылып одеял жаап, анын үстүнө таптаза ак кездеме капталган

жастык коюлган. Кийимдер турчу чакан шифонер, төрдө төрт орундугу менен үстү ак кездеме жабылган стол турат. Дубалдын эки жеринде биринде роза гүлү. Экинчи жеринде Кореянын белгилүү актрисасынын сүрөтү илинген. Бир заматта бөлмөнүн ичин сыдырата карашкан кыздар мына ушуларды көрүштү.

-Бул жерде төрт кыз калгыла,-деди.- Келатып кайда жатабыз? деп кыжалат болуп келатышкан кыздар эми кимибиз калабыз дегендей бир аз бири бирин карап калышты.

-Айнек, Элмира, Назик, Акак силер калгыла, бардык эле бөлмөлөр бирдей болсо керек. Тандаганда кайда бармак элек, ушунусуна шүгүр дейли.-Лилия ага көңүл бурганынан улам кыздар Кымбаттын айтканы боюнча калышты. Кийинки эки бөлмөгө да төрттөн кыз калып, акыркы төртүнчү бөлмөгө Кымбат, Жибек, Гүлжан жайгашты. Акыркы бөлмө алардыкынан кененирээк болгону менен үч жыгач керебет жайгаштырылып, кире бериш тарапта чакан диван, анын маңдайында жапысыраак стол, бөлмөнүн бир четин үч орундугу менен стол, башка бөлмөлөр сыяктуу кийим коюучу шифонер, анан дубалда илинген телевизору бар эле. Администратор аял столдун үстүнө ачкычты коюп, «жайгаша бергиле» деди да, кыздарды калтырып чыгып кетти. Мына ушундай шарты менен жакшы бөлмөгө ээ болушканына Кымбат ичинен кубана кетти да, анысын ачык эле сыртка чыгарды.

-Кыздар азырынча жакшы, биз күткөндөн да мыкты,-деди Кымбат. Анан чакан эшиктин туткасын тарта берип, дагы кубана кетти.- Ажатканасы да, душу да бар экен, демек, жашап иштесе болот. Бирок, кыздар атайын иштейбиз деп келгенден кийин ынтымакта бололу, бир бирибизден сыр жашырбайлы, анан калп айтып, сатпайлы, макулбу.

-Туура айтасың, Кымбат. Бул жер бөтөн жер, бөтөн эл, бири бирибизди колдосок, эч ким биздин укугубузду бузуп, басмырлай албайт. Кожоюндар айткандай тартип менен

жүрөлү,-деди Жибек аны кубаттай.

-Силердин сөзүңөргө кошулам,-деди Гүлжан. Ак саргылынан келген бул кыз өзүн Чүйлүкмүн деп тааныштырган. Эл аралык университетти бүтүрүптүр. Ал эми Жибек болсо улуттук университетти аяктаган. Артына чогултуп, түйүп алган коюу, узун капкара чачтарын жаза, бир серпип алганда жайылып, артын каптап калды. Ошол калыбында ордунан жай туруп басып жөнөгөндө Кымбат анын келбетин эми көргөндөй ичинен "келишимдүүлүгүн кара", деп суктанып алды. Топ кыздардын ичинен өзүнө жанаша жүрүп, жакынсынтып келгенине ичи жылып калып, эми биротоло сырткы дүйнөсүнө ичкиси да куп гана келишиптир деп алды өзүнчө. Ачык-айрым көрүнгөн Гүлжан да жакшы кыздай туюлду. Ким кимдигин эми жашаганда билишет. Мурда-кийин бирөө менен кер-мур айтышып, жаңжалдашып көрбөгөн Кымбат бул жерде да дал ошондой болушун каалап, алыска келгенден соң, баары бир этияттанып жүрмөй болду. Кыздар душка түшүп, кийимдерин алмаштырып бүтүп, бети-баштарын иретке келтирип бүткөндө эшик чертилип, жооп күтпөй спорт кийимчен Лилия кирип келди.

-Жүргүлө кыздар. Курсагыңар да ачкан чыгар. Төмөн жакка түшүп, ашканага кирели. Антип-минткиче кечки саат жети болуп калыптыр, анан уктап эс алгыла,-деди Лилия. Ал он беш кызды топтоп, ээрчитип алып, биринчи кабатка алып түштү. Бир тарабы чоң ресторан, анан экинчи тарабында чакан ашкана бар эле. Кыздар мына ушул ашканага киришти. Лилия төрдөгү узатасынан кеткен жасалгаланган столдун четине келди да, кыздардын отурушун суранды:

- Кыздар, жердештерим менин, силердин келиңишердин урматына көрсөткөн сый дастарконум. –Лилия сый дастарконунун үстүнө таттууларды, салаттарды койдурган. Кыргызстандан келгенине беш жыл болуп, жердештеринин келгенине бир чети кубанып турган кыз, алардын турпатынан өз

Мекенинин жыты келгендей сагынычы тарай түшүп, колунан келгенче сыйын көрсөтүүгө аракеттенген. Ага үмүт менен карап турган кыздарды сыдырата карап кеңешин бергендей болду. -Баарыңар бири бириңерден калышпаган айчырайлуу кыздар экенсиңер, бир бириңерди колдоп жүргүлө. Бул чакан ашканада корейлер менен кошо эки кыргыз кызы иштешет. Аларга мен атайын палоо демдеттим, бирок Түштүктүн күрүчүнөн эмес, корейлердин эле күрүчүнөн, жакшы ашпозчу үчүн өзүбүздүн күрүчтөн кем болбойт, биз ушул жерде кээде ушинтип палоо демдеп жейбиз. –Ал сүйлөп бүткүчө эки кыз катарынан кирди да, чоң патноско катарынан коюлган экиден табактагы булоосу чыккан палоону койду. –Силерге айткан эки кыргыз кызы. Кымбат булар Оштун дал өзүнөн болушат. Бул жерде кыргыздар үчөөбүз гана эмес, көнүшүп кетсеңер буюрса алар менен да силерди тааныштырам. Анда эмесе тамактантаналы.

Канчалык ачка болушканы менен кыздар өздөрүнүн маданияттуулугун көрсөтүп, тамакка үзүлүп түшпөй сыпайыгерчилик менен тамактанууга киришти. Курсактары ачканы менен он беш кыз палоону жеп түгөтө алышпады. Жол келип ачкалыктанбы жасалган салаттар да өтө даамдуудай сезилди, акырында таттуулар менен чай ичишти да, Кыргызстандагыдай батаа кылып, Лилияга ыраазычылыгын айтып, ордуларынан турушту. Ал жерден кыздар өз бөлмөлөрүнө өздөрү кетишти. Курсактары кампайганына уйкусу аябай келгендиктен, ар бири керебетке жатары менен уйкуга киришти.

XXX

Жаныштар олтурган автобус көпкө жүрдү. Бири бирин жакшы билбеген жигиттер кайда кетип баратканын баамдашпады. Биринчи көргөн шаар болгондуктан, көчөсү кайсыл, имарат эмне деп аталат билишпейт. Бирок, жолдору Кыргызстандыкындай эмес, тегиз экен. Зымырап баратканда кудум

эле бешикте термелгендей болосуң. Бири бирин жакшы билишпегени менен Кыргызстандан алыстай түшкөнүнө боор тарта, жылуу кабак, жакшы жүз менен карашат да, ийинин куушура кайда баратабыз? дегендей таризде болушат.

-Бир аз убакыттан кийин силердин иш жайыңарга- курулуш компаниясына жетебиз,-деди котормочу жигит таптак сүйлөп. –«Көрө-көрө көсөм болот экен», силер да бул жерде жүрсөңөр, оорду да, жеңилди да туясыңар, бара-бара каныгасыңар, араңарда Кыргызстандан чыкпагандар да болсо керек.-Турган турпатына, макалды айтканына караганда кыргыз сыягы. Кой көздөрү, буудай ыраң жүзү да муну ашкере далилдеп тургандай.

Сеул өтө чоң шаар экенин сезди Жаныш. Анткени аэропорттон бери келатышат, келатышат, дегиси бир учунан экинчи учуна жетишкен жок. Бир кезде алар олтурган автобус шаардан чыгып бараткандай болду. Көп өтпөй зымыраган асфальт жол менен келип олтуруп, чоң унаа кенен-кесири сыя турган кызыл түс менен сырдалган дарбазага жете беришкенде ошол замат эки тарапка сыдырылып ачылып кетти да, бет алдына ушул жолдун уландысы болгондой кенен, түптүз жол көрүндү, автобус күү менен жүрүп барды да, кудум эле асмандан жерди карай шукшурулуп келип мүдүрүлө түшкөн канаттуу куш сымал бир обдулуп алды да, токтоду. Күзөтүп жүрүүчү жигит баарына кайрылды:

-Иш жайыңарга келдик, түшөлү эми,-деди да, баарынан алды болуп ылдый түштү. Жаныш жолдун эки тарабында жоодураган сулуу кыздын көзүндөй жайнаган кооз гүлдөрдү көрдү. Арасында чөбү жок, андан ары эки тарапта катарынан тигилген кокон гиластар сызгыч менен сызып койгондой тептегиз олтургузулуптур, жаңыдан гана түшүм бере баштаган го. Июнь айы болгондуктан, саргайып быша баштаптыр. Алды жакты карай берип, бет алдындагы катарынан салынган заңгыраган имараттарга көзү чалдыкты. Үйдүн чатырына карай бе-

рип, “ булар да биздикине караганда башкача жабылат тура, өтө бийик да, жапыс да эмес, бирок жарашып калыптыр”, деп алды  ичинен. Сапка тизилген жоокерлердей жүктөрүн көтөрүшө катар басып алдыга карай жүрүштү. Узатасынан кеткен бет алды ачык кампаларда каптарда жыйылган жүктөр турат. Базардагы темирлердин баарын ушул жерге жыйнап койгондой ар кандай өлчөмдөгү арматура,  темирлерин түрлөрү сансыз жыйылган. Ушуларды карап туруп, курулуш компаниясы, же ишканасыбы, айтор ушул жагдайдагы бир иш жайына туш болгонун аңдаган Жаныш жалаң эркектердин келгенинин да мандеми ушунда тура дегендей ойго кетти. Бирок. бул жердеги абалды таңыркай карай бергенге Жаныш түгүл жанындагы шериктеринин да шайы келбей калган. Жол жүргөнгөбү дене бою жанчылгандай,  ылайыкуу жай беришсе дароо жатып эс алууну жан оту менен каалап турду. Анын оюн билгендей күзөтүп жүргөн жигит:

-Жол келип чарчадыңар сыягы, азыр  жуунуп алып, тамактанасыңар да,  жатып эс аласыңар, калган ишти эртең таң атканда  биздин чоңдор келип сүйлөшүшөт,-деди. Ушуну гана каалап турган Жаныш  жуунушу да, тамагы да батыраак эле бүтсө деп каалап турду. Сырттагы  кыр-катар тизилген кол жуугучтагы сууга бети-колдорун жуунушту да, күзөтүп келген жигиттин ишараты менен жүктөрүн кайра колдоруна алып, чоң имараттан ичкери карай кирышти. Ичкериден аларды корей аялы күтүп алып, бир азыраак басканда тамактын жыты мурун өрдөдү. Ошондо тамактанууга алып келишкени сезилди. Буларга ашканадан сууга бышырылган күрүч менен өлчөп салынгандай эт жешти, стол үстүндө салаттын бир нече түрү бар эле.  Баарына ачуу кошулган болчу. Жаныш ачууну каалабай турган, ошондуктан  ооз тийди да, ушунчалык ачуулугун  таткандан кийин, кайра жегенди каалаган жок. Жол келгенине күрүчтү да аягына чейин жей албады. Башкаларынын да чарчаганы байкалып турду. Уйкулары  келгенинен

айрымдары эстей баштады. Муну байкаган күзөтүп келген жигит аларды кайрадан сыртка алып чыкты да, бак ичине карай жетелеп жөнөдү. Бир аздан кийин бир кабат, аппак жумурткадай акталган имаратка жете келишенде " эми ушул жерде жашайсыңар, сыртынан жупуну көрүгөнү менен ичинде бардык шарты бар, өзүңөр тамактана турган бөлмө, ысык-муздак суу, ажатканасынан бери ичинде",-деди. Ичкери кадам таштай беришип, тазалыкты көрүп, ал жигиттин сөзүнүн чындыгы бардыгын сезишти. Узатасынан кеткен коридордун эки тарабында кыр катарынан эшиктер турат. Бөлмөлөр чакан, эки-үч адамга ылайыкташканы ичиндеги керебеттерден эле байкалып турду. Ар биринде жыгач керебеттер, стол, стулдары, кийим илгич шкафтарынан бери даярдалган.

-Анда силер эс ала бергиле, эртең менен саат сегизде силерди келип алып кетемин. Короодо ар дайым күзөтчү жүрөт, чочулабай эле койсоңор болот.-деди да бейпил түн каалап чыгып кетти.

Кечки саат тогуз болгонуна карабастан, ар бири экиден, үчтөн болуп бөлмөлөргө жайланышып, уктоого киришти.

Жаныш Кыргызстандан алыс, атасы көрбөгөн өлкөгө келип калганына ишене албай жатты. Айылда калган апасын, бир туугандарын ойлоду. Кореяга жумуш табылгандан кийин алар чакырганда бир айлык окуусуна барып жүрүп, да апасынын көңүлүн оорутуп, капа кылып аламбы деп айта албаганын эстеди. Анын бешенесине агасы менен жеңеси келип калбаспы. Ошондо апасына белек-бечегин алып барышында алыска иштегени бараткнын, борбордон жакшы жумуш табылбагандыктан, ушуну туура көргөнүн жашырбай айтканда апасы эң оболу таптакыр макул болбой койду. Эми эле агасы келип, маңдайы жаркып кубанып олтурса, минтип кийинки уулу да алыска иштегени кетем дегенине кейип да алды.

-Кой балам, мен карып баратам, сени атам таанбаган жерге жибере албайм, -деп көшөрдү.

-Жашыңыз эми кырктан өтпөдүбү, карыдым дегениңиз жарашпайт тура апа, дагы көп жашайсыз, элдин баары эле иштеп, ата-энесине акча жөнөтүп жатпайбы, мен деле барайын.

-Кой балам ээленбе, мага сенин акчаңдын кереги жок, башың аман жүрсөң мага ошончолук каниет. Тигил Бишкегиңде деле ишиң жакшы окшойт, мага кечээ эле бир топ каражат салдың эле, музоолуу уй сатып койдум, үйлөнсөң кереги тиет да, тапканыңар өзүңөргө эле жумшалат эмеспи. Мына эми агаңдар келип калды, талаасын да, короосун да өздөрү карашсын. Сен азыркы ишиңди деле жасай бер. –Апасы анын араба сүйрөп, каражат табарынан кабары болбогондуктан, ошол ишин улам айта берип, деги ыкка көрөр түрү жок. “Агам эптеп көндүрөөр, жарыктык киши, мен келбей кала тургансып…”

-Мейли апа, бирок ойлонуп көрүңүз, мен да чоңойдум, өз тагдырымды өзүм чечейин да. –Жаныш апасынын көңүлүн ооруткусу келбеди. Кечки чайдан кийин дастаркон жыйылып, эки уулу менен жалгыз калганда агасы кеп баштады:

-Апа мен келдим, эми Жанышка уруксат берели, жаш, иштесе иштеп келсин, эл көрөт, жер көрөт, адам болот, аны эч жакка кетирбей бул жерде кармап олтура бергенибиз менен болбойт. Катыгат, көзү канат, жакшы-жаманды ажыратат, ал да үйлөнүп, үй-бүлөсүн бага тургандай деңгээлге жетиши керек. Жакшы жумуш экен, өзү эле эмес, жыйырма-отуздай жаштарды атайын тандап окутуп, анан алып кетишет экен, бул жерден коштоочулар да болот, жеке өзү кетпейт да. Жаш бала эмес, Бишкекте иштеп, баарын билип калды. Сиздин жаныңызда мен болом, неберелериңиз, келиниңиз турат. Бир жыл иштеп көрсүн, болбосо келе берет да.

Агасы бир топ сөздү айтып салды. Апасы ойлуу эки баласын алмак-салмак карап турду да:

-Экөөлөп жатып мени көндүрдүңөр, барса барсынчы, иштеп да көрсүн. Балам, ал жакта башка элдин кызына жакын жолоочу болбо, келгенде өзүбүздүн кыздардан эле тан-

дап аларсың, мейли. Деги алтын башың аман жүрсө болгону. Акча эле дейсиңер, силерди анча-мынча акча алымсындырбай калды. Сыртты да көр, тез тез кабарлашып тур, и баса качан жөнөгөнү жатасыңар?

- Бир аптадан кийин апа, ырахмат сизге. –Жаныш кудум эле жаш баладай апасынын мойнуна асылып, бек кучактап, бетинен өөп алды.

-Кагылайын күчүгүм, мени келинчек алып багат десе… Келинчек да алаарсың, барсаң бар, жолуң ачылсын. Оммиин.

Жаныш апасын эстеп жатып, ушуларды ойлоду. Анан эртеси, бул жерден номур алып, апасына жетип алганын айтып коймок болду, болбосо жарыктык киши кабатырланарын билет.

Бөлмөнүн жарыгы өчүрүлгөнү менен терезеден сырттагы жарык тийип, бөлмө ичи күңүрт болуп турду. Ушул билинер-билинбес тийген жарык да алагды кылдыбы, же апасын, бир туугандарын эстеп, ар кыл ойлорго кабылгангабы уктай албай койду. Кирпик ирмебей, шыпты тиктеп мелтиреди, ойлонгусу да келбеди. Бир кезде уктап кеткенин өзү да аңдабай калды.

Капысынан кимдир бирөө түрткүлөп жаткандай сезилди, ойгонуп кетти, эки жагын караса, эч кимиси турбаптыр. Терезеден үрөң-бараң жарык кирип калыптыр. Кеч уктаганына башы да бир аз оруксунуп турат. Бир ойгонуп алгандан кийин кайра уктай албайт. Ошол себептүү ордунан туруп, жаткан ордун иретке келтирди да, жуунганы душка кирди. Түтүктөгү суу жылуу экен. Бир сыйра толук жуунуп алууну чечти, анткени сергип да калат. Ал жуунуп, бөлмөгө киргенде эки шериги-Керим менен Байсал да турушкан экен. Экөө тең Баткенден болушат.

-Эрте турупсун да,-деди Байсал. –Ал Жаныштан үч-төрт жаш улуураак. Үйлөнүп, аялы каза болгондон кийин бой калып, башкага үйлөнбөгөнүн жолдо келатып айткан. А Керим болсо ага жашташ. Буга чейин Бишкекте ар кандай жумуш-

тарды жасап жүрүшкөн. Кореяга акча таап, айылга барып үйлөнөм деген максат менен келиптир. Негедир үчөөнүн жылдызы келише түшүп, барганда бирге болобуз деп убадалашып алышканынан, бир бөлмөдө чогуу жашамак болушкан.

Саат сегизде келди кечээ күзөтүп келген жигит. Ушул кезде баары даяр болушкан.

-Жүктөрүңөр калсын, мындан ары да ушул жерде жашайсыңар, иш жайыбыз да алыс эмес, азыр ашканадан тамактанып алабыз да, курулушка барабыз. Биздин фирма жаңы мектептин имаратынын долбоорун утуп алышкан. Чоң мектеп, бат бүтүшүбүз керек, сентябрга даяр болушу тийиш. Ошол себептүү куруучулар көп керектигинен, Кыргызстандагы өкүлчүлүк аркылуу жумушчуларды ишке чакырганбыз,-деди жигит ашканага чейин келатып. Эртең менен сууга бышырылган балык беришти. Ал бир да жолу сууда бышкан балык жеген эмес, табити тартпай турду. Бирок, өз үйү болбогондуктан, жебей койсо ач каларын ойлоп, майдалагычтан өткөрүлгөн ачуу калемпир менен помидордун эзилмесинен алды да, балыкка сүртүп жеп көрдү эле, өтө ачуу болуп кеткенине карабай, жесе боло турганын сезди да, сууга бышырылган балык да даамдуу болорун билип, өзүнө берилген порсияны жеп алды. Кара курсактын айынан келгенден кийин баарына кайыл болоорун туюп, бир чети ичи ачышса, экинчиден баарына көнүүгө өзүн үйрөткүсү келди. Тамактан кийин кечээги автобуска олтуруп, курулушка карай бет алышты. Шаардын четине чыгып, бир кыйладан кийин кыштакка келип, пайдубалы курулуп, кыштары орнотула баштаган курулушка келишти. Ондогон жумушчулар иштеп жатышыптыр. Буларга Кыргызстандан барышкан он беш жумушчу кошулду. Башына каска кийин корей жигит автобустун жанына келип, башын ийкеп саламдашкан болду да, коштоп келген жигитке өз тилинде кайрылды:

-Булар курулушта иштей алар бекен, арасында жакшы кыш

кое алганы барбы? –Которбосо да Кыргызстанда тил үйрөнгөн Жанышка, анан бул тилден аз болсо да кабары бар башка жигиттерге түшүнүктүү болду. Ошондуктан, оозуна унчукту Жаныш.

- Мен кыш кынай алам,-деди корей тилинде сүйлөп Жаныш. –Тиги дароо таңдана түшүп, Жанышты баш-этеги карады да: сен тил билесиңби,-деди.

-Бир аз, булар да билишет.- Ал шериктери үчүн да жооп бере салды.

-Анда эң сонун, иштешип кете алабыз го. Мен өзүмдү тааныштырайын, Ли Чанмын. Бул жердеги курулушту жетектейм. -А сенчи?

-Меники Жаныш.

- Мен Жан дейин. Дагы ким кыш кое алат? –Ал башкаларга кайрылды?

- Мен, деди Байсал алдыга бир кадам жылып, Керим да аны туурады. Бир бирине көнүп кала түшкөнгөбү, булардан ажыраса кыйын болоорун ойлоп, бөлүнгүсү келбеди. Курушка кыш кыноочулар гана эмес, ширетүүчүлөр, чатырын жабуучулар, жыгач усталар да керек болчу. Ар биринин жөндөмүнө жараша ар биринин айтуусу боюнча бөлүштүрдү да, калганын кыш ташып, алып бергенге калтырды, бирок алардан да үйрөнүүнү талап кылды.

Жаныштын мектепти бүткөндөн кийин кесиптик окуу жайында кыш кыноочулукка окуганынын пайдасы тийди. Андан кийин айылда курулушта иштеп жүргөн. Биринчи күндөн камчы салдырбай иштеп кетти. Аларга чейин иштеп жаткан куруучулар корейлер болчу. Куруучулардан тышкары курулуш техникалары да иштеп жаткан. Курулуштун жетекчиси Ли Чан өтө каардуу адам болчу. Ал бир да тыным берген жок. Тамеки чеккендер үчүн өтө кыйын эле. Жумуш эртең менен жетиде башталып, кечкисин жети-сегизге чейин иштешчү, анткени, долбоордо белгиленген күндө бүтпөсө курулуш

фирмасы жалыйна төлөп каларын айткан курулуштун жетекчиси өзү баш болуп, курулуштун үстүндө жүрдү. Жанышка араба сүйрөгөндөн эки барабар оор жумуш болду. Кыш кыноо өтө жооптуу иш болчу. Имараттын бурчтарын тептегиз кыноо бардык эле курулушчунун колунан челе бербейт, буга өтө кылдаттык жана чеберчилик керек. Корейлердин арасынан кыш кыноонун усталары көп экен, кыргыздардан Жаныш гана болгондуктан, бат эле аны кадырлап калышты. Курулушчулардын жанын тындырбай олтуруп, сентябрга он күн калганда туптуура эи айдын аралыгында мектептин курулушу толук бүтүп, пайдаланууга тапшырылды. Эмгек маянасы жаман болгон жок. 900дөн-1000 долларга чейин төлөп беришти. Демек, Жаныш тапкан каражатын топтоп, Кыргызстанга барса бир өндүрүш кылса болчуудай. Бул үчүн чоңдорунун көзүнө жаман көрүнбөй жакшылап иштөөсү тийиш. Анткени, кореялыктар тартипти немецтерден да катуу сакташат, анан өтө эмгекчил болушат. Ашыкча жүрө албайсың, күн сайын он сааттан иштешет. Жаныш жумушунан бошой албай жүрүп да, Кымбатты унута албай койду. Кыздын тагдыры не болду, чындап эле жумушка кабыл алындыбы, ага белгисиз болчу. Ал бир гана жолду билет. Жашаган жатакана менен курулушка чейин жол гана тааныш, башка жайларын бир да кыдырып көрө элек. Алгач күзөтүп келген котормочу жигит менен тааныш болуп калышкан. Ал кыргыз тилин чала билген корей жигити. Ошондон сурап билмек болду.”Какаганга муштаган болуп”, ал да отпускага чыгып кетиптир. Муну да Ли Чандан сурап билди. Качан келерин сураганда жыйырма күндөн кийин отпускасы бүтөөрүн айтты. Жыйырма күндүн өтүшү өзүнчө тозок болду. Аңгыча фирма жаңы курулушту баштады. Ал карылар үйүнүн имараты болчу. Бул өтө чоң эмес. Эки кабаттуу чакан имарат. Бул жерде өтө көп курулушчу тартылган жок. Кыргызстандан барышкан жигиттерден Жаныш, Керим, Байсал гана калышып, калгандарын башка курулушка алып

кетишкен. Анткени, бул фирма чоң фирма болгондуктан, угушуна караганда дагы бир чоң заводдун курулуш башташыптыр. Бул бир жылда бүтчү курулуш эместигин айтышты. Жаныштарга башкалар келип кошулду. Эми Байсал менен Керим да кыш кыноону үйрөнүп алышкан. Карылар үйүнүн жайын үч айда куруп, бүткөрүштү. Бул ирет мурдагыдан бир кыйла дурусураак төлөп беришти. Мурда топтогон акчасын кошуп, өзүнө бир азыраак калтырып, калганын апасына жөнөттү. Келгенинен бери төрт айда каражат жөнөткөнү ушул болду. Күндө, күн алыс кабарлашып турганы менен капчыгын толтуруп, каражат жөнөтөйүн деп, топтоп туруп, бир салды. Кыргызстанда жашоо белгилүү эмеспи, агасы бир иш баштаса, улап кетсин деген ою бар эле. Ансыз да жыгач иштетүүчү жабдуу сатып алайын деп жүргөнүн билет болчу. Кийин агасы ага каражатыңды өзүң топтой бер, Кыргызстанга келгенде бир жумуш жасарсың. Бизге баары жетет дегенинен агасынын айтканын жасап жатты.

Жаныштар иштеген фирма өзүнүн ишмердүүлүгү башка өлкөдө жүргүзмөй болду. Ли Чанга жагып калгандыктан, Жанышка кетеринде башка жумуш таап берди. Ал чакан, бирок, өзүнө дасыккан куруучуларды топтогон фирмада эки жолдошу иштеп калды. Алардын да жумушчулар үчүн жатаканасы бар болчу.

Бул жерде Жаныштар курулуштун прорабы менен жакшы тааныш болуп кетишти. Аты-жөнү Чон Юн. Ал дем алыш күнү шаарды көрсөтөйүн деген. Айтканындай дем алыш күнү Жаныш, Керим, Байсалды өзүнүн машинасына олтургузуп алып, Сеулду кыдыртмай болду. Ушунча жүрүп, Сеулду өзүнчө кенен кесири кыдырып көрүшпөптүр. Акча табам, иштейм деп жүрүп, эс алууну да унутушкан го, анысын Чон Юнга айтышпады. Келишкенине кыйла болгонун айтышса, “ жапайылар”, деп шылдыңдап күлмөк балким. Кыргыз жигиттерин шаардын тазалыгы таң калтырды. Бир жеринде таш-

танды көрбөйсүң. Көчөлөрү биринен бири өтө кооз экен. Түз жана тегиз, унаада баратсаң да мемирейсиң.

-Сеул Түштүк Кореянын өз алдынча статуска ээ болгон эң көрүнүктүү шаары. Өзүн өзү башкарууда турган 25 району бар. Калкынын саны 10,01 миллионду түзөт,-деди Чон Юн өз тилинде сүйлөп, келишкенине бир көп болгондуктан, корей тилин бат эле өздөштүрүп алышкан, анын үстүнө мурда окуп келишкендиктен, үйрөнүп кетүү жеңилге турган.

-Мен силерге эң оболу Корея мамлекети тууралында учкай айтып берейин. Корея Түндүк жана Түштүк Корея болуп, эки өлкөдөн турат. Жыйырма үч миллион калкы бар Түндүк Кореяны 1994-жылдан бери башкарып кеген Ким Чен Ир бийликти атасынан мурастап калган жалгыз коммунисттик партиянын лидери эле. Атасы Ким Ир Сен Түндүк Кореянын негиздөөчүсү болгон.

Ким Чен Ирдин дүйнөдөн өткөнү элге эки күндөн кийин гана угулган. Расмий кабарга караганда, Ким Чен Ир поездде бара жаткан кезинде жүрөк талмасынан каза тапкан.

Түндүк Кореядагы бийликти эми үй-бүлөлүк династиянын кийинки өкүлү, Ким Чен Ирдин жашы отузга жетип-жете элек эң кичүү уулу Ким Чен Ын жүргүзөрү күтүлгөндө эле өлкөнүн мамлекеттик жаңылыктар агенттиги Ким Чен Ынды дароо эле “улуу мураскер”, “партиянын, элдин, армиянын көрүнүктүү лидери” деп атап жиберген.

Пак Кын Хе жетектеген Түндүк Корея менен Түштүк Кореянын мамилеси азыр да жакшы эмес.

Ал эми Түштүк Кореяда президент өлкө башчысы болуп саналат. Азыркы президент Пак Кын Хе,-деди Чон Юн. -Мен саясатчы эмесмин, ошентсе да кызматым өндүрүшчү болсо да саясатты, саясаттагы адамдарды жакшы билемин. Бул жерде иштеп жаткандан соң, силер да кабарлар болуп койсоңор ашыктык кылбайт. Мен узак сүйлөп койгонум менен силер үчүн көңүлсүз маалымат болсо да билип алгыла дегеним.

Ал унаасынын рулун башкарып баратып, бирде жанында олтурган Жанышка, арттагы Байсал менен Керимге улам карай сөз учугун улап келатты. Арыкчырай келген бул сүйкүмдүү жигиттин жашы эми гана отузга чукулдап калса да, ушунча көптү билгенине Жаныш таң калганы менен алардын жашынан баштап көп окуп, көп билип, көп эмгектенүүгө ынтызарлыгын эске алып, буга кореялыктар туурасында ойлогондо буга өтө эле таң калбай турганын өз ичине жашырды. Чон Юн ошол баратышына көзүн күлүмсүрөө чалган калыбында саясаттагы кебин улантты:

-Мен кээде тарыхты изилдегенди жакшы көрөм. Бизде Парламенттик шайлоо 1948-жылдан баштап өткөрүлө баштаган. 1988-жылга чейин парламентти шайлоо түштүк-корей президенттери Пак Чон Хи жана, кийинчирээк, Чон Ду Хван тарабынан демократиялык боштондукту чектөөлөр менен өткөн. 1988-жылы биринчи көз карандысыз шайлоо өткөн.

-Көпкө жүрүп калдык. Мен силердин башыңарды куру сөзгө толтуруп жибердим окшойт. Ашканага кирип тамактанып алалы,- деди Чон Юн. Бүгүн мен силерди конок кылайын.- Ал унаасын жүргүнчүлөргө да, башка унааларга да тоскоол болбой турган жайга обочороок келип токтотту да, маңдайдагы ашканага карай басып баратып, “жүргүлө” деди. Көчө көрүнүп турган четтеги столдордун бирине барып олтурду да, конокторун жайгашууга колу менен жаңсады. Алар олтуруп, олтурбай жатып элпек кыймылдаган кыз басып келип жүзүн күлүмсүрөткөн калыбында “ келиңиздер, сиздерге таттуу даам каалайм, эмне буюртма бересиздер”, -деди.

-Бизде көбү эттен баш тартып, жашылча-жемиш менен гана тамактанганга аракет кылышат. Корея тамактарына кошула турган азыктар жашылча-жемиштер жана көпчүлүгү ар кандай чөптөр. Булар муну менен Корея агрардык өлкө деп билдирерин силерге айткым келет,- деген Чон Юн кызга кайрылды: Бизге Кимчхиден төрттү, анан жашылчалардан. Анан

Жаныштарга кеп узатып, бул тамактын маанисин билдире кетти.

-Кимчхи – бул кореялыктардын салттык тамагы. Ал Кореяда ар бир үйдө күнүгө кезигип, конок келсе да бул тамакты коюудан баш тартпайбыз. Андан тышкары Кимчхи деген институт ачылып, ал жакта маал-маалы менен кимчхини даярдоо курстары өтүп турат. Бул ашкана мына ушул тамакты эн сонун даярдоонун устаты.

Төртөөнүн алдына патноско салып, ар бирине кимчхи тамагын алып келишти. Эт узунунан тууралып, болгарь калемпири төрт бурчтук, бадыраң менен помидор да төрт чарчы кесип, майдалап тууралган түстүү капуста кошулган, майдаланган салат жалбырактары да жүрөт. Чесногу да бар. Баары аралаштырылып майга куурулган бул тамак аларды да кайдыгер калтырган жок, демек тамшанып жесе болот. Бул тамакты мурда да жеп жүрүшкөнү менен анысын Чон Юнга айтышкан жок. Атайын сый көрсөтөм деп алып келгендиктен, аны " биз жегенбиз", деп айтуу орунсуз болчу. Тамактанганча ортодо көп сөз сүйлөнбөдү. Чон Юн тамакты бат жегендиктен, аны карап туруп, үчөө да шашкалактык менен оокаттанышты.

-Дагы силерге шаарды көрсөткөнчө билгенимди айта барайын,-деди Чон Юн. –Бизде экспорт үчүн токой козу карындары жана каштан мөмөсү жыйналат. Балык уулоо жана суу промысели өлкөнүн экономикасынын маанилүү тармагы. Товарларын негизинен – Кытайга, Сянганга кошо, АКШга, Японияга чыгарат.

Ушунча убакыттан бери мындай көп маалыматты угушпаган жигиттер Чон Юндун сөзүн угуп келатып, көчөлөрдөгү сулуулукка тамшанып жүрүп олтурушту.

-Мен силерге Кореянын Сеул шаары дүйнө жүзүндөгү тынчы жок шаарлардын катарын толуктаган жер төлөсүндөгү жайгашкан шаары бар экендигин айтканмын. Азыр ушул жайга барабыз. Алар ошол күнү жер төлөсүндөгү шаарда ме-

дицинанын өнүккөндүгү, соода сатык жана ресторандардын көптүгүн көрүштү. Сеул шаарынын метролорунда миллиондогон адамдарды көрүүгө болот, дегенге ынанышты. Пенсия курагында аялдар кычырап кийинип алып жүрүшкөнүн көрүп, Жаныш күн сайын тиричиликтен бошобогон апасынын турпатын көз алдына элестетти. Апасы эч убакта боенгонун көрбөгөн. Жаш кезинде өтө суулуу болчу, жаш курагы өтүп баратса да апасы ага ошол жаш кезиндегидей сулуу көрүнчү. Апасынын жүзүнө эрте бырыш түшө баштаган, ал үчүн жаштыгындай жылдыздуу сезилеер эле, ошентсе да анын бырыштарын көргөн сайын кабатырлана берчү. Эгер өзү көргөндөй кореялык аялардай өзүн жакшы карап, боенуп, ушулардай тамактанып, кийинип жүргөндө апасынын сулуулугу да, жаштыгы да сакталып калмак беле балким, азыр короздонуп кийинип, койкойуп басып бараткан кореялык аялдардын турпатын карап туруп, апасын эстеп алганда ичи туз жалагандай ачышып, сагынуусу сыртка ташкындап кеткенсиди да, Чон Юндун сөзүнө алаксыганга аракеттенди.

-Сеулда традицияга айланып калган үнү чыкпаган кечелер болуп эсептелет. Кулакка таккычтарды тагынып алышып бийлеп, ырдап көңүл ачышат, азыр биз мына ушул күнгө туш келдик. Карагылачы, музыканын үнү сыртка чыкпаганы менен тартынбай эле бийлеп жатышат.- Чон Юн алды жактагы жаштардын бийлеп жатканын көрсөттү.

Жаныштын билгенине караганда Корея Республикасы - Азиядагы мамлекет, борбору - Сеул шаары.

Корея деген европалыктарча аталыш орто кылымдардагы Коре мамлекетинин аталышынан улам келип чыккан. Кореянын "Таңкы тазалык өлкөсү", "Таңкы салкын өлкө", "Таңкы бейпилдик өлкөсү" деген поэтикалык аталыштары да кеңири белгилүү. Бездин заманга чейинки Корей кул ээлөөчүлүк мамлекети Чосон деп аталчу.

Ошентип бул күн Жаныш менен анын досторунун турму-

шундагы эң таң каларлык жана маанилүү күндөрдүн бири болуп калды. Алар бул үчүн Чон Юнга ыраазычылыгын билдиришти. Ал сейилдөөнүн аягында буларды жатаканага жеткирип коюп, өзү үйүнө карай кетти.

Жаныш гүлбакчалуу чакан жатаканага келип, эс алайын дегени менен негедир уктай албады. Келгенине беш жылдай болуп калыптыр Кымбатты таба албай койду. Аны менен бирге келген он беш кыз кайда, кайсыл тарапта жайгашып, эмне иш кыларын биле албады. Кыздын тагдыры ойлондуруп, уктай албай жатып, таң атарда гана көзү уйкуга илинди.

Эртеси жумуштан кийин Керим, Байсал үчөө жатаканага карай келатып, Керим Түштүк Кореяда жашап, иштеп, окуп жатышкан кыргыз жаштары чогулаарын айтты.

-Мурда да кабарыбыз болгон, бирок биз жумуштан бошоп бара албай жатканбыз. Бул ирет баралы, Нооруз майрамын өткөрүшөт экен, деди ал.

-Ырас болуптур, барса баралы,- деген Жаныш негедир дем алыш күндүн болушун чыдамсысыздык менен күттү. Негедир элөөрүп, убакыттын өтүшү тозок болду.

Алар күткөн күн келип, үчөө жасана кийнип, алдын ала сурап алган дарек боюнча келишти. Кыргыз жигиттеринин ресторанында чогулушуптур. Бул жерде Кыргызстандагыдай кыргыздын улуттук даамдарын дастарконго толтурушуптур, кыргызча ырдап, бийлеп жатышкан жаштардын маанайын карап олтуруп, Жаныш өз жерине жүргөндөй сезди өзүн. Ушул жерде да Кымбатты көрүнөөр бекен деп издеп жатты.

Бир нече жыл мурда Түштүк Кореядагы кыргыз активисттер элчиликтин колдоосу менен “Биримдик” коомдук бирикмесин түзүшүптүр. Уюм Сеул шаарында каттоодон да өткөн. Биримдик” Түштүк Кореяда жашап, иштеп, окуган баардык кыргыз жарандарынын башын бириктиргенге аракет кыларын укту. Уюм элчиликтин катышуусу менен ар кандай маданий, спорттук иш чараларды өткөрүп, ар кандай суроолор

боюнча тегерек үстөлдөрдү өткөрүп турушат экен. Мындан башка дагы чакан бирикмелер бар. Бул жактагы кыргыздар негизинен абдан ынтымактуу. Бири-бирине эле жардам бербестен, Кыргызстандагы ар кандай кайрымдуулук акцияларга катышып, жетим-жесирлерге, материалдык жактан муктаж болгондорго акча чогултуп жиберип турушат. Дүйнөгө аты чыккан фирмаларда иштеген мекендештерибиз бар, студенттер билим жаатында да бир топ ийгиликтерге жетишип жатышканын угуп, Жаныш ушуларды билбегенине ичи ачышты. Эми мындан ары биз да чогуу болуп, колдо болгон жарадмыбызды да берип туралы,-дегенде башкалары колдоп кетишти.

-Урматтуу мекендештер бул жерге жөн жеринен келген жокпуз. Өз үй-бүлөбүзгө, жалпы Кыргызстанга салым кошуу үчүн келдик. Бул жерден биз Кореялыктардан көп нерсени үйрөнүүгө аракеттендик. Биз Кыргызстанга кур кол менен барбашыбыз керек. Биздин сезимдер сиздерде да күчтүү экендигин байкап олтуруп, мен аябай ыраазы болдум. Сиздердеги Мекенчилдик, сиздердеги айкөлдүк жана адамгерчиликтен баарыбыз үлгү алышыбыз керек. Мына бул жерде 3 миңден ашык кыргыздар жашап, иштеп, окуп жатыптырбыз. Биз Кыргызстанга көптү көргөн, көптү билип, жашоонун ак-карасын аңдап, ажырата алган жана өз элибиз үчүн күйүп-жанган сезимибизди өчүрбөй баралы, бул жердеги тапкан каражатыбыз менен өз жерибизде чоң бир өндүрүш жасоого жетишели. Биз жаштар кайда жүрбөйлү өз элибиздин келечеги үчүн салым кошушубуз керек. Биз өз Мекенибизде жакшы иш таба алганыбыз жок, мына ошонун айынан мына бул жерде кара жумуш жасап, иштеп, акча табууга мажбур болуп келгенбиз. –Ушундай сөзү менен биринчи эле барган күнүндө Жаныш жердештеринин сезиминде жакшы ойду калтырды.

Жаныш да шериктери менен мекендештердин коомуна өз жандарынан акча каражатын беришти. Бири биринин даректерин да жазып алышты. Ошол кезде олтурган орундугунан об-

дула өйдө боло бергенде кимдир бирөөнүн колу оң желкесине тийип, кайра олтура берип, артына бурула калып, карагаттай жайнаган сулуу көздү көрдү. Көрдү да, өз көзүнө ишене албай турду.

-Кымбат, сен да ушерде белең.- Жигит ордунан ыргып тура калып, же кубанганын, же таң калганын биле албай алдастай түштү. Кыздын оттой жайнаган көздөрүнө сугун арта телмире кулагынан чыгып турган чачтарын артын көздөй жапыра эки колун кош колдоп кармап, дирилдеген үнү менен кайра кайрылды. Кыз бир башкача жадырап турду. Мурдагыдан да сулуу, мурдагыдан да татына болуп кетиптир. Бою да бир кыйла өскөнсүп калыптыр. Кою капкара чачтарын өрүп, артына топтоп алыптыр. Боюна кынала тигилген тик жакалуу кызгылт көйнөгү да жарашып калган. Бир тутам бели, ай жамалдуу апапак жүзү, музыканттын колундай болгон уппузун манжалары, деги койчу баары өзүнө төп келгендей бир башкача жагымдуу таасир берди жигитке. Учакта бирге келип, Сеулга бирге конгонунан бери анын элеси көз алдында чимирик болуп айланып, ошондон тарта таңында жумушка баратса да, кечинде кайтышында, кала берсе жумуш учурунда болобу, мүнөт өткөрбөй издеп келген татына кыз азыр маңдайында турганына ишене албай калды. –Кайда жүрдүң, эмне кылдың. Азыр кайдасың?

Кыздын жүзү бир азга томсоро түштү. Кыздын көңүлүн киретип алдымбы, деп чочулаган жигит, анын Сеулга келип, бир кырсыкка учурабагай эле деп сестенди. Кымбаттын өңү бир аздан кийин өз калыбына келе түштү да, билинер-билинбес күлүмсүрөө чалып жай гана:

-Азыр баары жакшы,-деди.

-Жакшы эле болсун. –Жаныштын көңүлү жайына келгендей болду. –Кайда жашап жатасың?

-Ушул эле Сеулда. Иштеген кафенин ээсинин үйүндө жашап жатам.

- Ал аялбы, же… Жанышта дагы чочулоо пайда болду.

Экөөнүн турган турушуна таңдана карап турушкан Керим менен Байсал аларды кантип алаксытаарын билбей турганда, Жаныш кыздын жообунан кийин не дээрин билбей турган калыбында шериктерине кайрылды:

-Мен силерге күндө айтчу эмес белем, билесиңер да издеп, таппай келгенимди. Силер байкаган эмессиңер. Учакта бирге олтуруп, Бишкектен Алма-Атага. Ал тараптан Сеулга учканбыз.

-Кымбатпы?! –Атыңыздай кымбат болдуңуз го, беш жылдан бери сизди бирге издейбиз.

Кыз жигиттерге бирдейинен карап, жылмая саламдашты да, «ошондойбу»,-деди.

-Ооба, мына эми сизди бирге таптык, жакшы болбодубу?-Байсал менен Керим жарыша унчугушту.

-Азыр убактыбыз бар, каршы болбосоң, сени жеткиргенче кайда тураарыңды билип алалы, дагы жоготуп алып, беш жыл издебейли. И баса суроомо жооп бербедиң кожоюнуң аялбы, же эркекпи? –Жигит баштагы суроосун дагы кайталады. Ушул суроо кызга кызыктай туюлдубу, күлө жооп кайтарды:

-Кожоюнум эркек жана аял. Жаштары жетимиштен ашкан, ушул өлкөдөн. Буларга келишимдин да чоң таржымалы бар, аны кийин айтаармын, жакшы адамдар, мени өз кызындай көрүп калышкан. Мобул эле жердебиз. Азыр түз барып, кууш жолдор менен жүрүп барсак, бурчта бет маңдайда жомоктогудай болгон үй турат, мен ошол жерде бир жылдан бери жашайм. Жүргүлө менин туугандарым келди,- деп силерди тааныштырып коеюн, алар жаман көрбөйт.

-Эми өзүнө келе калган Жаныш досторуна карай үн салды, кеттик жигиттер, Кымбатты Сеулда жоготуп жибере электе дайынын билип алалы.

Мурда жалаң иштеп, бошогондон кийин да эки-жакка

чыгып, шаар кыдырууга көңүл бурбай келишкен жигиттер акыркы убакта бош учурда дүкөнгө, же спорт аянчаларына барып, эс алып жүрүшкөн. Сеулду жакшы билип калышкан. Кыздын жашаган жеринен кайра жатаканага кантип жетип алууну да билишет. Кымбат айткандай, бат эле ал айткан үйгө жете келишти. Сырты түстүү таштар менен коозololуп, короолонгон, кызыл дарбазанын конгуроосун басаары менен ичкери жактан аялдын баскан добушу угулду да, көп өтпөй, эшик ачылып, улгайган аял көрүндү. Жигиттерди таңыркай карап, Кымбатка бурулду.

- Кызым, бул балдар кайдан... Бүшүркөй карап, кебин улады: Жердештерибиз менен чогулабыз дегенсиң. Өзүңкүлөрдү таап алгансың го.

-Туура таптыңыз чоң эне.- Кымбат аял менен корей тилинде сүйлөшүп жатты. Тили да мүдүрүлбөй, таптак, беш жылдын аралыгында корейлердин түшүн жооругандай эле болуптур.

- Киргиле балдар, силер да Сеулда белеңер? − Жигиттер баш ийкегилей түрдүү түстүү гүлдөргө оронгон, кудум эле бейиштей болгон жайга келип калгандай сезишти өздөрүн. Эки тарабында жайнап ачылган гүлдөрдүн ортосундагы таштан жасалган тепкичтер менен өйдө көтөрүлө кенен короонун ортосуна коюлган тегерек столдун четинде олтурган кишини көрүштү. Ал Кымбаттарды сыдыра карап, стол үстүндөгү кесилген бадыраңдан тиштеп алды да:

-Кызым байкашымча сенин конокторуң окшойт,-деди.

-Ооба, жашаган жериңди көрөлү дешкенинен ээрчитип келдим, сиз мени бул үчүн тилдебесеңиз керек.

-Жоок, көптөн бери кыжалат болуп жүргөнүңдү билем, балким сен ушул конокторуңду күтпөдүң беле? −Кыраакы киши алар жеткенче бир топ сөздү айтып салды. Кымбаттын жүзү бир кызарып, бир бозоргонун көргөн Жаныш кыз да аны күтүп жатканын туйгандай болду да, ичинен бир дирил-

деп алды. Жете келишип, карыя менен кол берип учурашышты. – Олтургула.

Жайдын толуп турган мезгили болчу. Мөмөлөр, жашылча-жемиштер быша баштаган. Столдун үстүндө мандарин, шабдаалы, алмурут, алма, жашылчалар туруптур.

-Хва, күрптүн эти бышкан чыгар, конокторго алып келгиле.

- Джин-Хо, бышканы качан. Мэйди күтүп жатпадым беле. Силер жашылчадан жеп тургула. Мэй кел энеңе жардам берип кой, этти конокторго алып баралы.

«Мэй» дегени ким экенин билбей турушканда Кымбат күлмүң эте бир карап алды да, кемпир кеткен үй тарапка басып жөнөдү. Жигиттердин таңыркап жатканын түшүнө калган карыя:

- «Мэй» бизче гүл дегенди билдирет. Ошол күнү кафенин эшигин эрте ачканбыз. Келишимдүү бир кыз сырттан аста басып кирди. Өзүбүздүн кыздардан дегенбиз. Тик жакалуу асман түстүү көйнөк кийип алыптыр. Капалангандай түрү бар, ал өтө назик гүл сымал болчу. Аңгыча менин жаныма Хва келе калды да: -Джин-Хо мобул кыз гүлгө оппокшош жайнаган кыз го, чын эле кудум эле мэйдин өзү,-деп көрөрү менен ат коюп алды. Ошондо бул кыздын өз аты кандай экенин сураган да жокпуз. Ошол күндөн бул ай чырайлуу кызды биз «Мэй» деп атадык. И баса Мэй бизден жумуш сурады, бардык иш колунан келерин айтты, ал ушунчалык тездик менен сүйлөп жатканына карабастан, назиктиги байкалып турду. Ал корей тамактарын жакшы жасай турганын, анан да үй тиричилигин ыкчам аткарарын билдирди. Аялым экөөбүз тең анын сүйкүмдүүлүгүн көрүп, бир чети ага жардам керектигин сезип, аяп турдук да, ушул мусапыр кыздын өтүнүчүн аткарууну чечтик.

- Макул биз сени жумушка алалы, кай жерде жашайсын,- деди аялым. Ал эми үнүн билинер-билинбес чыгарып, азы-

рынча жашай турган жайы жоктугун айтты. Аялым жанда жок боорукер болчу, чыйпылыктап кетти. – Неге, ата-энең кайда, үйүңчү? – Биз аны ошондо Кыргызстандан келген деп ойлогон жокпуз, биздин кыздарга эле окшош болгондуктан, корей кызы деп ойлогонбуз. Анткени, ал биздин тил менен кадимкидей сүйлөп жаткан.

-Мен алыстан келип иштеп жатканмын, Кыргызстандан, бирок жумушум мага жаккан жок, кайра өз жериме куру кол кеталбаймын. Сөзсүз иштеп барышым керек,-деди ачык эле. Биздин кызыбыз Хонг да ошол кезде Америкада болчу. Экөөбүз да өз кызыбыз мына ушинтип кимдир бирөөдөн жалбарып жардам күтүп жаткандай таризде ичибиз ачыша түштү.

-Биздин кафебизде иште, биз менен чогуу жашай бер,-деди боорукер аялым менден оозуна. Мен ага каршы болгонум жок. Мурда билбеген, кандай жан экенинен кабарыбыз жок кызды ошентип, ишке кабыл алып, үйүбүздө жашоого уруксат бердик. Алгач тамак бышыруучу жайда иштеди. Ал өтө тилалчаак жана көргөн нерсесин үйрөнүүгө кызыктар кыз экенин байкадык. Башкы ашпозчу да, сырттан келген мындай жөндөмдүү кызды мурда көргөн эмес элем деди. Кайдан үйрөнгөнү белгисиз корей тамактарынын көбүн жасай билет экен, бул жерде дагы бир канчасын үйрөнүп алды, негизинен баарын десем болот . Башкы ашпозчу Мэйди өзүнө жардамчы кылып алды. Мына төрт жылдан бери биз менен чогуу жашап келет, өз кызыбыздай эле болуп калды,-деди Джин Хо.

-Эмнени сүйлөшүп жатасыңар? –Чоң ишке салынан күрптүн этин көтөрүп келаткан Кымбат сөз өзү туурасында болуп жатканын туйгандай суроо катты.

-Өзүбүзчө эле.-Карыя кыздын өткөн күндөрүн эсине салгысы келбеди сыягы айтууну туура таппады. Кымбаттын артынан дагы кошумча жашылча-жемиштерди көтөрө Хва эне келди да, бош орундукка олтура кетти.

-Эгерде Мэй болбогондо биз кыйналмак экенбиз. Тамагы-

бызды да жасаган Мэй. Мобул короодогу гүлдөрдүн баарын ушул кызыбыз олтургузган. Кызыбыз Хонг азыр күйөөсү менен айылчылап келип турат. Турмушка чыккандан бери бизге жардам бере албай калды, жумушунан бошой албайт. Алар Сеулдун четинде жашашат. Жолдошунун мал фермасы бар. Керээлиден кечке өз иштери менен алек. Мурда Хонг бизге аябай кыжалат болчу, Мэй биздин үйгө келгенден кийин биринчи көрүшүндө эле жактырып калган. Анын жасаган даамдуу тортторун жегенден кийин өтөө ыраазы болуп, «чогуу жашап туура кылыпсыңар»,- деп канааттана түштү. Бизге белек жибергенде Мэйди да унутпайт. Кайсыл бир күнү өз жерине кеткенде кантер экенбиз дейбиз кээде. –Хва эне бир топ сөздү божурап салды. Ушул тапта Жаныш бул карылар чындап эле Кымбатка таянып калышкандынын туйду. Алардын мактоосуна ыңгайсыздана түшкөн кыз сөздүн нугун башка тарапка буруууга аракеттенди.

-Сиздер менен жолугушканыма ыраазы болуп турам. Мен Кыргызстанды аябай сагындым. Атамды, бир туугандарымды күндө эстейм, алар менен телефондо сүйлөшүп турганым менен жанында болуу таптакыр башкача эмеспи. Кетким келгени менен ал тарапта эмне жумуш жасайм деп, ойлогондо кайрадан кетким келбей калат.

-Сен туура айтасың, азырынча иштеп туралы. Биздин чоңдор биз сыяктуу жарандар иштей турган завод-фабрикаларды курганда барабыз. Ага чейин барганда кайдан жумуш, жыл сайын агылып, дале сыртка иштегени кетип жатышат дейт, айылдагы агам менен сүйлөшкөн сайын. Бирок, дале биздин жетекчилер сырттан инвестиция деп улам карыздарды алып жатышат, тоолуктарга чейин насыя менен күн кечиришет. Он адамдан эки үчөөнүн гана кредити болбосо, көпчүлүк эл банкттагы алган насыялары менен жашоо кечирип калышты. Убагында төлөй алышпай, үйлөрүн банктар алып коюп, турак жайсыз калгандар да бар. Азыр ламбард деген күчтүү чыкты.

Кызынын себин жасагандар да, уулун үйлөндүргөндөр, үйүн ремонттогондор, кала берсе, күйөө баласы атасына аш берсе да ламбарддан насыя алууга мажбур болгон кыргыз көп. Көпчүлүк эл биз сыяктуу сыртта бирөөнүн жумушун жасап, таап жөнөткөн каражаты менен жашап жатат. Эгерде Россия, Корея жана башка өлкөлөрдө Кыргызстандыктар иштебесе, беш миллион калктын жашоосу кандай болмок эле,-деди жаны кейиген Жаныш.-Өз жерибизге кетели дейбиз, биздин бутубузду тушалткан эле мобул жерде таап жаткан акчабыз.

-Экөөңдүн сөзүңө биз түшүнгөн жокпуз, бизче эле сүйлөшпөйсүңөрбү?- Джин Хо ичи бышып кетти көрүнөт, бадыраңды бир тиштеп алды да, экөөнө күлө кайрылды.

-Көрүшпөгөнүбүзгө көп болбодубу, жөн жайынча эле бир кеп…деп койду Кымбат аларга өз сөздөрүн жашырып, Кыргызстандын чоңдорун жамандап жатабыз демек беле.

- Биз эми кетели, күрптүн этин жедик, сиздерге ырахмат. Карындашымды кайра таап алдым, сиздер жакшы карап жатыпсыздар, көңүлүм тынчып калды, эми кабатыр болбойм,- деди Жаныш карыяларга. – Буюрса эми жолугушуп турабыз. Бир шаарда, өтө алыс эмес аралыкта туруп, ушунча жыл жолугушпаганыбызды кара.

-Жакшы калыңыздар.- Керим менен Байсал да үй ээлерине ыраазычылыгын билдирип, көнүп калышкандай алар сыяктуу эки колдорун көкүрөккө тушташ бириктире калып, ийилип коштошту да, таштан жасалган таш тепкич мпенен ылдыйлай басышты. Алардын артынан Жаныш да аларды туурап кайыр кош айтышып, Кымбат менен бирге дарбазанын сыртына чыкты.

- Мен аябай кубандым, жолугаар бекенмин деп көп ойлоочу элем.-Кыз кайрадан сүйүнүчүн жашыра албады. Эми жакшы барыңыздар.

- Сиз да жакшы калыңыз, Жаныш кайрадан сизге өттү. Ушул ирет да кыз менен кыйылып коштошту. Кайра көрбөй

калчуудай негедир ичи эзиле түшүп, жанынан кеткиси келбей, досторунун артынан илкий гана аста басып жөнөдү.

Кыз аларды узаткандан кийин столдун үстүндөгү идиш-аяктарын жыйнаштырууга киришти. Кантсе да жердештерин тапканына жетине албай, жүзүндөгү жайдарылыктын белгиси көпкө чейин кетпей турду. А карылар болсо жигиттерди узаткандан кийин эле ордуларынан туруп, өз тиричиликтерине киришкен. Баарын жайгаштырып бүткөндөн соң, Кымбат өзүнүн чакан бөлмөсүнө кирди да, жыгач керебеттеги орундугуна жата кетти. Сеулга алгач келип, Жаныштан бөлүнгөн ошол учур карегинде турду.

X X X

… Жолдо чарчап келишкендиктен шерик кыздары ордуларына жатаары менен уйкуга көшүлүштү. Бөлмөдө тынчтык өкүм сүрдү. Кымбат өзүн жалгыз калгандай сезди. Алыста калган атасын, бир туугандарын эстеди. Эжеси кантти экен, мүнөзү жумшардыбы, же баягыдай эле атасына катуу сүйлөп, тили тийди бекен, бир туугандарынын тамагы, сабагы эмне болду. Менсиз кыйнала түшүштүбү? Өз үйүнөн алыстап, атасы көрбөгөн жерге келип, туура кылдыбы, же жокпу? Эртеңки тагдыры эмне болот? Чаржайыт суроолор анын мээсин эзип жибергендей. Анан жаңыдан бөлүнгөн Жанышты ойлоду. Ал кайда кетти, дурус жерге туш болуштубу, же… Кандай болгон күндө да, жакшы адамдарга жолуксун, иши жүрүшүп кетсин ылайым. Орун-очок алып калышса мени өзү издеп табаар. Сөзүндө бек турган жигиттей сезилди. Бишкектен бери бир орундукта олтуруп келгенине ымалаша түшкөнгөбү, ушул жигит ага жакын адамындай туюлду. Кандайдыр бир кымбат нерсесин жоготуп алгандай ичи кыжалат болуп, буулугуп жатты. Башы ооруп да чыкты. Уктап кетишин каалап турду. Дале уктай албай кыйналды. Ойлонбоюн деди, ошентсе да көзү ирмелбей койду. Арадан канча убакыт өткөнү белгисиз, уктап кетиптир.

Кимдир бирөө эшикти ургулап жатты. Бөлмөдөгү кыздар ойгонуп кетишти. Бирдейинен баштарын көтөрүп, кечинде бул жерге келгенин эстешти да, ордуларынан турушту. Терезени карашса таң атып калыптыр.

-Кыздар, тургула.

- Лилия го, бат эле таң атып калдыбы,-Кымбаттын уйкусу канбай калыптыр.

- Саат жети болуптур. Ооба таң атыптыр,-деди Жибек ордунан туруп, кийинип жатып. Кечээ кечинде Лилия кыздардын кол телефонун алып, сааттын жебесин бул жердеги убакытка коюп берген.

-Бүгүн бизди кандай күн күтүп турат экен.-Гүлжан кечинде аларга жасалып жаткан меймандостукту көрүп ичи жылыганы менен бүгүн эмнегедир кооптонуп турду.

-Башында жакшы болсо, аягы дал ошондой болот. Кыздар бөтөн жердебиз деп чочулабайлы. Көрөсүңөр баары жакшы болот.- Кымбат кыздардын көңүлүн көтөрө сүйлөдү. Чынында эле бул жакта бизди бакыт күтүп жаткан чыгар.

-Кандай бакыт, турмуштук бакытпы. Бул жерден мол акча таап, өз үйүбүзгө кетсек, ошол бакыт эмеспи бизге, туурабы?

-Жибек мен сага сен ойлогондой эле бакытты айтып жатам, баарыбыздын максатыбыз каражат табуу эмеспи, ошон үчүн бөтөн жер, бөтөн элге келип олтурабыз. Кыздар көп кейий бербейли да, сыртка чыгалы,-деди Жибек жуунуу үчүн желкесине сүлгүсүн артып, ваннага карай баратып.

Кыздар чыгышканда Лилия ары жактан келатыптыр. Кечээгиден башкача кийинип алыптыр. Көңүлү тынч жакшы уктаган го, жүзү таптаза, кой көздөрү күлүңдөп туптунук. Кыздар менен жайдары учурашты.

-Жакшы түш көрүп, жай турдуңарбы, ашканага жүргүлө, мен да тамактана элекмин, чогуу ичели, бул жерде тамагыңар бекер, тактап айтканда эмгек акыңардан алып калышат, бирок көчөдөгүдөн бир топ арзан, анткени силер бүгүнтөн баштап,

ушул соода борборунун кызматкерлери болосуңар. –Лилия келаткан кадамын бир азыраак жайлатып, кыздардан алдыга басты да, ашканага карай бет алды. Кымбаттар да аны ээрчий үнсүз басып баратышты. «Башталышы жаман эмес». Кымбат ичинен күбүрөп алды. Анын шыбырын жарым-жартылай уккан Жибек бир тиктеп алды да, басып бараткан калыбында «не дедиң?», деп айтты. «Жөн гана». Кымбат ойлогонун айткысы келбеди. –Жүргүлө кечээги жайыбызга олтуралы.- Лилия салаттар коюлган столдун четине келип олтурду. Кыздар да анын жанына келип жайгашышты.- Кыздар эмне жейсиңер?

Үчөө бирдейинен ийиндерин куушуруп коюшту.

-Чынында силер бул жерге көнө элексиңер да, муну мен эске албаптырмын. Бара-бара көнүп кетесиңер, анан өзүңөр тандап жеп каласыңар. Мен эртең менен дайыма жеңил тамактанам. Мисалы сүткө бышырылган күрүч, анан жаңы салат. Силер эмне жейсиңер?

-Мен дагы.

-Мага да сүткө бышкан күрүч.

-Мен да ошондой.

-Демек, баарыбыз окшош жейт турбайбызбы. Баарыбызга күндөгүдөй тамак бергиле,-деди Лилия, жандарына келе калган официант кызга.

Сүткө бышырылган күрүч жешкенден кийин Лилия лифт менен кыздарды өздөрү жүргөн имараттын үчүнчү кабатына алып чыкты.

-Мен силерди ашкананын шефине баштап келатам. Ал орто жаштан өтүп бараткан эркек, бирок өз жашынан бир топ жаш көрүнөт. Кандай жумуш болсо. Макул болгонуңарды билдиргиле, мүмкүн болушунча силер үчүн өтө оор эмес, бирок маянасы жакшы иштерди сунуш кылып көрдүм. Балким, ал кабыл алар. Калган кыздарды башка иштерге жайгаштырам, ашканада иштөө өтө оор болбосо керек, кунт койсоңор үйрөнүп кетесиңер. Кечээги кыргыз кыздары да ушул ашканада

иштешет. Чочулабай эле койгула, силер үйрөнгөнчө мен кабар алып турам,-деди Лилия, алдын ала кыздарды даярдап. Эшикти ачып, уруксат сурап, кыздарды баштап кире бергенде Кымбат төрдөгү чоң креслодо олтурган бою кичине эркекке көздөрү түштү. Кресло чоң болгондуктан, столдун үстүнөн анын башы эле көрүнүп турду. «Кичинелигин кара». Ичинен сүйлөнүп алды да, Кымбат жанындагылар угуп койгондой эки жагын элеңдей карады. Бирок, эч кимиси туйбаптыр, шерик кыздары да Кымбат ойлогондой ойлоп жатышкандай, Гүлжан өзүнчө бырс этип алды. Лилия башын чайкай тыйгандай белги берди. Кожоюн муну байкаган жок.

-Булар ашканада иштей турган кыздар, баары тетик, колдорунан иш келет.-деди Лилия.

-Үчөөн тең азырынча тамактар үчүн жашылчаларды тазалоого иштете туралы, анан көрө жатарбыз.- Өз тилинде сүйлөгөнү менен бул сөздү Кымбат түшүндү да, ичи муздай түштү. « Тилди мен корейлердин сыз жыттанган подвалдарында иштейм деп үйрөндүм беле, оорулу атамды, мени жанындай жакшы көргөн бир туугандарымды таштап келгендеги менин арзуу үмүтүм ушул беле». Бөтөн жер, бөтөн элге келип алып, эми минтип алардын көксөгөнүндөй, жумушка жөнөтүп жатышкандар айтышкандай иш болбогонуна кейиди. Кожоюнун « анан көрө жатарбыз», деген сөзү ага жакпады. Кечээги жалындаган үмүттөр көздөрүнөн учкун сыяктуу учуп, кайдадыр житип кеткендей бир заматта өңдөрү мостое калып, кыздар бир бирине карашып, тим болушту. – Кыздарды иш менен тааныштыр. Катуу дайында, биздин тартипти түшүндүр, тентектик кылышпасын,-деди кожоюн пастек бою менен өйдөрөк боло, ордунан канчалык көтөрүлбөсүн башы олтурган столунан бийиктеп кетпеди. Ичинен өзүнчө шылдыңдай үн чыгарбай кыткылыктап күлгөндөй болгону менен Кымбат күлкүсүн сырткa чыгара албады, себеби өз жери эмес, ушул корей Кыргызстанда болгондо алынын жетишинче мына ушундай жо-

ругу үчүн тилдемек болчу. Жердештеринин абалын түшүнүп турганы менен ички дүйнөсү эмне болуп жатканынан кабары болбогон Лилия алардын астынан оорзуна басып:

-Жүргүлө,-деди кечээ күнү анын айтканын эсине алгысы келбеген кожоюнуна таңдана бир карап алды да, бир чети ушунча жыл иштеп ишенимге кирдим го деп ойлогону тескери чыкканына таарынгандай жооп айтпады да, кыздарга «кеттик» дегендей колу менен ишарат кылып, кыздарды ээрчите кожоюндун бөлмөсүнөн чыгып кетти.

-Бул менин айтканымды жасабады. Мен силерди ашканада тамак жасоо үчүн атайын үйрөтөлү деп, айтканмын, ал жерде силер бат эле үйрөнүп кетмексиңер, албетте ашканада жашылчаларды аарчуу жеңил эмес, олтурган жериңер подвал, ашкананын кампасы, салкын жер силерге жакпашы мүмкүн. Ошентсе да чыдай тургула, мен дагы аракеттенип көрөмүн. –Лилия актана чыйпылыктап жатты. Кыздардын андан башка аргалары жок болчу.

- Иштеп туралычы, балким бизге жакшы иш беришээр,-деди Гүлжан.

-Бул жер Кыргызстан эмес, жумуш тандагандай, келерин келип алдык, эми чыдашыбыз керек, эң башкысы көчөдө калбашыбыз зарыл,-деди Кымбат.

-Кыздар силер чочубагыла, көчөдө калбайсыңар, мен турам го. –Лилия жердештеринин алдында өзү аларга жардам бере албаганына ыңгайсыздана, бирок ишенимдүү айтты. Кенен коридор менен жүрүп олтуруп, тепкич менен ылдый түшүштү. Жеринен тартып, шыбына чейин төрт дубалы тегерете бетондолгон өтө бийик эмес, өтө чоң да, кичине да көрүнбөгөн жайда кыр катар тызилип олтуруп жашылча тазалап жатышкан эки аял менен жети-сегиз кыз, жигиттердин жанына келген Лилия:

Бул кыздар Кыргызстандан келишкен, менин жердештерим, жакшы кабыл алгыла, бирок капа кылчу болбогула,-

деди корей тилинде сүйлөп. Алар ар кайсыл улуттан экени өңдөрүнөн байкалып турду. – Түшкү тамакка даярдыкпы?

-Ооба,-деди чачтарын сарыга боеп алган бүтүгүй көз аял.

-Бу кыздарга да бергиле, бирок азырынча өтө кыйнабай иштешсин.

- Тигил каптардагы картөшкөдөн тазалай беришсин, жанында идиштери, бычактар турат.- Ордунан ээрине туруп барып аял колу менен капты сайгылады:-баарын эмес, жетишинче аарчышат.

- Азырынча мен кеттим, буюрса кечинде жолугушабыз, -деди үн катышпай турушкан үч кызга. Анан тигил аялга кайрылды: -бу кыздар азырынча жаңы, тамакка барганда таштап койбогула.

- Сиз кабатыр болбоңуз, жердештериңизди капалантпайбыз.- Аял Лилияга күлүмсүрөй карап, кыздарга үн катты: -Эч нерсе эмес, биз да жаңы келгенде силер сыяктуу абалда болгон элек. Ар кимибиз ар кайсыл өлкөдөн келгенбиз, Казакстандан да бар, мен монгол кызымын, а булар америкалыктар,-деди катарынан олтурган эки негр кызды көрсөтүп. Аркы эки кыз болсо Үрүмчүдөн келишкен. Силер да биз сыяктуу көнүп кетесиңер, акча табуу оңой эмес, татынакай экенсиңер, кантип ата-энеңер жөнөттү дейм да. Бирок, тыкан болсоңор өзүңөргө жакшы, бул жерде да ар кайсыл улууттар бар. Корейлер менен да иштешүү жеңил эмес. А балким, силер аларга жагып калып, ашканага, же залга алышаар.

Аял бир топ сөздү айтып салды. Анын сөзүнөн улам булар да ушул пордвалдан чыкпай тургандай денелери үркүп кетти. Бул жер сыз, анан бир аз суугураак болчу. Үчөө тең жеңилирээк кийингендиктен алгач үшүй түшүштү. Бир топтон кийин денелери көнүп, үйрөнө баштагандай сезилди. Аларга картошка аарчуу өтө кыйын деле туюлган жок. Ошентсе да бир топ убакыттан кийин колдору карышып, талып баратканы сезилди. Бычакты колдон түшүрбөй иштешкендиктен бир кап

картошканы тазалап бүткөнчө үйүндө кара жумушту мынчалык көп убакыт жасап көнбөгөндүктөн Кымбаттын назик колдору бышара түштү.

Түшкү тамакка жумушчулардын тамактануучу бөлмөсүнөн даам татышты. Корейлердин ачуу капустасы, ачуу салаты, сууга бышырылган күрүчү, дегиси кыздарга жаккан жок. Курсактары ачканы менен үзүлүп түшпөй бир аз шам-шум этишкени болбосо, ичтерине эч нерсе кирбегендей калыпта кайрадан ылдый түшүшүп, мурдагы ордуларында эми капуста тазалоо менен биринчи күндөгү жумуштарын улантышты. Кечинде саат алтыдан өткөндө арып-чарчап, жатаканаларына келишти. Кийимдерине жашылчалардын жыттары аралашкан сыз сиңип калгандыктан, бири-биринин жытына мурундарын чүйрүп, жуунучу жайдагы мээлүүн сууга жуунуп чыгышты да, кечинде курсагыңар ачканда жейсиңер деп, кечээ күнү Лилия жердешчилик кылып алып келген нан менен таттуулардан калганын жеп, артынан суу ичип жатып алышты. Чарчашкандыктан баштары жастыкка тиери менен бирдейинен уктап кетишти.

Эрте жаткандыктан, Кымбат шериктеринен эрте ойгонду. Кечээги чарчаган денеси жазылып, бир аз жеңилдеп калыптыр. Ордунан туруп, парданы сыйрып, терезенин бир тарабын ача бергенде ичкери сыдырым аста жортуп кирди. Үп тарткан бөлмөгө таза аба кирип, анын кыймылынан Гүлжан менен Жибек да ойгонуп кетишти.

- Карга эмнени чокубай дейт эле, ошол сыяктуу саарлап туруп алганың эмнең,-деди Жибек терезеден сыртты карап турган Кымбатка.

-Уйкум канып калыптыр, анан бөтөн төшөктө көпкө жаткым келбеди. Өз үйүмдөгү жумшак шейшебимдин жытын сагындым, эжелеп жаныма келишкен мотурайган бир туугандарымды сагындым. Күн сайын жумушка кетип, жумуштан келгенде маңдайымдан шуу-шуу жыттап көздөрүмө тигиле ка-

раган атама куса болдум. Кала берсе бирде ачууланып, бирде жазыла түшкөн өгөй энемди да көргүм келди,- Кымбат ичгеги бугун кыздарга билгизди. –Аларды эстегенде ичим эңшерилип, өз ичимден миң кайталап өзүмдү жемелеп жатам. Атам мага ишенип бул тарапка жөнөттү эле, эми болсо атамдын ишеничин аткара аламбы.

-Кымбат сен антсең, мен да карыган эңемди жалгыз калтырып, Кореяда жакшы иш дегенинен келбедимби, үйдү эстесем, энемдин эмчеги зыркырап мени күтүп жаткандай болот. Кайра качан көрөм. Мен да жакшы иштеп акча таап, апам экөөбүз турган үйүбүздү оңдоп, адамдарга окшоп биз да жакшы жашайлы деген арзуу менен келген элем. Мени узатарда апамдын көзүнөн жашы куюлуп, эмшеңдеп ыйлап калганы дале көз алдымда турат,-деди Гүлжан буулуга сүйлөп. Көздөрүнөн жашы агып, бир заматта бетинен ылдый куюлду.

-Мени да жыргаганынан келди дейсиңерби.- Жибек коюу чачтарын бирди кылып өрүп, төбөсүнө чогултуп жатып үн катты. Ата-энем каза болгондон кийин бири беш, экинчиси жети жаштагы бири кыз, экинчиси эркек бир туугандарымды убактылуу балдар үйүнө тапшырдым да, бул тарапка сапар алдым. Андан мурда курста тил үйрөндүм. Өзүм тарых сабагынан окучуларды эми гана окутуп жатканмын. Маянам менен бир туугандарым менен жетиштүү жашай албадык. Анын мага сыртта иштеп акча табуу керек деген ой пайда болуп турганда Корея чыкпадыбы. Менин максатым өзүмдөн мурда эки бир туугандарымды окутуп, билимдүү адам кылып чыгаруу. Ошондуктан, кандай гана кыйынчылыктарга карабастан, иштеп акча таап, аларга бактылуу келечек куруп беришим керек.

Экөөнө караганда Кымбат өзүнүн үй шарты бир кыйла жеңилирээк экенин туйду. Ушул тапта ал өзүнүн алдында тилектеш курбулар тургандай ичи эзиле түшү. Көзүнөн жаш ала, эки колун жая экөөнө жакындады:

- Келгилечи, баарыбыздын максатыбыз бир экен, бул жерде бир бирибизге таяныч, жөлөк бололу, кыйналсак бир кыйналып, кубансак бир кубаналы.-деген Кымбат эки көзүн балбылдата жайнатып, Жибек менен Гүлжанга кучагын жайып, бирдейинен эки колу менен белдеринен алды. Алар да эки колдорун эки жакка жая берип, Кымбатты кучактап, эң жакын курбулардай бекем кысышты.

- Биз да сага кошулабыз, сен айткандай болсун. Бул жерде, буюрса Кыргызстанга кеткенде да эң жакын курбулардан болуп жүрөлү. Азыр Сеулда иштеп, акчалуу болуп, Кыргызстанга кетип бараткан учурлар көз алдыма тартылды. Мына, мына биз бараткан учак «Манаска» конду. Ак көйнөк, ак туфли, колубузда жеңил сумка, Кореядан жакындарыбызга арнап алган белектерибиз жүк ташыган унаа менен жеткирилет. Акчабызды мурда эле банк менен Кыргызстанга жөнөтүп жибергенбиз. Аэропорттон бизди күтүп жаткан жакындарыбыз сыймыктана, суктана карап турушат. Көктү карап, өзүбүздүн ак булуттарды ушунчалык сагынуу менен тиктейбиз. – Гүлжан ак саргыл жүзүн нурдантып, көктү тиктеп тургандай бөлмөнүн шыбын карап, Кымбатты кучактап турган колун эки тарапка жаза толкундана түштү. Алардын бир саамга болгон кубанычтарын буза эшик каттуу урулду да, корей аялдын үнү угулду:

-Кыздар тургула!

Бул үн алардын кыялдарын көккө сапыра түштү. Бир заматта эмелеки кубанычтуу кыялдар жоголуп, жүздөрүн капалык ээлегендей турушту да, эстерине эми гана келгендей жуунуучу бөлмөгө жүгүрүштү. Бул жер тар болгондуктан, кезеги менен жуунууга ылайык келгендиктен, бирин бири күтүүгө туура келет. Кудум эле жоокерлердей ыкчам кыймылдап, өз үйлөрүндөгүдөй жасанууну унутуп, жүздөрүн күзгүгө карап, чачтарын оңдогон болушту да, кечинде калган таттуулардан шам-шум этише сыртка чыгышты.

-Бүгүн Лилияга айталы да, баягүнү ал алмаштырып берген акчаларыбызды иштете элекпиз да, жумуштан кийин ошол акчабыздан иштетели да, үйдө тамактануу үчүн керектүү идиш, анан тамак-аш алып келип, эртең менен кечинде оокаттануу үчүн шарт түзүп албасак, ачкалыктан ашказан оорусуна чалдыгып калбайлы,-деди Кымбат эшикти кулпулап жатып, Жибек менен Гүлжан анын сөзүн туура көрүштү. Күндөгүдөй баскан коридор менен жүрүп олтурушуп, кечээгидей тепкич менен ылдыйлай бергенде эле подвалдагы жыт мурун өрдөй түштү.

-Бул жерде качангыга чейин иштейт экенбиз? –деди Гүлжан.

-Ким билет дейсин? –Кымбат анын сөзүнө суроо менен жооп берди. Эки аялдан башкасы келе элек экен.

-Салам.

-Саламатсыңар, келдиңерби? Бүгүн да кечээгидей жумуш, силер каптагы картошканы аарчый бергиле.-деди аялдардын бири жашиктеги капусталарды бирден алып тазалап жатып. –Андан соң, тигил пиязды туурагыла.-Ал бурчагы үйүлгөн пиязды карай башын жаңсай сүйлөдү.

-Бүгүн эми жатаканага пияз жыттанып кетет турбайбызбы.-Жибек наарaзылана түштү.

-Койгула кыздар. Жумушубузду жасай берели. Башка түшкөндү көтөрө билели. Ушунусуна да шүгүр деп калдым, таптакыр жумушсуз калсак кантет элек,-деди Кымбат.

-Тү,тү… кудай анын бетин ары кылсын, антип жаман сүйлөбө. Жаштын тилегин берет дейт, кудай буюруп, сен ашкананын кожойкеси болуп, мен гиперкаркетти ээлеп, Гүлжан корейлердин унаа чыгаруучу заводун сатып алып, дегиси бул жерден байып кетели. Омиин –Жибек бычагын жерге кое салып, эки колу менен бетин сылады.- Силер да омиин дегиле. –Кымбат менен Гүлжан да анын сөзүнө арбалып, алакан жайып ичтеринен тилектерин айта салып, колдору менен

жүздөрүн сүртүштү. Аларды телмире тиктей калган эки аял, билинер-билинбес күлүмсүрөп гана коюшту да, иштерин улан-та беришти.

Ошол күнү картошка тазалап, пияз аарчып, жатканага келишкери менен жуунуп бүтүп, кийимдерин алмаштырып жатканда Лилия кирип келди.

-Бүгүн канттиңер?

-Бүгүнбү, бүгүн тек гана бийледик,- деди Гүлжан тамашага салып.

-Койгулачы тамашаңарды, мен жумуш менен кеткенмин, силерге жумуш бербедиби? –Анын сөзүнө ишенген Лилия көздөрүн балбылдата суроо узатты.

-Калп айтат, бүгүн картошка менен пияз аарчыдык, эмне бизден пияздын жыты келбей турабы? –Кымбат эки колун жая Лилиянын мурдуна жакындатты.

-Таптаза, эч кандай жыт жок.

-Биз жуунуп бүткөндө келдиң да. Андан көрө азыр бизди шаарга алып чык. Эртең менен кечинде жегени тамак алып келели, анан качанга чейин сени ээрчийбиз. Өзүбүз да шаар менен таанышып алалы,-деди Кымбат.

-Кымбат туура айтат, бул жерде ачкалыктан өлбөйлү. Корейлердин ачуу салаты менен күрүчүн жей берип шылынып калабыз го. Этин да жегибиз келбейт. Эшектин этиби, же иттикиби. Кайдан билели. –Гүлжан сөзгө кошулду.

-Бул жерде эшектин да, иттин да этин жумушчуларга бышырып бербейт, аны өздөрү жешет. Силер жийиркенбей эле койгула.

-Эмнеси болсо да көзүбүз менен көрбөгөндөн кийин, сен биздин суранычыбызды аткарып, азыр шаарга алып чык.

-Болуптур, даярсыңарбы?

- Биз даяр.

-Анда жүргүлө, силерге кечки Сеулду көрсөтөйүн. Кыздар бөлмөнү жаап, Лилиянын артына сыртка чыгышканда сүттөй

аппак жарыкты көрүштү. Анткени, бул иш жайына киргенден бери сыртка чыга элек кыздар көргөн көздөрүнө ишенбей, бир ажайып дүйнөгө келишкендей болуп, баарынын көздөрү жайнап, кубангандай түр беришти. Өздөрү жашап иштеген чоң соода комплексинин короосу өтө кенен болгондуктан, аларга Сеулдун жарымын ээлеп алгандай сезилди. Ар кайсыл жерге орнотулган лампалар кадимки күндүзгүдөй жарык берип, кызыл-тазыл гүлдөгөн түркүн түс гүлдөр аларга бир башкача ааламды элестеткендей болду.

-Ап баракелде келгенибизге бир аптага жакындап баратса да мындай сулуулукту чыгып көрбөгөн экенбиз го.- Кымбаттын көздөрү балбылдап айланасын суктана тиктеп, Лилияга карады. Сага да ырахмат келгенден бери бизди сыртка чыгарбаганыңды кара. Жердештерине камкордук менен мамиле кылгандыктан, өздөрүнөн бир топко улуу болсо да Лилиянын айтуусу боюнча сизден сенге өтүп алышкан.

-Силер жумушка орношуп көнгөнчө убакыт өттү. Мындан ары иштен кийин сейилдөөгө убакыттар болот буюрса. Жүргүлө менин унаама олтуралы да, бир аз көңүл ачып келели,- деди Лилия бет алдыда турган аппак түстүү «Лексуска» карай басып.- Келгиле олтургулачы. –Ал рулга олтуруп жатып «олтурдуңарбы» дегендей жанындагы Кымбатты, анан артындагы кыздарды сыдырата карап алды да, унаасын от алдырып, жай жүрүп, жакындай бергенде ачылган дарбазадан сыртка чыгып, кенен жол менен зымырады.

Көчөдө күндүзгүдөй эл көп болчу. Бири жашып баратса, кээси жай жүрүп, дагы башкалары топтолушуп, бир тобу көңүлдүү баратышат. Көздүн жоосун алган бийик кабат үйлөр. Бет маңдайына сүрөттөр жабыштырылган соода жайлары. Шаардын архитектуралык кооздугу биринчи көргөн кыздарды кайдыгер калтырбады. Бир чети оюлбаган, кудум эле жаңы салынган жолдор, көчөлөрдүн тазалыгына сугуң артат.

-Биздин борбор шаарыбыздын чет жакасына эле чыгалычы, ар кайсыл жерде үйүлгөн таштандыларды көрчү элек,-деди Кымбат.

-Чет жагы эмес, борбор шаарларыбыздагы базарлардын айлана-тегерегиндеги толуп жаткан таштандылар, эзелтен бери тазаланбагандай болчу эле го, буларда баары таза экен. Мында шаардын чети да ушундайбы,-Гүлжан Лилиянын желкесине колун кое суроо катты.

-Булар тазалыкка чоң көңүл бурушат. Анан корейлер өтө иштерман, мээнеткеч калк. Иштеген адамдын эмгегин да көбү баалай билет,-деди артын карай бурула берип Лилия.

-Анда биздин эмгегибизди да баалашат тура, ээ Лилия.

-Кыздар кабатыр болбогула, мен да ошондой деп ойлойм. И баса силер дүкөнгө кирмекчи элеңер го.

-Ырас, бөлмөдө да тамактанууга туура келет экен. Ошондуктан эки-үч күнгө жетээрлик бузулбай турган шириндиктерден алып алсак, эртең менен кечинде чай ичкенге жарайт,-деди Жибек.

- Бул дүкөнгө кирели, ичинде баары бар, жашылча-жемиштерге чейин сатылат. Каалаcаңар буюм аласыңар, бирок көп эле чыгым боло бербегиле,-деди Лилия кеңешин берип. Унаадан түшүп баары дүкөнгө кирешти. Чынында баары бар. Азыктардын баары пакеттерде турат. Салмагына жараша баалары жазылган. Лилиянын жардамы менен керектүүлөрүн алып, кайра унаага келип олтурушканда Лилия кыздарга сунуш айтты. Бир жерден тамактанып алсак кантет.

-Баягы ачуу салаттары менен күрүчтөн жасалган тамак ичебизби. Силер жактырганы да табылат. Кээде келип оокаттанып кетчү бир ашканага алып барам.

-Анда көрөлүбү, кыздар.- Кымбат кыздарга кайрылды.

-Албетте. Чочуй турган эч нерсе жок сыягы, жаныбызда бул жердин коен-жатагына чейин билип, корейлердин тилинде сүйлөп, түшүн жооруган Лилия эжекебиз турганда анын

эркине көрөлү. -Тамашага жакын Гүлжан ушундай дегенде Жибек да аны коштоп койду:- кожоюндар тилдешчү болсо жаныбызда Лилия турбайбы.

-Баарыбыз макулбуз, бирок көпкө олтурбайлы, тамактаналы да жатаканага кетели, мен аябай чарчап турам, таң саарлап турушубуз керек,-деди Кымбат.-Бирок, курсагымдын ачканынан кандайы болсо да, тандабай жемекмин.

-Эмне күчүктүн этин дагыбы?- Жибек Кымбатты сынап көрмөк болду.

-Жок, жок, андан башкасын.

-Анда бакалардыбы?

-Койсоңчу Жибек тамагым ооруп калбасын, ашканага кирбей жатып табитимди бузчу болбо.

-Кыздар келдик, түшөлү. -Лилия унаасын жай айдап келди да, жаркырап лампалары жанып турган чакан ашкананын жанына келип токтоду.- Силерге айткан мына ушул жай. Булар кадимки эле биздикиндей үй канаттуулардын этинен тамак даярдайт, даамында шек жок,-деди да Лилия унаасынан түшүп, алдыга басты. Ашкананын полдору жылтырап, жаңы жуулгандай таптаза экен. Тамактануучулар өтө көп эмес болчу. Кыздар терезеден көчө көрүнүп турган орундукка келип олтурушары менен официант жете келип, ийиле калып сылыктыгын билгизди да, колундагы меньюну сунду.

-Кыздар тооктун этин жейбизби?

-Мейли, даамын татып көрөлү.-Кыздар Лилиянын сунушу менен тооктун этин жемей болушту.

-Күрүч, анан жашылча салаты менен болсун ээ, тооктун этин ушулар менен жеген жакшы.- Лилия кыздарды ынандыргандай болду.

-Лилия эжеке сиз айткандай болсун.

Лилия тооктун этине буюртма берди да, эң оболу суусундук алып келишин суранып, кайрадан бурулду.

-Мен кээде ушул жерге келем, дал ушул терезе алдына ол-

туруп, өз өлкөмдү эстейм. Эгерде Мекенимде жумуш болгондо бул жакка келмек эмес болчум. Кыргызстанда жүрүп, илим жактайын дегенмин, бирок аспирантураны бүткөнүм менен мага жактоого мүмкүнчүлүк болбоду, себеби ага каражат керек болду. Ата-энем мамлекет берген маянасынан тышкары капчыгында кошумча акчасы болбогон жөнөкөй мугалимдер. Биз беш бир тууганбыз, эң улуусу мен. Эки бөлмөлүү мамлекеттин үйүндө турабыз. Бара-бара үйүбүз тардык кыла баштады. Мен ата-энемдин бешенесине бюджетте окудум. Окумуштуу болом деп, андан ары уланттым. Ойлоп көрсөм мен да өз ата-энемдей кыйналмакмын, ошол кезде илим жактаганга каражат жок эле. Анан тил билгендиктен Кореяга келүү мүмкүнчүлүгү пайда болду. Бул жакка келгенге ата-энемди ынандырдым. Алар макул болушту. Бир жылдын аралыгында кожоюндарымдын ишенимине кирдим. Менин аларга так, туура иштегеним, бир да ирет жумуштан кечикпей, калп айтпаганым, анан мээнеткечтигим жакты. Бир тапшырма беришсе, кечиктирбей бүткөрөм, алар ойлогондон да жакшы аткарам. Мага жакшы жумуш беришти. Маянам жаман эмес. Келгенимден маянамды чогултуп, беш айдан кийин ата-энеме каражат жөнөттүм. Бул жерде экономика жаатында дагы окуумду бүтүрдүм. Буюрса силер жакында ашканага барасыңар, мага кожоюнум ушундайча убада берген.

Бир аз убакыттан кийин буюртма алган официант падноско катарынан тизилген идиштердеги булоосу чыккан тамакты алып келди да, ар биринин астына коюп, тамактарынын даамдуу болушун айтып, кетенчиктей басып барып, бурула сырттан жаңы келишкен кардарларга карай басты.

- Таттуу даам.- Лилия күлүмсүрө карады да, бир колуна бычак, экинчисине вилканы кармап, жумшак бышырылган эттин четинен кесип алып, филка менен сайып оозуна салды да: -жакшы бышыптыр, кадимки эле тооктун эти, чочубай эле койгула,-деди.

-Чынында жакшы бышырыптыр, даамы жаман эмес. -Кымбат да даамын татып көрүп Лилиянын сөзүн кайталады.- Сен айткандай кээде келип туралы. Бул жер мага жакты. Терезеден түнкү чырактар жанып турганда Сеулдун көчөлөрү кооз көрүнөт экен. Негедир азыр көңүлүм көтөрүлүп, жан дүйнөмдү жагымдуу сезимдер ээледи. Азыр атам көрбөгөн жерде олтуруп, Жараткан ушуну насип эткенине чындап ыраазы болдум. А балким, ушул бүгүнкү кыйынчылыктар артта калып, ишибиз жүрүшүп, максатыбызга жетербиз.

- Тилегиңер кабыл болуп, ишиңер жүрүшүп, өзүңөр көнүп кетсеңер, Сеулду кенен-кесири кыдырып көрчү убакыт да болот. Жакшы маянага да жетишесиңер, каражатыңар көбөйсө үйүңөргө да жөнөтөсүңөр. Азыр тамактаналы да, жатаканага баралы. Ал жерде кечки тогуздан соң, кире албай калабыз. Азыр сааттын жебеси сегизди какты. –Лилия кол телефонун карап алып, кыздарга бул жердеги тартипти эскерте кетти. Керээлиден кечке катуу иштеп чарчаган дене бир аз жазылгандай болду. Тооктун этине тойгон кыздар өздөрүнчө ашкананын ээсине ыраазычылыгын айтып, ордуларынан тура беришти. Алардын айтканына көнбөй Лилия тамактын акысын өзү төлөп койду.

-Дайыма эле мындай болбойт да, биздин да акчабыз бар эле.

-Силер да чай берчү убакыт келет, азырынча иштеп каражат таба элексиңер. Дагы бир күнү силер төлөйсүңөр, азырынча мен төлөп турайын. –Кыздардын ыңгайсызданып турганына карабай Лилия бул ирет да жердештерине өз сыйын көрсөттү. Алар унаага олтуруп, кайра жатаканага келишкенде саат сегиз жарым болуп калган. Лилия кыздарга жагымдуу кеч каалап, өз бөлмөсүнө карай кетти.

Алып келген тамак-аштарын шкафка салышты да, ар бири өз керебеттерине жатып, уктоого киришти. Эртең менен уктап калышса, жумуштан кечигип жеме угушары бышык, ошон-

дуктан, тартипке үйрөнгөн Кымбат курбуларын да батыраак уктап, эртең менен эрте туруусун айтып, өз төшөгүнө жатып, жастыкка башын коеру менен эч нерсени ойлобой уктоого аракеттенди. Анткени, бүгүн да көп иштешкен, сыртка чыгып, бир аз эс алып, бойлору сергилең тартып калганына карабастан, чарчагандары сезилди. Терезеден сырттагы лампалардын жарыгы бөлмөгө тийип турду, көп өтпөй кыздар уйкуга кетишти. Эртең менен дагы аларды корей аялдын жоон добушу ойготту.

Бүгүн да сыз жыттанган подвалда кыздар жашылча аарчышты.

Сеулдагы көңүлсүз күндөр кайталана берди. Бир ай эмес, экинчи, үчүнчү ай келди. Эмгек маяналары Кыргызстанга салыштырмалуу бир кыйла көбүрөөк болгону менен жакындарына жөнөтөр мезгил келгенде өздөрүнүн керектөөлөрүн эске алганда өтө эле көп эмес болчу. Кымбат үнөмдөп олтуруп, экинчи айдын соңунда тапканын атасына которду, болбосо алар ар кандай ойго келип, тынчсыздануулары күмөн эмес, Гүлжан менен Жибек да бир аз каражат жөнөтүштү. Дурусураак жумушка которушпаса муну менен маңдай жылытаарлык акча иштеп табуу мүмкүн эмес эле.

Эртең менен эшиктин кагылганынан үчөө тең бирдейинен ойгонуп кетишти. «Уктап калдыкпы? Жумуштан кечигип тил укпасак болгону».Кымбаттын кыялына ушул ойлор келгенде уйгу-туйгу сезимдерге кабыла түштү. Терезени караса, эми гана жарык кире баштаптыр. Мынча эрте ким тынчыбызды алып жатат? Эшик экинчи ирет кагылды.

- Кымбат, кыздар… -Лилиянын үнү.

-Тынччылык бекен? –Үчөө бирдейинен чочуй түштү. Кымбаттын негедир денеси үрктү. Бүткөн бою бир заматта калтырак басып, эшик алдына зорго жетти да ача берип, күлө карап турган Лилияны көрүп өзүнө келе калды. – Эмне болду, мынчалык эрте?

-Неге чочуйсуңар, мен силерге сүйүнчү айтайын дегенмин.

-Кандай сүйүнчү? −Жарыша үн катышкан кыздар анын оозунан жагымдуу жаңылык күткөндөй босогодо турушту.

-Ичкери киргизсеңер боло, мен силерди кубантайын деп келсем… Лилия кыздардын чочулагандай бозоро түшкөн өңдөрүн карап туруп, саардап келип кыжалат кылганын эми гана байкагандай бир саамга унчукпай турду да, кайрадан сөзүн баштады. Кечинде кожоюн мени чакыртканынан барсам эмне дейт дейсиңер. − Лилия үчөөн тең бирдейинен белдеринен кучактай кармап, ошол калыбында керебетке кошо келип олтурду да, сөзүн улады. −Силерди жогорку жакка ашкананын залына которууга уруксат берди. Кымбат сен ашканада ашпозчулук кыласың, ал эми Гүлжан менен Жибек залда иштемей болду.

-Кудайга шүгүр, үнүбүз кудайга жеткен экен. Сага ырахмат Лилия, бул да сенин эмгегиң экендигин билебиз, бул жакшылыгыңды унутпайбыз,-деди Кымбат сулуу көздөрүн күлүңдөтүп, анын эмелеки кубарып турган жүзүнө кан жүгүрүп нурдана түштү. Ага ыраазычылыгын билдирип, катарынан беттеринен өөп-өөп алышты да, ортого алып кучактай, анан иппичке белинен кармап алып колдоруна көтөрө « бактыбызга сенин болгонун жакшы тура, ырахмат»,-дешти.

-Болду эми, мени жерге түшүргүлө. Түнү менен уктай албай, силерди кубантайын деп келсем, түрүңөр бир башкача болуп турганын карап өзүм да чочуп кеттим. Мына, эми баары жакшы болот, силерге ушинтип айтпадым беле. Жуунуп, кийингиле, баарыбыз чогуу ишке баралы. −Лилия жүздөрүн кубаныч уялап турган кыздарга кайрылды.

-Бөлмөдөн эле шам-шум этип алалы. Сен биз менен чогуу чай ич, деди Жибек коюу, капкара чачтарын бирди кылып өрүп жатып. Анан өрүп туруп, төбөсүнө чогултуп түйүп алды. Анын ушул турпаты өзүнө жарашат. Күндөгүдөй кезеги менен барып, жуунуп келишти да, бири чайын демдеп,

экинчиси нан кесип, үчүнчүсү таттууларын жайнатып коюп, төртөө бөлмөнүн ортосундагы стол четине олтурушуп, эртең мененки чайды ичишип бүтүп, Лилия менен кошо чыгышты. Ал кыздарды ашканага ээрчитип барып, башкы ашпозчуга дайындады.

-Өзүңүз билесиз, бул кыздар үч ай бою жашылча тазалап, подвалда иштешти. Үчөө тең жөндөмдүү кыздар. Кожоюн буларды сиздин ашканада иштөөгө жөнөттү. Менин жердештерим, мени да, сизди да уят кылышпайт. Кыргызстанда окуп, жогорку билим алышкан, эл менен мамиле кылууну билишет.

-Сага ишенем. Сендей эле иштешсе, кожоюнга да, бизге да жагышат,-деди толмочунан келген ашпозчу аял өз тилинде сүйлөп. Ага чейин эле курста окушуп, бул жерде үч ай иштеп, тилди жакшы билип калышкандыктан, кыздарга анын сөзү түшүнүктүү болду.

-Бул кыздын өз аты Кымбат,-деди Лилия көздөрү жалжылдап турган кызды башкы ашпозчуга тааныштырып. Бул ашканада сиз менен бирге иштейт, өзү жөндөмдүү, сиздердин тамактардын бир тобун жасоону үйрөнүп алган. Кожоюндун айтуусу боюнча Гүлжан менен Жибек залда иштешет, булар да ишти жакшы аткарышат. Эмне кылуу керектигин мен аларга түшүндүрдүм. Бирок өзүңүз да үйрөтөсүз.

- Баарыңарга ийгилик каалайм, мен да өз ишиме барайын, буюрса кечинде жолугушабыз. –деген Лилия шиш такасы менен үн чыгара түптүз басып башкы ашпозчунун иш бөлмөсүнөн чыгып кетти.

-Эң оболу залга иштечү кыздар жүргүлө, мен залдын башчысы менен силерди тааныштырайын, анан ашканага киребиз,-деди башкы ашпозчу колу менен сыртты жаңсай белги берип. Алар залга киришкенде эки кыздын бири столдун үстүн тазалап жатыптыр. Экинчиси анын кыймыл-аракетин карап, терезе алдында туруптур. Ак жуумалынан келген көздөрү күлүңдөп турган сүйкүмдүү кыз экен. Ал башкы ашпозчуну

көрөрү менен утурлай басты.

-Кыздарды алып келдиңизби, мага эки кыз жетишет,-деди ал.

-Ансыз да сага эки кызды жөнөтүштү. Буларды үйрөтүп ал, кожоюндун тапшырмасы. –Ал атайылап эле эмнегедир кыздарга жан тарта сүйлөдү. Бул да болсо Лилиянын урматы чыгар.- Бул татынакай кызды мен алып кетем.

- Мейли, кыздарды мага калтырыңыз,-деди тыкылдаган кыз оттой көздөрүн жайнатып туруп.

-Жакшылап үйрөтүп ал, даяры эч убакта өзү келбейт.- Башкы ашпозчу экинчи ирет эскертти да, «жүр» дегендей белги берип Кымбаттын алдына түшүп, ичкери карай басты. Кымбат анын артына баратып, бою-башына көз кырын ташта-ды. Толмочунан келген бою кичине ашпозчунун тепилдеп ба-сып баратышы кудум эле деңиз үстүндө жай сүзүп бараткан деңиз кушундай элестеди эле, ичинен бырс күлүп алды. Алар киришкенде өтө чоң да, кичине да эмес ашканада ар кимиси өз жумуштары менен алек болуп жатышкан жумушчулар алар кирери менен дароо бирдейинен баштарын көтөрө сала, башкы ашпозчга удаа келаткан татынакай кызды телмире тиктешти да, кудум эле бирөө үйрөтүп койгондой, же анын келгенинен мурдатан кабарлары барбы баары жарыша үн салышты:

-Жаңы кыз келгенго, татынакайлыгын карагылачы.

-Көздөрү бажырайып, апапак жүзү бир ажайып, көргөн-дүн көзүн тайдырган сулуулугун көргүлөчү. Чачтары да кап-кара келишкен. Бирок, ашканада мындай жүргөнгө болбойт. Тамакка чачтын бир кылы түшүп калса, бу ашпозчудан жеме угабыз, ал эми кожоюндарга жетсе дароо сыртка кубалап са-лат.- Кыргызча так, болгондо да куюлуштура сүйлөгөн орто жаштагы эркек Кымбаттын бою башына тике карап туруп, ушундай деди.

-Сиз Кыргызстандан болосузбу? – Кымбат анын суроосу-ноа жооп бербей туруп, ага суроо менен кайрылды.

-Ооба,-деди эркек.- Кыз анын өңү-башына карап туруп, кадимки кыргыз-өз жердешин көрүп турганына ишенбегендей кайра суроо узатты:

-Чын элеби?

- Кантип калп айтайын. Сен кирип келатканда эле жердешим экениңди билгенмин. Буюрса бул жерде экөө болдук.

- Мени менен кошо дагы эки кыз келген, алар залда калышты сыягы.

-Анда эң сонун болуптур. Мурда жалгыз элем, эми көбөйүшүп калдык.

-Кел мында,-деди жанатан бери алардын сүйлөшкөнүнө убакыт бергенче турган башкы ашпозчу Кымбатты баш ийкей чакырды да, анан жанындагы кызга кайрылды: сен бул кызды ээрчитип баргын да, ашкананын кийимдерин алып бер, чачтарын жыйнаштырсын. Кожоюндан тил уга турган абалым жок, макулбу,-деди.

Кымбат бул жердеги тартипке да көнүүгө туура келди. Башка аргасы жок болчу. Атайын аны алпештеп чоңойткон атасынан бөлүнүп, жанындай жакшы көргөн бир туугандарын таштап, акча табуу үчүн келгендиктен кандай гана кыйынчылыктар болбосун чыдоого туура келди. Биринчи күн жакшы эле өттү. Башкы ашпозчу корейлердин тамактарын үйрөтүүгө киришти. Ал үйдө да ашканага жакын болгондуктан, бул өтө кыйынчылыкты деле жараткан жок. Анын бычакты колуна алып, пиязды ушунчалык тездик менен кол колуна тийбей туураганын көргөн башкы ашпозчу күлүмсүрөй башын ийкегилеп, жарайсың дегендей белги билгизди. Кыз анын ыраазы болгонун көрүп, өзүнчө кубанып алды. Жашылчалардын ар бирин башчысы айткандай өз өзүнчө өз ыгы менен кесип, ар бирин башка идиштерге салып бүтүп, эки жагын караса, өз жумуштарын жасап жатышканы менен көз кырын таштап, аны кантер экен деп, сынап турушкан ашкананын кызматкерлери башкы ашпозчунун ыраазы боло жасаган мамилесине ка-

рап, баары алакандарын чапкылап жиберишти. Буга сүрдүгө түшкөн Кымбат толкунданганынан эки бети анардай кызарып, бир заматта нымшып тердеп чыкты. Ошол күнү ал өз алдынча тамак жасабаганы менен ар бир тамакка керектүү болгон жашылчаларды даярдап берди.

Сыртта кардарлар кетип, жумуш аягына чыкканда башкалар сыяктуу үстүндөгү халатын, белиндеги фартугун чечип, башындагы ашпозчулардын кийимин алып өзүнө көрсөткөн кийим шкафына салды да, бою башын түзөй курбуларына карай залга киргенде Гүлжан менен Жибек да, столдорду жыйнаштырып, иретке келтирип жумуштарынын аягына чыгып жатышкан. Эртең мененки көргөн сулуу кыз да алар менен бирге иштеп жүрүптүр. Ал эски тааныштындай Кымбатты жаадырай карап: « биринчи иш күнүң көңүлдүү өттүбү?», деди өз тилинде. «Абдан сонун». −Кымбат да ага анын тилинде жооп берди. «Эртеңкиге чейин».- Ал кыздар менен жылуу коштошту да, шиш така бут кийими менен тыкылдай басып, залдан чыкты да, сыртка карай бет алды. Ал өз үйүнө барат. Үч кыз залдан коридорго өтүп өз бөлмөлөрүнө бет алды. Жумуш бүткөндө катуу чарчаганын сезишкен кыздар бөлмөнүн эшигин ачып киришери менен кийимдерин алмаштырып, жуунуптарангандан кийин, тамактанууга, кала берсе бири бири менен сүйлөшүүгө жарабай, ар бири өз керебеттерине бойлорун таштаган бойдон уйкуга кетишти.

Ашкананын тартибине, ишине жана андагы иштеген кызматкерлерге Кымбат көнүп кетти. Бара бара корейлердин тамактарын өз алдынча жасоого да үйрөндү. Эми анын жасаган тамагын жеген кардарлар ашпозчусу ким экенин сурап, ыраазычылыктарын да айтууга өтүштү. Керээлиден кечке тикеден тик туруп иштегенине карабастан, колуна дурус маяна ала баштагандан тартып, Кыргызстанга каражат жөнөткөнгө да үлгүрө баштады. Бирок, көп өтпөй оюна келбеген иштер болуп өттү. Башкы ашпозчу жумуштун аягында аны бөлмөсүнө

чакырды. Жумушумдан чекилик кетирдимби, же кардарлардын бири даттанды бекен? деген кыжалат ойлор менен кирип барганда  терезе алдында сыртты карап турган башкы ашпозчу жылмая  жанына басып келди да, күтүлбөгөн жерден кыздын желкесине колун кое: - сен жакшы кыз экенсиң, баарын бат өздөштүрүп кеттиң, сен туурасында биздин шеф сураганда бизге керектүү кыз экениңди айттым. Ал сени эртең кечинде өзүнүн иш ордунда күтөөрүн билгизди. Барбай койбо, ал сени күтөт,-деди эмнегедир сырдуу жылмайып. – Мен сага ушуну айтайын дегенмин, бара берсең болот.

«Эмнеге чакырды?  Башка бир жумушка которор бекен. Ашканага  эми көнүп баратканымда… Ордумдан жылдырбай эле койгону дурус». –Кымбат чарчайыт ойлорунан алаксый албай, жумуштан кийин кыздар менен бөлмөгө баратканда да экөөнө тең үн катпаганын байкаган Жибек менен Гүлжан ага таңдана карашты.

-Эмнеге ойлонуп калдың? Үйүңдөн бир кабар уктуңбу?

-Жок, кожоюн мени эртең жумуштан кийин иш бөлмөсүнө чакыртыптыр,-деди да аларга өзүнүн эмнелер туурасында ойлонуп жатканын билгизди.

-Балким сени кызматка  көтөрөр бекен? – Кыздарда да бүдөмүк ойлор келди. –Дегиси жакшылык эле болсунчу, эми гана ишибиз жүрүшүп баратканда…

-Мен да ушинтип ойлоп жатам, сыртта жүргөндө бейтааныш адамдардан  ар кандай  нерсени күтүүгө болот. Бул жерде биздин жакындарыбыз болбогондон соң бир күнү сыртка кубалап чыгышса, кайда барабыз, кимден жардам сурайбыз. Бул жерге келишин келип алып, күн сайын менин оюма ушулар келгенде дене боюм титиреп кетет. –Кымбат курбуларына ичиндегисин айтты. Анын кубара түшкөн өнүн бир карап алып, Жибек да чочулады.

-Чын эле сен ушинтсең, менин да денем үрктү, кудай сактасын. Колубузга  дурусураак акча  топтолсо, бул жерден ке-

тип калганыбыз оңдой көрүнөт, биз кинодон суктанып көргөн Корея эмес тура.

Ар кимсине ар кандай ойлор келип, бир кезде өз бөлмөлөрүнүн тушунда турганын байкашкан кыздар бөлмөнү ачып, ичкери киришкени менен күндөгүдөй чарчап турушканканына карабастан, дароо жатып, уйкуга киришпеди. Суроолуу ойлоруна жооп таба алышпай, көпкө түйшөлүп жатышкандан соң, түн бир оокумда көздөрү уйкуга илинди. Кыздарды кол телефонунун чырылдаган үнү ойготту. Азыр эле жаткандай, ордуларынан уйкулары канбай турушту да, бир стакандан сууну ачкарын ичип алышты да, жумуштарына жөнөштү.

Бүгүн да күндөгүдөй эле жумуш күнү өттү. Башкы ашпозчу кечээги күнкү сөзүн жумуш аяктаарда эсине салды.

-Кожоюнду күттүрүп койуп, ачуусун келтирип албагын.

-Кабатыр болбоңуз унутканым жок.-деди белиндеги фартугун чечип, өзүнүн кийим койгон шкафына карай басып. Баш кийимин чечип, чачтарын тарап, оңдоп төбөсүнө чогултуп алды да, асман түстүү гүлсүз көгүлтүр көйнөгүн колу менен сылагылай иреттегендей болду да, бийик така ак туфлисин бутуна кийип, күзгүгө дагы бир каранып алды. Балбылдаган кара көздөрү моймолжуп, күзгүдөн бир татына кыз аны сынап карап тургандай бир саамга телмире тиктеп туруп, бул өзү экени эсине түшкөндө кол сумкасын алып, шарт бурулду да, залда аны чыдамсыздык менен күтүп турушкан курбуларынын жанына келип, алардын бөлмөгө бара беришин эскертип, өзү тепкич менен үчүнчү кабатка көтөрүлдү. Кожоюндун эшигинин тушуна келгенде билинер-билинбес каккылады. Ичкериден кирүүгө уруксат берген эркектин үнү угулду. Эшикти ачып ичкери киргенде төрдөгү креслонун жанында туруп турган эркекти көрүп, босогодо туруп калды. Биринчи келгенде көргөн. Ошол бой, ошол өң. Бирок, туруп турганда ал өтө кичинедей көрүнгөн жок. Ал ордунан жылып келди да, кызды колунан кармап, бет алдындагы эки креслонун бирине от-

уруууну ишарат кылды. Аны күтпөй өзү ага маңдайлаш креслого жайгашты. Эки креслонун ортосундагы кичинекей столдо, эки тарелкада салат менен эки стакан. Анын жанында кызыл вино туруптур. Кожоюн бөтөлөкөнү ачып, чуурулта экөөнө бирдей жарымынан өйдөрөөк куюп, бирин кызга сунуп, экинчисин өзү кармады. Кымбат ичпей турганын билдирип, башын чайкады.

-Бул жөн гана суусундук,-деди өз тилинде. Кыз ага анын тилинде жооп берди.

-Мен муну ичип көргөн эмесмин, ошентсе да мага ичсем жакпай турганын билем. Кожоюну колун тартпай тура бергендиктен алды да, столдун үстүнө коюп койду.

-Ичпесең мейли, мага сен тууралуу айтышты, ашканада жакшы иштеп жатыпсын. Бизге сендей илбериңки, жакшы иштеген адистер керек. Макул болсоң, мен сени офиске которюун деп чечтим. Биздин тилди жакшы билет турбайсыңбы, компьютер менен да жакшы иштесең керек. Иш кагаздарын жасаганга сендей кыз керек.

Кожоюнун сунушуна дароо макул болгон жок. Бир чети араң турган экен дебесин деген ойдо болсо, экинчиден анын эмне тууралуу ойлоп жатканынан кабарсыз болчу.

-Ойлонуп көрөйүн, мага ашкананын жумушу деле жагат,-деди ичтеги сырын айтып.

- Эртең жумуштан кийин жообун айтсаң болот, мен сени менин сунушумду кабыл алат деген ойдомун, бул жерде таза, жумушуң да өтө оор эмес, жеңил, маянаң да жогорулайт. – Кожоюну винону токтолбостон бир шимирип алып, стаканды ордуна койду. Кымбат ага ойлонуп көрөрүн экинчи ирет кайталап, ордунан туруп кетүүгө шашылды. Эркек боюна жараша кичине колун узатты. Кожоюн болгондуктан, башкы ашпозчунун « капалантып алба», деген сөзү эсине түшүп, ал анын жумшак колуна колун тийгизе берип, денеси титирей түшүп, анысын билдирбөөгө аракеттенип, дароо тартып алды

да, артына карай ийиле кетенчектеп барып, шарт бурула чыгып кетти. Эшик ичкери карай жабылганда, ушул эшиктен аман-эсен чыгып кеткенине жеңилдей түшүп, боюн түзөй калып, колундагы сумкасы менен эки колун көкүрөгүнө алган калыбында тепкичтен ылдый түшүп, кадамдарын шаша шилтеп, бөлмөсүнө жетти. Эшикти ачып киргенде анын бозоро түшкөн өңүнө карап, стол үстүнө тамак-аштарын коюп алып, күтүп олтурушкан курбулары жарыша унчугушту.

-Тынччылыкпы?

-Тынччылык эле, мени офисте иштөөнү сунуш кылды.-Үнү үлдүрөй араң чыкты.

-Жакшы болуптур, анан макул дедииңби?

-Ал мага ойлонууга бир күн убакыт берди.

-Макул дей бер, акчаң да көбөйөт.-Курбулары анын кожоюндун бөлмөсүндөгү абалын кайдан билишсин, бирок аларга башка сөз айтпады да, өзүн карманып курбулары менен олтуруп, бир стакан чай ичкенден кийин аябай чарчап турганын айтып, көйнөгүн алмаштырууга жарабай керебетине жата кетти. Кыздар ага башка сөз катышпай эркине коюшту.

Жумуштан кийин ал кожоюнуна барууну туура көрбөдү. Барбай койсом, сунушумду кабыл албаптыр деген ойдо болор деген таризде эле. Бирок, курбулары менен бөлмөсүнө баш багарда артынан башкы ашпозчунун үнүн угулду.

- Сени кожоюн чакыртып жатат, барбасаң болбойт.- Кыз аргасыз артына карай кадамын таштады. Бөлмөсү менен кожоюндун иш жайынын аралыгы жакындабаса экен деп, илкий басып баратканын көргөн башкы ашпозчу чыдамы кете үн катты:- Бачымыраак бассаңчы, негедир кадамың басаңдап калыптыр. Кожоюндун сунушун четке какпагын. Бул жерде баары анын айтканындай болот. Эгерде ага баш ийбесең, жумушсуз, жатканасыз каларыңды унутпа. –Башкы ашпозчунун бул сөзү мээсине кадалгандай башы зыңылдап барып, оңолду. «Караңгыда көчөгө чыгарып жиберсе, не кылмакмын. Балким

офисте жумушум жеңил болор, өзүмө өзүм жамандык кылбай иштесе иштеп көрсөмбү». –Ал ойлорунун аягына чыгып, бир бүтүмгө келбей жатып, ашкананын кожоюнунун иш бөлмөсүнүн босогосуна келип жетти. Ага эшикти ачып сыртынан жаап салды да, башкы ашпозчу, артына кетти. Бул ирет чоң креслодо башы араң чыгып олтурган кожоюнун көрүп, денесине бирөө муздак сууну куюп жибергендей боло түштү да, дароо эсине келе сала, өзүн кармана барып, турган жеринде катты. Кожоюну колун столдон көтөрө маңдайындагы столдун жанындагы чакан кресого отурушун ишарат кылды.

- Менин сунушумду кабыл алдың деген ойдомун,-деген кожоюунун бир саамга карап туруп, үн катпай башын бир аз ийкеп койду. –Мен сенден ушуну күткөнмүн, акылдуу кыз турбайсыңбы. Анда эртең менен сени офистен күтөмүн. –Кыз ушул сөздү күткөндөй ордунан элпек турду. Ага кошо кожоюн да ордунан козголо берип, « токтой тур» дегендей белги берди. «Дагы оюнда эмне бар»,- дегендей турган жеринде козголбоду. Ал орундугуна бет маңдай турган темир цейфти ачып, ичинен чоң бир коробканы алып кызга сунду. – Бул таттууларды кыздарыңа алып барып, чай ичкиле.

Кымбат кожоюнунун колун кайтарбай алууга туура келди. Ал ыраазы боло тегерек, бирок кичине көздөрүн жүлжүйтө күлүмсүрөй башын ийкегилей бара беришин айтты. Бөлмөдө аны күтүп олтурушкан курбулары Кымбаттын колундагы жылтыраган кагазга оролгон коробканы кызыга ача салып, школдад экенин көрүшкөндөн чай менен ичишти да, Кымбаттын кожоюндун сунушун кабыл алганын билишип, бир чети туура кылдың? дешти.

Иш кагаздардын баарын компьютерге түшүрүү Кымбатка өтө оор жумуш болгон жок. Эки күндүн аралыгында баарын иретке келтирип алгандан соң, күндөлүк жумушту күн сайын аткарып коюп жатты. Чынында жумушу жеңил болчу, кожоюндун ага болгон көз карашы да жаман эмес эле. Мурдагыдай

чочулабай ойдогудай иштеп жатты. Күтүлбөгөн жерден кожоюну анын иш бөлмөсүнө кирип келгенин көргөндө чочуганынан элеңдей калды. Ошол кезде анын өңүнө бир карап алып, китирейе түшкөн көздөрүн карап, ооруп калганбы деген ойго келди. Жакындай бергенде винонун жыты мурдуна бур дей түшкөндө ичип алганын сезди да, компьютердеги жумушун таштай салып, ордунан тура калып, артына кетенчиктей берди. Жылжыйа караган эркек, ага ан сайын жакындаша берди, жылып олтуруп, столго такала калган кыз ордунан жылбай туруп калды. Бир убакта эми эсине келгендей шефи да, токтой берип, колун өйдө көтөрө кызга кайрылды:

-Сага жакпай калдым окшойт. –Башка сөз айткан жок, бир аз теңселе калып, анан түзөлө басып, бөлмөсүнөн чыгып кетти. Кымбат эки колу менен жакасын мыжыга кармап, денеси титирей турду да, өзүнө келе калып, ордуна келип олтурду. Канчалык ишин улантайын дегени менен кожоюнунун кылыгына ою алагды боло берди. «Оюнда эмне бар, мага чындап эле тийишкиси келдиби, эмнеси болсо да жол бербешим керек, мен бул жерге неге келдим, акыры эмне болот, мындай адатын уланта берсе кантемин, балким бир аз кызуурак болуп алып, билбей калдыбы? Эртең өзү уялым калса керек». Жоопсуз суроолор анын жан-дүйнөсүн кыйнап жиберди. Уйгу-туйгу сезимдерден алыстай албай көпкө олтурду да, компьютерди өчүрүп, стол үстүндөгү кагаздарын иретке келтирип, кетүүгө камынды. Шашкалактык менен эшикти ачып, колдору калтыраган абалда ачкыч менен жаап, узун коридор менен басып, тепкичтен ылдый түшүм, бөлмөсүнө келери менен керебетке боюн таштап, буулуккан калыбында эки ийинин титиретип үн чыгара өксүп-өксүп ыйлады. Жибек менен Гүлжан ресторандын залында иштегендиктен, кардарлардын агымы үзүлгөндө баарын жыйнаштырып коюшуп, кеч келишет. Бир топко ошол калыбында жатып, өзүн өзү соорото ордунан козголуп, кийимдерин алмаштырып, ваннага кирип жүзүн жууп, сүлгү ме-

нен аарчынып жатып күзгүгө карана ыйлаганга көздөрү кызара түшкөнүн байкады. Узун кирпиктерине суу тийип, кудум эле тамчы сымал төгүлүп турду. Ушул көрүнүшү өзүнө жага, жылмая карап турду да, суу болгон кирпиктерине аярлай сүлгүнү тийгизип, сүртүндү. Кыздар келгенде сураарын билет. Ошондуктан, кайрадан муздак суу менен бетин жууп, өзүн иретке келтире, чачтарын төбөсүнө чогулта, чач төөнөгүч менен түйдү да, керебеттин четине келип олтурду. Бир кезде курсагынын ачканын сезип, чай коюп, ал кайнаганча Кыргызстандан ала келген китебин колуна алды.

Токко сайылган чайнектеги суунун буусу чыгып, боргулдана кайнап чыкты. Ордунан эрингендей бошоң кыймылдай туруп, кайнатылган суудан бир кружкага куюп, чай салбастан, столдун четиндеги орундукка олтуруп жатып, тарелкадагы печенье менен карынын тойгузган болду. Ашканага барып, тамактангысы каалабай, жатып уктагысы келди. Эмнегедир бүгүн аябай чарчап, денеси ыкшоо тартып турган. Курбуларын күткөнү менен алар кеч келишет, эртеси жумушка саат ондон өтүп барышат. Кымбат болсо, сегизден калбай иш ордунда болушу керек. Ордунан туруп барып, сырткы кийимдерин чече салып, керебетине жата кетти. Жумшак жастыкка башы тиери менен бат эле уктап кетти. Иштен кеч кайтышкан Жибек менен Гүлжан эшикти өздөрү ачып, Кымбатын уктап жатканын байкашып, ойгонуп кетпесин дегендей буттарынын учу менен басып киришти. Күн сайын ушул убакта келишет. Керээлиден кечке буттары бутуна тийбей иштешкендиктен, күндүзү билинбегени менен иштен келгенде чарчоолорун сезишет. Иш аралаш тамактанган болушуп, бөлмөлөрүнө келгенде түн ичинде оокат ичкилери да келбейт. Анын үстүнө бөлмөдө тамак бышыра турган шарт болбогондуктан, иш жайында ашканада оокаттанышып, бул жерде көп деле өзөк жалгай беришпейт. Кечинде келишкенде чай менен таттуу, же башка азык жеп алышат. Экөөнүн тең бүгүн уйкулары келип турган,

баштары жастыкка тиери менен көздөрү уйкуга илингени турат. Бири бирине үн катышпай, сүйлөшсө уйкулары качып кете тургандай, келишери менен дароо керебеттерине бой таштаашты.

Эртең менен Кымбат чарчаңкы турду. Жумушка көңүлсүнбөгөнү менен бул жер өз үйү эместигин ойлогондо дароо ордунан туруп, керебетин иретке келтирди да, жуунуга кошуна бөлмөгө кирди. Курбулары эч нерсени билбей мемиреп уктап жатышкан. Жуунуп чыгып, аларга суктана бир саамга карап турду да, чайнекти токко кое, кайнаганча керебеттин четине келип олтурду. Эсине кожоюнунун кечээги кылыгы түшкөндө бир силкинип алып, ичиркене калды. Эгерде атасы менен бир туугандарынын жанында Кыргызстанда жүргөндө ушундай абалга келсе, кожоюну ушундай мамиле кылчу болсо көргүлүктү көрсөтүп, басып кетээр эле. Өз Мекенинен сырткары жүргөндүктөн сабыр тутуп, тообо келтире, жагдайга карап, этияттана иштеп турууну ойлоду. Төгүлгөн кирпиктери бир ирмелбей ушул турушу өзүнө жарашып, турган сулуу жүзү менен курбуларын биринен сала экинчисин сыдырата карап, суусу кайнаган чайнекти токтон ала, кечээгидей кайнак суудан куюп, столдун үстүндөгү булочканын четинен бармактай гана сындырып алды да, ошол ойлуу тартып турган калыбында оозуна салды. Ошол олтурушунда оокаттанган болду. Бир убакта дем алышта шаар кыдырып, жарыяларды карап, башка жумуш иликтемекчи болду. Тил билет, балким ылайыктуу иш табылар. Анткени, бул жерге келгенине бир топ болуп калган, Лилия менен бир нече ирет шаар аралап, бир топ жайларды көрүп алган. Лилия аларды Сеулдун бир катар ресторандарын, ашканаларына алып кирип, тамактанышкан. Демек, тобокел жасап, жумуш караштыра жүрүүнү туура көрдү. Башка жерде Лилиядан башка таянар ылайыктуу жакын адамы болбогондуктан ар кандай окуяларга кылдат жана даяр болууну эсине түйдү. Кол саатын карап алып, убакыт болго-

нун байкап, столдун үстүн иреттей салып, башка кыздар сымал күзгүнүн алдында көп олтурбастан, кийимдерин кийди. Ал жасангысы да келбеди, анын үстүнө капкара каштарын боемок да эмес, жүзү да татына, кирпиктери капкара болуп төгүлүп турат, ашыкча сулуулуктун не кереги бар, турган турпаты өзүнөн өзү эле жарашып, кимди гана болбосун өзүнө тарткан чырайы бар. Кол сумкасынан башкасын колуна албай, аста басып, сыртка чыкты да, эшикти сыртынан бекитип, өз иш бөлмөсөүнө карай жөнөдү. Коридордон жумушка шашып баратышкан кызматкерлерге кабылып, бир бирине тоскоолдук болбогондой этияттана басып, өтүп баратышты. Ал бөлмөсүн ачып ичкери кирип баратып, тымтырстыкты байкады. Кызматкерлердин эч кимиси ишке келе элек экен. Дайыма ачык турган кожоюндун да эшиги жабык турат, бул анын ордуна келе электигинин белгиси. Балким, кечээ өлөрчө ичип, тура албай жаткан чыгар. Анын ичимдикти жакшы көрөрүн айтып калышчу, этибар деле берчү эмес, ага зыяны тийбегенден кийин, эмне кылса өзү билет деп ойлочу. Кечээги күндөн тарта, анын ичкенинен чочулай баштады. Кирери менен компьютерин жандырып, бир азга күтүп турду да, ордуна олтуруп, кечээги баштаган жумушунун аягына чыгууга киришти. Бир кезде кожоюну Ким Донг Су кирип келди. Кечээгидей эмес, сопсоо. Эч нерсе болбогондой эки колун бириктире жылмая саламдашты да, Кымбат бүтүрүп, принтерден чыгарып койгон кагаздарды алып чыгып кетти. Кыз да үн каткан жок, анын унчукпаганынан кечээги жоругуна уялып калганбы дегендей таризде калды. Жумушу тынч өттү. Керээлиден кечке анын иш бөлмөсүнө эч кимиси кирген жок. Бүгүн жумуш күнүнүн акыркы убагы. Эртеси дем алыш болгондуктан, жумуштан курбуларынан эрте келип, терезени сүртүп, полду жууп, бөлмөнү иретке келтирип чыкты. Бардык киши бүткөндө, жуунуп келип, керебетине жатып, китеп окууга киришти. Түн кечтеп баратканына карабастан, уйкусу келген жок, курбу-

лары келгенде алар менен божурашып, жаңылыктарды угуп, эртеси күндүзү шаарга чогуу чыгып келүүнү айтмак болду. Өзү ойлогондой жумуш караштырмак. Жибек менен Гүлжандын баскан добушу угулду. Күндөгүдөй эшикке ачкыч салып, өздөрү ачып кириштi.

- Эмне бүгүн уктаган эмессиң,-деди Жибек чарчаңкы тарткан көздөрү менен астырган тигиле.

-Чын эле эмне уктабадың, ээ эртеге дем алыш да, эртең менен шашылбай турасың да. - Гүлжан да уктабаганынын себебин билип тургандай үн ката күлө карады.

-Бир аптадан бери бир бөлмөдө туруп, жолугуша элекпиз. Жолугуша элекпиз дейм да, сүйлөшө элекпиз. Бир чети үнүңөрдү укпай сагынып калдым, зериктим да,-деди Кымбат окуп жаткан китебин жастыктын үстүнө кое салып. −Мен чай коеюн, чай ичели сүйлөшүп олтурганча, и баса бир аптадан бери эмне жаңылык болду, айтсаңар.

-Баягы эле жумуш. Бири келсе, экинчиси келет. Бир клиентке жаксаң, экинчисине жакпайсын, бирок булар биздегидей кыйкырып урушпайт, бирок башчыбыздан тил угуп калбоо үчүн чекилик кетирбейин деп сактанып иштөөгө туура келет.- Жибек сөзүн бүтпөй ваннага карай басты.

- Эмне жаңылык дейсинби, бүгүн шефтин баласы келди. Зыңкыйган келишимдүү жигит экен. Залга кирери менен көзгө урунду. Четирээк орундукка барып олтурганда, Жибек тамактанганы келген киши го деп, жанына басып келип буюртма алайын деди сыягы. Алманын ширесин гана сураптыр да, алып келип берип, дагы эмне буюртма берет деп саамга туруп турса, телмире тиктеп туруп, жылмайып алып, башка эч нерсе ичпей турганын айтыптыр. Жибек мынчалык көпкө кармалып калды деп, карай калып, бир убакта башкы ашпозчунун жанына келе калганын көрдүм. Бизге ал бул жигит кожоюндун Америкада университетте окуган уулу, деди. Окуусун бүтүрүп келиптир. Эми атасынын фирмасында иштейт экен. Жаңылык

ушу,-деди Гүлжан кийимдерин алмаштыра орундукка келип олтуруп. Кымбат үч стаканга чай куюп, бирин Гүлжанга, экинчисин Жибекке столдун четине койду да, бирин өзүнө алып, кайдыгер гана:

-дагы кандай жаңылык, деди.

-Дагы бир жаңылык бар.-Ары жактан келе калган Жибек сөзгө кошулду. Биздин залдын башчылыгына Юн Хэ Сан деген жаңы адам келген. Келген күндөн эле Гүлжанга көздү түштү сыягы бошой калса эле кыздын жанынан кетпечү болду. Ашык болуп калган окшойт.

-Койсоңчу болбогон кепти, мен бул жакка корейге турмушка чыгам деп келгеним жок. Иштеп, акча таап кетишим керек, Кыргызстанда кыргыздын бир бактылуу жигити күтүп жаткан чыгар.-Гүлжан чычалагандай шаша сүйлөдү.

-Сен чычалабай эле кой, сенин да ага мамилең жаман эмес, балким сага да жагып калган чыгар. Чынында жаман жигит эмес. Корейлерге окшоп, көздөрү жүлжүгүй эмес, бакыракай, орто бойлуу келишимдүү жигит экен, фирманын президентинин иниси дешти, бай жигит, балким сөз айтса каршы болбосоң деле болоор.

-Жибек кайдагы корейди айтып, мени капа кылба досум, бул жердеги көп корейлер сылык, кичи пейил сүйлөшөт тура, ал да ошондой эле мамиледе. Ага бул жерде өздөрүнүн кыздары куруп кетиптир дейсинби.

Экөөнүн сөзүнө карап туруп, Кымбат өзүнчө күлө курбуларын тамашалады.

-Силер бул жерден жигит карап калган окшойсуңар, сөз айтышса жок дебейт чыгарсыңар. Президенттин иниси болсо жакшы экен.

-Кымбат сен да мени капа кылып жатасың.- Гүлжан чындап эле сөз көтөрө албай калды.

-Мен да койдум, - Кымбат эки колун бириктире кечирим сурагандай түр көрсөттү. –Азыр чай ичкенден кийин эс алалы

да, эртең шаарга чыгып келбейлиби, кеткенче Сеулду көрүп алалы, Кыргызстанга барганда да айта жүргүдөй бололу,-деди Кымбат.

-Чын эле бөлмөдөн чыкпай жатканда не, балким жердештерибиз учурап калаар.- Жибек да Кымбаттын сөзүнө кошулду.

-Мен да каршы эмесмин. Ошентсе ошентели. –Гүлжан да кубаттай түшүп, дароо столдун үстүн иретке сала, үч курбу жатууга кам урушту.

Кымбат сергек ойгонду. Ачык пардадан ары карай көктөгү жымыңдашкан жылдыздар тарай элек. Мындан таң ата электиги байкалат. Айдын жарыгы билинер-билинбес бөлмөгө тийип турду. Таң атууга али убакыт бар экендигине карабастан Кымбаттын уйкусу умачтай ачылып кетти. Негедир кирпиктери ирмелбей жата берди. Курбулары мемиреп уктап жатышат. Аларга сугу артты. Керээлиден кечке иштеп чарчаганына карабастан, уктай албаганын кара. Күн сайын бар болгону төрт-беш саат уктаганга көнүп калган кыз, ордунан турду да, жуунуучу бөлмөгө барып, жуунуп алууну чечти. Мээлүүн сууну башынан ылдый куюлтуп, көпкө жуунду. Күн көрбөгөн аппак денесинде суунун тамчылары бириндеп төгүлүп, бириндеген калыбында ылдый агып, ушул көрүнүштү карап туруп, өзүнө жаккандай ууртунан жылмайып алды. Желкесине жабылган коюу капкара чачтарын жууп бүтүп, төбөсүнө чогулта, төөнөгүчтөр менен бекемдеп, ырахат алып жууна берди. Моокум кана жуунуп бүтүп, сүлгү менен аарчына, кийинип бөлмөгө киргенде бөлмөгө жарык кирип калган болчу. Ошондо ал көпкө чейин жуунганын сезди. Жуунуп чыкканда кечээги чарчоосу жазыла, денеси сергий, жан-дүйнөсү тазара түшкөнсүдү. Курбулары дале көшүлүп уктап жатышыптыр. Аларды суунун шары, Кымбаттын буттарынын добушу да ойгото албагандай. «Байкуштар иштеп чарчашкан да, булар да менчилеп акча таап келем дешип жүрүшөт», деп алды ичи-

нен. Күзгү алдына барып, төөнөгүчтөрдү бириндетип алып, чачтарын кургатты да, тарак менен этияттап тарай, желкесине кайра түйүп алды. Ал кичинесинде ыраматылык апасы, чачын жууп, сүлгү менен кургатып, сылагылай аста тарап, экини кылып өрүп берчү. Негедир балалыгында чачтарын сылаган апасынын жумшак колу башына тийгендей сезилди да, өзүнчө бир улутунуп алды. « Апакем менин бой тартканымды көрбөй кеттиң. Эгерде сен болгондо мен минтип, кусаланып алыста жүрмөк эместирмин».

Парданы кенен ачып, терезеден сыртты карады.Теребел коюу караңгылыктан кутулуп, таң агарып, шооласы терезеден чачырап, бөлмө агара баштаптыр.

-Мынча эрте тургансың, дем алышта эс алсаң болбойбу.- Анын оюн Жибектин үнү бузуп жиберди. Күзгү алдында турган калыбында артына кайрылды.

- Таң атканы эчак, силер да тургула. Бүгүн шаар айланалы дебедик беле.

-Шашканда эмне, үлгүрөбүз. Ансыз да, иш деп жүрүп, аз уктайбыз го,-деди Жибек.

Аңгыча эшиктин кагылышы угулду.

-Ким болду, таң саарлап…

-Таң саарынан ким келе калды? –Үчөөнө тең бирдейинен ушул суроо келди. –Кыздаар, ачкыла, турдуңарбы?

-Лилияго, эмнеге мынчалык эртелеп, жакшы бир кабар айтса экен, же дагы жумушка чакырып жатышабы? Дем алабыз деген маанайыбызды бузбаса болгону,-деди Жибек. Бир аптадан бери көрүнбөгөн Лилия таң саарлап келе калганынын себебин билүүгө ашыккан кыздар эшикти ачууга шашылышты. –Таңдын жарчысы болгон Лилияга эшикти ачайынчы. –Эшик ачылганда ак көйнөк, бутуна ак туфли кийген Лилиянын жасанган түрүн көрүшкөндө үчөө тең жарыша тигилишти. Чачтарын сарыга боеп, каш-кирпигин жасап, тим эле кулпуруп алыптыр кудум эле тойго барчуудай түспөлдөнүп.

Кандай көйнөк кийсе бутуна дал ошондой бут кийим кийген Лилиянын адаты. Бул ирет да бир жакка барчуудай даярданып алыптыр. Ага суроо беришин күтпөй эле кире берип, кыздарды сыдырата карап калды.

-Кайда жасанып алгансың, кир ичкери.- Кымбат артка тисериле берип, жол бошотту.

-Кыздар Сеулда кыргыз жигиттери ресторан ачыптыр. Бардык Кыргызстандыктарды бүгүнкүгө чакырып жатышат. Кечинде мага кабарлашканынан силерге айта албадым. Бүгүн күндүзгү саат он экиге барышыбыз керек.

- Анда мынча эртелеп даярданып алдың?

- Үйгө кайра келүүгө убактым болбойт деп ойлодум. Бүгүн менин ага чейин жолугушуум бар, силерге айта кетейин дедим. Алгачкы биз барган кафеде саат он бир жарымда жолугушалы, мейлиби. Ошол жерден чогуу барабыз. –Гүлжандын суроосуна шаша жооп берген Лилия турган калыбында кайра артына бурулуп, чыгып кетти.

-Баралыбы, бизден жооп күтпөй эле тигинин кете бергенин карагыла.- Жибек ийинин күйшөй курбуларына бурулду.

-Жердештерибиз ресторан ачып жатышса, барбай койсок туура келбейт, баралы. Анан бир белек алып алганыбыз оң болуп жүрбөсүн.-Кымбат кыздарга сунушун айтты.

-Куру кол бармак белек, дубалына илип кое турган бир буюм алганыбыз дурус болор.

-Ошондой кылалы.-Кымбат Жибектин оюн дурус көрдү. – Анда шам-шум этели, жасанып, түзөнүп, майрамга кийчү көйнөктөрүбүздү кийгенче дүкөндөр да ачылат, шаар кыдырып, сейилдегенче белегибизди алалы, анан эле, Лилия менен барган кафеге жеткенче убакыт да болуп калат.

Кыздардын көчөгө чыгышы бир топ убакытты алат, анын үстүнө жаш кыздар, Кымбат чач жасалгалоо боюнча уста, эки курбусунун чачтарын кудум эле сулуулук салонунун адистеринен кем калышпай сеңселте жасап, өзүнүкүн желкесине чо-

гултуп түйүп алды, ага жазып алганга караганда ушундай чач жасалгасы жарашат. Боюна кыналта тизесин жаап тигилген кызгылтым көйнөгү ушул чачына төп келгендей бир заматта кулпуруп чыга келди.

-Боенбосоң деле өзүңдүн жүзүң, капкара каштарың, карагаттай көздөрүң сулуу. Сага жасануу үчүн убакыт деле керек эмес, биздин чачыбызды жасап да, кийинип да баарына үлгүрдүң. Кудайым сага сулуулукту да аябай берген курбум, жүр кеттик эми. Кол сумкасын желкесине арта сала Гүлжан ачкычты колуна ала, курбуларынын сыртка чыгышын күттү. Алардын артынан эшикти бекитти да, үч курбу сыртка чыгышканда теребелде мээлүүн жел жортуп, ал Сеулдун бардык сулуулугун дал ушул жерге чогултуп, ага кыздардын сулуулугун бириктире салгандай айлана коолдукка чулганып тургандай сезилди Кымбаттын көзүнө. Ар дем алышта сыртка чыгышканы болбосо, жатаканасы да, жумушу да бир жайда жайгашкан имараттын короосунда жүрүшкөн кыздар кудум эле эркиндикке чыга калышкандай бойлору жазыла, ан сайын дене бойлору сергилең тартты. Ошентсе да эртең мененки салкын жел денелерин ичиктирип жиберди. Жайдын толуп турган мезгили экендигине карабастан, бул жактын абасы нымдуу келгендиктен эртең менен эрте чыксаң үшүйсүң. Алар шаарды жакшы билип калышкан. Көчөлөрү кенен. Карасаң тептегиз чийилген, кудум эле жаңы салынгандай жылтырап турган жолдорунда унаалар төрт катарынан жүрүшөт. Жолдун эки тарабындагы жөө жүргүнчүлөр үчүн салынган жолдор да кенен болгондуктан, адам көп болсо да, бирин бири түртүшкөндөй абал болбойт. Үчөө тең, майрамга барчуудай жасана кийинип алышкан. Имараттын дал маңдайындагы аялдамага келе беришкенде автобус келип токтоду.

-Жүргүлө бул автобус, сейил бакка барат, эс алганча, соода маркеттерине кирип, белек тандайбыз,-деди Кымбат автобустун эшигинен ичкери кадам таштай берип. Ага удаа Жибек

менен Гүлжан да чыгып, арткы орундукка барып олтурушту. Кореяга келишкенине бир топ болуп калгандыктан, шаарды жакшы билип калышкан, элинин жашоо-шарты менен да бир топ тааныш. Ошондуктан, өз жеринде жүргөндөй ээн-эркин басышат. Жөнү жок текшере да беришпейт. Мында бири менен биринин иши жок. Алар шаарга келгенде Лилия менен тарыхый музейлерге киришкен. Айрыкча Кымбат бул өлкөнүн тарыхына кызыккан. Өзүнө керектүү маалыматтарды топтой баштаган. Өзү иштегени келген мамлекет Кыргызстандан эмнеси менен өзгөчөлөнөт, кантип өнүгө алды, ушуга кызыккан. Ал бир топ маалыматтарды билди. Көбүнчө Сеул шаары тууралуу ой жүгүрттү. Бул шаардын тарыхы узун.

26-ноябрь, 1394-жылы Сеул шаары Кореянын борборуна айланган. Шаардын алгачкы аталышы – Виресон, биздин заманга чейинки 370-жылдан баштап Пэкче мамлекетинин борбору болгон. Коре маалында Хансон аты менен белгилүү болгон. Чосон династиясынын убагында Ханян деп аталып, 1394-жылы династиянын борборуна айланган. Япон колониалдык башкаруунун учурунда шаардын аймагында Кенсон административдик бирдиги болгон. Сеул аталышы биротоло 1946-жылы эгемендүү Кореяда бекитилген.

Кыздар өздөрүнө жакшы тааныш жерде түшүп калышты да, жердештерине белек тандоого дүкөнгө кириштн. Өздөрүнүн тили менен айтканда дүкөн дегени чоң соода борбору болчу. Бул жерден баарын тапсаң болот. Кыздардын көп нерсенин ичинен бирди тандап алуу кыйын болду. Үчөө кеңешип турушуп, улуттук түс бергендей бир буюм алмак болушкан. Көбүнүн четинде корей тамгалары жазылган. Демек, улуттун белгиси. Буюмдардын көптүгүнөн кайсынысын сатып алсак дешип, бир топко чейин кыдырышты. Баары сонун, баары жакшы. Акырында үчөөнө тең, тоодон ылдый шаркырап төгүлүп жаткандай түс берген кооз сүрөт жакты.

-Ушул картинаны сатып алалы, ресторандын бир жерине

илип коюшар,-деди Кымбат.

-Чынында ушул ылайыктуу эмеспи,-деди Жибек шаркыратманын жанында тургандай сезип өзүн.- Чыныгы искусство, чыныгы коздук. Бирок. өтө чоң турбайбы.

- Эч нерсе эмес, кафеге чейин көтөрүп баралы да, ал жерден Лилиянын унаасы менен жетип алабыз. – Жибектин сөзүнө эки курбу тең макул болушту. Алардын убактысы белек тандоо менен өтүп, бир заматта белгиленген саат да болуп калыптыр.

- Убакыт болуптур кыздар. Лилия күтүп калган чыгар. Башка күнү айланабыз, кетели.-деди Кымбат кол телефонун карап туруп. Алар барчу кафе алыс эмес болчу. Бир аз басышкандан кийин жете келишип, ичкери киришкенде четтеги столдо жалгыз олтурган Лилияны көрүштү. Алар кыздарды байкай салып, ордуна тура калды.

-Жүргүлө кыздар, баралы. Бул жердеги кыргыздар да корейлер сыяктуу болуп калышкан, тартипти катуу сактоого үйрөнүшкөн. Кечигип барсак ыңгайсыз болот,-деди.- Оо ушунча чоң картина алдыңарбы, мен болсо Кыргызстанга барганда ала келген комузумду белек кылайын дедим. Бул жерде кыргыздын ар бир буюму бизге табериктей сезилет го. Силердин белегиңерди унаанын артына салалы, батат чыгар.

-Бул чоң көрүнгөнү менен жеңил, чочулабай эле кой.- Гүлжан картинаны көтөрө басып, тамашага чалды.

-Мен оор дегеним жок, өтө кооз экен, кудум эле Кыргызстандын табиятын элестетет,-деген Лилия астыга басып, унаанын артын ачты да, картинаны салып, төртөө олтуруп жүрүп кетишти.

-Жалаң кыргыздар келишсе керек ээ, жердештерибиз менен жолугушат турбайбызбы,-Гүлжан толкунданып алган.

- Түштүк Кореяда үч миңден ашыгыраак кыргыз барбыз, бул жерге баары келе албайт. Анткени, баары иштешет, окушат. Завод-фабрикаларда иштегендерин кожоюндары бо-

шотпойт, анткени аларда тартип катуу. Бир аптада алты күн иштешет. Күн сайын 12 сааттан кем эмес жумуш. Бар болгону бир күн дем алышат.

Лилия кыздарга мына ушулдарды айтып баратты.

- Кыргыздардын көпчүлүгү жумушту аргасыз алмаштырбаса, улам которула бербөөгө аракеттенишет. Жумуш алмаштырам деп убактылуу жумушсуз жүрсөң акчаң бат эле түгөнөт. Бир жерде туруктуу иштесең шефтериң да сени сыйлап, сага ишенип, жумушуң да жеңил сезилип көнүп каласың. Жумушуң таптакыр эле оор болуп же зыяндуу болсо, анда албетте, алмаштырууга туура келет.Шефтериң менен жакшы мамиледе болуш керек, бир жолу жаман көрүп калса бүттү, ошол бойдон сага көз карашы өзгөрбөйт экен. Ошондуктан, бүгүн үч жарым миң кыргыз жердештерибиз келет деп ойлобогула. Ошентсе, да бир топ кыргыздар болот.

-Келген турбайбызбы, -деди шашкалактай калган Лилия.- Силерге сүйлөп баратып, өтүп кете жаздаптырбыз. –Ал унаасын ыңгайлуу жерге токтотту да, баары биринин артынан экинчиси түшүштү.

Лилиянын артынан унаадан түшүшкөн кыздар өтө чоң эмес, бирок чакан да эмес, бир чети чоң деп айтса да болот, кооз салынган жайды үчөө тең бирдейинен тиктей токтой калышты. Ресторандын жанында ар кыл маркадагы жеңил унаалар кыр катар тизилген. Сыртында чогулуп турган жаштарды көрүп, Лилия артына бурулуп, кыздарды карай колу менен жаңсады.

-Жүргүлө эмне туруп калдыңар, бул жерде жалаң кыргыз жигит-кыздар. Чочулабай келе бергиле. Унааларды көрдүңөрбү, баары кыргыз жигиттериники. Иштеп тапкан акчаларына сатып алышкан. Жумушка өздөрүнүн унаалары менен барышат.

-Келгиле кыздар,-деди эшиктин оозунда турган жайдары жаш жигит. Лилияны таанышканы менен Кымбаттарды көрүшө элек. Баары баштарына кыргыздын ак калпагын кийип

алышкан, кудум эле өз жерине келишкендей жүрөктөрүндө кубаныч ойногон кыздар бул жерге келгенде бир толкундап алышты.

-Лилия сиңдилериң эмеспи, үчөө тең сага окшош, баары сулуу.

-Сиңдилерим эмей эмне, Кыргызстандан келишкенинен бери чогуу иштейбиз, бир тууган эле болуп калдык. Бул жерге келген баарыбыз бир туугандайбыз го. Баарынын ресторанды бар, биздики жок эле, ырас кылыптырсыңар жигиттер, эми тез-тез жолугушуп, өзүбүздүн бешбармакты жеп куунап калат көрүнөбүз. Биздин силерге белегибиз.- Лилия комузун узатып, кыздар картинаны беришти.

-Укмуш, белектин укмушу.-Ырахмат кыздар.-Жайдары жигит ыраазычылыгын билдирди жүзүн жылмаюу уялаган калыбында.

- Лилия ичкери киргиле, силер эрте келдиңер, эми эле чакырылгандардын баары келип калышат. Кала берсе, бир биринен угуп да келишээр, биз ошентип айтканбыз. Биз билбеген жердештерибизди да ала келгиле деп,-деди кыздар менен кол алыша көрүшкөн жигит ичкериге карай кошо басып.- Каалаган жерге барып олтура бергиле.

Кире берип, кудум өз жерине келгендей сезишкен кыздардын көөдөнүндө Кыргызстанга болгон сагыныч оргуштады. Бириндеп келип олтурушуп, бир заматта ресторандын бардык орундуктары бош калбай толуп кетти. Манастын сүрөтүн илип, дубалдарына боз үйдүн керегелерин орнотушуптур. Стол үстүнө тамактарды жайнатып коюшуптур. Кыргыз жеринде өскөн жашылча-жемиштер, арасында курмалар да бар.

- Курманы бизден алып келишкен го. –деди Жибек.

-Бул жердин өзүндө курма өсөт. Адырлуу жерлеринде курма бактар бар. Курмалар тоонун башына чейин өстүрүлгөн.

-Лилиянын сөзүнө ишенерин же ишенбесин билбей кыздар бир бирине таңдана карашты.-Чын эле корейлер өстүргөн курманын өзү. –Лилия сөзүн кайталады.

Бир кезде алар олтурган столго ак жүздүү келген ыманы ысык жигит басып келип, саламдашты.

-Лилия көрүнбөй кеттиң го. Кыздар саламатсыңарбы?- Ал баары менен учурашты.

-Жумуш көп. Сен дале курма багында иштеп жатасыңбы?

-Кайда бармак элем. Ал жердеги жумуш мага жагат. Азыр курманын сезону, бир ай катуу иштейбиз. Корейлер кыйын экен, адырлардын үстүнө чейин курма эгип салышкан. Убакыт таап барсаң, көрмөксүн. Аялдар жыйнашып, жашиктерге салып коюшат. Мен болсо узунунан келген релстерди тартып бараткан аппарат менен ошол жашиктерди адырдын тээ башына чыгып алып, ташыймын. Аянты аябай чоң, адырдын баарына эле корейлер курма эгип салышканбы дейм, баш-этеги көрүнбөйт. Буларда кол күчү аз иштелет, биз сыяктуу мөмөнү чакаларга теришпейт. Бүт техника иштетишет. Ошондуктан, бышкан жер-жемиш бат жыйналып алынат. Корейлер укмуш мээнеткеч, ойлоп табуучу болот көрүнөт. Алгач көнө албай жүрсөм, азыр иштегенге көнүп кеттим. Силерге көп сүйлөп жибердим окшойт, шериктериме барайын, көңүлдүү олтургула,-деди жигит өз столуна карай басып.

-Чынында корейлер иштемчил болушат экен. Силер тээ четте олтурушкан төрт жигитти көрдүңөрбү, баары өздөрүнө менчик унаа сатып алышып, корейлер өстүргөн пиязды ташып иштешет.-деди Лилия бет маңдайдагы төрт жигитти карай кыздарга тааныштырып. Алар да Лилияны таанышат окшойт, баш ийкей саламдашты.

-Бул биринчи ресторан. Биз кыргыздар Кореяда биринчи болуп ресторан ачтык, -деди чогулгандардын алдына чыгып сүйлөгөн жаш жигит.- Бир тобубуз көптөн бери иштеп жатабыз. Тапкан каражатыбызды топтоп жүрүп, мына ушундай

ийгиликке жетиштик. Биз кореялыктарга кыргыздар да мээнеткеч эл экендигин көрсөтүп олтурабыз. Мындан ары бул ресторан Сеулдагы кыргыздардын жолугушуп туруучу жайына айланышы керек.

Чогулгандардын көпчүлүгү жаштар болчу. Бирден сөзгө чыгып, улам куттук айтып, белектерин беришти. Лилия сөз алып, алар менен кошо Кымбаттар да белектерин тапшырып, келип, өз жайларына олтурушту. Кудум эле өз жеринде олтурушкандай бул азем көңүлдүү болду.

-Лилия кандайсын, жанаша столдогу көзү бакырайган сулууча кыз Лилияны көрө сала кубана үн салды.

- Сен да мында белең. Өзүң келдиңби. Же жолдошуң мененби.

-Мен сага жолтоо болбоюң жердештериң менен жолугушканча эс алып келгин деп өзү жумуштары менен кетти. Заводдо иштейт эмеспи. Эс алууга убактысы болбойт. Дем алганда гана шаарга чыкпасак, башка учурда экөөбүз тең өз жумуштарыбыз менен бошобойбуз.

-Жакшы турбайбы,-деди Лилия. Кел биз менен чогуу олтуралы. –Лилия кызды өздөрүнө чакырды.-Орундугуңду жылдыра кел. Бул кыздар менен таанышып ал, менин сиңдилерим десем болот. Кымбат, Гүлжан, Жибек. Анан анын атын атады: Арзу. Кыргызстандык. Корей жигитине турмушка чыгып, Сеулда жашайт.

- Жолукпай калдык, эки жылдан ашык убакыт өттү сыягы, акыркы көрүшкөнүбүзгө. Жолдошум окуп ал деп, Сеулдагы улуттук университетке киргизген, окуп жатам.– Ал сүйлөп жатканда көздөрү күлүп турат экен. Кымбат тиктеп алып, «ушунчалык сүйкүмдүү болбосо»,-деп алды ичинен. Лилия аларга Арзу жөнүндө айта кетти. – Арзунун жолдошу өзүнөн бир бир топко улуу болгону менен жаш көрүнөт, менимче бактылуу жашашат. Турмушуңа капа эмессиңби.

-Жоок, Лилия кудайга шүгүр, жакшы жашайбыз, бир

уулдуу болгонбуз, экиге чыкты, бакчага барат, тили жакшы чыкканда кыргыз тилин үйрөтөмүн. Ага «апа, ата» дегенди үйрөтүп койдум.

Кызды бир саамга телмире карап турган Кымбат ичинен ойлоно кетти. «Корейлер да кыргыздын сулуу кыздарына үйлөнүшөт. Карасаңчы, мобул биздин алдыбыздагы бакыраң көз, татынакай кызды эмнеге кыргыз жигити көрбөдү, а бул кыз неге корейге турмушка чыкты, өзүбүздүн балдар куруп кеткенсип»,-деп алды да өзүнчө кызды үнсүз тиктей. Анын сөзүнө кулак түрдү. Лилия анын корей жигитине турмушка чыкканы менен бул жерге кантип келип калганын билчү эмес.

Кыргыз жигиттеринин ресторанынын ачылышы аяктаганда бир бири менен жылуу маанайда коштошуп, тарай башташты.

-Лилия,-деди сырттан тосуп алган жайдары жигит, келип тургула.

-Макул. Бош убакыт болгондо келебиз. Сыйыңарга ырахмат. –Лилия жигит менен коштошту. Ал Кымбаттарга карап баш ийкей узатты.- Силер да, баарыңар келип тургула.

-Келебиз буюрса.-деди Кымбат.

-Жүргүлө, менин убактым бар, бир аз чогуу басалы. Мен жолдошума жердеш кыздарым менен кармалып калдым деп айтып коеюн, уулубузду бакчадан ала кетиши керек. –Ал телефону менен жолдошуна чалып, кечигибирээк барарын айтып, кыздар менен аллеяда бирге басып баратты.

-Сен кантип корей жигитине турмушка чыкканыңды жердеш сиңдилериңе айтып бер. Же каалабайсыңбы.-Лилия күлө сүйлөдү. Чынында Кымбатка гана эмес, Жибек менен Гүлжанга да анын корей жигитине турмушка чыгышын билүү кызык болчу.

...Ал биринчи Кореядагы тааныш кызы аркылуу келген. Кыргызстандагы жумушсуздуктун айынан өз жеринен алыска келүүгө туура келди. Жердеш кызы анын виза алышына жардам берген. Көздөрү бакырайган, каштары кара, су-

лууча келген кызга корей жигиттери ашык болушту. Ал кыргыздан башкага турмушка чыкпайм деп ойлогон. Барышын барып алып, ар кандай иштерди жасап көрдү. Кыйналды, тил билбегени буга да себеп. Анан тил үйрөнүү үчүн китепканага бара баштады. Бул жерге келип таң калды. Сеулдун кенен көчөлөрү менен баратып, асман тиреген кооз имараттарын көргөндө сугу артчу. Бул жердеги тазалык, адамдардын бири бирине жасаган мээримдүү мамилесин өз жерине, өз элине салыштырчу. Буларда бир топ адамгерчилик, маданияттуулук жогорулугун сезди. Китепканага келгенде китеп алды да, күндөгүдөй жерине барып олтурду. Корей тилин бир кыйла өздөштүрүп калган. Айрым сөздөрдү түшүндүрмөсү менен дептерге жазып алчу. Күн сайын үйгө барганда да, эринбей кайталачу. Анын бош убактысы болгон жок. Жумушуна чейинки жана кийинки сааттарын жазып, күндөлүк расписаниесин түзүп алган. Кала берсе, көчөдө баратканда да тырышып окуп жүрдү. Китепканага жаштар толуп кетчү. Эртеден кечке чейин китептен баштарын көтөрбөй окуп жатышкан уланкыздарды көрүп, айран таң калды. Бир кезде башын көтөрө берген кыз бет маңдайында аны күлүмсүрөй тиктеп турган жигитти көрдү. Чачтары жарашыктуу кыркылган капкара эле. Каштары, кирпиктери да кара болчу. Кыздардыкындай кош кабат көзүндөгү жылмаюу кетпей турду. Кыз ойлуу тигилип турду да, тиктешүүнүн таасириби, айтор дароо көздөрүн ала качып, китебине үңүлдү. Аны теше тиктеген көз караш анын бет маңдайынан кетпей турганын сезди, башын көтөргөн жок, баягыдай эле окуп, жазганын уланта берди. Бул жигитти ал күндө көрүп жүргөн. Анын бет маңдайындагы орундукта олтуруп, улам-улам кызга карай берчү.

Корей жигити бул кызды өзүнүн улутундагы кыз деп ойлогон. Карашын карап алып, көз караштан тайсалдай кетти. Бакырaң көздөрү жайнап, бир башкача сүйкүмдүү, жигиттин көз айырбай караганын байкаган кыз бир тиктеп алганда

жигиттин тулку бою титиреп, арбала түштү. Сүйлөйүн деп баратканда тынымга токтой калды. Кыздын жылмайганы да ага укмуштуудай сезилди.

Ушул тапта жигиттин көзүнө кыз кудум эле периштедей көрүндү. Бакырайган көздөрү, ылдый ирмелгенде уппузун капкара кирпиктери бир башкача сулуу болчу. Ушул турпат, ушул сулуулук жигитти өзүнө арбап алды.

Кыз колундагы алтын саатын карап алып, жебелери ылдыйлап баратканын көрдү да, китеп, дептерин жыйнаштырып ордунан тура бергенде жигит да эмнегедир козголду. Кыз китебин тапшырып, сыртка карай басты, жигит ээрчий жүрдү. Жашаган жери эки аялдама болгондуктан, автобуска олтурууну туура көрдү. Күн сайын кээде автобуска олтурса, кээде жөө басып кетчү. Анткени, кеч калса да көчөлөр күндүзгүдөй жапжарык, бул жерде полициялар да жөнү жок токтото бербейт. Азыр аялдамада туруп, автобус күттү. Жигит да жай басып келип, жанына токтоп, кызга карап турду да ысмын сурады. Бейтааныш жигитке атын айтпай тек гана карап койду. Жигит колун сунуп, өз атын айтты:

-Менин атым Бинг. –Анан кайра батынып барып, кыздын атын сурады.

–Кыз алдында момурап турган сүйкүмдүү жигиттин колун кага албады да, колун сунуп, ысмын атады.

-Арзу,-кыз аста үн катты. Ошондо ал улуту башка экенин билди. Ага кайсыл гана улут болбосун баары бир өзү сүйүп, жактырган кыз керек болчу.

-Мен сени күн сайын көрөм, биринчи көргөндө эле сен мага жаккансың, бирок сөз айта албаганмын.- Сурабаса деле жигит өз сырын ортого салды. Анан ал анын кайда барарын сурап алган кийин, аралык өтө алыс эместигин айтып, жөө басууну сунуш кылды. Анын жүзүнө уурдана карап алып, келбетине дагы арбалды, көчөдө адамдар көп болгондуктан, бир чети ал күткөн автобус кечигип жаткандыктан, жөө басууга

каршы болгон жок. Жигит бат эле кызды мурдатан тааныгандай чечилип сүйлөп жатты. Анын Кыргызстандан келгенин, заводдо иштеп жатканын билди.

Ал өзүн тааныштыра кетти. Лифттерди чыгаруучу ири компанияда иштээрин айтты. Балалыгынан ата-энесиз өсүптүр. Эки бир тууган эжеси жана бир иниси бар экен. Эжелери турмушка чыгып, иниси менен турарын билди. Иниси Сеул улуттук университетинин студенти экендигин кошумчалады.

-Мен Сеулдагы улуттук университетти аяктаганмын, бош убактымды көбүнчө китепканада өткөрөм. Кесибиме байланыштуу техникалык китептерди окуйм. Биз заманбап лифтерди чыгарабыз,-деди жигит. Эмнегедир ал кызга Корея тууралуу айта кетти.-

Азыр Кореяда ири заводдордон баштап, жүздөгөн ишканалар бар. Лифттерди, эксковаторлорду чыгаруучу ири компания бар. Тез ылдамдыкаттагы лифтер менен кемелердеги жүк ташуучу лифтерди да чыгарат."Hyundai Eievator" деп аталган лифтер менен эксковаторлорду чыгаруучу ири компанияда иштейм. Биз 50дөй өлкөгө экспортко чыгабыз. Эң акыркы моделдеги лифтерди чыгарабыз.

Ал өз өлкөсү туурасында сыймыктана сүйлөдү. Кыздын да өзүн чакырган курбусу Сейилден укканы бар. Кореядагы бийик-бийик имараттар, өнөр жайынын дүркүрөп өнүгүшү азыр дүйнөнү таң калтырат. Азыркыдай өсүштөр мындан кырк жылдар мурда болгон эмес экен. Азыркы кезде Түштүк Корея дүйнөдөгү эң өнүккөн өлкөлөрдүн катарында турарын айткан Сейил.

-Түштүк Кореянын алтымышчы жылдардан берки өнүгүүсүн керемет өнүгүү дешет экен. Жарым кылымдык Түштүк Кореянын азыркысы менен салыштырсаң асман менен жердей. Кен байлыктары жок. Бүгүнкү күндө экономикасы, айыл чарбасы өнүккөн. Өзүн өзү багат, көп нерсени экспорттойт.

Бизде өзүң көргөндөй китепканалар толтура. Эч жакка

жылбай күнү, түнү окушат. Мектептерде да эки семестрде окушат. Каникулдар өтө кыска, айлап эс алышпайт. Эс алуу деген жок. Жыл бою эртеден кечке окушат. Аларда окууга кирүү абдан кыйын, Ошондуктан мектепте абдан жакшы окуганга аракет кылышат, деген Бинг бир топ маалыматтарды берди.

-Мен Кыргызстандан келгениме жарым жыл болду. Силерде тил билбесе кыйын экен. Ошондуктан, курста окуп, эми болсо өзүмчө китептерди окуп, тилимди өнүктүрүүгө аракет кылып жатам, деди Арзу. Кыз сүйлөп жатканда жигит андан көзүн албай тиктей берди. -Мен жеткирип коеюн,-деди жигит.

-Мен бул жерде эле турам, убара болбоңуз.

- Сүйлөшүп басалы.- Жигит күлмүңдөгөн көз карашы менен өтүндү. Кыз каршылык көрсөтө албады.

«Кыргызстанда ушундай компаниялар болсо, биз да өз өлкөбүздө эч кайда кетпей иштейт элек». Кыздын оюна дароо ушундай пикир келди. «Булар жасаганды эмнеге биз жасай албайбыз».

Өтө жай басып баратышты. Жигит аябай кичи пейил болчу. Тепкичтүү жерге келгенде кыздын чыканагынан сүйөй басат да, бир колун көкүрөгүнө алып, экинчи колу менен ийиле алдыга карай ишарат кылат, мурда мындай мамилени көрбөгөн кызга бул өөн көрүнсө да, бири аздан кийин мындай адат кайталана бергендиктен көнүп да баратты. Кыздын оюн билгендей жигит сөзүн улады.

- Менин чоң атам бала кезимде айтып калчу, анын айтканына караганда 60-жылдары биздин өлкө да аябай кембегал өлкө болуптур, согуш болгон. Ошондо өлкөнүн лидерлери чоң роль ойногон, бийликке жакшы кадрлар келген. Алар так өнүгүү пдандарын түзүшкөн. Бардык капиталды өнөр жайын өнүктүрүүгө бурушкан, жолдорду салышкан, аэропортторду курушкан. Анан да акыркы каражаттарын жыйнап, балдарын билим алууга Европага, Кошмо Штаттарга жөнөтүшкөн.60-

70-жылдары жаш улан кыздар тыным албастан суткасына 16 сааттан иштешкен. Кореянын өнүгүшүнүн башкы себептеринин бири калктын тыным албастан эмгектенгендиги жана өлкөнүнүн өнүгүшүнө ишеними эле. Азыр жеңил өнөр жайыбыз өнүккөн. Дүйнөгө таанымал ири заводдордон баштап, жүздөгөн чакан ишканалары бар.

Биздин өлкө акыркы отуз жылдын ичинде бийиктикке жеткен. Жетимишинчи жылдары бизде бийик имараттар болгон эмес. Жетимишинчи жылдардын аягында гана асман тиреген имараттар курула баштаган. Дары дармек, азыктүлүктөрдү чыгаруучу фирмалар, ооруканалар курулгандыгын укканым бар.

-Мен келгенде, мен турган үйдүн ээси айткан. «Биздин атабабаларыбыз Түштүк Кореяда байлык жок экендигин билишкен. Бирок, бизде мээ, акыл бар деп эсептешкен. Анан алар бардык аракетин жакшы билим алууга жумшашкан. Илим жаатындагы адистер өздөрүнүн өлкөсүнүн ийгилигин билимде деп эсептешет». –Ал абышканын сөзүн азыр эстеп жатам. Чынында силер билимге өтө берилген эл экенсиңер, ойлоп табуучулугуңар укмуш.- Кыз ичиндегини айтам деп, өтө берилүү менен сүйлөп жибергенин өзү байкабай калды. Аны күлүңдөй караган Бинг башын ийкегилей, кыздын сөзү чын экендигин кубаттады.

- Мисалы менин иним окуган Сеул улуттук университетинде окуган кыргыз жаштары көп. Алар стипендиялык программалар менен келишкен. Биздин кореялыктар эч кайда барбай түнү, күнү окушат. Мектептеги окуучулар да эки семестр окушат, каникулга аз убакытка гана чыгышат. Кореяда жогорку окуу жайына өтүү кыйын. Ошондуктан, мектепте аябай жакшы окууга умтулабыз. Бул жердеги Сеул улуттук университети дүйнөдөгү алдыңкы 40 окуу жайынын катарында турат,-деди жигит кызга маалымат берип.

-Мен келдим,-деди кыз уяң гана анын сөзүн бузуп

бийик кабаттуу үйдү колу менен көрсөтө. -Азыр бул жерде жердеш кызым менен турам. Мурдагы квартирамдан чыгып кеткенмин. Ал биздин жердештердин ашканасында иштейт. Биз жолугушуп турабыз. –Жылдыздуу, ыманы ысык бул кыздын жанынан кеткиси келбей турган жигит колун кызга сунуп, кыйылып туруп коштошту.

- Мен ар бир алтынчы күнү дем алышта китепканага келем, сени таап алам,-деди жигит.

-Макул.- Кыз колун тартып алды да, жылмая басып кирип кетти. Жигит кыздын артынан узата карап, тынымга тургандан кийин бараткан таксини токтотуп олтуруп, үйүнө карай жөнөдү. Жол катары ай жамалдуу кыргыз кызы карегинен кетпей баратты.

-Ошентип, биз жолугушуп жүрдүк. Биринчи күнү бир бирибиздин телефон номерибизди албаган экенбиз, кийинки дем алышта китепканадан жолуктук. Ал « сени көптөн бери таанычуудай телефонуңду да албаптырмын, чынында кайрадан жолугаарымды билгенмин го»,-деди күлө карап костюмунун төш чөнтөгүнөн визиткасын алып, мага сунду, менде кайдагы визитка, телефон номеримди өз телефонуна жазып алды. Бир апта өткөнчө көрбөй калсам, кусаланчу болдум. Анан биз кечинде жолугуша баштадык. Бир күнү ал мага үйлөнүү тууралуу сунушун айтты. Мен үйдөгүлөр менен сүйлөшүп көрөйүн дедим. Үйдө мен жана менин бир тууган агам, апам менен турчубуз. Агамдын келинчеги, балдары бар. Мен агамдан эч нерсени жашырчу эмесмин. Мен агама Бинг тууралуу сунушун айттым. Агам алгач көнө бербеди. Мен ага Бинг билимдүү, көз карашы кенен жакшы адам экендигин телефондон түшүндүрүп жаттым. Акыры ал « улуту башкага турмушка чыкканыңа кийин өкүнбөйсүңбү, канча кыздар Кореяга күйөөгө кетишип, кордук көрүп жатышканын угуп жатабыз, ошондой тагдырга туш болсоң кантесиң»,-деди. Мен аны Бинг андай адам эместигин кайталап айта бердим.

Арзу сүйлөп жатканда көздөрү моймолжуй, бирде сыр жашыргандай, бирде бейкапар тургандай, деги ар бир өзгөрүшү өзүнө жарашып турду. Сүйлөшсө аны адаштырып жиберишчүүдөй эч кимиси үн катышпай, катарлаша басып баратышты.

- Мен агамдан кийин апама да корей жигити турмушка чыгуумду сунуш кылып жатканын айтканымда алгач көнбөй койду. Мен апам менен сүйлөшкөн сайын ал жакшы адам экенин, жашы улуурак болгону менен жаш көрүнөөрүн, мени сыйлай турганын, жакшы жумушу бардыгын айта бердим. Акырында «өзүң бил кызым. Өкүнүп калбасаң болду», деди. Мен апамды жана агамды көндүрүшүн көндүрдүм. Апам макулдугун билдирди. Бирок, Бингдин туугандары каршы чыгышып, аларды көндүрүү өтө кыйынчылыкка турду. Бинг аларга «бул кызга үйлөнбөсөм, бойдок өтөм» дептир. Ал менден он жаштай улуу болчу. Өзүн жакшы алып жүргөндүктөн, жаш көрүнчү. Акыры биздин баш кошушубузга макулдугун беришти. Акыры ынандырды көрүнөт. Макул болушту. Кыргызстанга барып, апамдын ыраазычылыгын алып, туугандардын алдынан өтүп келдик.

Той өтөөр мезгилди алдын ала белгилеп, уруксат алгандан кийин апам менен агам келишти. Аларды жакшы кабыл алып, узаттык. Анан алгач мени Бенгдин туугандары өтө жакшы кабыл алышкан жок, анын эки эжеси жана иниси бар эле. Биз менен эжеси, иниси турчу. Эжеси турмушка чыгып, ажырашкандан кийин келгенине анчейин көп деле убакыт болбоптур. Ал мага алгач кайын эжелик кылып жүрдү. Башка бир туугандары дем алышта келишчү. Бирок мен аларга өзүмдүн эмгекчилдигим жана жылуу мамилем менен жактым окшойт. Анын үстүнө жолдошум мага дайыма колдоо көрсөтөөр эле. Күн сайын эрте туруп, баарынын чайын даярдап берип, анан өзүмдүн жумушума жөнөчүмүн. Апам мага ашкана тамактарынын көбүн үйрөтүп койгон, бирок алар дайыма ачуу жегендиктен, мен алардын тамактарын да интернеттен карап

жүрүп, үйрөнүүгө аракет жасап, бир тобун билип алдым. Күн сайын тамак жасаарда эртең менен жумушка баратканда жолдошумдан сурачумун. Бара-бара алар мага жылуу мамиле жасай башташты. Жолдошумдун жардамы менен Сеулдагы улуттук университеттен окуп, инженердик-техникалык кесип алдым. Лан аттуу эки жашка чыккан уулубуз бар. Кудум эле атасына оппокшош. Мен аны өзүмчө Тынчтык деп атам алгам, корей тилинен которгондо деле ушундай мааниni билдирет. Мен ага корей тили менен кошо кыргыз тилин да үйрөтөм. Ошентип жашоомо наараазы эмесмин, жолдошум мени сыйлайт, мен аны. Экөөбүз чогуу Кыргызстанга барып келдик. Кыздар билсеңер менин таржымалым ушундай, -Арзу деди күлүмсүрөп. –Менин бешенеме жолдошум жакшы чыкты, арты жакшы болсун, апамдын алдында сөзүм кыска болбосун, туугандарыма уят болбойун деп кудайдан тилейм. Анда барайын. Уулум Лан, баса Тынчтык да ыйлабасын, буюрса дагы жолугушабыз.

- Биздикинде конок бол,-деди Лилия.

-Ырахмат, башка учурда. Жолдошумду алып келем, Биздин үйдө тартип катуу, убагында барбасам, ишеничтен кетем. Көрүшкөнчө. Силер туурасында Бинге айтам, балким биздикине даам татканга барарсыңар. Анда жолугушканча,-деди Арзу кол берип баары менен коштошту да, бакырайган көздөрүн сүзө, корейлер сымал эки колун бириктире ийилип алып, анан жай түзөлө басып, унаасынын жанына келди.

Жарашыктуу күлкүсү менен жылуу коштошо Арзу унаасын айдады да, жөнөп кетти.

Лилиялар кайра артына кайрылышып, токтотуп койгон унаасына карай басышты да, олтуруп, жатаканага кетишти.

-Карачы, корей жигиттери биздин акылдуу, сулуу кыздарыбыздын башын айландырып үйлөнүп алышат тура. Арзу менмин деген кыргыздын жигитерине жар болчу кыз экен, эми минтип. Кыргызстанга кетпей ушул жерде калып кетеби?-

Кыздын кеткен жагын узата карап турган Кымбат улутунуп алды.

-Тагдыр деген ушу. Анын бешенесине Корей жигити жазыптыр. Балким... Лилия сөзүн бүтпөй Кымбатка уурдана карап, күлүп койду. Анын оюн билгендей Кымбат:

-кудай сактасын, мен корейге турмушка чыкпайм, бешенеме кыргыздын жакшы бир жигити тургандыр, туурабы кыздар.

-Ананчы.-Гүлжан күлмүң эте Жибекке карай көз кыса алдыга басты.

Ошол күнкү Арзу, анын корей жолдошу бир топко чейин Кымбаттын эсинен кетпей койду. Ошол жолугушуу ага таасир эттиби, айтор фирманын ээсинен этияттанып жүрдү. Көп өтпөй Лилия ата-энесинин чакыруусу менен Кыргызстанга кетти. Эки айдан кийин турмушка чыкканын кабарлады. Ошондон кийин байланышпай калышты. Жибек менен Гүлжан залдагы жумушунда, Кымбат офисте иштеп жатты.

Кожоюну кайрадан Кымбатка жакындай баштады. Тапшырманы көп берип, ошол күн бүтүрүшүн талап кылгандыктан, кеч калып иштеген күндөрү болду. Ал учурда кайдан жайдан экендиги белгисиз, сырттан кирип келчү да, тийише баштачу. Маянаны жакшы төлөгөндүктөн, кайсыл бир күнү жадайт чыгар деген ойдо жүргөн. «Жигитим бар», деп да көрдү. Ошентсе да, адатын таштабастан, «мага турмушка чык, жакшы жашайсын, өзүңө Сеулдун каалаган жеринен үй сатып берем», дей берди. Анын баш айлантма сөзүнө кызыкпаган кыз, сунушунан баш тартты.

Кымбат кожоюну Ким Донг Судан эттияттанчу болду. Тийиштик кылса, дароо качып чыгууга даяр турчу. Сеулду деле жакшы билип калган. Тил билет, башка жумуш издейин дегени менен бул жерде иштөөгө, жашоого да ыңгайлуу. Анын үстүнө курбуларын таштагысы келбейт. Бир күнү Кореяга күйөөгө тием деп келип, зордук көргөн кыргыз кызы тууралуу Лилия айтып келгенден кийин чочуп калган, анын ортодо

акыркы 2-3 жылдан бери ошол кыздарды Кореяга турмушка чыгаруу боюнча 20дан ашык фирмалар пайда болуп калыптыр. "Биз силерге сулуу, аябай иштерман, эмне айтсаң оюңан чыкпаган кыздарды таап беребиз", - деп корей жигиттерди алдап, алардан акча алып, Кыргызстанга келип алып, корей кинолору акыркы убактарда бизде да модага айланбадыбы, ошолорду көрүп жүргөн кыздардын башын айлантып, Кореяга жиберип жаткан фирмалар бар экен. Лилия айткан кыз да капысынан ага жолдон жолуккан.

Эртең менен жумушуна күндөгүдөй эртерээк келип, компьтерди жандырып алып, ошол кызды эстеп кетти. Ал кыз туурасында Лилиянын айткандары кулагында жаңырып турду. Ал кыз Кыргызстандагы агенттик аркылуу келиптир. Аз эле жашаганда күйөөсүнүн өнөрү чыга баштаган. Кандай иш жасаса да, жактырбай, кайра өзү жасайт. Телефонун текшерет. Курулай дегенде апасы менен сүйлөшкөнгө да уруксат бербей беш мүнөт жетишет дейт. Ал кыздын ыйлаганын Лилиядан укканда аябай зээни кейиген. Лилия кыздын айтканын сөзмө сөз кайталаган. «Түндө жолдошум жумушка чыкканда, кайнатам келип жатчу. Бир күнү кайнатам уктап жаткан жеримден жулкулдатып тургузуп, «кет», деди. Кетпейм десем башыма бир урду да «кеткин», деди. Кийимдеримди жыйнаштырып жатсам, алып беришкен буюмдарын майдасына чейин жыйнап алып калды. «Алба, Кыргызстандан алып келгенинди ал», дейт. Ошентип мени кубалап жиберип, кайын атам артымдан аялдамага чейин келди. Чет элдик паспортумду да бербей койду. Бул жакта жыргап жашаймын деп ойлогонмун. «Менин үйүм», деп чоң үйлөрдү көрсөтүп аябай мактанган, келсем үйү андай эмес. Бар болгону бир ай жашадык. «Мен муну сатып алганмын», дейт үйгө келген досторуна жолдошум. Үйдө жалгыз калганда да мага «мен сени мынча долларга сатып алганмын, кул болушуң керек» дечү. Ал жумушуна кеткенден кийин ошентип кайнатам тамак

да бербей айдап чыкты. Эртең менен кофе ичкенмин, ошол бойдон жүрөм, баарын бекитип коер эле»,-деди кыз. Ал Кыргызстанга агенттикке чалганын айтты. Алар «өзүңөр чечишип алгыла. Биз Бишкектебиз. Ал жакка барып, жардам бере албайбыз дешиптир. Мен ал кызды Сеулдагы кыргыз маданий борборуна жетелеп бардым, алар жардам бермек болушту, деген эле ошондо Лилия. «Мына кыргызстандык шылуундардын коммерциялык жолу. Он жети, он сегиз жаштагы кыздар аларга алданып, элүүлөргө барган корейлерге турмушка чыгып жатышат. Жакшы күйөө таап берем деп алдап, азгырып алып келген, агентстволор акча менен адам тагдырын чечип коюп жатышат.-деди Лилия.-Бул жерде канча кыздар кор болуп жүрөт, тил билбегендери бар.

Кымбат ушуларды укканда денеси үрккөн. Ошондуктан, жалгыз каяка барат. Бир гана мында жакшы жери жакшы маяна төлөйт. Акчасы өзү ойлогондой көбөйсө Кыргызстанга кетип эле калмак. Ага дагы убакыт бар.Ушуларды эстеп олтуруп, кыялына Жаныш келе калды. Акыркы күндөрү дем алышта көчөгө чыкканда Жаныш эсине түшө калганда ары-бери элеңдеп издечү болду.

Эртерээк келип, жумушун убагында бүтүрүүгө ниет кылган Кымбат иш убактысынан эки сааттай эрте келип, иштеп жаткан. Ошол кезде кожоюну кирип келди да, көздөрүн жүлжүйтө күлүп, баягы сөзүн кайталады.

-Сен мага күйөөгө чык,-деди түз эле. –Кымбат ордунан тура калды. Бир заматта денесин калтырак басып, не кыларын билбей турду. Сыртка чыга качайын дегени менен кожоюну жолду тороп алды. – Мага турмушка чыксаң сенде баары болот, жакшы унаалуу болосуң, маянаң дагы көтөрүлөт, жакшы үйдө жашайсын.

- Бизде өзүнөн башка улутка турмушка чыккан кыздарды жактырышпайт. Өзүңөрдүн көп жакшы кыздарыңар бар,-деген Кымбаттын сөзүнө эркектин түсү бузула түштү. Ачуусу

келгенинен өңү серт тартып, кыздын көзүнө жагымсыз көрүндү. Бир заматта оюна жамандык келе калып, артына тисериле берди. Ал кыздын чачын бекем кармады да, бетине колу менен чаап жиберди.Апасынын да колу тийбеген назик жүзү тызылдап ысып чыкты. Кымбат андан мындайды күтпөгөндүктөн, жыгыла барып оңолду. Колунан кармай калып, сыртка карай түртүүгө аракеттенди. Ошол кезде, столдун үстүндөгү кол сумкасы менен илгичте турган костюмун алууга үлгүрдү. Кожоюну колунан бекем кармап алып, тепкич менен жетелеп түшүп, коридор менен делдектетип олтуруп, сырткы эшикти ачты да, чыгарып салды.

-Жогол, келбегин! – Ардана түшкөн кыз, буулугуп ыйлап жиберди. Денеси калчылдап, катуу таяк жегендей шолоктоп ыйлады. Анын ыза тарткан турпатын, мөлтүрөгөн көз жашын эч ким көргөн жок. Артына кирип, Жибек менен Гүлжан менен коштошоюн, кеңешейин деген. Кайра ичкери кирейин дегенде күзөтчүлөр кийирбей коюшту. Курбуларына телефон чалып ала албады. Залда кардарлар менен иштегенде телефондорун өчүртүп койчу. Не кыларын билбей дендароо абалда аялдамада олтура берди. «Кайда барам. Баягы жардам берер Лилия да жок. Баягы таанышкан Арзунун дарегин билбейм». Арадан канча убакыт өткөнү белгисиз олтурган жеринен козголгон жок. «Көчөдө калат деген ушулбу?!». Ушул сөз оюна келгенде чочуп кетти. Качанга дейре олтурат, кеч киргенде кайда барат. «Эмнеге көчөдө калышым керек. Келгениме эки жылга чукулдап баратат, тил билем. Дагы бир жерден жумуш табылар. Визамды болсо узартып алганмын»,-деди өзүн соорото. Бир чети кожоюндан кутулганына кубанганда, өзүнчө жеңилденип алды. Капысынан өздөрү дем алышта барчу ашкананын кожоюнунун аялы эсине түштү. Боорукердей көрүнгөн. Иштеген кыздарга жылуу мамиле кылганын, алардын ишине көз салып жүргөн кыймыл-аракетинен, сүйлөгөн сөзүнөн байкаган. Азыр таксиге олтуруп, ошол кемпирден жардам

сурамак болду. Жанында акчасы бар, ач калбайт, дем алышта банкка барып, салган каражатына кошуп коймой болгон. Кыргызстанга атасына керегине жараша салып, өзүнүн чыгымына сарамжал менен сарптап, көбүрөөгүн чогултуп жаткан. Эми жумуш табылганча керегине жаратып турууну ойлоду. Эрте күндү кеч кылбай, жатар жай таап алууну  көздөп, бараткан таксини токтотту да, өзү болжогон жерге жеткирип  коюуну айтып, олтурду.  Таксинин терезесинен сыртты карады. Күн бешимден ооп кетиптир. Эми эле уясына жашырынып кетет. Аңгыча баягы тааныш ашкананын  тушунан өтө бергенде, таксини токтотту да. жол акысын берип түшүп калды. Кафенин эшигин ачып кире бергенде кардарларды тейлеп жүргөн официанттан ээсин сурады. «Жок, эртең келишет», деген сөздү укканда дене бою үркүп кетти. «Көчөдө каламбы?!» бир паста оюн жыйноого үлгүрдү. «Кеч кире электе мейманканага барайын да, эртең келейин. Кудай жалгап, паспортум жанымда болгону жакшы болуптур, болбосо документсиз мага ким ишенмек. Чын эле жанымда бекен, же бөлмөдөгү чоң сумкамда калыптырбы, сумкасын карап  таппай калганда коркуп кетти. Бүт аңтарып чыкты, каап, калтырып коюптурмун да,  костюмумдун чөнтөгүнө салбадым беле,  костюмун карай салып, кубанып кетти. Бар экен, жумуш болуп, жатарга ылайыктуу жай табылганда  кийимдеримди кыздарга айтып, алдырып алайын.  Эми мейманкананы кайдан табам. И бир курдай көргөн элек, ушул кафеден чыгып, жөө басып келатып көрбөдүк беле, тигине, тиги». Бет маңдайындагы заңкайган чоң жайды карай басты. Кыз жанына келгенде эшик өзү ачылды, кире бериштеге кенен жаркыраган жайдын оң тарабына бурула берип, мейманкананын кызматкеринен  бош  бөлмө барбы?  деп сурады. Андан бар экендигин укканда апасы эркек төрөгөндөй кубанып кетти. «Кудай ай, көчөдө калбайт экенмин». Эки колун көкүрөгүнө алып ичинен күбүрөнгөн кыздын кайсыл тилде сүйлөп жатканын билбеген кызматкер

аң-таң боло, корей тилинде суроо узатты. «Сизге бир кишилик бөлмөбү?». «Ооба,-деди башын ийкей». Ал ары жакта турган орто жаштагы аялга кайрылды:

-Бул бийкечти бөлмөсүнө чейин узатып коюңуз.

-Жүр кызым. –Кымбат аялдын артынан басты. Лифт менен бешинчи кабатка көтөрүлүп, сырты жылтыраган эшикти ачкыч менен ачып, аял алгач өзү кирди. Кыз анын артынан бөлмөгө кире берип, тазалыкты, кооздукту байкады. –Бөлмө жагабы?

-Баары жайында, бара берсеңиз болот.-деди аялга.

-Бөлмөңүздүн ачкычы. –Аял ачкычты столдун үстүнө коюп жатып, кайра кайрылды. –Сизге эмне керек болсо, телефон менен айтсаңыз болот. Стол үстүндөгү китепчеде, мейманкананын бардык кызматтарынын телефондору жазылып турат.

-Макул, сизге ырахмат. Азырынча эч нерсегнин кереги жок.-деди да, аял чыгары менен эшикти ичинен бекитип, жатып уктоону каалады. Негедир чарчагандыктан, уйкусу аябай келип турган. Анын үстүнө эртең менен өтө эрте турган болчу. «Жумуштан кыздар келгенде менин жоктугумду көрүп кыжалат болушат чыгар, азыр уктайын. Алар телефондорун жандырышканда кечинде чалып, кабарымды билдирип коермун», деди да, кийимдерин чечпестен керебеттин үстүнө жаткан бойдон кирпиктери ирмелип, бир чети уйкусу келсе, экинчиден жатууга жай тапканына көңүлү жайланып, ошол замат көзү уйкуга кетти.

Телефондун тынбай сайраган үнүнөн ойгонуп кетти. Жамынчысы жок жаткандыктан, чыйрыгып калыптыр. Колу менен көзүн ушалай ордунан козголуп, жастыктын үстүндөгү телефонун алды.

- Бөлмөдө жоксуң го, кайдасың, дагы кожоюн тындырбай иштетип жатыптыр да.

Кожоюнунун айдап жибергенинен кабары жок Жибек аны жумушунда деп ойлоду.

-Мени  кетирип жиберди.

-Эмне дейсин, качан кетирди, азыр каяктасың? Гүлжан экөөбүз баралы. «Кетирди деп жатасыңбы, кимди кетирип-тир, Кымбаттыбы?». Ары жактан тынчсызданган Гүлжандын добушу угулду.

-Кабатыр болбой эле койгула. Мен азыр мейманканадамын, эртең бир жерге барамын, буюрса жайгашып алгандан соң, жолугушабыз. «Берчи мага».-деген ары жактан Гүлжандын тынчсызданган добушу даана угулду. Ал ошол замат Кымбатка кайрылды.

-Кымбатжан, сен кабатыр болбо. Биз азыр сага барабыз, кожоюндан жалынып-жалбарып суранабыз, кайра келесиң, уктуңбу.

-Ырахмат кыздар, мен эми ал жерге кайрылып бара албайм.

-Эмнеге, жакшылыкпы деги, ал сага жамандык кылбадыбы?

-Эч нерсе кылган жок, баары бир бара албайм, мен силерди унутпайм, буюрса жолугушабыз. Гүлжан сага ырахмат, Жибекке да ыраазымын. Биз жакшы курбулардан элек.

-Биз сени таштабайбыз. Баары бир таап алабыз, дайыныңды айткыың болуптурбу. Кыйналсаң биз жаныңда болобуз. Кымбат... - Гүлжан ыйлап жиберди окшойт, сөзүн бүтпөй телефонду Жибекке узата салды.

-Тынч болсоң болду. Сен Сеулга биринчи  келген жоксуң да, биз ишенебиз. Бирок, кабарыңды билдирип кой, кийимдериңди алып барганча сүйлөшөбүз. Аман бол Кымбат.

-Силер да. Кожоюндан этият болгула. –Бир бирине көнүп калышкан тура. Кымбат да бир заматта бөлүнө калганына ичи ачыша, көзүнөн жашы акты. Диванга көмкөрөсүнөн жатып буркурап ыйлап жатты, соороткон эч ким жок, өзү ыйлап, бир убакта  солкулдап барып, өзү сооронду. Ушул тапта курсагы ачканын сезди. Бирок, түн бир оокумда түнү бою

иштешкендиктерине карабастан, мейманкананын кызматкерлеринен эч нерсе өтүнгөн жок. Сырткы кийимдерин чечип, ак шейшептүү жумшак жууркандын ичине кирди. Курбулары менен сүйлөшүп жатып уйкусу да ачылып кетиптир. Кыялына ар кыл ойлор келди. Алыстагы атасын ойлоду. Эки күн мурда узакка сүйлөшүшкөн. Атасынын добушу тунук, жакшы чыкты, оорусунан айыгып калганын айтты. Бир туугандары менен сүйлөштү. Ашканада тамак бышырып жатканын айтып эжеси Алтынчач да аманчылыгын сурап, үй-бүлөсү менен бир топко божурашып олтурду. Баарынын тынч-аман экендигин билип, көңүлү жайлуу болчу. Анан эсине Жаныш түштү. Баягүнү ресторандын ачылышына келеби деп ойлогон. Иштеп жүрөбү, же жумушу ылайыктуу болбой кайра Кыргызстанга кеттиби, кайда жүрөт болду экен? Ыймандуу, жакшы жигит экендигин байкаган. Жанында жакшы бир таанышы болбосо, алыста жүргөндө башына кыйынчылык түшсө жабыркайт экен. Анын башка эстеери деле жок болчу. Бирге окуган классташтары баары өзүнчө бүлөсү бар, ал эми университетте окушкан группалаштары менен бул жакка келгенден байланышы үзүлгөн. Эч кимисине айтпай жолугушуп жүргөн курбуларына билгизбей келе берген. Азыр эсине мына ушулар келди.

Уйкусу таптакыр келбей калды. Убакыт ушунчалык кыскабы, айтор таң да атайын деп калды. Жөн эле жата бергенде не пайда. Ордунан туруп, жуунуп алууну чечти. Жуунучу жайда аристондон жылуу суу чыгып жатыптыр. Биротоло таза жуунуп алмакчы болуп, чач, бет кол жууй шампунь, самындан бери турат. Илгичте аппапак, жумшак сүлгү чоң, кичинесинен бери таптаза бойдон. Бурагычты бурай салды эле душтан мээлүүн суу чачырай түштү, ылайыктап алып, сууну көбүрөөк агызды. Денесине тийип ылдый түшкөндөн калган тоголоктонгон суунун тамчыларын тиктей, ойлуу тарткан калыбында жайбаракат жуунду. Денесие сүртө бергенде бир башкача жагымдуу сезилген самындын жытынан

эс ала жүзүн суугa тосуп, бир саамга магдырай ошол абалда турду. Чачын жууп жатканда шампундун жыты да бир укмуш экен, чачтары кундуздай жылтырап калды.

Канча убакыт өткөнү белгисиз, ал жуунуп чыкканда бөлмөгө жарык кирип, таң атып калганын байкады. Көчөдө унаалардын кымгуут жүргөнү угулуп турду. Чачтарын кургатып, өрүп туруп, желкесине жарашыктуу кылып түйүп алды да, кечээги кийип жүргөн асман түстүү көйнөгүн бүгүн да кийди, андан башка кийимдери жок болчу. Таңында күн салкын болгондуктан, үстүнө костюмун иле салды да, сумкасын каруусуна илип, эшикти бекитип, коридор менен басып, лифт аркылуу ылдый түштү. Ачкычты тапшырып жатып, балким келип калышым да мүмкүн деди да, сыртка чыкты. Анын барар жери кечээги кафе болчу, бир гана үмүтү ал жердеги корей кемпири. Жөө басып тез эле жетти, эртең менен күн салкын жана нымдуу болгондуктан, бир аз үшүп калды. Дароо колдору муздай түшкөндүктөн бириктире көкүрөгүна алмаштыра алып, эки колтугуна бекем кысып алды. Ушундай кылганда колдору да, өзү да жылыгансып калды. Ал келгенде кафенин эшиги ачык болчу, кире берип кенен залда улгайыбыраак калган корей кишиден башка эч ким жок эле. Ал залда ары бери басып, официанттарды тизип алып, сүйлөп жатыптыр. Сырттан кирген кызды байкаган жок, капысынан Кымбат чүчкүрүп жиберди да, ыңгайсыздана түшүп, өзүн карай салган карыя менен кызматерлерге карап, эки колун бириктире кечирип сурагандай аста ийиле калып жылмайып койду. Ошондо карыя басып келип, андан кандай жардам керектигин сурады. Ал айта электе ары жактан жашы бир топко барып калган, бирок жылдыздуу корей аял басып келди.

- Бул сулуу эртелеп тамактанганы келген го, азырынча бизде эч нерсе даяр боло элек, бир аз күтө тураарсың, бууга бышырылган балык болот,-деди аял. Эркеги көрөгөчпү, айтор кыздын канчалык күлүмсүрөгөнү менен жүзүнөн кандайдыр

бир капалыктын изин көрдү.

-Мага жумуш керек эле,-деди корей тилинде.

-Кандай жумуш, бизде бош орун табылбайт го,- деди эркек.

-Кызым кандай иш колуңдан келет,-аял мээримдүү унчукту.

-Баары келет, ашкананын бардык ишин жасай алам.-Кымбат « булар да сыртка  чыгарып жиберишпесин» деген ойдо шашкалактык менен унчукту.

-Кандай жылдыздуу кыз. Джин-Хо,  бул кызга иш караштыралы, мага жакты. Гүлдөй болуп ачылган кези экен, кандай татына, «Мэй»дин өзү, бул кыздын аты Мэй болсун.

Тагдыры ушул эркек менен аялдын колунда тургандай Кымбат ушул тапта кандай жумуш болсо да аткарууга даяр турду. Баамында бул экөөн бири күйөөсү, экинчиси аялы болсо керек деп болжолдоого да үлгүрдү.

-Башкы ашпозчу Ли Дон Укту чакырчы, бул кызды ашканада иштетсин, өзү айткандай балким тамактын түрүн билет чыгар,-деди Хва.

Ли Дон Ук дегени бир заматта  келди. Арыгынан келген киши экен.Джин-Хо ага  Кымбатты «ашканада иштеткин», деп айтты.

-Бул кыздын жөндөмүн сынап көр, –деди. Анан кызга кайрылып: - Бул жерде иш жеңил эмес, тартип катуу. Киши көп келгендиктен өзгөчө түшкү тамактануу учурунда тез кыймылдап, эки колдоп иштөөгө туура келет, жетишпейм деген болбоо керек, күн сайын кайсыл бир тамакты үйрөнүүгө умтулуу зарыл. Тамактын даамы  тамак жасаган адамдын колунда.

-Болду эми, көп сүйлөп койдуң, ашканага барышсын, тиякта иш күтүп жатса, эми эле кишилер келе башташат.-Хва абышкасынын сөзүн токтото, ашпозчуга «мунун сөзүн укпай кете бергиле»,-деди .

Ошентип, Кымбаттын Сеулдагы экинчи жердеги иш күнү башталды. Биринчи күнү ойдогудай болду. Бирок, керээлиден

кечке тыным албай иштеди, башкы ашпозчу ага буйрук берип, туураган пияздан бери кантип кесип, кантип жасап жатканын кылдат байкап турду. Мурда ашканада иштегендиктен, ал баарын билчү. Бул жерде биринчи күнү эле ага үйрөнүүгө дилгир кыз экен, буюрса ашкананын жакшы бир адиси болот го деп боолгоп койгон башкы ашпозчу ал туурасында Хвага жакшы пикирин айтты. Түш оогондо убакыт тез өтүп бараткандай сезилди Кымбатка, ар бир иш жасаган сайын алагды боло берди. «Кечинде кайрадан мейманкагага барамбы, кантип акчамды жеткирем, тапканым жатаканама да жетпей калса, кантип күн кечирем»,-деген сар-санаа ойлор менен кыйналды. Кардарлардын агымы токтогондо ашканада эртеңки күнгө даярданып жатышканда Хва кирди да, Кымбатты өзүнө карай чакырды. Экөө ээрчише басып, чакан бир бөлмөгө киришти. Бул бөлмө анын олтурган иш бөлмөсү болчу.

-Кайдан келдиң кызым, сенин дайыныңды билгим келип турат,-деди өз ордуна олтуруп жатып, ага эшиктин кире беришиндеги чакан диванга отурушун айтты. Кымбат Кыргызстандан келгендигин, мурдагы иштеген жайын, ал жердеги башынан өткөргөн оң, терс күндөрүн жашырбай айтып берди. Ал жакта курбу кыздары барыгын, азыр жата турган жайы жоктугун, кийимдери менен буюмдарынын баары ошол жакта калгандыгын, кала берсе өз атасы, бир туугандары туурасында да жашырбай айтты. – Биз сенин кандайлыгыңды жакшы билбейбиз, бирок сенин сүйлөгөн сөзүңдөн, турушуңдан тарбиялуу кыз экендигиң байкалып турат. Эмнегедир дароо эле сени өз үйүмө чакыргым келди, биздин сен сыяктуу кызыбыз бар, азыр Америкада, үйдө Джин-Хо экөөбүз гана турабыз.

Кемпирден ушундай сөздү угушун угуп алып, уккан кулагына ишенбей кетти. Кечээ көчөдө калган кызга кудайым жолун ачып, бүгүн башпаанек тапканы турат. Эгер жагып калса, ушул жерде иштейт, болбосо булар да иштен, үйдөн да чыгарып жибериши мүмкүн. Мурдагы иштеген жайдын кожою-

нунун кылыгынан кийин корейдин эркектеринен этияттанып, сак болууну көздөдү. Азыр болсо Хва энеге кантип ыраазычылыгын билдиришин билбей, ордунан тура калып, анын жанына келди да, эки колун бириктире ийилип ыраазычылыгын билдирди.

-Сизге ырахмат, албетте бул жакшылыгыңызды кайтарам,- деди.

-Эми үйгө кетели. Кемпир ордунан козголду. Бүгүн аябай чарчадым. Джин –Хо да эсеп-кысабын алып бүтсө керек, баары кеткенде эшикти өзүбүз бекитип кетебиз, болбосо кимге ишенебиз. –Хва эне сүйлөнө басып, эшикти кулпулады да, залды аралап өтүп баратышканда, ашкана тараптан Джин-Хо да чыга келди.

-Бүгүн да күн өттү, убакыт кечээгиден эртерээк экен. Үйгө барып чай коебуз, тооктун бышырылган этин алып алдым. Хва сен тамак жасайм деп убара болбойсун.

-Койсоңчу, бүгүн үйгө конок баратат. Мен Мэй үчүн тамак жасабасам болбойт.

-Ошондойбу, анда өзүң билесиң. Мен сени аяп жатпаймынбы.

Эркек-аял бир бири менен тамаша-чыны аралаш сүйлөшүп олтуруп, үчөө кафени бекитип сыртка чыгышканда Сеулдун жаркыраган кенен көчөлөрүндө шам жанып, өзүнүн сулуулугуна сиңирип бараткандай сезилди.

-Биздин үй алыс эмес. Жолдун аркы бетине өткөндө ишканабызга тушташ үйүбүз турат. Кыштакта жашачубуз. Ушул жерден жер алып, кафени куруп бүткөндө, азыркы үйүбүз сатылып калып, айылдагы чоң курма багыбызды, анын мөмөсүн жыйнап, ташып чыкчу техниккабызды кошо сатып, алган элек. Ырас кылыптырбыз, улгайганда кыйналбай кирип-чыгып иштеп жүрөбүз,-деди Джин-Хо.- Бирок, азыр ичим ачышат. Курма бак менин жашоом болчу. Адырдын ылдыйынан тартып, бийигине чейин сызгычтай тизип, өз колум менен

олтургузган көчөттөр,  мөмөсүн эң жакшы берип калган кези эле. Бийигине чыгып карасаң Сеул көрүнчү.

-Карыганда кантип иштетмек элек. Экөөбүзгө ушул ишибиз тынч эмеспи. Кызыбыздын өз жашоосу  бар.  Ал азыр Америкада, жолдошу менен ошол жакта иштейт. Экөөнүн тең жакшы акчалуу жумушу бар, ал бизден, биз андан сурабайбыз. Кийин кафени эмне кылса, өзү билет, азырынча биздики,-деди Хва эне.

Күйөөсү сырты кооздолгон дарбазаны ачып кирди.  Хва эненин артынан басып бараткан  Кымбат бир аз жүрүп эле, таштан тизилип, ар түс менен боелгон тепкич менен бийиктей басып баратып, эки тарабын айланта карады. Жаз эми эле келгендиктен жерлер көгөрүп, дарактар бүр байлай баштаган кези эле. Үйү бийик дөңсөдө салынганы менен короосу кенен, үйдүн эки тарабы бак менен курчалган. Тепкич бүтүп, үйдүн короосунан ичкери киришти.  Кире бергенде эле чоң бөлмө эс алуучу жайы го.

-Сен олтуруп тур, азыр мен үй кийимиди кийип алайын, тамактанабыз да, анан сенин бөлмөңдү даярдап берем,-деди Хва эне.

Мен сизге жардамдашам,-деди Кымбат дароо отурган жеринен козголо калып.

- Мен азыр чыгам. –Хва эне ичкери кирип, көп өтпөй башка кийим кийинип чыга келди, алар ашканага киргенде Джин-Хо ала келген тооктун этип  бөлүктөргө бөлүп бүтүп калган экен.

-Бүгүн тамак жасабай эле коюңуз, тооктун этин жейли да, эс алалы, сиздер да чарчадыңыздар. - Кымбат чын пейилинен башка тамакты каалаган жок. Кечинде  сар-санаа тартып, аз уктагандыктан жаны жер тартып турган.

-Мейли, эртең тамак тасап берем,-деди Хва эне анын эркине көнүп, чайнекке көк чайдан салды да, термосто кайнап жаткан суудан куйуп, столдун бетине коюп, үчөөнө үч бокал алып келди, муздаткычты ачып, ичинен жашылчалардан та-

релкаларга салып, өздөрү жеп көнгөн ачуу салаттардан койду, үч жылдай иштеген Кымбат, булардын тамагына көнүп да калган. Аңгыча, Джин-Хо да өзү аралашып, тооктун этин үч тарелкага салып, эттүрөөгүн, «сен коноксуң», деп Кымбаттын алдына жылдырды. Ачуу салат менен тооктун эти жештүү болду,  Кымбат эмнегедир бул карылар менен көптөн бери тааныштай, тартынбай тооктун этин жеп, ачуу салынган көк чайдан ичип алды.

Тамактан кийин Хва эне ага бир бөлмөнү көрсөттү.

-Эми сен ушул бөлмөдө жатып жүр, кийин өзүң каалагандай жасалгалап аласың.  Сага жанаша кызыбыз Хонгдун бөлмөсү. Келгенде дайыма өз бөлмөсүндө жатат, бизде бөлмөлөр жетиштүү. Үй кенен. Анда жакшы жаткын, баары жаңы жуулган, эч ким жаткан эмес,-деди да кемпир  чыгып кетти. Кымбат бөлмөнү сыдырата карады. Чакан эмес, орто бөлмө. Таптаза, одеял жабылган керебет. Анын  маңдайында кийим шкафы. Бир четте стол. Эки  орундугу менен турат. Диванга маңдайлаш дубалда илинген телевизор, дагы бир чакан бош шкаф. Эки терезеде катарынан үйдө өстүрүлгөн гүлдөр, анын экөө кызыл гүл ачыптыр. Бул бөлмөнү кудум эле анын келишин билчүүдөй атайылап жасап койгондой. Дем алышта Жибек менен Гүлжанга барып, буюмдары менен кийимдерин  алып келиши керек. Ага дагы бир күн бар, үстүндөгү көйнөгү менен ишине барып турса… Азыр ойлонууга да убактысы жок болчу. Аябай уктагысы келип турган, кечээгидей эмес, бул ирет сырткы кийимдерин чечинип, жумшак одеялды сыйрып алды да, жууркандын арасына кирди. Эч нерсени ойлонгусу келбей, батыраак уктап кетүүнү каалады. Эртең менен жумушка барышы керек. Үйрөнгүчө башка иш жайда кыйналат го, мурдагы жерине көнүп калган болчу, бешенесине жазганын көрөт да, дегиси жараткан жакшылыгын берсе болгону.

Керээлиден кечке жагынам деп, тынбай иштеген кыз, бат эле уйкуга көшүлдү.  Таң саарынан сергек ойгонгон кыз,

Джин-Хо жана Хва эне менен бирге алардын кафесинде ишин баштады. Мындан эки жыл илгери Сеулга келгени менен ушул күнү бул өлкөнүн адамдары менен биринчи жолугушуп жаткандай таризде эле. Анткени, кайрадан жаңы тааныш, жаңы жүздөрдү көрдү. Кыргыздардын ичинен жалгыз өзү, калгандары корейлер болчу.

X X X

… Кымбаттын Сеулга келгенине үч жыл. Туптуура үч жыл. Үч жыл бою жигиттин ант бергендей айткан сөзү жаңыра берди. Күндүзү жумушта, кеч киргенде керебетине жатканда, таң атканда уйкудан ойгонгондо кулагынын астынан угулуп жаткандай туюла берчү. Көчөдө баратканда улам эки жагын карап, Жанышка окшошураак адам болсо, «ошолбу», дегендей бир тиктеп алчу, эгерде ал адам байкай калса, уяла түшүп, тескери карап кетчү.

Үч жылдан кийин Жаныш кызды жолуктурганына аябай кубанды. Негедир ушул кыздын жамалы көз алдынан кетчү эмес. Телефондорун да алышпаптыр. «Эч нерсе эмес эми таап алам, менден кача албайсың, периштем», -деп алды ичинен. «Периштем» деген сөз кыялына кайдан келгени белгисиз, ошентип жиберди. Өзүнөн өзү уялып кетти. Эки колу менен эки бетин басып, жылмайып алды.

«Жолдун аркы өйүзүндөгү кафеде иштейм», деп айткан Кымбаттын сөзүнөн улам, жумушунан чыгып түз эле ушул жерге келди. Иш аягы. Баарын бүтүрүп чыкканча тоскоол болбоюн деген ойдон кафенин ичине кирди. Эшиктин оозундагы сулууча кыз көкүрөгүнө тийиштире койгон эки колун бириктире ийиле кабыл алды. Бул анын саламадашканы экенин билет. Ал да кызды туурады. Кыз жигитти ээрчий басып, ал келип токтоп калган столдун жанына келип отурушун сурады да, эмне жээрин айтты. Жаныш «алманын ширеси болсо бериңиз. Ошол жетишет», деди да, Кымбат чыгаар бекен деп ашкана тарапты элеңдей карады. Залда бирин-экин

адамдар болбосо көп эмес эле. Кол саатын карады. Келгенине бир кыйла убакыт болуптур. Сааттын жебеси тыкылдап добуш салгандай, анын жүрөгү тырсылдап согуп турду. Бир убакта ичкериден ишчилер чыга башташты, алардан көзүн албай тиктеп турганда арыдан Кымбаттын жайдары карааны көрүндү. Маанайы жакшы го, күздөрү күлүңдөй жайдары басып келатып, Жанышты көрө сала, ошол калыбында үн салды:

-Оо, келиңиз. Мен сизди келет деп ойлобоптурмун. –Жигиттин маңдайындагы орундукка олтура жалжылдаган көздөрү менен кудум эле бир тууганын көргөндөй кубана тигилди. –Ырас болбодубу. Сизди кайдан табам деп турганмын, телефонуңузду да таштабаптырсыз.

-Сени тапканыма сүйүнүп эле, ойума да келбептир. Эмнеге мени кантип табам деп турганыңды айттың?

-Эртең жердештерибиздин ресторанына баралы деп турганбыз. Бул жерде менин Жибек, Гүлжан деген эки курбум бар. Алар мен биринчи иштеген фирманын ресторанында иштешет. Сиздин убактыңыз барбы?

- Албетте бар. Эртең кай жерде жолугушабыз?

-Сиз билсеңиз керек, ошол ресторанда жолугушалы. Мейлиби. Андан ары эмне кылаарыбызды сүйлөшөбүз. Мен сизге визиткамды берейин, сиз да таштаңыз.

-Макул, мен анда барайын, сенин кабарыңды билип коеюн дегенмин, сага ресторанга жөнөрдө телефон чалам,-деди Жаныш Кымбаттын визиткасын төш чөнтөгүнө салып жатып. Экөө бирдейинен ордуларынан козголушту. Кымбат жолдун аркы өйүзүндөгү жашаган жерине, Жаныш өз унаасына олтуруп, үйүнө карай жөнөдү.

Жибек менен Гүлжан бир жылда Сеулда иштеген кыргыз жигиттерине турушка чыгышкан. Жибектин жолдошу курма багы бар корей кишинин чарбасында иштейт, ал эми Гүлжандын жолдошу өзүнүн унаасы менен корейлер өстүргөн

пиязды ташыйт. Экөө тең турмушка чыккандан кийин жолдоштору менен өздөрүнчө квартирада турушат. Жолуккан сайын Кымбатка « качан турмушка чыгасың?» дей беришет. Кымбат буйурган күнү, балким мени Кыргызстанда бир жигит күтүп жаткандыр деп коет. Алар: «Оо, ага чейин карып кетесиң го», деп күлүшөт. Кымбат алардын сөзүнө терикпейт. Адатынча сулуу көздөрүн күлүңдөтүп күлүп гана коет.

Ресторанга Жибек менен Гүлжан өздөрү келди. Жаныш да жалгыз. Үстүнө боз костюм кийип, чачтарын жарашыктуу кестирип алыптыр. Кудум эле бир фирманын кожоюнундай зыңкыйып калыптыр. Ага чейин келип олтурушкан кыздар маңдайына келе калган келишимдүү жигитти карай сала, бирдейинен бул жигит ким эле? дегендей таңыркай түшүштү. Кымбат бир саамдан соң, Жанышты көрүп турган көзүнө ишенбегендей кубангандай сүйлөдү.

-Биз сизди күтүп жатканбыз, баскан добушуңуз угулбай, учуп кирдиңизби? Келиңиз.- Ал Жанышты курбуларына тааныштырды. Таанышып алгыла, мен силерге айтып жүргөн ушул жигит. Учак менен Кыргыздандан Сеулга бирге учканбыз. Анан эле адашып кеттик болчу. Булар менин курбуларым. –Ал курбуларына карады.

-Жибек.

-Гүлжан.

-Жаныш

- Кандай тамакка буюртма бересиздер? – Бир колун артына алып, экинчи колу менен ийиле жылуу пейилин көрсөткөн кыргыз жигити басып келип, төртөөнө сыдырата карады.

-Көптөн бери жебесеңер керек, макул десеңер бешбармак жебейлиби,- деди Кымбат.

- Мен каршы эмесмин, чучугу менен болобу?

-Албетте.

-Анда баарыбызга бешбармак алып келе бер,- деди Кымбат.

-Мына келгенибизге үч жылдан ашып баратат. Кымбат, се-

нин эмне иш жасаарыңды билдим, курбуларың туурасында да алдын ала айткансың. Мен өзүм жөнүндө айтсам. Мен да жөн жүргөнүм жок, алгач көнө албай кыйналдык, ар кандай кожоюндарга жолуктук, сындык, быштык дегендей. Кыргызча айткандай азыр өзүмдүн кыргыз жигиттеринен турган курулуш бригадам бар. Имараттын пайдубалынан тургузуп, ачкычын колуна тапшырабыз. Керек болсок, буюртма беришет, өзүбүз да издеп табабыз. Дегиси бош олтуруп калбайбыз. Курулушту баштаганда эс алганга убакыт болбой калат. Суткасына он эки сааттан кем эмес иштейбиз. Алган жайыбызды өз мөөнөтүндө бүткөрбөсөк болбойт, бул жерде мыйзам каттуу, соттошуп олтурууну каалабайбыз. Жаман эмес, азырынча бизге эч ким доомат кое элек. Көбүнчө жеке үйлөрдү курабыз. Азыр бутка турбастан, Кыргызстанга кетпейбиз деп турабыз.

-Буюрса биздин кыйынчылыктар да артта калды, эми өсүштөргө бет алышыбыз керек турбайбы,-деп койду Кымбат өзүнчө, бул өзүн айтып жатканы эле.

-Биздин да жашообуз калыпка түшүп калды. Жолдошторубуз иштешет. Тыным жок. Эптеп эле акча таап, өз жерибизге барганда жакшы үй салып, бир иш жасап алалы деп тырышып иштеп жатабыз,-деди сөз арасында Жибек.

-Анан башка эмне кылмакпыз. Тапканыбызды шаар кыдырып чача берсек, тыяка барганда баары бир мурдагы кыйын жашоого кабылабыз да. Ошондуктан, аз жеп, аз кийинип эле жүрөбүз.- Гүлжан да оюндагысын айтты.

-Баарыбыздын максатыбыз ошол да, бул жакка акча таап, Кыргызстанга барганда жакшы жашоо кечирели деген эле ойдо жүрөбүз го. Эгерде өзүбүздө жакшы маяналуу жумуш болсо, туугандарыбыздан алыс минтип жүрбөйт болчубуз.

Кымбат ресторандын ичин сыдырата карады. Улам бириндеп келип олтуруп, эл көбөйүп калган. Дем алыш болгондуктан, кыргыздар көп келишет. Баары өз столунда бака-шака. Башкалардын сөзүн угушпайт, эки тарабын айланта кара-

шат да, тааныштарын көрсө баш ийкешип коюшат. Кымбат таанышын учуратпады. Кулагы шериктеринин сөзүндө. Кайра бурулуп, Жанышка кайрылды.

- Ансыз да баарыбызда кусалык бар. Андан көрө жакшы ой, жакшы тилектер тууралуу сүйлөшөлү. Бир чети жумуш издеп келип олтуруп, жер көрдүк. Корейлерден акча табуунун жолун үйрөндүк. Жалкоо эл экенбиз. Бул жерде эмгектин маңызын, баркын билдик. Жаман болгонубуз жок. Бешене терибиз менен таза эмгектенип, каражат иштеп таап жатабыз.

Кымбат сүйлөп жатканда бирде жүзүн күлүмсүрөө чалса, бирде олуттуу тарта, бирок жүзүндөгү ар бир өзгөрүү өзүнө жарашып турганын байкаган Жаныш мындан үч жыл мурда чогуу учкан Кымбаттын ушунчалык көз караштары байып, акылына акыл кошулуп, өсүп-өнүккөнүн байкады. Ошондогу уяң кыздын ордуна көз алдында ар тараптан каныккан, акылман, көрөгөч кыз олтурду. Ушул убакка чейин ушул акылы, ушул татыналыгы менен неге турмушка чыкпагандыгына таң калды. Өзүнө төп келип, көңүлүнө толгон жигитти жолуктурбаган го, деп ой кетти. Анын кызды телмире тиктеп, ойлоно түшкөн турпатын карап туруп, Жибек оюнан адаштыра кетти.

-Жаныш ага, неге ойлонуп калдыңыз, издеп жүргөн адамыңызды таптыңызбы, же?..

-Балким, сиз айткандай чыгар. Кыздар, мен бир апта мурда адаштырып, таппай жүргөн бирөөнү таап, кубанычым койнума батпай турат.

-Ал жогуңуз ким экен? –Гүлжан суроо таштады анын сөзүнүн жандырмагын чечсин дегендей.

- Менин бет маңдайымда олтурбайбы.

-Ошондой деңиз, көрсө Сеулдун аэропортунан адашкандар табышканын билдик. Бул эң сонун керемет.- Жибек эки алаканын чапкылады. Муну белгилебесе болбойт.

-Белгилеп жатпайбызбы, жаныңарга эчак эле булоологон бешбармак келген, муздап калганча жебейсиңерби, силер Жа-

ныш аганын сөзүнө муюп калдыңар. А мен ортолоп калдым.- деди Кымбат күлүңдөгөн көздөрү менен эки курбусун алмак-салмак карап. –Өз үйүмдө бир туугандарым менен тамшанып тамактанып жаткандай тариздемин.- Кымбат дале кубанычын бөлүшө албагандай кудуңдады.

Ресторандан чыккандан кийин Жаныш кыздарды унаасына олтургузуп алып, шаар кыдырышты. Ар кайсыл жерде сүрөткө түшүштү. Ошол күнү Сеулда өткөн Түрк элдеринин улуттук буюмдарынын көргөзмөсүн көрүштү. Бул жерден Кымбат кыргыздын оймосу түшүрүлгөн кемсел сатып алды. Жибек менен Гүлжан бири боз үйдүн сувенирин, экинчиси кийизден жасалган жиптен токулган сумка сатып алышты. Жаныш калпак сатып алып, башына кийгенде жарашып калды. Ошол көргөзмөдө турушуп сүрөткө түшүштү. Акырында Жаныш кыздардын ар бирин өз үйлөрүнө жеткирди.

...Жаныш убакытты көпкө созууну каалабады. Гүл сатуучу жайдан кыпкызыл роза гүлүнөн он бирди тандап, букет жасатып алды да, кызга жолугушууга шашылды. Бүгүн ага өзүнүн сунушун билдирмек. Толкунданып алган. Экөө гүлбакчалуу аллеядан жолукмак. Ал эртерээк баратты. Унаасынын рулуна олтуруп жатканда колдорун калтырак басты. Канча ирет жолугушууга барат, мурда мындай абалга туш болчу эмес. Унаасын аллеянын кире беришине алып келип токтотту да, бир колун чөнтөгүнө салып, жоокер марш тээп жаткандай бир колун ары бери кыймылдатып, басып турду. Сөздү эмнеден баштаарын ойлонду. «Кымбат экөөбүз мындан төрт жыл мурда жолугушканбыз. Мына бир жылга чукулдап баратат, жакшы билишип калдык, сен мени, мен сени. Ушунча жыл сени күтүп жүрдүм, балким сен да күткөндүрсүн. Убакыт келди, баш кошолу деген оюм бар», деп айтмакчы болду. «Бул жарабайт. Мынчалык көп сүйлөөнүн кажети жок», деди өзүнчө сүйлөнө. «Мен сени төрт жылдан бери күтүп келем, көрсө сени сүйүп калыптырмын».- дейин.

Артынан кыздын шыңгыр күлкүсү угулду.

-Ким менен сүйлөшүп жатасыз? – Башын көтөрө карай салса, ак көйнөк кийген көлдүн аккуусу туруптур. Сүрдүгө түштү. Кыздын сүрү мынчалык болбосо. Тиктеп алып, көзү тайыды. Чөнтөгүнөн колун чыгарды эле, калтырай түшкөнүнөн кайра салып алды. «Ушунчалык сүрдүүсүңбү?». Ичинен ушундай ой келди. Кыз жанына келе калып, буга не болгон дегендей карап калды.

-Бүгүн майрамбы? –Кыз жигиттин баякүнкүдөй зыңкыйган турпатына карап суроо салды. Жигит өзүнө келе калгандай.

-Ооба майрам Кымбатжан, экөөбүзгө тең майрам,-деди да шамдагайлык менен унаанын эшиги ачык турган арткы орундугуна койгон чоктой кыпкызыл роз гүлүн алып, тикенеги сайын албасын дегендей абайлап кызга сунду. Назик колу колуна тийип кеткенде денесине ток тийгендей бир дирт этип алды да, кайра өзүн карманды «Жаныш өзүңө кел».

-Ырахмат сизге, мен мурда мынчалык сулуу, мынчалык көп роза гүлүн албаган элем, дегиси жигиттен гүл алган эмесмин. Бул биринчиси. Сулуу гүлдөр экен.

Кыздын добушу да бир башкача музыка ойногондой кубулжуп, ажайып бир башкача угулду. Кучак толо кызыл розалар анын ажаардуу жүзүнө ого бетер жарашык бергендей, тетирисинче розаларга кыздын ажайып өңү сулуулук кошкондой сезилди жигиттин көзүнө. Кыздын жылмайышы, жайнаган көздөрү, маңдайындагы керимселге сеңселген чачтары баары жарашып турду.

- Кымбат. Кымбатжан... Сөзүн эмнеден баштаарын билбей машакаттана түштү. -- Менин сага бир сунушум бар, ал өтө маанилүү. Кыз аны күтүп турду.- Мен, сен экөөбүз турмуш курсак дейм, сен мага эң сонун жар болсоң, мен сени таптакыр капа кылбас элем.

Кыз балким жигит качандыр бир ушундай сөз айтат деп, билген чыгар, уяң гана күлүмсүрөй, бир саамга унчукпай кал-

ды да, атасына кабар берип, кеңешип көрүүнү суранды.

-Атама айтайын, балким ал…

-Жигит кыздын ээринин колу менен жаба калды.

-Балким, ал киши сенин да бактыңа каршы болбос.

-Ошондой эле го, бирок айтышым керек.

-Мейли айткын, сенин атаңды бул жакка чакыралы, келишине жардам беребиз, азыр оңой эле виза берилет, тоюбузду белгилейбиз да, чакырууну жөнөтөбүз. Менин апам да келет, алар бизге ыраазы болушат, көрөсүң го.

Жаныш ишендире сүйлөдү. Анын сөзүн кыз ууртундагы жылмаюусу менен коштоду. Жигит кыздан көзүн албай, Кымбаттын жүзү албырып, жайнаган кызыл розалардай кулпуруп турду.

X X X

Эми алар Сеулда отурукташып калышты. Экөөнүн ата-энеси келип, Сеулдагы кыргыздар катышкан үйлөнүү тоюнан кийин экөө атайын ижарага үй алып бирге жашашты. Джин-Хо ата менен Хва эне «биз менен чогуу жашай бергиле», деп Жаныштты да чакырды. Жаныштын үйүнө жердештери көп келгендиктен, карыларды кыйнап коебуз деп көнбөй койду. Акыры макул болуп, экөөнө бакыт каалап, иште бирге иштегенибиз да жетишет деп, Кымбаттын кетишине көнүштү. Ошондон бери да арадан убакыт өттү. Биринин артынан экинчиси капысынан Джин-Хо ата менен Хва эне аламдан өтүштү. Кымбат бул карыларга көнүп калгандыктан аларды жоготуу өтө оор болду. Кудум эле эң жакын адамынан айрылгандай кабыргасы сөгүлүп, буркурап көпкө ыйлап алды. Алар кызга мээримин берип, өзүнүн экинчи ата-энеси болуп калган эле. Кафесин акыркы мезгилде Кымбатка тапшырып коюшуп, өздөрү үйүнөн чыгышпай калышкан болчу. Ортолорунда үч жаштан айырма болгону менен жаштары токсонго чамалап калган. Дайыма эмгектенип, шайдоот жүрүшкөндүктөн бир караганда аларга бул жашты бербейт болчу, Кымбат да аларды

бул ааламдан кетет деп ойлогон эмес. Көпкө чейин экөөнүн тең орду билинип, ордулары жоктолуп, кээде алардын каза болгонуна ишенбей эшиктен кирип келчүүдөй болуп жүрдү. Кызы Хонг ата-энесинин турак-жайын, кафесин сатмак болду.

-Эгерде каражатың болсо сен сатып ал, көнүп калгансың.- деген сунушун айтты Кымбатка. Ал Жаныш менен кеңешип көрүү тууарасында билдирди.

-Кел экөөбүз чогулткан акчабызды эсептеп көрөлү да, сатып алалы, өзүңдүн менчик иш жайың болот, бул жакшы сунуш,-деди Жаныш. Кымбаттын мурдатан банктагы эсебине акчасын салып турчу. Жаныштын да өз эсеби болгон. Каражаттарын эсептеп көрүшсө бир топ акча чогултушуптур. Хонг ата-энесинин урматына эки жайды тең арзан берди. Анткени, ал каражатка көп эле муктаж эмес болчу. Кафени иштеткенге мүмкүнчүлүгү жок, турак жайын дайыма карап тура албайт. Жолдошу экөөнүн ири компаниясы бар, дайыма ошонусу менен алек болушканын айтты. Ошентип, Кымбат Сеулда өзү кафенин ээси болуп калды. Бул жерге иштөөгө Жибек менен Гүлжанды да чакырды, алар каршы болгон жок. Кош колдоп кубаттай көнүп калган иш жайын таштап келишти. Башкы ашпозчу жашы жетип, пенсияга кетип, орду бош турган. Жибекке башкы ашпозчулукту берди. Гүлжанды администратор кылып алды. Сатып алган үйгө Жаныш экөө көчүп келишти. Алардын Сеулга келгенине он жылдан ашты. Ал эми эки курбусу жолдоштору менен Кыргызстанга кетишкенде дагы өзүн жалгыз калгандай сезди.

Кымбат жумушунан кечирээк чыкты. Бүгүн жумушу аябай көп болгондуктан, таштап кете албады. Эсеп-кысабын баарын тактап бүтүп, кетүүгө камынганда айлананы караңгылык каптай баштаган. Бирок, мамычаларда жаркырап күйгөн шамдары менен Сеул шаары күндүзгүдөй жапжарык болот. Кафенин астындагы токтотуп турган унаасынын эшигин ача бергенде, кимдир бирөө турганын сезе калды. Артына карай

берип, көздөрү китирейген жүдөңкү кызды көрдү. Аны жумушунан чыкканда  байкаган эмес эле.

-Сиз кыргыз болсоңуз керек,-деди кыз үлдүрөй сүйлөп. Анын керсары тарткан өңүнөн запкы жегени  көрүнүп турду. Бир саамга карбаластай туруп калды да, Кымбат  кызды тике карай суроо узатты:

- Кайдан чыга калдың, бул жерде эмне кылып жүрөсүң?

-Менби, мен... Кыз сөзүнөн адаша такала түштү. –Мен сизге кийин айтып берейинчи...-Кыз теңселе барып, жер таяна калды. –Кымбат анын  кебетесинен ачкалыгын байкады. Анын кимдир бирөөдөн запкы жегенин сезди. Кореяда ушундай абалга  туш болгон кыздар аз эмес.  Кыргызстандан келишин келип алышат да, көчөдө калган учурлары болот. Ушул тапта унаасынын ачкан эшигин жапты да, кайра артына бурулду.

-Жүр сен тамактанып ал. -Кызды колунан  жетелеп кафенин тамак бышыруучу жайына алып келди да, муздаткычты ачып тамак бар бекен деп карап туруп, ичинен бышырылган балык, анан жумуртка алып чыкты. Күн сайын келген кардарларга карата тамак бышырышкандыктан, көп эле арта бербейт, азыраак артса да, аны кечкисин үйлөрүнө алып кетүүгө урксат бергендиктен, муздаткычта бышырылган тамак-аштар калбайт. Кыз орундукка этияттанып олтуруп, эки колун бир бирине бириктире бүжүрөй калды.

-Колуңду кол жуугучка барып жууп кел, кенен олтуруп, тамактанып ал,- деди Кымбат кызга карап. Өз жеринен бөтөн жерге келип, кор болгон кыздын тагдырына кейий, айтпаса да анын абалын билип турду. Кыз колун жууп, кол жуугучтун жанында илинип турган сүлгүгө сүрттү да, ордуна келип олтурду. Кымбат  эки кесим балык менен эки жумуртканы жылытып келип кыздын жанына койду, анан чайнекке чай демдеп, эки  бокал менен жанына келип олтурду. Кыз ыңгайсыздана  туруп, бир жумуртканы аарчып жеп, анан балыкты жей баштады. Канчалык ачка экендигине карабастан,

үзүлүп түшпөй өтө кылдаттык менен тамактанып олтурду. Анын ушул таптагы абалын айтпаса да билип тургандыктан, кыз оокаттанып бүткүчө эч нерсе сурабады. Бир оокумда кыз балык менен жумуртканы жеп бүтүп, колун сүлгү менен аарчый, чайды ичти да, ыраазычылык билдире кечирим сурады.

- Рахмат сизге, мен тойдум, жолдон калтырып койдум, айып этпеңиз.

- Эч нерсе эмес, эми айтчы, кантип сен ушул абалга туш болдуң. Жашырбай айта бер, мен эч кимге айтпаймын. Бул жерде экөөбүздөн башка эч ким жок. Эгерде мага туш келбесең, кантмек элең?

Кыз «билбейм», дегендей башын чайкады. Бир саамга унчукпай калды да, оозун кыбырата сөзүн баштады.

-Менин атым Марал. Мен Кыргызстанда агенттикте иштеген бир аял аркылуу келгенмин. Мен ага сүрөтүмдү таштап кеткенмин. Эки айдан кийин Кореядан сага жигит келди дешип чакырышты. Келдим, орто бойлуу келген корей жигит олтуруптур. Өңү-түсү кыздарга жагарлык эле болчу. Экөөбүз тааныштык. Ал өзүнүн фирмасы бар экендигин айтты. Мен корей тилин курста окуп үйрөнгөнмүн. Андан кийин өз алдымча китептерди окуп, кенен-кесири эле сүйлөп калганмын. Ал мени дароо жактырганын билдирди. Анан биздин үйгө келдик. Апам жана эки бир тууган, бири кыз, экинчиси эркек бала, төртөөбүз турчубуз. Атам биз кичине кезде эле таштап кеткен. Мен апама корей жигитин тааныштырдым. Шаардын четинде турчубуз. Ал той жасады, апама жакшы калың төлөдү, анан мага виза ачтырганы керектүү документтеримди алып, Кореяга кетти. Арадан төрт ай убакыт өткөндөн кийин мен Кореяга келдим. Ата-энеси менен кошо жашадык. Жашоомо нааразы эмес элем. Ал мага жакшы мамиле жасачу, ата-энеси да, жакшы кабыл алышты. Ал мурда мага шаарда өзүнүн жакшы үйү бар экендигин, заводдо иштээрин, ал эми айылдагы ата-эне-

синикине дем алышта гана барып турушаарын айткан.

Кымбат кыздын сөзүн бөлбөй угуп олтурду, Марал сөзүн улады.

-Бирок, биз айылда жашадык. Өздөрүнүн чарбасы бар экен, атайын келгенден кийин качып кетпей, алар менен чогуу жашай бердим. Үй иштерин, кала берсе чарба жумуштарын да жасачумун. Бирок, биз бар болгону үч ай жашадык. Анан алар менден тамактарын кызгана башташты. Мен алар берсе жеп, болбосо ачка жүрчүмүн. Тез эле мамилелери өзгөрүп кетти. Бир күнү кайын атам мени чачымдан кармап, кулагыма урду. Жолдошум жумушка кеткен. Ал келгенге чейин ачка болдум. Курсагым ачканын айттым. Бирок атасы урганын айта алганым жок, баары бир ал мага болушмак эмес. Анткени, ал да менден алыстай баштап, мурдагыдай болбой бараткан. Ашкана үйдөн бир кесим нан менен суусундук алып келип берди. Мен ага тойбодум, дагы бер деп айта албадым.

Кыз сүйлөп жатып, эреркеп кеттиби ыйлап жиберди. Ый аралаш сүйлөдү.

- Эртең менен туруп, таңкы чайды даярдадым. Анткени, жолдошум жумушуна кетчү. Мурда заводдо иштейм дегенинен бери чын эле иштейби, же башка жактабы сураган эмесмин. Кайын атам менен кайын энем иштешпейт, үй жаныбарларын кармашат, анан жерине күрүч эгишет. Чай үстүндө кайын атам мени эч кандай жумуш жасабай, кечке үйдө бош олтурат деп, калп сөздөр менен жамандай баштады. Мен туура эмес экендигин түшүндүрө баштаганда кайын энем олтурган жеримден ийинимден бекем кармап, катуу силкилдетип жиберди. Колу карылуу экен, ийиндерим ооруп кетти, жолдошум унчукпай күлүп гана койду. Анан, чайын ичпестен костюмун алып чыгып кетти. Ал келгенде мен эмнеге болушпадың, деп дааттана баштадым. Ал болушсам, мен кеткенде сени кайра урушушат болчу,- деп койду. Күн сайын эртең менен кечинде гана бир аз тамактанчумун, экөө тең күрүч айдатканы кетиш-

кенде, баарын ачкыч менен бекитип коюшчу. Анан кетеринде мага бир топ жумуштарды дайындап кетишээр эле. Кечке баарын бүтүрө албай калчумун. Майда-майда бөлмөлөрү көп болчу, баарын тазалап бүткүчө түш оойт эле. Анан кир жуумай, анын арасында үй канаттууларына жем, суу бермей, ушул сыяктуу иштери көп эле. Кечинде келишкенде аябай тил укчумун, сөздөрү жетишпегендей кол көтөргөндү адатка айлантышчу. Мен корейге турмушка чыксам, кинодогу көргөндөй жашайм деп кыялданчумун, кыялымдагы жашоо жок экен бул жерде. Анын үстүнө агентикте иштеген аял да мени алдаган экен. Мен андан тамак беришпейт, урушат дегенди укканмын десем, ал «өз алдынча баргандар ошондой болушу мүмкүн, биз баарын текшеребиз, андай болбойт, эгерде каалабасаң күйөөңдүн макулдугусуз эле ажырашсаң болот» деген. «Мен жүз пайыз кепилдик бере алам, мен атайын мыйзамдуу иштеген фирмалар менен кызматташам», деп айткан. Мен атайын күйөөгө тийсем, ал жакшы адам болсо ажырашпай эле жашайт болчум, деп ойлогом. Анан мени ата-энеси үйдөн айдап чыкты. Жанымда жолдошум алгач келгенде шаарга алып келип, кийиндирип, берген акчасынан бир азыраак бар эле. Мен Сеулда кыргыздар бар экендигин билчүмүн, тилекке каршы бир да кыргыз жолуктурбадым. Сеулдун борборуна келгенде көчөлөрдү жөө кыдырып жүрүп, чарчадым. Күн кеч киргенче бир кыргыз жолугаар бекен деп жүрүп, мына сизге туш болдум.

Ушул тапта Кымбат бул кызды таштап кете албайт болчу. Кантип жардам берсем деп, ойлонуп олтурду. Ишенейин десе, чын айтып жатабы. Ишенбейин десе, көзүнөн мончок-мончок жаш агат. Кантсе да, Жаныш менен кеңешиши керек. Айтканы туура болсо, жардам бергени жөндүү. Чынында Кореяга күйөөгө тийсем кинодогудай жашайм деп, эңсеп келген канча кыз жүрөт, бул жакта. Бир жолу да бир кызга кез келген. Ал да Кыргызстандагы агенттик аркылуу күйөөгө

тийген. Ал мындай деп айткан эле. -Анын карыган ата-энеси бар экен. Бай турушат. Атасы жетимиштен ашкан. Араба менен жүргөн карыган энеси бар. Атасы ачуулуу киши. Бир нерсе жакпай калса, жанындагы буюмдарды жерге ыргытат, анан мага кыйкырат. Кемпирдин чачтарын жууп, кийимдерин тазалап, күн сайын араба сүйрөп, сыртта сейилдетем. Кечке тыным албайм. Өзү тамактана албайт. Ошентип, жүрсөм да кайын атама жакпайм, акыры уруп, тилдеп айдап чыкты», деген ошондогу кыз. Ал кызды элчилик аркылуу Кыргызстанга кеткенге жардам берген.

-Сен Кыргызстанга кетесиңби, Кымбат бул кызга суроо узатты.

-Ушул абалымда куру кол кантип барам. Апамдын, туугандардын бетин кантип карайм. Кетсем да, иштеп акча менен барышым керек. Кыргызстанда жумуш таба албагандыгымдан келбедимби,-деди кыз. -Ишенбесеңиз. Мына менин паспортум да жанымда бар.-Кыз сумкасын алып, паспортун алып чыгып, узатты.

-Ишенем, садагасы.-Паспортунан Марал Исакова деген жазууну окуду да, кайра өзүнө берди.- Жүр үйгө баралы, кеңешип, бир жыйынтыкка келербиз.

Кымбат кафени күзөтчүгө дайындап калтырды да, унаасына олтуруп, кызды алып үйүнө келди. Унаасын айдабаса деле болмок, күндүзү базарга барам деп олтуруп, келгенден кийин кайра дарбазаны ачып, үйүнө кирип убара болуусун каалаган эмес. Ошентип, жолдун аркы өйүзүндөгү үйүнө унаасын айдап кирди. Анын кечиккенинен кабар алганы чыгып келаткан Жаныш дарбазаны ачып турган. Ичкери кирди да, кире беришке токтотуп, унаасынан түштү. Жаныш дарбазаны жаап, унааны гаражга өзү кийирип коерун айтты.

- Биз келдик,-деди жолдошуна.

-Келгениңерди көрүп турам, бу мейман кызды кайдан таап алдың?

- Капысынан жолуктук, кире берели, үйдөн сүйлөшөбүз. Жүрөгой, тепкич менен жогору көтөрүлөбүз. Ушул үйдөн жолдун аркы тарабына өтүп келип иштейм. Жакын, алыска барбайм. Мына биз келдик.

Эшикти ачып киргенде ичкериден эки кызы тосуп алды. Тамактын жыты го, эмне жасап жаттыңар.

-Атам бүгүн палоо демдеп жатат,- тун кызы Нурайым жооп берди. Кореяда төрөлгөн эки кызына Нурайым, Канайым деп ысым беришкен. Улуусу университтетте, кичүүсү коллежде окушат. Алардан кийин төрөлгөн эки уулу Алинур менен Эрбол мектепте окушат.

-Оо, атаңар шефповардыгын карматыптыр да, баракелде. А балдар кайда.

-Өздөрүнүн бөлмөсүндө,-деди артынан сырттан кирип келатып Жаныш.

-Бүгүн эмне жаңылык? –Кымбат жолдошу менен кыздарына карады.

-Биздин фирма куруп жаткан үйдү бүтүп, ээсине тапшырдык. Бир аптадан соң, дагы бир үйгө буюртма алганбыз. Ашканага кире бергиле, эки кызым менен күрүч басып койдук. Бышып калды.

- Бүгүн көпчүлүкпүз, конок бөлмөсүнө олтурбайлыбы. Нурайым, Канайым жерге төшөк салгыла, кенен буттарды жайып олтуралы. Кечке басып жүрүп, буттарым да чаалыгып калды көрүнөт. Марал эжеңерди залга алып киргиле, бачымыраак кыймылдагыла. Анан дастаркон салып, үйдөгү болгон нерселериңерди койгула.

Кымбат кыздарына тапшырманы берип коюп, кийимдерин алмаштырганы жатуучу бөлмөсүнө кирип кетти. Ал үй халатын кийип чыкканча, кыздары дастаркონду белендеп коюптур. Кичинесинен жумуш жасатып үйрөткөндүктөн экөө тең. Үй иштеринин баарын аткарышат. Окууларын да жакшы окушат, корей тилинде окушкандыктан, эркин сүйлөшөт, ан-

глис тилин билишет. Тилдери чыккандан кыргыз тилин үйрөтө баштاشкан. Үйдө дайыма кыргызча сүйлөшөт. Кыргыз элинин салтттарын, үрп-адаттарын аста-секин үйрөтүп жатышат. Кийин Кыргызстанга барганда өз тилин, дилин билбесин дешет.

-Апа дастарконду даярдап койдук.

-Жакшы, жер-жемиштерден, жашылча, таттуулардан койдуңарбы, анда күндөгүдөй чай демдегиле.

- Нурайым чай демдей баштады. Ушул кызы апасына жакын. Өзү да Кымбатка окшош, мүнөзү оор, боорукер. Канайымы болсо, ачык-айрым, тетик, ар бир ишти так аткарууга умтулат.

-Алинур менен Эрболду чакыргыла. Өздөрү колдорун самын менен жакшылап жууп киришсин. Чогуу олтуруп тамак жейли. Мен тамак салып берейин, Нурайым сен алып киргин.- Кымбат демделген күрүчтүн үстүнө жабылган идишти алды да, кепкир менен жакшылап аралаштыргандан соң, баарына бирден тарелкаларга сала баштады.

-Апа жети тарелкага салат экенсиз, бүгүн тиги эже да бар эмеспи. –Тыкылдаган Канайым апасына бирден тарелканы узатып, күрүч салынганын эжеси Нурайымдын колуна узатты.

Баары дастаркон четинде олтурушту. Атасы кыздарынын окуусун сурады. Сегизинчи класстагы Алинур сабактан жакшы баа алганын айтканда, бешинчи класстагы Эрбол эжекеси үйрөткөн ырын англис тилинде айтып берди.

Тамак желип бүтүп, кыздары дастаркон жыйнаштырып бүтүшкөндө Жаныш, Кымбат, Марал калышты.

-Марал эмне жумуш жасай аласың, мен кафе иштетем, башка кызмат бере албайм.

- Эже мен иш тандай албайм, кандай жумуш болсо да иштешим керек. Кыргызстанда компьютердик курста окугамын, азыр эсимден да чыгып калса керек.

- Залга иштегени кыз алайын дегенмин, сен үйрөнүп көр. Бул жерде кореялыктар кичипейил калк болушат, биздин кыргыздарга жасагандай мамиле кылбоо керек. Үйрөнүп кетерсиң, тил билесиңби?

- Атайын курста окуганмын, тиричиликке керектүүсүн билем.

-Акча табам десең, өз алдыңча окуп, үйрөн. Бөтөн адамдар менен сүйлөшө бербе, сырыңды алдырба. Алыстан келип иштегендер үчүн эки бөлмө бар, анын бири бош, ошондо жашап турасың. Ал жерде бардык шарты бар, саат менен эсептешпей иштешиң керек, бизде тартип катуу. Ага чыдашың зарыл. Кафеде видеокөзөмөл бар, баары жазылып турат. Күн сайын эртең менен кечинде өзүм көрүп чыгам, андан сырткары күзөтчүлөр иштейт. Алар күнү түнү баарына көзөмөл жасашат, тартип бузгандарга эскертүү беребиз. Эмгек маянасынан кыркабыз, андан да ашып баратса, жумушунан кетишет. Ошондуктан, өзүңө тыкан болуп иштешиң керек. Кыргызстанга кетем деген күнүң, жардам берем.

-Рахмат. Сиздин жакшылыгыңызга, мен көчөдө калам го деп коркконмун. Кемчилик кетирбей иштегенге аракет кылам.

-Эжеңдин айтканын кылсаң, көчөдө калбайсың. Ширин деген кыз келген. Акылдуу кыз болчу. Жакшы жүрдү. Азиз деген мени менен иштеген жигит экөө үйлөнүшүп, жакында эле Кыргызстанга кетишкен. Азыр өздөрүнүн бизнеси бар, кабарлашып турабыз. Эжең көп кыздарга жардам берди. Анын ишеничине кирсең, колунан келген көмөгүн аласың. –Жанатан бери кепке кошулбай олтурган Жаныш баарын байкагандан кийин Маралга акылын айтты.

Марал Кымбаттын адамгерчилигине ыраазы болду. Кымбат Кореяга келгендеги кыйналганын эстегенде ичи ачышып кетет. Ошону ойлоп, колунан келгенче кайрылган кыргыз кыздарына жардамын бергенден качпайт. Маралды да таштабай үйүнө алып келип, тоюндуруп, иш бергени да ошондон.

Эртеси Маралды кафесине алып  келип, залдын башчысына дайындады. Ошондон тарта, ал иштеп калды.

Жаныш уктап жаткан жеринен  ойгонду.  Эми эле апасын көрдү. Ал короодон кирип келгенде дандырда жабылган ысык нандын жагымдуу жыты мурунду өрдөдү. Апасы нан жаап бүтүп, себет менен үйгө кирип баратып, Жанышты көрө калды да, кубангандай түр көрсөттү. « Келдиңби балам. Мен аябай сагындым эле». Себеттеги нанды алган Жаныш апасы менен катарлаша басып үйгө кирди.  Жерде жайылып турган дастаркондун четине себеттеги нанды койду. Колу бошой калып, апасы экөө кучакташа кетти. Апасы азыр эле дандырдын жанынан келгенгеби, же өзү ысыкпы Жаныш бир заматта жылуу кучагынан ысып чыкты. «Каралдым, сагындым эле, келгениң жакшы болбодубу, эми балдарыңды да чакыр»,-деди баласын койнунан бошото эки колу менен эки бетинен сылагылай, маңдайынан «шуу, шуу» жыттады.

Ойгонуп кетти. Түшү экен. Апасынын сагынып жатканын билди. Ал Кореяга келерде апасы кырк  жашта болчу.  Быйыл алтымыш беш жашка чыгыптыр. Азыр да жаш, эми эле карыйт, барбасам болбойт окшойт. Келгениме жыйырма үч жыл, чейрек кылымга чукулдады. Мен да сагындым.  Балдарымдын алды студент, кийинкилери мектепти бүтөргө аз  калды, булар да ушул жакта төрөлүштү. Кыргызстанды  жакшы билишпейт.Таптакыр билишпей калышпасын, биротоло корей болуп кетише электе  барайын». Ичинен ушинтип  ойлоду. Дагы иштейбиз деген эле, кетпесе болбой турат.

Отурган жеринен козголбой кусалуу сыртты карады. Таң атууга убакыт бар, айдын жарыгынан Кымбаттын  ак жуумал жүзү дапдаана көрүнүп турду. Магдырап куш  уйкуда. Чалкасынан жаткан калыбында чачтары эки тарапка жайылып, ак жууркан жамынып, пери жаткандай туюлат. Жаш кезиндей дале сулуу,  дале татына. Төрт баланын энеси. Керээлиден кечке тыным албай иштегенине  чарчап калат. Кафенин,

дүкөндүн иши анын мойнунда, балдары жаш. Өзү курулуш фирмасы менен бошобойт. Жыйырма, отуз адамды иштетиш жеңилби, кечке дейре кафеден элдин аягы үзүлбөйт, дүкөнүндө да ушундай, бир чети бул жакшы, Кыргызстандан акча таап келем деп келишкендиктен, тынбай иштешкени дурус, буга өздөрү да көнүп калышкан. Күн сайын төрт-беш сааттан гана укташканы болбосо, дем алыш аз, эс алган күнү бар болгону бир күн. Анда да үй иштери менен алек болушат. Келинчегин аяп турду. «Мейли уктап алсын», эми эле таң агарбай турат да, кафесине чуркайт. Мен болсо андан кийин кетем.

Ичинен сүйлөнө бир топко чейин олтурду да, кайрадан башын жастыкка койду. Жатканы менен уктай албады. Бир аздан кийин Кымбат уйкудан ойгонуп, Жанышка карай оодарылды.

- Ак таңың менен, уйкуң кандыбы?

- Ойгоо жатасыңбы, сенин да ак таңың кут болсун.

- Ырахмат. Таңдын атышы өзү майрам тура. Кечээ эле кеч кирген, азыр таң атты. Дагы баягы кыймыл башталат.-деди Жаныш. Азырынча түшүн Кымбатка айткысы келбеди. Кыргызстанга кетем десе, балким ал иштей туралы деп көнбөй коюшу ыктымал, таң саарынан капалантууну каалабады. Ордунан туруп, кийинди да, сыртка чыкты. Аба салкын болчу. Асманда жылдыздар тарай башташкан. Кымбат жаткан ордун иретке келтирди да, жуунганы жуунучу бөлмөгө кирип кетти.

Ордунан көңүлсүз турду. Сыртка чыкты. Тээ көктө шооласын чачып турган ай кудум эле конуп тургандай сезилди. Аба мээлүүн болгондуктан, көңүлү ачыла түштү. Жумушу эсине түштү. Анын фирмасы бир аптада куруп жаткан үйдүн курулушун аякташып, ачкычын ээсине тапшырышат. Кийинки ишке буюртма алыша элек. «Кыргызстанга кетсем, балдарга иш таап бергеним жөндүү. Фирманы Байсалга тапшырайын, ишке көзү жетип, каныгым калган. Тыякка барганда байланышып, ал-ахвалдарын сурап турам да, буларды да биротоло

таштап койгонум да жарабайт, кой ишке барайын», деп ойлонду да, артына бурулуп, ичкери кирип, жуунуп чыкканда, балдары да ойгонуп, үйгө кыймыл кирип калыптыр. Келинчеги ашканада, чай менен убара.

-Сен жумушуңа кете бербейсиңби, биз өзүбүз даярдап, ичип кетмекпиз,-деди келинчегине.

-Бир аз эртерээк, кечээ күнү азыктардын баарын белендеп бергенмин, ишчилердин өздөрүнүн күндөлүк жумушу эмеспи, эртең менен балдар менен чогуу чай үстүндө олтуралы, иш деп жүрүп буларга көзөмөл кылууну да унуттук сыягы. Туура айтып жатамбы? –Кымбат сүткө бышырылган күрүчтү тарелкаларга салып сатып жолдошуна кайрылды.

-Кичинесинен тартып, тарбиябызды берип, туура жолго салып койдук го. -Жаныш азыр убакытты коротпой оюн айтууга шашылды. Бири эрте кетип, кеч келсе, экинчиси кеч кетип, эрте келип, дайыма эле минтип дастаркондо бирге болуша бербейт. Балдары да биринин артынан бири келишти.

-Кандай ата, апа, жакшы жатып турдуңуздарбы? Кутман таңыңыздар менен,-деди Нурайым.- Анын артынан кызы менен балдары да жай сурашты.- Бул ата-энесинин тарбиясы.

-Силердин да ак таңыңар менен балдарым. -Ичи жылый баарын сыдырата карап өз бактысына ыраазы болду. Баары катарынан өсүп келатышат. Акыркы мезгилде көп ойлончу болду, кыргыздын салтын билишпей калышабы деп чочулайт. Ошондуктан, кыргыздар чогулган жерлерге кошо алып бара баштады. Аларга да кыргыздардан көбүрөөк курбу, дос күткүлө деп эскертип турат. Үйдө дайыма кыргызча сүйлөөнү талап кылат. -Апаңар эртелеп ширин күрүч бышырып коюптур, калтырбай жегиле. Апам бизге да кичинебизде эртең менен турганда уйдун сүтүн саап, ширин күрүч бышырып берчү, тамшанып жем алчуубуз.

-Атам да кызым ширин күрүч жасачы, деп айтчу. Ордуна келип олтурган Кымбат да Жаныштын сөзүнөн кийин атасын

эсине салды. –Атакем, кандай турат болду экен, телефондон сүйлөшкөндө жакшы дегени менен өзүн көптөн бери көрө элекмин. Сагындым.

-Таятамды бул жакка, Сеулга алып келбейлиби,-деди Алинур.

-Чын эле алып келели, биз менен жашасын. –Эрбол да ага кошулду.

-Анын өз балдары бар, аларды таштап келчү беле.

Бир балдарын, бир келинчегин карай Кымбаттын да куса болуп жатканын туюп, ыңгайы келгенин сезди да балдарына кайрылды:

- Чайыңарды ичип бүтсөңөр, окууңарга жөнөгүлө, кечикпей баргыла.

Ата-энеси үйрөткөндөй батаа кылышты да, ордуларынан туруп, ар бири өз идиштерин жыйнай кетишти. Кымбат Жаныштын жүзүнөн ага маанилүү бир кеп айтмакчы болуп жатканын сезди.

-Кымбат, Сеулга келгенибизге бир топ жыл болуптур, экөөбүздүн баш кошконубузга эле жыйырма жылдан ашып барат. Алгач көнө албай кыйналып, эл-жерибизди сагынып ыйлап да жүрдүк. Өзүң айтмакчы көз жаштар акты. Бара-бара көндүк. Ойлоп көрсөм, бул жерде биротоло калбайт экенбиз. Өзүбүздүн киндик кан тамган жерибизге кетели.

Эки колун бириктире чыканагын столго коюп, ээгин таяна жашы кырк бешке келсе да жаштыгындагы сулуулугу кете элек Кымбат капкара көздөрү менен жолдошун телмире тиктей бир саамга ойлоно калды.

-Не дейсин, жумуштун баарын жыйнаштыралы да, өз жерибизге кетели. Менин апам, сенин атаң качан келет деп күтүп жатат, алар да карып баратышат, аларга балалык кызматыбызды көрсөтөлү.

-Бул да туура сөз. Мен да ушинтип ойлончу болдум. Азыр орто жолдо турабыз. Эки кызыбыз университетти бүтүшү ке-

рек, балдар мектепте, булардын окуусу кандай болот?

Жанышка бул ой келбептир. Кыздарынын бүтүшүнө дагы эки-үч жыл бар, балдары мектепти бүтүп, бир жогорку окуу жайына кириши керек. Буларды да дал ушул Сеулдан окутам деген тилеги бар эле, анткени бул жакта чыныгы билим алууга мүмкүнчүлүк бар.

-Бул ырас Кымбат, мен отпуска алып барып келейин, байкаштырайын, карылардан кабар алганча, эл-журтту аралайын. Балким кыздар окууларын бүтүп, балдар окуу жайына киргенден соң, кетербиз.

-Ошентели, анда мен барайын, Кымбат ордунан туруп, идиштерин жыйнаштыра баштады.

-Баарын калтырып кой, кыздар келгенде өздөрү жууп-тазалашат. Мен да эртелеп ишиме кете берейин. Куруп жаткан үйдү бүтүшүбүз керек,-деген Жаныш жубайы менен кеңешип, бир чечимге келип алышканына көңүлү жайланып калды. Дагы бир курулушка буюртма алып, ишчилерди жумуш менен камсыздап, оюнда бир айдан кийин Кыргызстанга бармак болду.

Ойлогонундай Кымбат белендеп берген белектерин алып, Жаныш бир айдан соң, Кыргызстанга келди.

Жаныштын келгенине апасы аябай кубанды. Бооруна кысып, бир топко бошотпой турду. Мээрим төгүлгөн апасынын жүзүнө сагына телмирип туруп, жоолугунан чыгып турган чачтары көзүн урунду. Агара баштаптыр. Агасы карсылдап күлүп, кучак жая көрүштү. Кымбат берген эки сумканын бириндеги белектерин апасынан тартып, агасы менен жеңесине берди. Агасы жакшы там салып алыптыр. Апасына арнап, атайын бир бөлмөгө шарт түзүп бериптир, ашканасына суу киргизип, бир жеринен от жакса бардык бөлмөлөрү жылытылат. Көрүп ыраазы болду. Апасы жашы алтымыштан ашса да, жүзүнө эми гана бирин-экин бырышы болбосо, ак жуумалынан келген жүзүнөн нур таамп, толуп алыптыр. Ко-

реяга кеткенден кийин өзүнчө жар күткөнчө каражат жөнөтүп турду. Акчаны апасы кармагандыктан, орду менен иштетип, ашканына жандык алып жүрүп, короо толгон койлуу, малдуу болушкан. Уланып олтуруп, кыргыз жигитинин үйүндө жылкысы турбаса болбойт деп, бээси менен жылкысы болуп, бир үйүргө жакындап калыптыр. Ичинен ыраазы болду. Эртеси агасы инисине арнап, жандык союп, тууган-уруктарын, кошуналарын чакырып, сый көрсөттү.

Үчүнчү күнү үй-бүлө чогулуп, дастаркондо олтурганда апасы сөз катты:

-Балам кеткениңе көп болду, келбейсиңерби, балдар да ошол элдин тилин билип бүтүштү, биздин каада-салтыбызды, кыргыз экенин билишпей калбасын.

-Апа келиниң экөөбүздүн тилегибиз да ушу, үйдө дайыма кыргызча сүйлөп, кала берсе кыргыздын бешбармагын жасап, жупкасын кылып, курутунан бери үйрөтүп койгон. Ал жакта да Мекеним деген кыргыздар бар, ар бирибиз өз балдарыбызга өз тилибизди, өз динибизди үйрөтөбүз. Биз да келели дегенбиз, анан балдар окуусун бүтсүн дедик, ага да аз калды. Бул жерге келгенде да жөн олтурбай, бир жумуш болушу керек, ал ишти да өзүбүз жасабасак ким кылып берет, ошоякта жүрүп келгенде жасай турган ишибизди ойлонуштуруп жатабыз апа.

-Кантсе да, мен биротоло карып, олтуруп калганда келбесеңер болду. Ал-күчүм барында келсеңер келинимди ээрчитип алып, айылчылаганга жарайт болчум.

-Ээ апа, али жаш турбайсызбы, мен санаркап келгемин, шүгүр деңиз. Кардыңар ток, кийимдериңер бүтүн, күн сайын казаныңарда аш кайнап турат, мындан артыктын не кереги бар.

- Ээ балам, эненин балага болгон сагынычы, кусалыгы болот экен. Биз сыяктуу сыртта балдары иштеген үй-бүлөлөрдүн карды ток. А эч жакка кетпей, ушул жерде жер тырмалап

жүргөндөрдүн жашоосу жакшы деле эмес. Жумушсуз жүргөн жаштар бар, шаарга барып иштемиш этип кайра келишет, Россияга деле баары эле бара алышпайт экен. Ошонун айынан айлап эт жебегендер бар. Агаң учуру келгенде жылына бир жолу атайын жакшы багылган малынан бирди союп, жетим-жесирлерге, кары-картаңдарга, турмуштан кыйналгандарга таркатып турат. Сенин агаң сыяктуу дагы бирин-экин балдар бар. Азыр колунда барлардын баары эле элге жардам берейин дебейт, бышык байлар көп, алар ошол бышыктыгынан байышат го. Биз өтө бай болбосок да, берели дейбиз, ага дайыма эле шарт да болбой калат.

Апасынан элдин кабарын угуп олтуруп, кыйналган үй-бүлөлөрдөн жөндөмдүү балдардан болсо, баарын эмес, бир, экөөнү ала кетсем дурус болоор беле деген ой кетти.

Бир аптадан соң, агасынын унаасын айдап атайын ала келген белегин алып, кайын атасынан кабар алганы барды. Кымбат Жаныштын Кыргызстанга кеткенин, кайсыл күнү бараарын айткандыктан, койдун этин бышыртып, өзү короонун алдындагы жаңы салган сөрүдө эки карыя менен олтуруптур. Дарбазасын ачып койгон. Жаныш үйдүн алдына чейин сүзүп кирип барганым туура келбесин деп, унаасын дарбазадан кирери менен короонун четине келип токтотту. Карыларды ордунан козгобой, жандарына чыгып келди. Ошентсе да кайын атасы тура калып, күйөө баласын бооруна көпкө кысып турду да, анан эки колу менен колун бекем кармап туруп, маңдайынан жыттады. Кайрылып, эки карыя менен да учурашты.

-Сак-саламат олтурасызбы, ата?

-Аман-эсенбиз. Кел олтур. -Ал төрдү карай колун жаңсады. Калыңдап салынган жаңы төшөккө ыңгайсыздана олтура берди. –Анысын байкаган Кубат карыя: -кенен-кесири олтура бер, бул байбичемдин сага арнап жасаганы, Кымбатым, неберелерим тынч жүрүшөбү, кызымдын ден соолугу кандай?-деди. «Баары жакшы ата, кабатыр болбосоңуз деле болот,

иштеп жатат, балдар болсо окууларында». Жаныш сөзүн бүтө электе ичкериден чыга калган Алтынчач шаңдуу добушу менен үн салды:

-Жаныш келдиби, айланайын. –Жаныш ордунан элпек тура калып, кайын энеси менен учурашты.

-Жакшы жүрөсүзбү? Кымбат салам айтты.

-Аман болсун, кагылайыным, эсен-соо жүрсө болду.-Алтынчач бышактап алды, жеңи менен көзүн сүртө, жаадырай кубана Жанышты карап, аманчылыгын сурады.

-Баары жакшы апа.

-Сен келип жакшы болбодубу, абышка мен казан жакка барайын, эт бышып калган чыгар, деп алып кетип бараткан Алтынчачтын артынан карай өгөй болсо да минтип, жылуу пейили менен күтүп олтурганына ичи жылыды.

Кайын атасы «качан келесиңер?» деген суроону берген жок. «Чыккан кыз чийден тышкары» деген кыргыздын макалын эске салып, «Сен кайда болсоң, кызым да ошол жерде, кайсыл жерде жүрсөңөр да, Жараткандын көзү түз болсун. Шартыңар болгондо балдарыңарды алып келгиле, өздөрүнүн ата-энесинин киндик каны тамган жерди көрсүн»,-деген оюн айтты.

-Сага ыраазымын балам, көзүнөн жаш акпай, жакшы жашаса менин кубанычым, мага жакын, мага таяныч болчу. Салам айта бар, атам күүлүү-күчтүү дегин. И баса бүгүн кон, эртең экөөбүз менин «Жип» машинама олтуруп алып, кокон гилас багыма барабыз,-деди.

Эртеси кайын атасы менен анын адырга олтургузган кокон гилас багына барышты. Унаасын зымырата айдап, асфальт эмес, бирок тептегиз жол менен бийиктеп, адырдын жайык жерине токтотту да, алды өзү түшүп, артынан түшкөн Жанышка карай, тээ ылдый тарапты көрсөттү.

- Бакка келчү жол, жаан жааган мезгилде баткакка чыланып, унаа менен келсем, чыга албай, араң чыгып, кыйынчы-

лык болчу. Быйыл эрте жаздан тобокел жасап, шагыл төктүрүп, тегиздеттим эле, унаа жүрө берип, тапталып, бат эле кадимкидей зымыраган жол болуп калды. Ушул жерден бүт айыл кашкайып даана көрүнөт. Бул бактардын ар биринин түбүнө менин сызылып, бешене терим тамды. Бак менен жүрүп, кан басымым көтөрүлбөй калды, жүрөгүндө да бир аз бар дешкен дарыгерлер, анымды да сезбей калдым, көрсө көңүлүң көтөрүлүп турса, оорубайт экен киши, бир гана сагынганым силерсиңер, Кымбатымды көргүм келди.

Жаныш кайын атасынын жүзүнө тике карады. Үйүндө айтпаган сөзүн ушерде айтып,бир аз көзү жашылданып алды. Бирок, мурда келгенде көргөн арык киши, бир аз толуп, эттенип калганга маңдайындагы бырышы көрүнбөйт, эки көзүнүн жанында бир аз бырыштары болбосо, карылыгы билинбейт. Басканы шамдагай, минтип унаасын өзү айдайт экен. Анын жүзүнөн көзүн ала кача жалбырактары жыш, коюууланган көчөттөргө тигилди. Чынында көрүнүп тургандай мында кары кишинин өтө көп эмгеги сиңген. Бийиктен туруп караганда гиластар жапжашыл тартып, жашыл шиберди элестетти. Кайын атасы бакты аралай басты, анын артынан келаткан Жаныш көчөттөрдү сыдырата карады. Мөмөсү кызарып бышкан, кызара баштаганы да бар. Жалбырактардын арасынан күндүн нурлары көрүндү. Көздөрүн колу менен калкалай бийикти карады. Бир караганда так төбөдө ойногон күндүн нурларынан кызыл-сары гиластар жашыл жалбырактарга жашынып тургандай сезилет. Бул мезгилде сулуу кыз тагынган мончоктой мөлтүрөп, көзгө сүйкүмдүү көрүнөт.

-Гиластардын эки түрү бар, майда, июндун этегинде бышат,-деди кайын атасы. Арыктарда шаркырап агып турган сууну саамга тиктей калган Жаныштты байкаган карыя:
- Сууну чоң труба менен тээ ылдыйдан алып чыгып, жогорудан кайрадан арыктарга коебуз. Бул да бир азап болду. Алгач сайдын суусун алып чыктык эле баткак суу тунуп,

ал трубаларга толуп калды. Анан атайын бир жарым чакырым ылдыйдан түтүктөр менен суу чыгардык. Өстүрүшүн өстүрүп алдык, эми мөмөнү жакшы бере баштаганда жетилген көчөттөрдү сактап калуу кыйынга туруп жатат. Эки жылдан бери Россияга жөнөтөбүз. Гилас өтө бышып кетсе, бат эле эзилип калат. Ошондуктан, биз сүйлөшкөндөй Кымбат экөөң жардам берсеңер, мөмөнү кайра иштете турган станок сатып алганга каражат да топтоп койдум.

-Кымбат тааныштарды тапкан. Өтө кымбат эмес, бирок сапаттуу, өндүрүмдүү иштей турган жабдууларга буюртма берген. Өздөрү келип, орнотуп иштетип да беришет, буюрса майдын этегинде адиси менен станокту тосуп аласыз. –Жаныштын бул кабары кайын атасын кубандырды.

-Быйыл бул иш бүтсө келерки жылдан муздаткыч алсамбы деп турам.

-Ага да жардам беребиз.

-Булардын баарын мен өзүм менен кошо ала кетмек белем. Балдарым эр жетти, үчөө тең үй-бүлө күтүштү, шаарга жөнөткөнүм жок. Окууларын бүтүп келишкенден бери өзүм менен кошо алып жүрүп үйрөтүп жатам. Кичүүсү мени менен турат, эки кенжем али чоңоюша элек, мектепте, өзүң көрдүң го, улуу балдарымдын экөө тең иштей турган убагы. Бири бакты иштетсе, экинчиси станокторду башкарат деп турам. Анан да айылдагыларга да иш болуп калмак, ансыз да гиластар бышканда ошолордун жардамы менен түшүмүн жыйнайбыз. Ошентип, карыганда мага иш табылды, бир чети эрмек… деди карыя. Жаныш анын артынан басып баратып кайратына тан берди. Бактын баш-этегине чейин жөө кыдырышып, бир чети күйөө баласын тааныштырса, экинчиден ар бир көчөттүн өсүшүнө, мөмөсүнө чейин көз салып жүрүп олтурду. Ал жигиттердей шамдагай басып, чарчаганы билинбейт, а Жаныш болсо эки тизеси талып, жүрүүгө алы келбей баратса да уялганынан анысын билдирбөөгө аракеттенди. Карт киши

күйөө баласынын чарчаганын байкаганы менен аны уялбасын деп үн катпады. Он гектар жерде он адам иштээрин, аларга маяна төлөөрүн айтты да, кайрадан артына кайтышып, унаага олтурушту да, ылдый түшүп, үйгө келишти. Сыртта сөрүдө олтуруп, экөө гана түшкү тамак жешти. Кубат түшкү мезгилде дайыма коюу тамак жейт. Карыганда тамак менен тың жүрөсүң,- деп коет. Кечээ күнү бешбармак жасашкан, бүгүн палоо демдешиптир. Ортончу уулу Белек келди бир убакта. Унаасын короо ичине алып келип токтотту да, алардын жанына чыкты.

-Кел, биз менен олтур. Гиластар да бышайын деп калды, бир аптадан соң, терим башталат,-деди атасы.

-Айылды кыдырып чыктым, иштей турган үч жүздөй адам бар экен, көбү мектеп балдары,-деди. Жаныш сулууча келген кайнисинин турпатына көз салды. Шыңга бой, келишимдүү турпатына кийген кийими да жарашып турат. Башындагы ак калпагы да куп жарашып калыптыр.-Жезде кандай, атамдын багы жактыбы?

-Жакшы мээнет кылыпсыңар, үзүрүн көрөр кез келиптир, сен чыныгы жардамчы болуп калган турбайсыңбы, азаматсың. -Ал кичүү кайнисинин жекесинен таптады. Анан кайын атасына кайрылды:- Ата мен кайтайын, апамдын жанында болуп, жумуштарына каралашайын. Кетерде сизге жолугам.

Батаа кылынып, дастаркон жыйналгандан соң, унаасына олтуруп алып, Жаныш өз айылына кетти. Агасы экөө малкой, жылкыларын жайлоого көчүрүштү. Уулдары үйлөнүп ишке жарап калган. Экөөн тең келиндери менен кошо алып кетишти. Өзү үйдө калган чарбасы менен алектенип, барыпкелип тураарын айтты.

Бир ай апасынын жанында болду. Анын арасында Сеулдан келсем, ылайыктуу жай болсо, бардык шарты менен үй салаармын деп жер издеди. Көңүлүндөгүдөй табылган жок. Дагы бир жолу келгенде Бишкектен караштырмак болду.

Анын ортосунда Кымбат атасына станок жөнөтүп, жардамдашып жүрүп, бир ай он күн дегенде кайрадан Сеулга учту. Үй-бүлөсүнөн алыстай түшкөнгө сагынып калган экен, эки күн үйдөн чыкпай балдары менен бирге болуп, үчүнчү күнү жумушуна барды. Ал келгенде Байсалдар курулуштун аягына чыгып калган болчу. Кыргызстандан келгенден соң, Жаныш жубайы экөө макулдашып, балдары окуусун бүткөнчө иштей турмак болушту.

Дагы арадан убакыт өттү. Биринин артынан экинчиси жетилип, Нурайым Сеул университетин бүтүрүп, өзү менен чогуу окуган кыргыз жигитке турмушка чыкты. Анын артынан Канайымды да күйөөгө узатты. Тун кызы жолдошу менен Пекинге иштегени кетишип, кичүүсү үй-бүлөсү менен Сеулда калды. Анын кайын энеси жашында Сеулга келип, окуп, иштеп калган, университетте профессор экен. Алинур мектепти бүтүп, университетте окуп калды, Эрбол колледжде. Эгерде алардын окуусу бүтүшүн күтүшө турган болушса, дагы канча жаз келип, кыш өтөт. А уул-кыздарынын киндик кан тамган жери Сеул болгону менен алардын ата-бабалары төрөлгөн жер бу кыргыз жери. Бул да болсо тагдыр, буга балдары, алар сыяктуу чет жерде төрөлүшкөн балдар күнөөлүү эмес. Ушул тапта Жаныш ушуларды эстегенде каңырыгы түтөп кетти. Алардын тили да ушул жерде чыкты, Сеулдун көчөлөрүндө балалыктары өттү. Мектепте ушул жерде окушту. Ата-энесинин жумушунун шарапаты менен кыздары Сеулда адистик алышты, эми балдары да алардын жолдорун улачуудай. Корейлердин жашоосун үйрөнүштү, алардын балдары менен кошо чоңоюшту. Алардын тилин жатка билишти. Бирок аларга улуту кыргыз, ата-бабасы Манас экендигин үйрөтүштү. Эгерде дале жүрө беришсе биротоло көнүп калган балдардын ата-теги өскөн жерди таптакыр билбей калышы мүмкүн. Акыркы мезгилде мына ушул ой Жаныштын жан-дүйнөсүн эзгилемей болду. Бир чети Жаныш

ойлоп көрсө, Кымбат экөөнүн  тең ата-энеси карып бaратат, ушул жагдайларды ойлоп, бир чечимге келишип, акыры эки уулун алышып, Кыргызстанга кетмек болушту.

Кечки чайда үй-бүлөсү менен дастарконго олтурушканда Жаныш Кымбатка  кайрылды.

-Биз бул жерде каражат топтойбуз деп жүрө берсек, биздин балдарыбыз өздөрүнүн кыргыз экендиктерин унутуп калышчуудай.  Алардын оюна койсок, Сеулдан эч кайда кетүүнү каалашпоочудай.  Бир чети муну түшүнөбүз, алардын киндик каны Сеулда тамды. Бирок,  биздин Ата Мекенибиз, алардын да ата Журтук. Мына азыр өздөрүнүн чоң эне, таята, таякелери менен иши жок, анткени алардын жанында чоңоюп, алардын мээримин көрүшкөн эмес.  Ушуну ойлогондо түн уйкумдан калчу болдум. -Жаныштын каңырыгы түтөп кетти. Ал капа болгондо бешенесин бырыштырып, тунжурап ойлоно кетчү. – Сенин  атаң, менин апам ушул тапта күн сайын жол карап, неберелерин сагынынып күтүп жатышкан кез.

-Ата биз окуубузду таштап, силердин жериңерге  кетебизби?

Уулунун сөзүнө чочуп кетти Кымбат. Жаныш  ылдый салып турган башын өйдө көтөрө баласына ачууланайын дегени менен өзүн баса насаат айта үн катты. Бул үчүн аларды күнөөлөөгө акысы жоктугун билет.

-Алинур садагасы, Кыргызстан апаң-экөөбүздүн эле эмес, силердин да жериңер, силер кыргыз  экениңерди, жерибиз Кыргызстан экендигин унутпагыла. Узак жылдар тарыхы бар улуу элденбиз. Бир кезде Манас деген баатыр атабыз дүйнөнү багындырам деген, азыр кыргыз дүйнөгө тарады. Ошондуктан, качан да болсун силер да өз жериңерге барышыңар керек. Албетте, бул жерден жакшы билим алып жатасыңар, алган билимиңерди Кыргызстан үчүн жумшашыңар зарыл балдарым. Эгерде силерге ылайыктуу жумуш жок болсо, окууңарды бүтсөңөр апаң-экөөбүз силерге жумуш таап беребиз.

Бири бирине коендой окшош Алинур менен Эрбол ата сөзүнө ынанышкандай ата-энесин жадырай караашты.

-Ооба, балдарым бизге жакшы маяналуу жумуш жоктугунан бөтөн эл, бөтөн жерге келгенбиз. Силер санаркабасаңар болот, бул жакта да, тыякта да силерди колдой турган биз барбыз балдарым,-деди Кымбат балдарына элжирей карап. Алинур менен Эрбол апасынын эки тарабына олтура калышып, чоңоюп калышса да баштарын көкүрөгүнө кое үнсүз термелишти. Канчалык эркин өсүшкөнү менен үйдө ата-эненин, айрыкча Жаныштын сөзү эки болчу эмес.

Максаты Кыргызстандан өндүрүш жасай турган жай табуу эле. Келеринде баягы Эрмек экөө жашаган үйгө барып, үй ээсинен анын дайынын тапты. «Дордой» базарынан жай сатып алып, келинчеги экөө иштеп жатышыптыр. Дарегин алып, атайын жолукту. Беритен эле бара берип, сыртынан акмалап бир топко турду. Ал кардарын узатып, белгисиз көз караш тиктеп турганын байкай, телмире калды. Алгач Жанышты тааныган жок. Чынында чачтары көгүш тартып, көздөрү күлүңдөп жарашыктуу кийинген костюмчан, келишимдүү жигитти качандыр бир жолуктургандай болгонсуду. Жаныш күлүңдөй басып келип, чөптөгүнөн колун чыгара эки колун эки тарапка жайып, бек кучактай кое бербей турду.

-Амансызбы Эрмек ага! – Жигиттин коңур үнү ага тааныш угулду да, кубана түшкөндөй добушун катуу чыгара жигитти бооруна тартты.

-Жаныш, садагасы сенсиңби! Көргөн көзүмө ишенбей турам, кайдан, кантип … Чопчоң киши болуп калган турбайсыңбы. -Эрмек бошошо үн каргылдана чыкты.

Жаныш өзүн артка тарта, Эрмектин эки ийининен кармай көздөрүнө күлүңдөй тигилип турду. Бешенесине бырыш түшүп, жүзүн бирин-экин сызыктар аралаган бет маңдайындагы олбурлуу киши улгайып баратыптыр.

Эрмек Жанышты колунан тарта дүкөндүн ичине алып кир-

ди да, эки орундуктун бирин ага жылдыра олтурууга белги берип, экинчисине өзү олтурду.

-Кана жигит, жыйырма жылдан ашык корейлер менен эмне кылып жүрдүң? Үй-бүлө күтсөң керек? Балдарың бар чыгар?

Ал бир топ суроолорду катарынан бере салды.

Жаныш өзү туурлуу айтып берип, Эрмектин жайын сурады.

-Үч жыл бою араба тарттым. Карасам балдар чоңоюп жатышат. Алардан «Кимдин баласысың?» деген суроо беришсе, «арабакечтин» десе, намыстанышат экен. Бир чети бул болсо, экинчиден өмүр бою араба менен жүрө берсем, биротоло арабакеч атыкчуудаймын, анан калса бирим эки болбой жүрө берет экенмин. Ошону ойлоп бир аз топтогон каражатым менен «Дордойдон» ижарага жай алып иштей баштадым. Ата-бабам соодагер болбогондуктан, мурда-кийин өзүм соода-сатык жасабагандыктан алгач келинчегим экөөбүз саткан товарыбыздын ордун толуктай албай жүрүп, кыйынчылыкты көп тарттык. Турмуш баарын үйрөтөт тура, бирде ыйлап, бирде күлүп жүрүп, көнүп кеттик. Ушул жайдын шарапаты менен баш паанектүү болдук. Балдарды окуттук, бирок жумуштун жоктугунан бой жеткен эки уулубуз дипломун апасынын сандыгына сактатып коюп, өздөрү Россияда иштеп жүрүшөт. А сен да өз жериңе келейин дегенсиң го.

-Ооба, балдар жат болуп кетишпесин дейм, сизден жардам керек, менин ал жакта фирмам бар, көпкө жүрө албайм, ылайыктуу жай караштыра жүрсөңүз, балдарга карап борбордо эле болгонубуз дурус дейм.

- Сатыла турган жайлар көп, не кылайын дейсин?

-Карасам кыргыз жигиттери жалаң эле ресторан-кафе сала беришиптир, базарлар да көбөйүп кетиптир, айылга барсам, ар бир үйдө дүкөн, бир нерсе өндүрүлбөсө, баары эле дүкөндөн сатып алып, ресторандарга кире беришпейт эмеспи, мен иш оруну боло тургандай өндүрүш жасасамбы дегем.

-Сага жардам бергенге аракет жасап көрөйүн. Анан кантип кабар бере алам?

- Номериңизди ала кетейин, өзүм кабалашып турам, азыр интернет деген жакшы байланыш бар го, Эрмек ага.

-Ырас эле, эгерде сага ылайыктуу жай табылса сөзсүз билдирем. Мүмкүн болушунча тездетем го,-деди Эрмек аны менен коштошуп жатып. Кдыр, көңүл сиңишип калган жигиттин Кыргызстанга келерин укканда кубанычы койнуна батпай барбалаңдап калды. «Чай ичели» дегенине көнбөй Жаныш шашылып турганын айтып, коштошо кетип калды.

Жаныш азыр Эрмек экөөнүн сүйлөшкөнүн эстеди. Жаныш эми өз жерине кетүүнү дегдеп калды. Кымбаттын да ойлогону ушу. Балдары да чоңоюп калышты. Алар окууларын бүткөнчө үйлөрүн сатышпоону чечишкен. Аларга Канайым көзөмөл жасап турмак. Жолдошу Каниет экөө тең Сеулдагы улуттук университетте иштешет. Канайымдын кайын энеси пенсияга чыккандан соң, үйлөрүн уулу менен келинине калтырып, жолдошу жана кызы менен Кыргызстанга биротоло кетишкен.

Эртең менен Жаныш кадимкидей жумушуна кетти. Кымбат бүгүн шашылган жок. Маралды өз ишине үйрөтүп койгон. Ал жокто, магазиндин да, кафенин да ишин өзү жүргүзөт. Кымбат келгендеги кафе таптакыр өзгөргөн. Жанына кошумча зал куруп, таптатынакай кылып ремонттоп, өзгөртүп салган. Дайыма келчү кардарлары дале бар, керээлиден кечке элдин аягы үзүлбөйт.

Жолдошу ишине, балдарын окуусуна узаткандан кийин, Кымбат сыртка чыкты. Жаз келип, жазгы гүлдөр түйө баштаган. Дагы көп өтпөй короосу гүлгө оронуп чыгат. Джин-Хо карыя менен Хва эне олтургузган көчөттөр карып бараткanda Жаныш шактарын кыркып, суюлтуп койду эле жаш бутактар чыгып, жашарып мөмөсүн дагы жакшы бере баштаган. Жашыл тарткан жалбырактары жаздын желине шуудурап, таңкы табият аны өзүнө багындырып алды. Сеулдун көчөлөрүндө

башпаанек издеп, көздөрүнөн жашын агызган ошол күн эсине түштү. Эгерде корейдин ушул эки адамы болбогондо балким тагдыры дагы татаал кырдаалга туш келмек беле. Ага «Мэй» деген татынакай ат берип, өз кызындай мээримин берген карыларды кез-кезде эстегенде анын маанайын чөктүргөн аянычтуу учур эсине түшө берет. Кудум эле азыр ошол абалда калып кеткендей көзүнөн жашы агып кеткенин туйбай да калчу. Эрте жазда гүлүн аччу байчечекейлар бактын арасында жайнап калыптыр. Ошол күн эсинде. Дем алыш болчу. Эртең менен туруп, жуунганы бараткан Кымбаттын кулагына Хва эненин кубанычтуу үнү угулду.

-Мэй, Мэй бери кел, келсең эми.- Анын үнүнөн кыз жууган бетин сүлгүгө сүртүүгө үлгүрбөй сыртка жүгүрүп чыкты. Хва эне бактын ичине чөгөлөй олтуруп, ак-саргылт тарткан байчечекейлерди көрсөттү.-Бирөө келип олтургузуп койгондой карасаң. −Ал эки жерде экиден түп байчечекейди көрсөттү. −Үзбөй тим коелу, балким келерки жылы дагы көбөйөт чыгар.-Ал гүлдөрдүн четтерин шактар менен корголоп койду. Чынында эле кийинки жылы беш-алты жерге байчечекейлер чыкты. Ошентип, олтуруп көбөйүп кетти. Кымбат ар кайсыл жерде бажырайып ачылган байчечекейлерди суктана карап турду. Кудум эле Хва энедей этияттап аралай басып, үстүлөрүн жаап калган эски жалбырактарды терип, зерикпей тазалап чыкты. Ошентип, жүрүп, убакыт бир топ болуп калганын байкабаптыр. Ичкери кирип, кийимдерин алмаштырып, жаш кезиндей чачтарын чогултуп, желкесине түйдү да, кол сумкасын алып, эшиктерин бекитип, жүргүнчүлөр үчүн коюлган белги менен өтүп, жолдун аркы өйүзүндөгү кафесине кирди. Күндөгүдөй эле тамактанган адамдар көп болчу. Залдын ортосу менен кесип өтүп, экинчи кабаттагы бөлмөсүнө көтөрүлүп, олтура бергенде колуна кагаздарын көтөрүп, кундуздай капкара чачтарын сеңселте, элпек басып Марал кирди.

-Эже мен айлык отчеттордун баарын бүткөрүп койдум, карап көрүңүз,-деди. Алгач жолуктурган Марал жок. Жылдыздуу жүзү ан сайын ажарланып, жарашыктуу кийинип, орду менен сүйлөп, ишине тың. Эки жылдын аралыгында Кымбаттын ишенимине кирип, бир чети жардамчы да болуп калган. Маянасын үнөмдөп, кафенин баягы эле кыздарга арналган эки бөлмөнүн биринде өзү жалгыз жашайт. Убактысын бошко кетирип, көчөдө жүрө берчү кыздардан эмес. Керээлиден кечке, Кымбаттын жанында жүрүп, турмушка каныкты.

Ал чыгып кетери менен кагазга көз жүгүртүп, өзү үйрөткөндөй жасаганын көрдү да, этегине колун коюп, мөөрүн басып, отчеттор тиркелчү папкага салып, компьютерин жандырды. Хва энелер менен чогуу жашап, иштегенден тартып, Сеулдагы күндөрү тууpасында эскерме жаза баштаган. Анда бул жердеги ар бир маанилүү күнү менен капалыгы, күлкүсү менен сүйүүсү, көз жашы менен арманы деги баары камтылган. Мектепте окуп жүргөндө эле адабиятка кызыга баштаган, ырлары мектептин дубал газетасында басылып жүргөн. Кийин студенттик кезде ырлар дептерин жоготуп алгандан кийин ичи аябай ачышып, ошондон тарта жазбай калган. Сеулдагы кызыктуу да, армандуу да ирмемдер анын жазып калышына кайрадан таасир калтырды. Чекит койгон жеринен көңүлүндөгү калган ирмемдерди жазууну уланта баштап, бир оокумда колу менен жаагын таяна ойлуу тунжурады. Карегине алгач келген ресторандын шефинин жоосунсуз кыялы жадына түшө кетип, отурган жеринен бир силкинип алды да, ошондогу көз жашын эстегенде тилин кырча тиштей өзүнчө бир өкүнө түштү. Көрсө ошондо баео, жаш кези тура. Азыркыдай акылы, турмуштук тажрыйбасы болгондо андан анчалык денеси үркүп, чочуламак эмес да, биринчи күндөн кетип калмак. Бирок, ошондо Сеулга жаңы келип, мындагы элдин пейилин, адатын да билчү эмес, шаарды жакшы билбестиги да болгон. Эми болсо, корейлердин түшүн жооруп, жашоосун үйрөнүп, каада-салтын

билип калбадыбы. Эмнегедир азыр жазып жаткан эскерүүсүнө тема коюуну ойлоду да, «Сеулда тамган көз жаш» деп атады. Ошол күнү ал эскерүүсүнүн соңуна чыгарды.

Жылдын этегинде Кыргызстандын борбор шаарынын четирээк жеринен толук бүтө элек курулушу менен жарым гектар жер сатып алышты. Кымбат балдары мен убактылуу Сеулда калып, кафесин иштетип, а Жаныш болсо курулушту аягына чыгармакка Бишкекке келди. Суук түшкөнчө үч кабаттуу имараттын чатырын жаап бүтүрүүнү көздөдү. Эшик-терезесин коюп, ичине жылуулук орнотуп, кышында ички курулуштарын бүткөрүүнү ойлоду. Жери кенен болгондуктан, эрте жазда алма менен гиластын карлик көчөтүн олтургузууну чечти. Анткени, балалыгынан жерде иштеп, эмгектенүүгө үйрөнгөндүктөн, кийин корейлерден көрүп, билип, дагы тажрыйбасы арткандыктан, бак өстүрүүдөн баалуу киреше алууну билип калган. Бактын четине күнөстүү теплица курмак. Ал эми курулуп жаткан имарат кенен болгондуктан, чакан фабрика уюштуруу ою бар эле. Өзү бакчылык менен алектенсе, буюрса жубайы кыз-келиндерди иш менен камсыздап, буюртма менен кийимдерди тигип, четке чыгармак. Экөө тең Сеулдан бир топ тааныш арттырган. Кымбаттын ашканада тажрыйбасы жакшы болгону менен бул жерде кафе, же ресторан иштетели дешкени менен анын келечеги болбой калышы мүмкүн. Анткени, бара бара кафе-ресторандар көбөйүп кетип, качандыр бир кезде токтоп калса, жумшаган каражаты текке кетиши күмөн эмес. Ансыз да азыр деле бул жайлар көбөйүп кетпедиби. Жаныштын өзүнүн деле андан башка бир топ планы бар. Жаныш Байсал баш болгон куруучулары менен кошо өзүнүн Сеулдагы фирмасын Кыргызстанга көчүрүп келип, кайра каттоодон өткөрдү. Жаныштын кетерин билгенде баары бир пикирге келишип, кетмек болушкан. Кореяда үй кура берип, жай куруунун чебери болуп калышкан. Азырынча Кымбат балдары менен Сеулда калышты. Бул жерге жашап, иште-

генге ыңгайлуу шарт түзүп, анан аларды чакырмак, бүтпөгөн курулушка аралашып жашашмак беле, бир чети орто жолдо калбай уулдары окууларын бүтүп, адистикке ээ болушу шарт, эң башкысы Кымбат тамактануу жана соода жайын иштетип, каражат менен камсыздап турушу да зарыл. Кышы бою Байсалдар имараттын ички ремонт иштерин бүткөрүшүп, жаздан сыртына өтүштү. Үчүнчү кабатын жашоого ыңгайлаштырды. Астыңкы кабаттарын жумуш орунга ыңгайлаштырып, биринчи кабатынан офиске бөлмөлөрдү ажыратты.Өздөрү пайдаларнгандан калганын ижарага берүүнү ойлойп койду. Жылуулугу, желдеткичтери менен орнотту. Аңгыча Кымбат Кореядан акыркы үлгүдөгү тигүү машиналарын сүйлөшүп койгонун айтып, көп өтпөй кошумча жабдуулары менен кошо жүз тигүү машинасын жөнөттү. Жабдуулар бош турмак беле, баарын жайгаштырганча технолог менен тигүүчүлөрдү жумушка чакырып, телевидениеге, басылмаларга жарыя берүүгө үлгүрдү. Калган уюштуруу иштерин Кымбат келгенде бүтүрөөр деп, өзү калган иштери менен алектенди. Аз уктаганга көнүп калгандыктан, түндүн бир оокумуна чейин интернеттен өзүнүн жасай турган жумушуна байланышкан керектүү маалыматтарды топтоп, анын арасында Кымбат менен кеңешип жүрүп, жеке өзү көп иштерди аткарып койду, булардын баарына үч ай убакыт сарпталды. Бизнесте убакыт өтө бааланат. Ошондуктан, ар бир ишин пландаштырып жүргүздү. Балдарынын улуусу жазында окуусун аяктаса, кийинкисине дагы эки жыл бар. Жайында Кымбат балдары менен келмек. Алинуру дипломун алары менен биротоло Кыргызстанга келет, Эрбол эки жыл калган окуусунун аягына чыкмак. Жаныш Кымбатка кафе менен магазинди сатыкка кое беришин эскертти. Балким, алар келгенче сатылып кетиши ыктымал, болбосо Канайымга дайындап келе бермек. Балдарынын Кыргызстанга келиши үчүн керектүү документтерин даярдап, уруксат алганга да убакыт керектелет. Тиякта Кымбат да, ишине аралаш да-

ярдануу менен алек. Ата-энесинин улам айта бергенинен улам, балдарга Кыргызстан бейиштей элестейт. Алар жаш кезде келип кетишкенинен бери келише элек болгондуктан, ал кездеги көргөндөрү эстеринде калбаган.

Кыргызстанга кетеер кез да келди. Кафеси менен дүкөнүн Хонг сатып алмак болду. Ал Хва эненин кызы эмеспи. Ата-энесинин жаштыгы мына ушул жерде өткөн.Төрөлгөндөн ушул үйдө чоңойгон. Ал жолдошу менен Сеулдун борборунда үй сатып алышкан. Бир кездеги жеке компаниясын дагы кеңейтип алышкан. Балдары да чоңоюп калышкан. Алардын бири мына ушул жайды иштетер деген ойлору бар. Андай болбогондо да ата-энеси түптөгөн жайды бөтөн бирөөгө ыраа көрбөдү. Тетирисинче Кымбаттын кошумча курулуштарды куруп, мурдагыдан да чоңойтуп койгонун көрүп, аябай кубанды. Кетеринде үйүнө чакырып коноктоп, кыйышпас достордой узатты. Кафени баалаша келгенде Кымбатка каалаган бааны айтышын эскертти. Ата-энеси Кымбатты жакшы көрөрүн билгендиктен, алар аркылуу аны менен чыныгы курбу болуп, жылуу мамиледе жүргөндүктөн нааразы кылбай анын ыңгайсыздана тайсалдай айткан баасына дароо макул болуп, бир аптанын аралыгында кафе менен дүкөндүн акчасын колуна алып келип карматты. Кымбат анын колунан акчаны алып жатканда жыйырма жылдан ашык иштетип, өз үйүндөө болуп калган жайынан биротоло ажыраганына аябай ичи ачышып, ыйлагысы келди. Анын көзү жашылдана түшкөнүн байкаган Хонг:

-эмне саткың келбей турабы?-деди.- Сенин кетпешиңди мен каалап тургам.

-Неге, биз баары бир кетишибиз керек эмеспи. Көнүп калганмын го. Джин-Хо менен Хва эненин арбагы ыраазы болсун. Хонг сага ырахмат. Чачын сары түскө боеп алган Хонгдун жүзүнө телмире тиктеп туруп, Сеулдан тапкан жакын адамдарынын бири болгон токтоо тарткан аялга ыраазы болду. Өзү-

нө курбалдаш кыргыз аялынан күлүмсүрөгөн көзүн албай турган Хонг Кымбаттын сүйкүмдүү жүзүн бериле тиктей берип, эки колун жая бек кучактай шыбырады.

-Дагы келерсиң.

-Келем, бул жерде менин кыздарым бар эмеспи. Үйүм калды. Анан Хва эненин сендей кызы, менин курбум да Сеулда. Мен эртең кетип жатам.

-Узатып коем.

-Убара болбогун, кыздарым келишет.- Ушул сөздөрдү бир бирине бөлүнө албай турган эки аял шыбырай сүйлөшүп, анан бир биринен ажырашты да, Хонгду кафеге калтырып, Кымбат үйүнө карай бет алды. Аны үйүндө кыздары менен балдары, Марал күтүп жатышкан. Марал алар менен кошо кетмек болгон. Ал дарбазаны ачып кирип, баягы эле таштан тизилген тепкич менен жогору карай басып баратып, эки тарабындагы бажырайып ачылган гүлдөрдү карай басты. Тепкичтерди түстүү боектор менен сырдап коюшкан эле, гүлдөргө көрк кошуп, жарашып калыптыр. Эмнегедир ичи ачышып жатты. Көрсө биротоло көнүп калган тура. Башын ылдый салып баратып, көзүнөн жаш таамп кеткенин элес албай калып, буулуга түшүп, кайра өзүнө келүүгө аракеттенип, жатуучу бөлмөсүнө кирип, үй кийимдерин алмаштырып, сыртка чыкканда чыдабай кеткен кызы Нурайым апасына үн катты:

-Апа тамак даяр, ашканага кирели. – Кызына карай үнсүз күлүмсүрөдү, колун сырттагы түтүктөгү сууга жууп, ашканага кирди. Столдун бетин жайнатып, тамак-аштарын даярдап коюшкан. Эки күйөө баласы-Тимур, Каниет, эки кызы жана эки баласы, Марал менен столду тегеректей олтурушканда баарын тегерете карап алды да Кымбат насаатын айта кетти.

-Тимур, Каниет силерге кыздарымды калтырып баратам. Биз да жаш кезде Сеулга келгенбиз. Силер да кайсыл күнү Кыргызстанга кетесиңер, баарыбыз үчүн тууган жер турпагыбыз, кыргыз жери. Атаңар, мен, Алинур Бишкекте жашайбыз.

Азыр биз менен кеткен Эрбол да, каникулдан соң, кайра келип, окуусун улантат. Азырынча үйүбүздү сатпай турабыз. Тимур Нурайым экөөң Пекинден келип, даяр үйдө жашап, Сеулда иштебейсиңерби, ойлонуп көргүлө. Каниеттер да Сеулда. Баарыңар бир жерде болсоңор биз да көңүлүбүз тынч жүрмөкпүз. Эрболдун жанында болор элеңер.

-Сиздин айтканыңыз да бир чети туура. Ылайыктуу жумуш табылса келели,-деди Тимур. Сиз кабатыр болбоңуз, азырынча Канайымдар чогуу жашап турмак болушту, биз муну сүйлөштүк, алар үчүн кватирасын бекитип, бул жерге келгени оң болуп турат. Анан биз да кечикпей келүүгө аракет жасайбыз апа.

Күйөө баласына ыраазы болгон Кымбаттын көңүлү тынчый түштү.

-Апа өз кесибибизге ылайыктуу, жакшы маяналуу иш табылса эле келебиз. Сиз Эрболдон кабатыр болбоңуз. Эртең сиздерди узатарыбыз менен Эрбол келгенче Пекинге кетебиз да, сиздин айтканыңыз боюнча аракеттерди көрөбүз. Азыр жумушту интернет аркылуу эле тапса болот эмеспи. Сеулда төрөлүп, өскөндүктөн бул шаарда иштөө мага жакшы.-Кызы Нурайымдын сөзү ан сайын аны кубандырды.

Керектүү жүктөрү менен үчөөнүн кийимдерин тигүү машиналары менен кошо эчак эле жөнөтүп жибергендиктен, жеңил буюмдары менен эртеси күйөө балдары менен кыздары аэропорттон апасын Кыргызстанга узатты.

Х Х Х

Жайдын толуп турган мезгили. Жүзүн кубаныч уялап, көөдөнү өрөпкүгөн аял эки баласы менен өз жерине келди. Жанында Марал бар. Ал аэропорттон өз айылына кетти. Кымбат бул жерден кеткенде keриле бой жеткен сүйкүмдүү кыз болчу. Атасы көрбөгөн жерге баратып көңүлү туйлап, барганча тынчсыздануу сезимин кыйнап барган. Ошол убактан бери Кыргызстанга нечен курдай келип кетти. Ар бир

келишинде толкундап келип, кетеринде ичи ачышып сапар улачу. Эми болсо ачуу-таттууну бир көрүп, кубаныч менен капалыкты нечен курдай башынан өткөрүп, каныгып, токтоо тартып калганда биротоло келип олтурат. Өрүп таштап кой-со, белинен ылдый түшкөн капкара кундуздай чачтары ошол бойдон, ага мурдатан өрүп туруп, желкесине түйүп алганы жагат. Корейлер сыяктуу  болор-болбос кызгылтым тик жака көйнөгү жашы өтүп баратса да кыздардыкындай арыкчырай келишимдүү турпатына куп гана жарашып, басышы да жара-шыктуу. Аэропорттон жолдошу Жаныш жубайы менен уулда-ры Алинур жана Эрболду өзүнүн унаасы менен тосуп алды. Кудум эле жаш кезиндей Кымбаттын маңдайына ээринине тийгизе жыттап алып, эки уулун биринен экинчисин бетинен өөп, экөөн эки тараптан эки кучагына алып өзүнө жакындата бек кысып алды.

-Сагындырып жибердиңер го?- Жанынан артык көргөн жу-байы менен балдарына сүйкүмдүү көз карашын таштады.

-Кафе сатылганча убакыт созулуп кетти, анын үстүнө доку-менттер менен жүрүп, убакыт өтүп кетпедиби.

- Жүргүлө эми, акыры келдиңер да. -Келинчегинин колу-нан жүгүн ала Жаныш унаасы токтогон жайга келип, арт та-рабын ачты да, колундагы жүктү жайгаштырып, балдарынын колундагы жүктөрдү да, сыйдыра коюп, жапты да, унаанын алдыңкы кабинасын ачып, Кымбатка колун жаңсады.

-Кеттик эми шаарга. Арткы орундукка жайгашкан эки уулу айланасын тегерете карап алды да, улуу баласы атасына:

-ата силердин аэропорт ушулбу?

-Ушул, эмне жакпадыбы?

-Жакшы эле...деп койду.- Мен өтө чоң деп ойлоптурмун.

-Бизге чоң эле аэропорт балам. Сага кичине көрүнгөнү ме-нен канча мамлекеттин учактар келип конуп жатпайбы.

-Мм....

Жаныш баласына мээримин төгө күлө карап,  баары жайга-

шып бүткөндөн соң, ордуна келип олтурду да, дароо тездик менен шаарга карай бет алды. Сеулдун көп кабаттуу бийик үйлөрүн күн сайын көрүп жүргөн балдары ата-энеси жүргөн шаарга таңдана карап баратышты.

-Силер таңданбай эле койгула. Биз жүргөндө азыркы Бишкек Фрунзе деп аталчу. Бирок, жыйырма беш жылдан ашык убакыттан бери катарынан көп кабаттуу үйлөр, башка имараттар курулуптур. Кафе-ресторан деген ого эле көп. Кандай курулуш курулбасын шаарга көрк кошуптур.

-Мен да көрүп кубанып турам,-деди Кымбат.-Менин жаштыгым өткөн шаар. Студенттик кезимде аралаган көчөлөрдү азыр таанnetwork керек.

-Буюрса дагы өзгөрөт. Алинур, Эрбол сыяктуу жаштар дагы өзгөртүшү керек,-деди Жаныш. Ал Кымбатка келгенден бери апасынан, Кымбаттын атасынан кабар алганын, тынч, жакшы жашап жатышканын айтты.- Атамдын багы түшүмдү жакшы берип калыптыр. Сен жөнөткөн станокторун иштетип, бышып кеткен мөмөлөрдөн шириндиктерди чыгарып жатышыптыр. Силердин биротоло келериңерди укканда аябай кубанды. Чачтарын ак аралап, улгайып баратса да, тиштери бүтүн, кайраттуу, сөздөрү, өзү да тың.

Жаныштын сөзүнө күлө карап, Кымбат кайын энесинин аманчылыгын сурады:

-А апам кандай жүрөт экен, демдүүбү?

-Сурайсын да, биздин карылар жашарып баратышыптыр. -Ичинен билдирбей бир күрсүнүп алган Жаныш экөөнүн ата-энесинин карып баратканын эстеп, анысын жубайынан жашыра соорото сүйлөдү. Мезгил сабалап, алардын улгайганын Кымбат деле дилинде билип турат.

-Жайгашып, бир-эки күн эс алгандан кийин, барып келели ээ,-деди.-Сен мени сооротконуң менен ырасында эле ата-энелерибиз карып калышты. Алардын артында келаткан биз да улгайып баратпайбызбы, биздин келгенибизге жетине ал-

бай жатышкан чыгар. Балдар да чоң энеси менен таятасынан, туугандарынан кабар алганча, алардын жанында болушсун. – Унаанын рулунда көзүн жолдон албай бараткан ар убак тыкан жана таза жүрүүгө үйрөнгөн Жаныштын жүзүнө тигиле карап, арыктай түшкөнүн байкады.- Турпатыңа караганда биз келгенче көп жумуштар бүткөрүлгөн сыягы.

-Аны барганда көрүп, байкасаңар болот, бирок силер жасай турган жумуштар да бир топ.

-Ата, азыр биз кайда жашайбыз?-деди кичүү баласы Эрбол Жаныштын желкесине колун кое. Бир колу менен рулун башкарып бараткан калыбында экинчи колу менен уулунун колун кармалай, жумшак үн катты.- Өз үйүбүздө жашайбыз. Жарым жылдан бери силерге Сеулдагыдан кем эмес шарт түзөйүн, ошол жердегидей өзүбүзгө жумуш табалы деп алпурушуп жүрбөймүнбү. Бир аз убакыттан кийин өз үйүбүздө болобуз. Буюрса бул жерде да Сеулдагыдан кем эмес силер санаркабай жашаганга шарт жаратабыз.

Айтканындай көп өтпөй бузула баштаган асфальт жол менен жүрүп, короосуна эки түстөгү брусчатка бастырылган үч кабат имараттын астына келип унаасын токтотту.

-Мына келдик,-деди Жаныш оозуна өзү түшүп. Алинур менен Эрбол атасынын артынан түшө калып үч кабаттуу жаңы бүткөнү сыртынан эле байкалып турган имаратты таңдана караашты.

-Ой-боой ата биз ушул жерде жашайбызбы, аябай чоң го.

-Баарында эмес балдарым, атаң мурда айткандай биз үстүңкү кабатында, асты биз иштей турган ишкана, туурабы атасы.-Кымбат жолдошу менен макулдашкан сөзү боюнча оозуна сүйлөдү.

-Ооба, балдарым, азырынча ушунда турабыз. Анан өзүбүзгө өзүнчө үй курабыз. Эмне силерге жаккан жокпу?

-Эмнеге, эң сонун жакты ата. Сиз биз келгенче чоң иш бүтүрүпсүз. -Окуусун бүтүп, жогорку билим алган шыңга

бойлуу, келишимдүү жигит болуп жетиген Алинур атасына күлүңдөй үн катты.

-Жүргүлө эми ичкери кирели.- Жүктөрүн көтөрүшө Жаныш алдыга карай басты. Кымбат артынан ээрчий басып, балдары да жүктөрү менен жаңы жайдын эшигинен ичкери карай бут шилтешти. Имараттын кенен залынан жогорку кабатка көтөрүлгөн кеңири тепкич менен үчүнчү кабаттын фойесинен чыгышаары менен эс алуучу бөлмөнүн эшигинен баш баккан Жаныш колундагы жүгүн жерге кое, аялы менен балдарына карай унчукту.

-Азырынча Кореядан келген жүктөрдү жайгаштырып койдук. Калганын апаңар менен кошо сатып алабыз деп ойлодум. Бул жерде баарыбызга бөлмөлөр жетишет. Нурайым менен Канайымга, конокторго бөлмөлөр бар. Буюрса баарын жаңы эмеректер менен толуктайбыз. Азырынча тыяктан келген өз буюмдарыбызды пайдаланабыз. Азыр ашканадан тамактакталы, жол келип чарчадыңар, эртең мен силерге бул жерде эмне иштерди жасоо керектиги туурасында айтып берем. Мен да аябай чарчаганмын, силер келгенче баарын бүткөрөм деп эс алганга убактым болбоду. Иштин аягына чыгып, эмгек акыларын берип, Байсалдарды кечээ эле үйлөрүнө жөнөттүм. Алар да келгенден бери тыным алышпады.

Кымбатка да, балдарына да жаңы жай жакты. Айрыкча балдары биз кандай үйдө турабыз дешип чочулап келишкен. Алар жайгашып бүткөнчө күн да кечтеп кетти. Ашканада тамактаргандан соң, жол жүрүп чарчашкандыкан, уктоого ар кимиси өз бөлмөлөрүнө киришти.

Унаалардын добушунан Кымбат ойгонуп кетип, бир саамга үнсүз жатты да, бир тарабына оодарыла жанында Жаныштын капарсыз уктап жатканын көрүп, кечээ күнү Сеулдан келишкенин эстеди. Үй-бүлөсүнө шарт түзөм деп, курулуштун башында жүрүп чарчагангабы, же үй-бүлөсү келип көңүлү тынчып калгангабы билинер-билинбес дем алганы болбосо тынч

уйкуда. Бир убакта жаткан жеринен ары оодарылып алды. Ойготуп жибербейин деген ойдо Кымбат ордунан козголбоду. Көчөдөгү күйүп турган лампалардын жарыгы бөлмөгө тийип турган. Таң толук сөгүлө элек болчу. Бир топко чейин уктоого аракет кылганы менен кирпиктери ирмелбей койду. Жаткан жеринен аста жылып түшүп, үстүнө халатын кийди да, кенен терезеге тартылган парданы дабыш чыгарбай четке сүрүп, сыртты карады. Шаардын ар кайсыл жерлеринде жымыңдаган жылдыз сымал жарык балбылдап турду. Асманды карай берип, дал ошондой жымыңдаган жылдыздар тарай электигин көрдү. Ал ушул шаарда жогорку билим алып, жумуш таппай ар кайсыл мекеменин каалгасын каккылап, акыры болбогондо киндик каны тамган айылын, бир күн соо, бир күн оорулуу атасын кыйылып таштап четке кеткен. Ошондогу гүлгүн курак кези, сабалап жылдардын өтүшү менен токтоо куракка келгенде кайрылып, кусалык, сагыныч менен өз шаарына келди. Буюрса кантер экен деп санаркап узаткан атасына барат. Мындан беш-алты жыл мурда көргөн атасы жашы жетимиштен ашып, алдан-күчтөн тайыган чыгар. Биздин келерибизди угуп, жол карап, мүнөт өтпөй жүрдү бекен? Атасын эстегенде сар-санаа боло түштү. Менин бактыма атам аман болсо экен, балдарынын жакшылыгын көрөр кезде, төрүбүздө дөөлөттүү карылыкты сүрсө дейм. Барганында биринчи көргөн бойдон көрө элек неберелеринин чоңоюп калганын көрүп, кубанат чыгар.

Ойлору алда кайда чабыттап, терезе алдында бир топко турду. Жылдыздар тарай баштады. Таң сөгүлдү. Артына бурула берип, чыканагын жастыкка сүйөй, колун башына таяп, өзүн үнсүз тиктеп жаткан жолдошуна көзү түштү.

- Өз жериңе келгениңе ишене албай тургансың сыягы.

-Ишенип эле турам, качан ойгондуң?

- Эми эле, кыялына жакшы ойлор келген чыгар деп сени оюңдан алаксыткым келбеди.

-Кудайга миң мертебе шүгүр, кыйынчылыктын баарын Сеулга таштадым. Эми дайыма жакшылыктар жөнүндө ойлоном. Буюрса Жаратkан колдоп, ар убак жакшылыгын гана берсин, биздин бактыбыбызга ата-энебиз аман болсун, алар да биздин жакшылыгыбызды көрүшсүн. Уул-кыздарыбыздын жаманчылыгын көрбөйлү, эми телегейибиз тегиз жашоо кечирели,Сеулга ушул тилек менен барып, ушул ой-максат менен иштеп жүрдүк да.

-Мен да ушинтип ойлойм. Ойлорубуздан алаксыйлы да, экөөбүз чогуу тамак жасабайлыбы, силер келерде базарга барып, баарын алып келгенмин,-деди Жаныш ордунан тура берип, кийинип жатып. Кымбат жолдошунан көзүн албай тигилип туруп, жашы элүүгө келбей туруп, ак аралай баштаган чачына көз жүгүртө ичинен улутунуп алды. « Акча табабыз деп жүрүп, чачыбызга ак түшө баштаганын да туйбаптырбыз, биз аялдар карыганыбызды билдирбейли деп боегонубуз менен балдарыбыздын улам чоңоюп баратканынан, анан тигинтип, эркектерибиздин чачын карап туруп улгайып баратканыбыз эсибизге түшөт тура».

-Дагы эмнелерди ойлоп жатасың, жүзүңө капалыктын изи түшө калды.- Мен жуунуп чыгайын да, сен да жүзүңдү жууп ал,-деди Жаныш. Анын Жаныштын сөзүнө жылмаюу менен жооп берген жубайы анын артынан күлүмсүрөй карап алып, жаткан ордуларын иреттей салып, жолдошу жуунуп чыккандан кийин, ал да жүзүн чайып чыкты. Жүр эми.- деди терезенин бир капталын ача берип ичкери таза жел кирсин деген ойдо турган Жаныш жанына келе Кымбаттын колунан кармап, ашканага чейин кое бербей келди.

-Сенин агара баштаган чачыңды карап, карып баратканыбызды туюп жатпаймынбы?

- Эмне жаштыгыбыз калдыбы байбиче?

- Байбиче деп дагы картайганыбызды эске түшүрүп жатпайсыңбы? – Кымбат жолдошун тамашалады.

- Сен мен үчүн учак менен Сеулга кошо бараткан айжамалдуу кыздай, ага ишенбесең андан үч жылдан кийин жолуктурган бою келишкен, ай чырайлуу перизаттын өзүсүң, экөөбүз бир жастыкка баш коюп, бир үй-бүлө күткөн кездегидей эле мага жакын, мага ысык, мага ынак сезем азыр да.

-Ушунча жашап сезбеген экем, бу өз жерибизге келгенден кийин ушинтип коздоп сүйлөп, көркөмдөп сөз айтууну үйрөнүп, сөзмөр болуп кетиптирсиз да. – Кымбат тамашалап, өзү эстетип жаткан учурда айтчу «сиз» деген сөздү кошуп сүйлөдү. – Эмне тамак жасайлы, сүт болсо балдарга каша жасайт элем.

-Дайыма эле эртең менен сүттүү тамак берчү адатыңды бул ирет кармата койбо. Этти кууруп, кызартып помидор кошуп, жакшылап бир жеңилирээк шорпо жасайлы.

- Таң саарынан куурган тамак оор келбейби?

-Эмнеге оор келмек, илгери ата-бабабыз боор менен куйрук жеп, былчылдатып эт чайнап, бешбармакка катырып тоюп алчу экен. Ошол ата-бабабыздын урпагы болуп туруп, тууралган эт салып бышырган шорпо оор болуп калмак беле. Балдар турганча андан көрө шорпо жасайлы.

-Жасаса жасайлы. – Кымбат жолдошунун айтканы менен этти майдалап кесе баштады. Үйлөнгөндөн тартып, дем алыш күндөрү келинчеги тамак жасаганда каралашып жүрүп, кандай гана тамак болбосун жасаганга маш болуп калган. Кээ бир эркектерге окшоп, бу аялдын иши деп олтуруп калууну жактырбайт. Курулушту бүтүрбөй туруп, канализациясын орнотуп, эле газына чейин киргизип алган. Ширеңкени күйгүзүп, газды жандырып, казанды кое салды. Бир заматта кызыган казанга майды куйду. Ал ортодо чайнекке суу куюп, экинчи тарабына койду. Жолдошунун кыймыл аракетине астыртан көз жүгүртө өзүнчө жылмая жумушун жасап жаткан Кымбат бул кезде кафе иштетип, тез кыймылдап, тамак жасоонун чебери болуп калгандыктан бир заматта шорпого керектүүлөр-

дүн баарын даярдап бүттү.

-Эми атасы сиз тигил жерде олтуруп, мага сүйлөп гана бериңиз, тамакты мен жасайын,- деди. Кызыган майдын үстүнө этти салып, андан кийин биринин артынан экинчисин кууруп салып, бир заматта суусун куюп, казанды капкагы менен жаап койду. Анан чайнекке чайын демдеп, столдун үстүнө койгончо Жаныш пияла алып келе калды. – Тамак бышканча балдар да турушаар, ага чейин чай ичип туралы. –Кымбат эки пиялага чай куюп, бирин жолдошуна узатып, экинчисин өзүнө алды. –Эмне унчукпай калдың. Бүгүн таңкы чайдан соң, эмне жумуш жасайбыз?

-Менин пландарым менен таанышасың? Анан эмне иш кыларыбызды сүйлөшөбүз.

-Жакшы экен. Иш баштаардан мурда ата-энебизден кабар алып келсек дейм.- Кымбат бул жакка келерден мурда ойлогон оюн айтты. Анын үстүнө атасын, бир туугандарын аябай сагынган болчу.

-Албетте, барабыз. Эртең эртең менен жөнөп кетели. Азыр шорпо кайнап бышканча ылдыйга түшүп, короого чыгалы да, таңкы салкын абага басканча менин олтургузган багымды көр. Жай болсо да, аба салкын, бир аз жылуураак кийинип ал.

Жаныштын артынан ылдыйга түшкөн Кымбаттын салкын абага чыкканына уйкусу умачтай ачылып, жол келип, чарчаган бою сергий түштү. Короонун астына устанын колунан тептегиз бастырылган брусчатканын үстү менен басып баратып, Кымбат имараттын эки тарабындагы сызгыч менен сызгандай тептегиз олтургузулган мөмөлүү бактарды көрдү. Кечээ күнү анчейин байкабаган экен. Баары өнүп, жалбырактары жашыл тартып, көйкөлүп өсүп калыптыр. Жубайынын бакты карап турганын көргөн Жаныш оюн айта кетти.

-Булар гилас менен алманын карлик көчөттөрү. Бир миң түптөн ашык. Буюрса эки жылдан кийин түшүм бере

баштайт. Быйыл  эле гүл ачканы болду, баарынын гүлдөрүн үзүп койдум. Артка күнөстүү теплица курайын деп  жатам. Ага жайын-кышын жашылча өстүрөбүз деген оюм бар. Анан тиги жерге, - Жаныш  теплица курам деген жайга келгенде колу  менен бош жаткан жерди көрсөттү, – ширindикterди чыгаруучу чоң да эмес, чакан да болбогон орто завод курам. Ага кенен залы менен иштетиле элек жана  иштетилген продуктылар үчүн эки кампа, анан эсеп-кысап жүргүзгөн адистерге чакан бөлмө болсо жетишет. Сеулдагы кафе менен магазиндин акчасына тигүү цехине керектүү кездемелер, дагы башка эмеректерди алгандан башка ашыкча коротпой калганын ушул максатымды ишке ашырууга жумшасам деп пландаштырып койдум. Иштетчү жабдууларын тыяктагы үйдүн акчасына алсак болот. Албетте, сенин тигүү цехинди уюштурууга жардам берем дечи. Мени менен кошо келген Байсал да үй-жайларын иреттеп алышы керек. Ал жаңы жакшы там салып, калган акчасына мал алып, инисине бермек. Анткени, иниси эчак эле сарай салып, ирденип алыптыр.  Өзү болсо мени менен иштемек болду. Калган балдар дале мени менен кошо иштешет. Буюрса, Кыргызстанда да жакшы үйлөрдү курууга биздин балдар маш болуп калышпадыбы.

Жаныштын сөзүнөн кийин иштеп көнгөн жолдошунун бул жерге келгенден соң да, тынчыбачуудай жөнүн көрүп, «мейли, ден соолугу барында иштей берсин, жасайм деген планын бузбай эле  коеюн. Анын үстүнө катарынан чоңоюп бараткан эки уулу турат,  алып жүрүп, буларга да үйрөтсүн»,-деди ичинен.

-Баарына кантип жетишет дейсин. Алинурду заводго үйрөтөм. Өзү да архитектура,   курулуш жаатында окуп жаткан Эрболго кийин фирмамды тапшырам да, сага жардамчы болуп калам,-деди  жубайына күлө караган жолдошу.

-  Мунуң жөндүү ой, балдарга да иш орду даяр. Унутуп калбайлы, шорпо да кайнай берип, суусу  бөксөрүп кеткен

чыгар, балдарды ойготолу. – Кымбат ичкери тарапка карай басты.

-Сен балдарды тургузуп, тамагыңды даярдай бер, мен артыңдан кирем.

Кымбат жолдошунун оюна алагды болбой ичкери кирип, тепкич менен көтөрүлүп үчүнчү кабатка чыкты. Жуунуучу бөлмөдөн суунун шарылдаган добушун угуп, балдарынын тур-ганын сезди. Эрте турууга үйрөнгөн Алинур ашканада олту-руптур. Анын артынан Эрбол кирди.

-Өз жериңизге келип уктабай чыктыңар окшойт ээ апа, ашканадан тамактын жыты келгенинен карасам, шорпоңуз бы-шып, суусу азайып бараткандан, эми эле газды өчүрүп кой-дум эле,-деди Алинур.

-Жакшы кылыпсын, ушуга ашыгып келбедимби, кандай уктадыңар? -Кымбат эки уулуна алмак-салмак тигиле карады.

- Эң сонун уктадым апа, Алинур агамды билбейм,-деди Эрбол. Атасына окшош бакыраң көз, ак жүздүү ушул кичүү баласы апасына жакын. Эми эле Сеулга кетсе, ал окуусун бүтүп келгенче кантер экен, сагынат го. Бешенесинен «шуу-шуу» жыттады. Уулу да апасынын колунан алып, өөп алды да, аны байкап турган агасына күлө карады. Өзүнөн үч жаш кичүү инисин эркелиги үчүн тыйган жок, ал да анын жашын-да дал ушундай болчу. Эми чоңойгондон бери, жаш кездеги-дей болбой эркелигин койгон, салабаттуу тартып, бат эле өзүн алыс кармап калды.

- Атам кайда апа?-деди Алинур.

- Сыртта, көчөттөрүн карап, анан да башка жасай тур-ган иштерин пландаштырып жүрөт, азыр келет. Мен тамакты куя берейин. –Кымбат дайыма оокаттын алдын жолдошуна атап куят да, анан өзүнө, балдарына берет. Ошол адаты ме-нен азыр да чыныга куюп, столго кое бергенде Жаныш жууп келген колун сүлгүгө аарчый, жогорку жакка келип олтурду.

- Убакытты созбой тамактанып бүтөрүбүз менен айылга ба-

рып келели, анан бир жаңсыл болуп алып, үйдөгү ишибизди жасайлы.

-Бул жакшы пикир. -Кымбат Жаныштын айтканын туура көрдү, өзү да шашып турган.- Барса баралы. -Жубайынын жүзү жаркылдай түшкөнүн көрүп, бажырая карап, күлө сүйлөдү.

-Сен кайын атамды өзгөчө сагынганыңды байкап тургандыктан, бүгүн эле бара берели деп ойлодум.

-Ырас болбодубу, мен батыраак алчуумду алып, камданайын, силер тамактанып бүтүп, балдар идиш-аякты жыйнап,жууп койгула, макулбу?-деген Кымбат эки уулуна акарай тапшырмасын бере өзү бөлмөсүнө карай басты.

Ак булуттар асманда ары бери сүрүлө бийлеп, көктө жадырап күндүн нурлары, теребелде кыялды күлүк ойлорго жетелей, керимсел жортуп, көөдөнгө кубанычты, дилге толкундоону түнөтүп, бүт дүйнөнү кереметтүү коодуктар ээлеп алгандай таризде. Келери менен бир барып, андан соң, кайра аттанып, катарынан өз апасы менен өз кайнатасына удаа-удаа каттаган Жаныштын сагынычы бир кыйла басаңдаган. А Кымбат ушул тапта бир башкача сезимде. Атасын көрө электигине бир топ мезгил болду. Кусалыгы артып, сагынычы ченемсиз. Чоңдору бой жетип, бүлө күткөн, кийинкилери эрезеге жеткен беш бир тууганына болгон сагынычы өзүнчө. Кичинесинен келип, ичи таарып, кийин ийилип, мээримин төгө баштаган Алтынчач эжесин да бөтөнчө жакын көрүп, ага да кусалыгы арткан. Ою да шашкан, өзү да шашкан. Зымыраган жолдон көзүн албай, кыялдары унаанын жүрүшүнөн да алдыга озуп барат. Эки уул-Алинур менен Эрбол толкунданып алган. «Айылда да асман тиреген үйлөр да бар бекен, көчөлөрү көз уялткан асфальт жолбу, Сеулдагыдай кинотеатр, маданият сарайы деген барбы? Таята, чоң энелерибиз бизди таанышаар бекен». Эрбол ушинтип ойлоп барат. Ой тизгигинен бошобогон Алинурдун да сезимин күлүк кыялдар желтейт. «Бала

кезде көргөн таятамдын элесинен адашам, чоң энемди көрө элекмин. Орто жаштабы, же карыган кемпирби?»

Эки колу рулда бараткан Жаныш үй-бүлөсү менен биротоло келип, өз жеринде өз элинде жашай баштаганына жетине албайт. Мына эми жол алыс эмес, унаасы менен бир саатка жетип-жетпей жетип барат. Кымбат экөө сүйлөшкөндөй алгач апасын кубантышы керек. Кийинки күнү кайын атасы менен дидар көрүшүшөт. Келебиз дешкенинен бери даярданып алып, жол күткөн Жаныштын апасы Бурма айткан күнүнөн бир күн мурда келерин таң саарынан угары менен эртең мененки чайларын ичип, дастаркон жыйылаары менен тун баласы Курсантка жайлоодон балдары үчүн алып калган коюнан бирди сой,- деди дароо.

-Апа не шашкалактап, балаңыз эртең келишет эмеспи?

- Бүгүн келишмек болушуптур. Эми эле зуулдаган машинеси менен жетип келишет, алар келгенде казанда эт кайнабай жөн олтурсак болчубу. Балам го, мурда келген, келиним балдары менен атам көрбөгөн жерден келип олтурушса... Ай келин, сен тиги ичеги-карынга идишиңди камдап, кошуна келиндерге кабар айт, келишсин, бириң боорсок-каттама жасап, башкаң камыр жууруп, ачытып дандырга патир жапкыла,-деди Бурма эне келини Бегимди да шаштыра. Өзү болсо ордунан тура калып, неберелерине жумуш дайындады. −Түтүктөн чакага суу алып, жерге сээп, короонун баарын шыпырып чыккыла.

-Эне, чакалап олтурбай шланга менен суу чачпайлыбы? −деген Курсанттын кичүү уулуна кемпир кайра үн катты: -неси болсо да короо мизилдеп таза болуп, жаркырап турсун. Сырт-ты көргөн немелер булар ботала болуп эле жашай беришет тура дешпейби, айрыкча тиги эки неберелерим, садага болоюндарым айылда да эл таза жашоодо өмүр кечирип жатышканын көрүшсүн.

Божурап сүйлөгөн Бурма эне жетимишти калса да тик басып, шайдоот жүрөт. Өзү да тим жүрбөй сыртка чыгып, ко-

роодогу гүлдөрдүн түптөрүнө чыккан чөптөрүн алып, неберелерине айтып сугартып да койду. Суу себилген короо ичи бир заматта тазаланып, көңүл көтөргөн абалга келди.

Кой союлуп, казанда эт кайнап, келиндер боорсок, каттама бышырып, дастарконго жайып, төркү үйдөгү стол үстүн бир заматта жашылча-жемиш, таттууларга толтуруп жиберишти. Ошол кезде «Мерседеси» менен үй-бүлөсүн алып Жаныш кирип келди.

-Алып келгиле. –Бурма эне жанындагы келининин колунан суусу бар чыныны алгач Жаныштын, анан келини Кымбаттын, неберелери Алинур менен Эрболдун башын айландыра ырымын жасап, ар биринин оозуна алып келип түкүрттү да, кайра чыныны келинине узатты. Анан Кымбатты, неберелерин ар бирин кучагын жая бооруна кыса, беттеринен өөп көпкө дейре туруп бошотту. Акырында Жаныш менен учурашты.

-Энекем бизге да кезек бериңизчи,-деди токтоо токтоо мүнөз Курсант күлө караган инисине кучагын жайып, анан кезеги менен келини, балдар менен амандашты.

Учурашуу бүтүп, Бурма эне үйгө карай жол жаңсады:

-Киргиле үйгө, кире бергиле. –Келиндер чайыңарды алып киргиле. Отуруп отурбай жатып, баарын шаштыра кетти. Эшиктин оозуна жаңы салынган килемченин ийиле басып,Кымбат келиндик милдетин аткара ийилип жүгүнө кайра келишимдүү турпатын түзөй калып, кериле басып алдыга кадамын таштады, артынан балдары ичкери киришти. Баары жайланышкандан соң, орун алган Бурма эне алаканын жайып, батаа кылды:- Омиин, балдарым аман-эсен жаркырап өз тууруңарга келишиңер менен. Телегейиңер тегиз, тапканыңар эгиз болсун. Ар дайым жолуңар шыдыр, жолдошуңар Теңир болсун, жашооңор бакубат, өмүрүңөр узун болсун. Эми ушул эки балаңардын тоюна чейин Жаратканым мени албай турсун. Мага да өмүр, ден соолугун берсин кудайым. Тилегин айтып, жайылган алаканын жүзүнө сүртө батаа кы-

лган Бурма энени туурап баары батаа кылышты. Уул-келини, неберелери келип жетине албай кубанган Бурма эне: -кана эми дастарконго карагыла. –Алинур, Эрбол силердин кичине кезиңерде бир көрдүм, ушунча өсүп кетипсиңер, мезгилди карагыла, бир заматта учуп өтүптүр, бой жетипсиңер. Силерди көрсөм деп тиледим эле, аман болгула, келип ырас кылдыңар балдарым.- Бурма эне уул–келинин бирдейинен карап, сагынычы тарабай, катарынан бой жетишкен арыкчырай, келилшимдүү неберелеринин жүзүнө тойбой турду. Койдун эти бышып, шорпо ичилип, бешбармак жээлип бүттү. Кымбат чоң сумкасын ачып, Сеулдан ала келген белектерин кайын энесинен тартып бере баштады. Башынан ак чачыктуу чоң ак жоолугун салып, көйнөктүк таза кездемени колуна карматты.

-Өзүңүз каалагандай тиктирип кийиңиз.

-Ыраазымын балам, силерден үмүт этет белек. Ансыз да көп каралаштыңар, эми өз балдарыңарга жумшагыла.

Кымбат кайын агасы Курсант менен абысыны Бегимге да тартуусун берип, балдарга деп атап алып келген таттууларын дастаркон үстүнө үйө койду.

-Бизге өзүңөрдүн келгениңер белек болчу, мынча каражат сарптабай эле койсоңор болмок,-деди абысыны Бегим.

-Жеңе эмненин убарагерчилиги, дайыма эле силерге белек берип жүрдүк беле.

-Ыракмат, Кымбат, уулум Жаныш менен кошо карып, өмүрүңөрдүн акырына чейин бир болгула, уул-кызыңардын убайын көрүп, небере жытын жыттап, төрдө олтурган балпайган байбиче, ак сакалдуу карыя болгула, тапканыңарга береке берсин.

-Ырахмат айтканыңыз келсин, кымбат ордунан туруп, ийиле кайын энесин колунан өөп, кучактай эки ийининен таптады.

- Силердин жумушуңар бар, саналуу күн жүрүп анан мен айтпасам да кетериңерди билип турам, а бул неберелерди менин жаныма калтыргыла, сагынычым тарасын, анан барышар,-

деди Бурма эне.

-Апа булар таятасы менен учурашсын, бир-эки күн жүрсүн, анан сиздин жаныңызда бир аптадай болушат, биз шаарга кетип, баштаган ишибиздин аягына чыгалы, анан балдарды жөнөтөсүз, бизге каралашсын, мен жалгыз жетишпедим, баары чачылган бойдон турат.- Жаныш апасынын күүлүү-күчтүү турганын көрүп ичинен көңүлү ток болуп калды. Оюна койсо эки уулун тең өздөрү менен кошо ала кетмек, анткени, ага жардамдашар башка адам жок, Кымбат өзүнүн тигүү цехин уюштурушу керек. Апасынын капа болорун ойлоп, күткөн жумуш күтүп турар деди ичинен. Эки күндөн кийин Кымбаттын атасы Кубат карыяга жөнөп кетишти.

Кыз-күйөөсүнүн келишин уккан, Кубат байбичеси Алтынчачты баш кылып балдарын гилас багындагы үйдө даярдыгы менен күтүп жаткан. Бийикке карай өйдөлөп чыгып келаткан Жаныштын унаасын көрөөрү менен чакан сөрүдө жамбаштап олтурган Кубат Алтынчачка үн катты.

-Келиндерге айткын тамак-ашы бышса дароо бак ичине алып барышсын.- Эртелеп, бактын көлөкөлүү жерине оймо шырдак, калыңдан төшөк салдырып, дастарконду белен жайдырып, даярдык көрүп койгон. – Кудагыйлар да катуу коноктоп жиберишкен чыгар. Ошентсе да биздин сый башка. Күйөө баланы пайгамбар да сыйлаган экен. – Сөрүдөн элпек түшүп, кыз-күйөөсү келаткан унаа келип токтогончо Кубат карыя бир топ сөздү айтып салды. Келиндерине көзөмөл кылып жаткан Алтынчач колуна чынысын көтөрүп ары жактан шаша келди да, баш ийкей учурашып, Бурма энени туурап, баштарынан суу айландырып чачып, жерге төктү да, чынины үйдүн бурчуна коюп кайра келип, Кымбатты бооруна кысып, Жаныштты, Алинур менен Эрболду маңдайынан өөп, амандашты. Кубат карыя бак-бак сүйлөп, жарпы жазыла күйөө баласы, эки небереси менен учурашкандан кийин кызы Кымбатты бооруна кысып бир топко чейин турду да, бошошуп кетти.

-Кымбатым, сени көрбөй каламбы дедим эле, аман-эсен келдиңерби. −Кучагынан чыгарып, эки ийине эки колун коюп, жүзүнө тойбой карап турду да: - кагылайын кызым, ошол жайнаган көзүң, жадыраган жүзүң, мына эми арманым жок, көрөмбү дедим эле. Жараткеанга шүгүр, биротоло чет жактык болуп кеттиңерби деп чочудум эле, сарсанаа болуп сагынган атаңарды келип кубандырдыңар. Садагаларым Алинур, Эрбол чооң жигит болуп калган турбайсыңарбы, силерди көрүп турган мен бактылуу карыя экенмин.

Кымбат атасынын бырыш түшө баштаган, нурданып турган жүзүнө карап алып, « улгайыптыр, бирок оңолуп калыптыр, ушуга шүгүр», -деп ойлонууга үлгүрдү ичинен.

-Чарчап келген балдарды тикесинен тик тургузбай, дастарконго алып барсаң боло, Кымбаттын атасы.- Эки небересин эки кучагына ала Алтынчач дастарконго карай басты. Ушул күнү чогулушкан Кымбаттын беш бир тууганы да ушул жерде экен. Баары менен кучакташып көрүшкөн Кымбат, өздөрүн таңыркай тиктеп, чоң, кичине болуп турушкан балдарды маңдайынан сүйдү.

-Булар сенин беш бир тууганыңдын балдары, ушуларды көрүп, карыганымды сезем. − Сүйлөй басып бараткан Кубат конокторуна балдары туурасында айтты.- Үчөө үйлөндү, алыстагы силдерди чакыра албадык, билесиңер, акча салып жибердиңер. Эки кичинем болсо борбордо окуп, эс алууга келишти, азыр мага жардам берип жатышат. −Келгиле дастаркондон орун алгыла. Ысык үйдө не бар деп, атайын бакка жай кылдык, ал үйдү да көрөсүңөр, Кымбат сен жашаган үйдү дагы өзгөрттүк, бу балдар чоңойгондо атасы курган үйүн бузуп, башка салышат тура, эрктерине тим койдум, өздөрү билишсин, мен болсо эрте жаздан ушул бактан кетпейм, апаңар Алтынчач менен ишке жарап калган неберелерибиз менен салкын деп мында жашайбыз.

-Ата эми эс албайсызбы?- Кымбат күлмүңдөй карап, жаш

кезиндегидей атасынын тизесине таяна суроо салды.

- Эс ал дегениң туура эмес, кыймылдап жүргөнүм оң го, жата калсам эле ооруп калчуудаймын, иштеп эрмек кылам да, бул жерде иштеген балдар бар, аларга маяна төлөп берем. Мен болсо болгону аларды башкарып турам.

-Чын эле, атамды иштебе дегенибиз туура эмес, апам деле кой дегенге койбой, келиндер менен жарышып жумуш жасап жүрөт го.

Жаныш жөндүү айтат. Иштеп жүрсөң, дениң сак болот. Кан жүгүрбөй, бут, колуң ооруп калат экенсиң, азыр көбү жүрөгү ооруйт, кант деген оору көбөйдү, андан кудай сактасын. Мен болсо, тамакты ылгабай калдым, баарын жей берем, тамак менен күчтүү жүрөт экенсиң жашың өткөндө.

- Ата колуңарга суу куяйын,-деди бир колуна чылапчын көтөрүп, экинчи колу менен кумура кармап, желкесине ак сүлгүнү арткан тестиер бала. –Бу менин неберем, ишке жарап калды.- Оң жагынан келип, куя бер.-Кубат дастаркондун четинен бүктөп, жол бошотту да жеңин түрүп, колун кумуранын оозуна тосту. –Ыракмат балам, өмүрүң узун, кыргызга керек адам болуп өсүп жетилгин. Эми жездеңе, анан эжеңе, ошентип катарынан суу куя бер,-деген Кубат кайрадан дастарконго бурула берип, мандаш токунуп олтурду да, чоң чарага толтура салынган этти табакка бирден коюп, устукандап, алгач жанында катарынан олтурушкан Жанышка бир жамбашты, экинчисин Кымбатка сунуп, табакты кенже уулуна узатты:

- Аксакалдатып, катарынан тарата бер. Неберелерим Алинур менен Эрбол, Корейден келишкен улуу коноктор, эң оболу ушуларга тарт.

- Жок ата, агамдардан кийин буларга, экөө тең жаш балдар го.

-Кымбат азыр булар менин сыйлуу конокторум, кийин мейли дейин.- Карыя сөзгө көнбөй, кийинки баш жиликтерди экөөнө бергизип, анан өзү алып, байбичеси, кийин өзүнүн

балдарына, неберелерине бергизди. Тамактын ортосунда жаңы үзүлгөн гиластарды жууп келип, чоң идиштерге ортого эки жерге коюшту. Жаңы жуулган мөмөлөр жылтырап, көзгө сонун көрүнүп, жаңы үзүлгөнү билинип турду. –Булар быйылкы жылы экинчи бышкан гиластын түшүмү, мол болду. Терип-жыйнап бүт албай жатышат, бышып өтүп бараткановын силер жөнөткөн станоктордол иштетип, бөтөлкөлөргө куюп жатышат, анын да кардары бар. Буюрса ишибиз жакшы, сезондук жумуш, ушул кезде тыным болбойт.

-Азыр иштебесе болбойт да ата, аны жакшы билесиз, ушу сиздин багыңыз менен айыл элинин бир топ адамдары жашоо кечирип жатышпайбы, бекер иштешпейт.

-Кайдан бекер болсун, булар да мээнет кылышат,-деди Кубат, Жаныштын сөзүнө.

-Ээ ата азыр иштебеген адамга бекер эч ким эч нерсе бербейт,- деп койду Жаныш. Дастаркон четинде кобурашып,өткөн-кенден айтылды. Баарынан Кубаттырн көңүлү куунак, кызы бой тартып, минтип бүлөлүү болуп кайтып келгенин көрүп турган көзүнө ишенбейт.

Алтынчач эжеси ал-жай сурашып, сөзү түгөнбөйт. -Сен кеткенден бери мен корей кинолорун көп көрчү болдум, алардын жашоосу бир укмуш экен, тамшанып, менин кызым да ушундай жашоодо жүрөт чыгар деп коем.

- Чынын айтсам, алгач кыйналдым, көзүмдөн жашымды агызып ыйладым. Кудайым бар экен мага Джин-Хо, Хва деген жакшы адамдарды кезиктирди. Алардын жардамы менен ишим жүрүшүп кетти.- Кымбат эжесинин кинодо көрүп тамшанган Кореянын да тозогу бар экендигин айтып берди.

-Ошондой де. Анда неге бизге айтпадың, же келе берген жоксуң? – Алтынчач Кымбатка чындап эле ичи ачышкандай болду.

-Айтканда эмне, атам сар-санаа тартат, оңоло баштаган ден соолугу начарлашы мүмкүн. Сиздин да көңүлүңүз тынчыбайт.

«Кел күйөөгө берем дейсиз». -Ал кезде Алтынчачтын сөзүн эсине салгандай күлүп койду. – Атайын барып келе берсем, кантмек элем, жол кирече чака тыйыным да жок болчу, эптеп чыдап, жакшы жумуш таап, иштеп кетейин дедим. Ошенткеним да дурус болмок экен, келе берсем балким азыр турмушум мындай болбойт беле. Ойлоп көрсөм жакшы кылган экенмин. Кыздарым билим алышты, өздөрүнө төп келген күйөө балдарым бар, балдарымдын келечегин түптөп койдук, мына эми силерге жакын келдик, буюрса жардам беребиз.

-Өзүңөр менен өзүңөр болсоңор болду. Беш бир тууган инилериңдин үчөө бутка турду, экөөсү окуп жатат. Сенин жардамың менен атаң оорусунан айыкты, минтип бак кылды, чакан болсо заводубуз бар. Ушундан тапкан пайдабыз менен неберелерибизди окутуп жатабыз, ач калдык дегидей мүгдүрөп кеткен жокпуз, элден ашпасак да, жакшы эле жашообуз бар.

Бир кездеги эткел турпаты арыктап, өтө толук, өтө арык эмес Алтынчачтын көзүнө күлүңдөп тигиле Кымбат эжесинин сабыр тутуп, каниет кылып жашап жатканына ыраазы болду. Мурдагыдай эмес, атасына катуу кеп айтпай, келиндерине баш көз болуп олтурган кезге келиптир. Жашы алтымыштан ашып, байбиче болуп калган. Чоң ак жоолугун башына тегерете ороп байлап алганы да анын жашына жарашып калыптыр.

Тамак желип, батаа кылынып, дастаркон жыйылгандан соң, Кубат эки небересин алып, Жаныш менен гилас багын аралай кетти. Ичинде бышкан мөмөнү жыйнап жатышкан адамдардын бака-шака үндөрү угулуп турду. Кымбат Алтынчач менен калды. Бир убакта, казан-аягын жууп-тазалап, иретке келтирип бүтүшкөн үч келини алардын жанына келди. Алтынчач келиндерин катарынан тааныштыра кетти.

-Мобул кашы кара келиниң Айганыш, экинчиси буудай ыраңы Бурулкан, үчүнчүсү жайдарысы Жамал. Экөө бөлүнүп чыгып кетишкен, Жамалдын чайын ичип олтурабыз. Бу-

лардын тамы бүтөйүн деп калды. Кийинкиси үйлөнгөндө булар да кетишет.

- Сүрөтүңүздү көрүп, сулуулугуңузга суктанган элек. Дале сүрөттөгүдөй сулуу экенсиз,-деди Айганыш.

- Ооба десеңиз, өзгөрбөптүрсүз, ошол бойдон.- Жаш келин Жамал абысынын сөзүн ырастады.- Сизге суктанабыз. Бактылуусуз, Сеулда жашап келдиңер.

- Силер бактылуусуңар, жакшы жашооңор бар, а бизчи ал тарапка жумуш издеп кеткенбиз, болгондо да аргасыздан, силер суктанбай эле койгула, кудайым ушул ырыскыңардан айырбасын,-деди Кымбат келиндерин сыдырата карап. –Биз ал жакта жыргап жүрдү дейсиңерби, акча тапсак да, өз жерибизге болгон кусалыгыбызды сөз менен айтып бере албайм. –Кымбат ичтеги сырын айтып, ордунан козголду. –Жүрүң эже биз да бак жакка баралычы.

- Барса баралы, сен атаң өстүргөн бакты аралап бас. –Алтынчач ордунан жаш келиндей элпек тура калып, алдыга басты.- Атаңдын бардык күчү, өмүрү ушул бакка арналды. Кээде эс ал деп балдары айтып калса: «Бул бак менин жашоом, алыстасам ооруп калам, мени ушул жашоомдон айырбагыла»,-дейт. Атаңдын жакшы жүргөнү мага да жеңил. Азыр алгачкы кездегидей деле иштебейт, балдарына баш-көз болуп, минтип айыл эли түшүмүн кошо жыйнашып дегендей тиричилигибиз өтүп жатат. Кудая шүгүр, мээнеттин арты дөөлөт деген ушул тура. Ушунун көбүндө сенин салымың бар, иштеп, жөнөткөн каражатың менен атаң иш баштаган.

-Эже мен бир аз кол кабыш кылбадымбы, өзүңөрдүн мээнетиңер чон. Мына эми жемишин татып жатасыңар.

Кымбат мөмөсү кудум эле жүзүмдөй болуп топтолуп өсүп, кызарып, мөлтүрөп бышып турган шакты бир колу менен тартып, беш-алтоону үзүп жеди. Даамы укмуш ширин экен. Тыякта мындай эмес, жеринин нымдуулугунан сыягы мөмөлөрдүн даамы биздикине окшобойт,-деди Кымбат.

- Бул да сезондо бир бышат. Тойгончо жем алгыла. Терип беребиз, алып барып жегиле. Кышкыга бул жерден даярынан алып кетесиңер, денди Алтынчач жаркылдай. Анан сагынганын билгизип, Кымбаттын белинен кучактай, бооруна тарта маңдайынан өөп койду. Кичинесинде келген өгөй энесинин жылуу мамилесине ээрий түшкөн Кымбат аны да кучактай турду да, колунан алып, бак аралай басты. Аянт чоң болгондуктан, бир топ жүрүшсө да, Жаныштарды таппай, кайра арттарына кайтышты.

Эки күндөн кийин Жаныш менен Кымбат Кубат карыянын үйүнөн Бурма эненикине келип, ал жерге бир аз күн жүрүп, бир чети жардамдашса, экинчиден айылга да үйрөнсүн дешип, Алинур менен Эрболду калтырышып, өздөрү шаарга карай сапар алышты. Ал жерде жасай турган жумуштары көп болчу.

А Я Г Ы

Кымбат ишчилерди толуктап, кийим тигүүнү мыкты билген технологду ишке алып, тигүүчүлөрдү толуктап, тигүү цехин ишке киргизди. Анын арасында Сеулга барып, мурда сүйлөшүп койгон кардарлары менен келишим түзгөнгө үлгүрдү. Ошол кезде ага Россиянын эки чоң шаарынын базарларында иштеген ишкерлерден да буюртма түштү. А Жаныш болсо өз иштери менен убара. Мөмө-жемиш заводун ишке киргизди. Күнөстүү теплицасын куруп, шаардын кафе-ресторанын көк чөп менен камсыз кыла баштады. Экинчи теплица куруп, ага лимон өстүрдү. Ал эми курулуш фирмасына аткаруучу директор кылып Байсалды дайындады. Шаарга жаңы келгенде араба тартуунун жолун үйрөткөн Эрмекти заводго ишке чакырды. Анткени, «Дордойдо» да соода солгундап калган болчу.

Эки жылдан соң, кыз-күйөөлөрү Нурайым менен Тимур жана Канайым менен Каниеттер да Сеулдан биротоло келишти. Экөө тең бири уулдуу, экинчиси кыздуу болушкан. Эрбол окуусун аяктап, агасы Алинур сыяктуу атасынын ко-

лундагы ишин алды. Анын арасында Кыргызстанга келгенден кийин Сеулга экинчи ирет барышында үйүн сатты. Бул жерде анын жаштыгы өткөн. Ушул жерден куттуу үй-бүлөсү менен жашап, сүймөнчүктүү уул-кыздуу болушкан. Болгондо да аны Хва эненин кызы Хонг кайра сатып алды. Ага бакыт ачкычын сунган кут-берекелүү үйүнөн биротоло кетип жатканына бир чети ичи туз жалагандай ачышты. Жылтыраган таштар төшөлгөн тепкич менен ылдый түшө берип, артына бир кылчайып саамга карап турду да, көзүндө пайда болгон жашын кебездей жумшак ак бет аарчысы менен аярлап аарчый, бет аарчысын кайра кол сумкасына салды да, желкеси менен бир дем алып, жеңилдей түшкөндөй артына бурула басып, сыртка чыгып, жолдогу унаа менен аэропортко карай жөнөдү.

Ошентип, Кымбат Сеулдагы үйүндө бак ичинде жайнаган байчечекейлер ачылып, короодогу сансыз гүлдөр түйө баштаган жаздын көктөмүндө гүлгүн курагы өтүп, өмүрүнүн ар түрдүү ирмемдерин өткөргөн Сеулду биротоло таштады.

# МАЗМУНУ

1. Сеулда тамган көз жаш 1 бөлүм

2. Сеулда тамган көз жаш 2 бөлүм

**Мубара Абдилатипова**

**Сеулда тамган көз жаш. (Повесть). 2017. Бишкек.**

*Көркөм чыгарма.*
*Мубара Абдилатипова.*
*Сеулда тамган көз жаш. Эки бөлүк.*
*Корректору: Ж.Маткалыкова.*
*Компьютердик калыпка салган Таттуу Маткалыкова.*
*Техникалык редактору Жумадин Кадыров.*

Форматы. Көлөмү
Заказ . Нускасы 1000
«Бийиктик» басмасы.
Бишкек ш.
Абдрахманов көчөсү 170 А.

---

«Улуу Тоолор» басмасы.
720040. Бишкек шаары,
Ю.Абдрахманов көчөсү 170 а,
Тел. 62-02-13, 66-19-18

